Кырг
Ш5(2=Кы)
К17

# УЛУУ КЫРГЫЗ КӨЧҮ

КАЛЫГУЛ

АРСТАНБЕК

МОЙУТ АКЕ

САРТ АКЕ

ТИЛЕКМАТ АКЕ

САДЫР АКЕ

КЫДЫР АКЕ

УЛУТТУК ДӨӨЛӨТ,
РУХИЙ МУРАС – УЛУУ КЫРГЫЗ КӨЧҮ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ БОЮНЧА УЛУТТУК КОМИССИЯ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН МАНАСТААНУУ ЖАНА КӨРКӨМ МАДАНИЯТТЫН УЛУТТУК БОРБОРУ

К17

# КАЛЫГУЛ
# АРСТАНБЕК
# МОЙУТ АКЕ
# САРТ АКЕ
# ТИЛЕКМАТ АКЕ
# САДЫР АКЕ
# КЫДЫР АКЕ

АРХ

«Бийиктик»
Бишкек – 2006

УДК 82/821
ББК 84 Ки 7
К–17

К – 17 Калыгул, Арстанбек, Мойут аке, Сарт аке, Тилекмат аке, Садыр аке, Кыдыр аке – Бишкек: «Бийиктик», 2006. – 328 б. (Улуу кыргыз көчү)

ISBN 9967-13-183-7

Улуттук дөөлөт, рухий мурас-улуу кыргыз көчүнүн алкагында таанымал залкар акылмандардын, ак таңдай акындардын бизге чейин жеткен мурастары окурмандарга дагы бир ирет тартууланууда.

Жашы-карысы дебей бардык эле окурмандар өтө таасирленүү менен кабыл алаарына ишеним чоң. Булардын айтып калтыргандары айрыкча жаштарга чоң сабак.

3715
НАЦИОНАЛЬНАЯ
БИБЛИОТЕКА
Кыргызской Республики
2007 г.

«КЫР...»

УДК 82/821
ББК 84 Ки 7

К 4702300600–06

ISBN 9967-13-183-7

© Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия 2006.

## КАЛЫГУЛ БАЙ УУЛУ

**(1785–1855, Ысыккөл району, Чолпон-Ата)**

Калыгул Бай уулу кыргыздар арасында кеңири белгилүү ойчул, акылман. Калыгул калк арасында Токтогул ырчы, Толубай сынчы, Жээренче чечен акылман ысымдар менен бирге айтылуучу адам. Калк арасында өзгөчө зор кадыр-баркка ээ болгондугуна карабастан Калыгул Бай уулунун өмүр жолу, чыгармалары жөнүндө такталган маалыматтар аз. Мунун себеби, жеке эле ал адам жашап өткөн учурдун биздин мезгилден эки кылым чамалуу аралык менен бөлүнүп турушунда гана эмес, советтик түзүлүш учурунда, айрыкча 1947-жылдардан тартып, ага жалган жалаа коюлуп, катуу сынга алынып, атын да, чыгармаларын да пайдаланууга тыюу салынган. Калыгул төрөлгөндөн жышаналуу бала болгону эскертилет: оң бетинде кара калы бар экендигине байланыштуу аты Калыгул (Калдуу кул) коюлат. Аркасында жал түрүндөгү коюу, узун түгү бар экени да байкалат.

Калыгул 6–7 жашынан айылдагы Сопу ата деген кары адамдан окуп, зээндүү бала бат эле окуганды, жазганды үйрөнүп, намазга жыгылып, орозо кармайт. Ошондон тартып өмүрүнүн акырына чейин сыпаа, таза жүрүптүр. Калыгулдун кийинки чыгармаларындагы орун алган маалыматтарга караганда, ал адам сабаттуулугунун аркасы менен чыгыш адабиятынан, маданиятынан, элдердин тары-

хынан кеңири кабары бар экени, айрыкча Кул Кожо Акмат (Кулкожоакмат), сопу Алдаяр (Securityолдаяр) сыяктуу белгилүү инсандардын чыгармалары, философиялык көз караштары, сопучулук (суфизм) түшүнүктөрү менен терең тааныштыгы таасын байкалат.

Көп сүйлөй бербеген, сөзү орчундуу, терең ойлонуп жөндүү сүйлөгөн, калыс, кимге болсо туурасын сүйлөгөн Калыгул жашынан тартып оозго кирип, күн санап эл арасындагы кадыр-баркы артат. Муну байкаган чоң манап, аталаш тууганы, агасы, кыраакы жана акылдуу адам Ниязбек баатыр келечеги кең баланы бооруна тартып, кеп-кенешке аралаштырып, жылуу мамиледе болот. Мындай шарт Калыгулдун калкка таанылып, аты билинип, өзү да манилүү, чоң-чоң иштерге аралашып, турмуштук бай тажрыйба алууга жол ачып көмөк көрсөтөт. Калыгул өзү жашаган тарыхый шарт учурдагы кыргыз жергесинде болуп өткөн орчундуу окуялардын, манилүү иштердин дээрлик бардыгына катышкан. Түндүк кыргыздар менен Кокон хандыгынын иш алакаларында элчи, өкүл, кеңешчи катары аракеттенип, өз уруусунун, элинин таламын коргойт, сарбагыш, бугу урууларынын, жалпы эле көл чөлкөмүнүн Кокон хандыгына баш ийбей калышында Калыгулдун кызматы чоң дешет. Ормондун хан шайланышында жигердүү катышкан. Бугу менен сарбагыштын чатагын болтурбай коюу аракетин көрүп, андан майнап чыкпай калгандан кийин бир атадан тараган эки урууну жараштыруу үчүн жан үрөп ортомчу калыстык кызматын кылат. Калыгул акылман, көсөм катары көп күч-аракет жумшаган жана ага көрөгөч, олуя делген өзгөчө зор атак-даңк алып келген окуя кыргыз жергесин басып алууга умтулуп, каптап келе жаткан орус падышалыгынын баскынчылык саясатынын коркунучун алдын ала көрө билгендигинде.

Казак жергесин дээрлик бүт басып алып, бул эле жердеги Алматыда аскер чебин курган орус падышалыгы ошо менен токтоп калбасын, жыла-жыла, бүгүн болбосо, эртең кыргыздарга да келип, бийлигин орноторун баамдап даана билип, элге бул коркунучтун Кокон бийлигине караганда алда канча кооптонуу экенин эскертет. Келе жаткан кесепеттен сактануунун жолу, айласы жогуна көзү жетип, малды, жерди алып эле ыраазы болбостон, акылэске да бүлүк салып, мурдагыдан келе жаткан салтсанааны бузуп, жашоо-шартты өзгөртөрүнө жаны кейийт.

Калыгул ырчы эмес, ойчул. Ал коом, турмуш, жашоо, каада-салт, тиричиликтин түрдүү учурлары жөнүндөгү ой-пикирлерин, корутундуларын, кепкеңеш акылдарын негизинен макал түрүндөгү, уйкаштыкка келтирилген, куюлуштуруп, ыргактуу айтылууучу чулу сүйлөмдөр меселдер аркылуу баяндаган.

Калыгулга таандык меселдер делип аталган бир нече сап ыр түрүндө түзүлгөн түрдүү багытты, көбүнчө турмуштук тажрыйбанын корутундулары. Бул чыгармаларда ойчул көп кайрылып, зор маани берилип айтылган ойлор – элдин ынтымагы, бirимдик, адилеттик, калыстык, боорукерлик, ж.б. сыяктуу жалпы эле эл арасында мурдатан жогору бааланган мыкты дөөлөттөр.

Советтик турмуштун узак мезгилинде тыюу салынган багыттардын бири болгондуктан Калыгул акылманга таандык чыгармалар сан жагынан али аз, анын үстүнө ага таандыкталган маалыматтар, чыгармалар такталууну, терең изилдөөнү талап кылат. Айрыкча Калыгулдун чыгармалары кылдат, талдоого муктаж. Калыгулга таандык чыгармалардын айрым үлгүлөрү бүгүн илимге белгилүү маалыматтарга караганда, 1922-ж. Нарын уездине К.Мифтаков тарабынан белгилүү манасчы С.Орозбак уулу-

нун айтуусунда биринчи жолу кагаз бетине түшүрүлгөн. Айрым меселдерин Э.Арабаев өзүнүн «Сабатсыздыкты жоюу алиппеси» аттуу окуу китебинин 1925-ж. жарыяланган үлгүсүнө «Калыгул бийдин сөзү, орус келбестен канчалык мурун» деген аталышта берген. Калыгулдун өмүрү, чыгармалары жөнүндө маалыматтар берген маалымдоочулар арасында Сагымбай манасчы, Тоголок Молдо, Шапак манасчы, Абдыкалык Чоробаев, Эшенаалы Арабаев ж.б. бар.

*Самар Мусаев*

# I

## КАЛЫГУЛДУН ЭЛ АРАСЫНДА КЕҢИРИ БЕЛГИЛҮҮ, ЖАЛПЫГА МААЛЫМ СӨЗДӨРҮ

Өңү сары, көзү көк
Орус келер,
Узун чөптүн баарысын
Оруп келер,
Кыска чөптүн баарысын
Коруп келер.
Тоо токол болор,
Токол байбиче болор,
Уй пул болор,
Кул бий болор.
Тегиз жерден
Тегирмен чыгар,
Тексиз жерден
Бий чыгар.
Кызыл-кызыл кыялар,
Кыргый талга уялаар
Такыясын колго алып,
Кыз жигитти кубалаар.
Кызыл чака
Тыйын чыгар,
Атасынан баласы
Кыйын чыгар.
Чолок этек
Чапан чыгар.
Атасынан баласы
Тапан чыгар.
Эри менен тартыша,
Элде эркек көп – деген
Катын чыгар.
Сактаарсын сары талааны,
Багарсың торпок менен тананы,
Солдаттыкка берерсиң
Ичиңден чыккан баланы.
Ой, иним Ормонум,

Айткан менен болбодун,
Акыры сен оңбодун.
Кыш болуп катыра суугу жок,
Жай болуп жан кейиткен ысыгы жок,
Ат жеткен жерде
Мындан артык кызыгы жок.
Мактанып жер жетерби,
Адам мындан кетерби,
Ысык-Көлдөн чыкпагыла, балдар!

Ордонун ичи канга толуп, чийинден сыртка чыгып бара жатат, ордону токтоткула! [1]

## II

## КАЛЫГУЛ АКЫНДЫН КАРА ЫРЛАРЫНЫН БИР БӨЛҮГҮ[2]

### АКЫР ЗАМАН[3]

Тамсил кылып жазамын
Тарихка адам толгонун,
Икая кылып жазамын
Азазил шайтан болгонун,

---

[1] Сарбагыш менен бугу урууларынын мыктылары чогулуп ордо ойноп жатканда айтылган делет. Сарбагыш менен бугунун кандуу чатагынын башталыш себеби ошол ордо чырынан болгон.

[2] Сүйлөмдү фольклорчу Каюм Мифтаковдун материалга берген түшүндүрмөсү – чыгарманын мүнөзүнө – жанрына карата койгон темасы катары кабыл алса болот.

[3] Калыгул ойчул өзү айткандарын «Акыр заман сөздөрү» катары атоочу эле – делген аңыз кабарларга карата жана эл арасындагы кеңири белгилүү салттык түшүнүк боюнча коюлган тема. Калыгул атайын көлөмдүү чыгарма түзүү аракетин көрбөстөн, өз сөздөрүн эл арасында акыл-насаат, кеңеш берүү максатында, ыгы келген учурларда гана макал-лакап, учкул сөз, чулу ой камтыган сүйлөмдөр, куплет, же чакан ыр түрмөгү – месел түрүндө үзүндү-үзүндү формасында айткандыктан аларга өзү өзүнчө атайын ат койгону күмөн. Демек, бул шарттуу мүнөздөгү теманы ойчулдун жалпы чыгармаларынын баарына тиешелүү берилүүчү ат дешке болот.

Азиздер айтып кетиптир
Акыр заман болжолун,
Ан азирети[1] байгамбар
Адам ата баш болуп
Коюп кеткен колдорун[2].
Акыр заман кишиси
Кичине болор мүчөсү.
Илгерки өткөн адамдан
Башка болот[3],
Адеби жок сүйлөгөн
Кашка болот.
Конушу такыр, чөбү жок,
Ташка конот.
Эгиндин нурку азайып,
Ачка болот.
Акыр заман адамы
Бакыл болот.
Мал азайып – арымдап,
Жакыр болот.
Эгини өнүп, чөп чыкпай,
Такыр болот.
Андан кийин замана
Акыр болот.
Акыр заман адамы
Алым болот,
Аяттын сөзүн бек тутпай
Залым болот.
Аганын тилин ини албай
Чагым болот,
Биринин тилин бири албай
Жайыл болот.

---

[1] Ан азирети – улуу урматтуу, касиеттүү маанилерин туюнта турган мусулман элдеринде пайгамбарларга, айрым белгилүү халибтерге айтыла турган сөз.

[2] Ушул жогорку тогуз сап ыр мүнөзү боюнча жана ыр саптарындагы айрым Калыгулга мүнөздүү болбогон (мисалы, «жазамын», «тарих» ж.б.) сөздөргө караганда тексттерди айтып берген информаторго тиешелүү болуусу, же ал адам түп нускалык маңызды бузуп, өзгөртүп айтып коюшу да мүмкүн.

Каапыр менен аралаш
Айыл конот.
Замананын адамы
Молдо болот,
Жүн адамдар молдого
Олжо болот.

---

[3] Ыр сабы «Башка болот – деп айткан» – формасында. Саптагы аякы эки сөз информаторго – тексттерди айтып берип жаздырган адамга таандык. Калыгулдун «сөздөрүнүн» элге кенири белгилүү болгон формалык белгисин эске алып, саптагы информаторго таандык сөздөр ашыкча делип эсептелип, алынып салынды. Мындан ары да бул мүнөздөгү белгилер эске алынат, б.а. ыр саптарындагы даана байкалып турган ашыкча сөздөр алынып салынып, Калыгулдун өз сөздөрү эл арасындагы кенири белгилүү үлгүсүндө берилет.

Беш убак намаз окугула – деген маанини туюнткан төрт сап ыр формасы жактан информатордун атынан сүйлөнүп калгандыктан алынып салынды.

Ыр саптарынан кийин «Калыгул акындын уулу, Калыгул акын туурасында» деген тема коюлуп, анын алды жагына «Калыгул акын 1785-жылда дүйнөгө келип, 1855-жылда Ысык-Көлдүн күнгөйүндө Ак-Сууда өлгөн. Калыгул Бай уулу, Бай Бердиш уулу, Бердиш Дөөлөт уулдары» – деген жазуу бар. Бул маалыматтарды катчыга – К. Мифтаковго Нарында Үчүкө болушунан, Сарбагыш элинен Сагымбай акын (кыязы белгилүү манасчы Сагымбай Орозбак уулу) айтып бериптир (Сагымбай Калыгулдун уулунан өзү уккан катары айткан өндөнөт).

Андан ары Мифтаковдун өз оюу жазылган: Калыгул акын кыргыз акындарынын атасы эсептелет. Андан мурда эл-журтка маалым ырлары сакталган биринчи кыргыз акындарынан уга албадык. «Акыр замандан» башка жарым беттик накыл сөздөрү биздин колдо бар – макалдар жазылган топко каранызздар. Эл-журт Калыгул акындын ырларын элүү бет чамасында болор – деп, айтышат. Бирок мен башкасын эч бир жерден табалбадым» (жазылган маалыматтардын мазмунуна, мүнөзүнө, сүйлөмдөрдөгү стилдик белгилерге жана айрым ага таандык сөз айкаштарына караганда «Акыр замандын» тексттерин жазып, түшүндүрмө, маалымат берген адам К. Мифтаков. Жазылуу учуру 1922-жылдын жай айлары – деп божомолдоого болот – Сагымбай манасчыдан «Манасты» жазмак болуп баргандагы мезгил. Бирок, К. Мифтаковдун ошол 1922-ж. 1-июлдан тартып жазган, азыр инв. № 1013 менен кол жазмалар фондусунда «Түрдүү ырлар» – деген наамда сакталып турган эки чон дептерден турган көлөмдүү материалдардын арасынан арап тамгасындагы түп нускасын таппадык. Тексттер инв. №58 (эскиси 1321) – деп латын тамгасы менен машинкага басылган көчүрмө боюнча берилди – С. М., А. А.).

Ушундан тартып жети сап ыр «Кыргыз адабиятынын очерктери» – деген китептен алынды. (Богданова М., Жакишев Ө., Саманчин Т., Рахматуллин К. А. Кыргыз адабиятынын очерктери. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1943, 132-б.)

Тоо токол болор,
Талаа токой болор,
Токол байбиче болор.
Уй пул болор,
Кул бий болор,
Тегиз жерге тегирмен жүрөр,
Тексиз жерден бий чыгар.
Кызыл-кызыл кыялар,
Кыргый талга уялаар,
Такыясын колго алып
Кыз жигитти кубалаар[1].

## КАЛЫГУЛ БИЙДИН СӨЗҮ, ОРУС КЕЛБЕСТЕН КАНЧАЛЫК МУРУН[2]

Көгүчкөн учар жем чыкса,
Көк тулпар чуркаар тер чыкса,
Көңүлү тынар көпчүлүк
Көзгө токтоор эр чыкса,
Көөрүктүн оту тутанбайт
Көт жагынан жел чыкса,
Көч жүрө албай токтолот
Көз учкан бийик бел чыкса.

---

[1] Жогорку төрт сап ыр, ошол эле китеп, 132-б.

[2] Төмөндөгү тексттер ушундай тема коюлуп, «Сабатсыздыкты жоюу алиппеси» аттуу 1925-жылы басылган араб тамгасындагы окуу китебине жайгаштырылган. Тексттер кайдан алынганы көрсөтүлгөн эмес, 1922-ж. К. Мифтаков чөлкөмүнөн жыйнаган материалдарга жакын жерлери көп. Бирок, ыр саптарында бир топ айырмачылыктар да бар. Буга караганда Э. Арабаевдин өз булагы-таянган негизи болсо керек. Окуу китебинин автору Эшенаалы Арабаев эмне себептен тексттерге мындай тема койгону белгисиз. Теманын биринчи бөлүгүн түзгөн «Калыгул бийдин сөзү» – делиш негизинен түшүнүктүү, тексттер Калыгул бийге таандык экендигин айгинелеп турган белги, ал эми «Орус келбестен канчалык мурда» – делген сөздөр эмне үчүн жана кандай максатта кошулуп берилгени түшүнүксүз. Анткени Калыгул качан жашаган адам экенин Э. Арабаев билбеши мүмкүн эмес эле.

Тексттер бир нече жердеги грамматикалык каталары гана оңдолуп, окуу китебиндеги үлгүдө так берилди (кара: «Сабатсыздыкты жоюу алиппеси», Бишкек, 1925-ж., 19–30-беттер).

Ак шумкар карайт чабытын,
Аларман ууру көз салар
Адырмак тоонун жабытын.
Андышпай койбойт абысын,
Кара куш карайт кардына,
Кара жемсөө азамат
Кайрылбайт жакын, баарына,
Коңгуроо такса жарашат
Койкойгон кара нарына.
Жортуулчу түшөт жолуна,
Кайраты бар эрендер
Карагай найза кармаган
Карыштырып колуна,
Кара жемсөө жигиттер
Канча бүлүк болсо да
Кайрылбайт экен тобуна.
Оройлоруң баатыр болду,
Орус алмак биздерди,
Ошо заман жакын болду,
От чыкпай, жериң такыр болду.
Токой токол болор,
Токол байбиче болор,
Уй пул болор,
Кул бий болор.
Тегиз жерден тегирмен жүрөр,
Тексиз жерден бий чыгар,
Алка жака салынган кийим чыгар,
Ак кагаз пул болуп, тыйын чыгар,
Айлын жоодой абдыган жыйын чыгар,
Атасынан баласы кыйын чыгар,
Этеги жок чапан чыгар,
Эң кийинки баласы тапан чыгар.
Эри менен тартышса
Элде эркек көп деген аял[1] чыгар.
Кызыл-кызыл кыялар,
Кыз жигитти кубалар.

---

[1] Аял. Кыязы сөздү окуу китебинин автору ондоп койгон өңдөнөт. Калыгул өзү «аял» дебей эле «катын» түрүндө айтышы керек эле.

Аягың таш болор,
Кулуң баш болор,
Тууганың кас болор,
Мингениң жыгач ат болор,
Кылганың касам-ант болор,
Ыгы жокко жан берип,
Ыйманынан жат болор.
Бактылуу адам каласа
Муз үстүнө от жанар,
Бактысыз адам каласа
Кургак үйдөн суу тамар.
Жакшы болгон баланын
Атасы жаман болсо да,
Төрдө отуруп сый табар,
Жаман болгон баланын
Атасы жакшы болсо да,
Төө үстүнөн ит кабар.
Кызыгы кайгы өмүрдөн
Уктап көргөн түш артык.
Тар жерде, тайгак кечүүдө
Эрендердин күчү артык.
Куу канжыга күлүктүн
Торс аяктан[1] неси артык?!
Көктөбөсө жамгыр жаап
Кайырсыз жаздан кыш артык,
Сыпаты бир адамдын,
Эрден эрдин тиши артык[2].
Тууру кутсуз шумкардан
Кайырдуу болгон күнүндө
Турумтай аттуу куш артык,
Одоно соккон күмүштөн
Сулуулап соккон мис артык.

*(Казакчадан[3]).*

---

[1] Торс аяк – чобур, начар ат.

[2] Эрден эрдин тиши артык – ыр сабынын маанисинин көтөргөн жүгү анча так эмес, балким башка сөз болушу да мүмкүн. Кыязы ыр сабы «Эрден эрдин иши артык» түрүндө го.

[3] Кашаага алынып жазылган бул сөзгө караганда Арабаев жогорку тогуз сап ырды Калыгулдун казакча айтылып жүргөн ырларынан берген өңдөнөт.

### Ысык-Көл тууралуу Калыгулдун айтканы

Ысык-Көл бейиштин бир эшиги. Суу сайын нарын табак эти бар. Жайы болуп, катыра ысыгы жок, ат жеткен жерде мындан артык кызыгы жок, кыш болуп кашкая суугу жок, мактанып жер жетеби, адам мындан кетерби?! Ысык-Көлдөн чыкпагыла, балдар![1]

### Терме-санат ырлар[2]

Кызаргандын баарысы манат болот турбайбыз,
Кылган иштин баарысы адат болот турбайбы,
Ырдагандын баарысы санат болот турбайбы.

Аттууну коюп, жөөнү айтам,
Арбак конгон дөөнү айтам,
Катар-катар лөктү айтам,
Калп айтпаган төптү айтам.
Көкүрөк чечен болбосо
Көзү көрүп не кылат,
Жан кыйналат дебесең
Жардылыктан ким өлөт.
Кара килең болбой кар кетпейт,
Капсалаң болбой жут болбойт,
Кара өзгөй болбой доо болбойт,
Шагылы болбой зоо болбойт,
Шайыры болбой эл болбойт,
Пейили жакшы кем болбойт.

---

[1] Тексттер ыр катары эмес, кара сөз түрүндө жазылып берилген.

[2] Терме-санат ырлар – деген тема менен «Ысык-Көл тууралуу Калыгулдун айтканы» – делген кара сөз түрүндө жазылган материалдан кийин жайгаштырылган бул тексттер кимге таандык экени эскертилген эмес. Жогорку Калыгулдун мурастарына улай, арасына эч белги коюлбай, эскертүүлөр айтылбай берилген бул материалдарды да мааниси, мазмунуна караганда Калыгулга таандык дешке болот. Кыязы Э. Арабаев да аларды Калыгулдун мурастары катары берген өңдөнөт. Ушул ыр саптарынын көбү 1922-ж. К. Мифтаков Сагымбай манасчыдан жазып алган жана «Санат ыр» – деп аталган тексттерге окшош (ал материалдар бул жыйнакта бар).

[3] Ыр саптары ушул түрдө эки сап бир сап катары жазылып жайгаштырылган.

Чаң созулат тамандан,
Жакшылык келбейт жамандан.
Булбулдун мукам үнү бар,
Тайлактын таза жүнү бар.
Коргондуу жердин ору бар,
Улуктун кетте зору бар,
Экинин бири болбогон
Кембагал эрдин шору бар,
Аскар-аскар-аскар тоо,
Аягы барып чап болот,
Атадан алтоо турсаң да,
Сыйлашпасаң жат болот.
Теректин түбү тыт болот,
Жаман адам кырт болот,
Каарына алганда
Ак жайдын күнү жут болот.
Ак бөкөн келип жыгылат
Алдын казып ордосо,
Ак шумкар келип илинет
Саятчы алдын тордосо.
Ийри жыгач түз болот
Тезге салып оңдосо,
Душманына кор болот
Өз тууганын кордосо.
Бу дүйнөдө не карып
Ак калалуу бөз карып,
Айтылбаган сөз карып,
Замандашы болбосо
Карыя болор тез карып,
Кадырын жеңе билбесе
Бойго жеткен кыз карып.
Эл жакалай конбосо
Бетегелүү бел карып,
Каз-өрдөгү болбосо
Айдын чалкар көл карып,
Улук адил болбосо
Убара болот – эл карып.
Жалтаңдын башы зоо болот,
Жаман менен дос болсоң
Акыры бир күн доо болот.

Жакшы менен дос болсоң
Өлгүчөктү кушташат,
Жаман менен дос болсоң
Баягымды бергин – деп,
Эки айдан кийин мушташат.
Кетсе дөөлөт колуңдан
Келмеги кыйын мал кайтып,
Келе! – деп келсе бересең
Кетет жанды саргайтып.
Чырпыгын сынса талыңдан
Чынар болбойт ал кайтып,
Чындап ажал келген соң
Чыккан жан келбейт ал кайтып,
Өткөн өмүр – качкан куш,
Колуна келбейт ал кайтып,
Туйгунуң качса колуңдан
Тууруна конбойт ал кайтып.
Катынды мээнет чырмаса
Каяша айтат эрине,
Жардыны мээнет чырмаса
Аштыгы чыкпайт жерине.
Жакшыны мээнет чырмаса
Жакыны менен кас болот,
Баланы мээнет чырмаса
Сарыкарт чыгып, таз болот.
Кызды мээнет чырмаса
Атасынын төрүндө
Көп олтуруп, кор болот,
Тузду мээнет чырмаса
Далкы чыгып, шор болот.
Атты мээнет чырмаса
Аягынан басынат,
Төөнү мээнет чырмаса
Котур болуп кашынат.
Байды мээнет чырмаса
Ашканага жашынат.
Кырчын айтат талмын – деп,
Кемер айтат жармын – деп,
Чымчык айтат кушмун – деп,

Чырпык айтат талмын – деп.
Жекендүү көлдүн бал камыш,
Жылкы салса от жанат,
Уулу жаман болгон соң
Дөбөдөй болгон атасын
Төө үстүнөн ит кабат.
Булбул үнүн эшитпей
Буралып гүл[1] ачылбайт.
Мундуунун үнү басылбайт.
Күкүк үнүн эшитпей
Күн жайылып ачылбайт,
Күйүттүү болгон адамдын
Күндө үнү басылбайт.
Боло турган азамат
Болоттон кылыч байланып,
Жоого тийсе сүрү бар.
Тамды тешер уурунун
Сабы кыска чоту бар,
Боло турган жигиттин
Жүрөгүндө оту бар.
Аргымак мойнун ок кесет,
Азамат мойнун жок кесет.
Аргымактын азганы
Аркы-терки басканы,
Азамат эрдин азганы
Көчкөндө жөө басканы.
Аргымакта жал жок – деп,
Жолго таштап кетпеңер,
Азаматта мал жок – деп,
Жоого таштап кетпеңер.
Өзөндү сууга тал бүтөт,
Өлбөгөн кулга мал бүтөт,
Мал бүткүчө иш кетет,
Ага-инидей дос кетет.

---

[1] Түп нускада «кала». Андай түрдө ыр сабындагы маани так болбой калат. Балким бул жерде ката кетиши мүмкүн. «Гүл» делсе ыр сабындагы контексттик мааниге так туура келет.



Нө 3715
НАЦИОНАЛЬНАЯ
БИБЛИОТЕКА

Куурай чыкпас куу такыр,
Куурай чыгып бергенде
Кулан чуркап өтө албайт.
Мал бүтпөгөн куу жакыр,
Мал жыйылып бүткөндө
Айдап журтка жете албайт.
Жаман атты буйга мин,
Түнөп калган уйга мин,
Чанач алып, сууга мин.
Ишенимдүү жакшы атты
Көтөрүлгөн тууга мин,
Кулак тунган чууга мин.
Атың кашаң болгон соң
Аштан-тойдон калган соң
Күлүктүгү не пайда?!
Алганың сулуу болгон соң
Аркырап беттен алган соң
Сулуулугу не пайда?!
Этекти кессең тон болбойт,
Эзелки душман эл болбойт.
Желкени кессең тон болбойт,
Жеткилең бийик жол болбойт,
Жээн-тага эл болбойт,
Жеке тамчы сел болбойт.
Жалгыз өлсө чуу чыкпайт,
Жар куласа суу чыкпайт.
Ак чаңгыл тоонун этегин
Адис мерген кийиктейт,
Алганы жакшы жолукса
Азамат көөнү бийиктейт.
Аккула аттар кимде жок,
Жүгүрбөсө тайча жок,
Ага-тууган кимде жок,
Сыйлашпаса жатча жок.
Бедери жок торкодон
Бек токуган бөз жакшы,
Медери жок туугандан
Бек сүйлөшкөн жат жакшы.
Алтындуу ээр атка бап,
Атка тынчы жок болсо

Алтынын алып, отко жак.
Акылдуу тууган болбосо
Акырын айтып жатка жак.
Күмүштүү ээр атка бап,
Атка тынчы болбосо
Күмүшүн алып, отко жак.
Күйөр тууган болбосо
Күлө багып жатка жак[1].

## КАЛЫГУЛДУН МЕСЕЛДЕРИ[2]

Атын баккан азамат
Катын багат,
Итин баккан катындар
Элге жагат,
Элге жаккан ал катын
Эрге жагат,
Шатыратып күн жааса
Жерге жагат.

---

[1] «Сабатсыздыкты жоюу алиппеси», 1925-жыл, 30-бет. Мындан кийинки «Жаштарга» – деген ат менен берилген ырдын Калыгулга эч тиешеси жок.

[2] Элге кеңири белгилүү манасчылардын бири Шапак Ырысменди уулунун оозунан 1938-жылы жазылган. Тексттерди кагаз бетине түшүргөн адам Келдибек Эсенбаев.

Калыгулдун айткандарын пайдалануу менен, аларды өзүнчө ыр түрүнө келтирип, Шапак манасчы сюжетсиз поэма түрүндөгү көлөмдүү чыгарма жараткан (2538 сап ыр). Поэманын мазмуну «Он бетинде калы бар касиеттүү олуя Калыгулдун айткандары келди» – деген маңызды туюнтат. Муну автор кыргыз элине кыйынчылык алып келген падыша өкмөтүнүн колониялык саясатынын натыйжаларынан, кийин ал заман жоголуп, жаңылыктар пайда болуудан көрөт.

Шапак манасчынын жаздырган тексттеринин арасындагы «Калыгул ушундай дечү эле» деген түрдө берилген ыр саптары иргелип, алардын ичинен мазмуну боюнча Калыгул Бай уулуна таандык дешке боло тургандары гана алынды жана алардын формалык түзүлүшү да өзүнө ылайык түргө келтирилди. М и с а л ы, тексттердеги:

«Атын баккан азамат,
Катын багат дечү эле» – деген ыр саптары
«Атын баккан азамат
Катын багат» – катары берилди.

Жакшы чыккан азамат
Элин билет,
Элин билген ал адам
Билим билет,
Окуп, карап, ойлонуп,
Илим билет.
Эчен түрдүү адамдын
Тилин билет.
Чыгып турган ал адам
Чынар болот,
Чымчык сайрап, чынарга
Булбул конот,
Түбү жоон тамгалуу
Терек болот,
Көлөкөсү көп жанга
Керек болот.
Андай адам табылбайт,
Кайда болот.
Ошол чыкса дүйнөгө
Пайда болот,
Тийип турган асманда
Күндөй болот,
Макулуктун баарына
Бирдей болот.
Ошол адам ойлосоң
Кимден чыгат,
Ушул турган калайык
Элден чыгат,
Алтын-күмүш, асылдар
Жерден чыгат.
Текши жерге тегирмен
Жүрүп турат,
Тегеретип баарысын
Билип турат[1].

[1] Калыгул олуяга таандык тексттердин ичиндеги элге кеңири белгилүү болгон, бул жыйнакта «Акыр заман» – деген жалпы ат менен топтоштурулуп берилген накыл сөздөрдүн, макалалардын, насыят сөздөрдүн өзүлөрү болсун, же формасы өзгөртүлгөн түрдө айтылган варианттары болсун башка-башка информаторлордун айткан тексттеринде жолукса кыскартылбай, түп нускадагы үлгүдө берилди.

Бул замандын тартымын,
Мурункунун артымын,
Ичимдеги дартымын
Кайсы бирин теремин,
Билгенимче, калайык,
Минтип айтып беремин.
Акыр заман жакындап
Келип калды...
Ошол заман келгенде
Уул билбейт атасын,
Атасы билбейт батасын,
Мен да сенден кемби – деп,
Салыштырат жотосун.
Кызы билбейт анасын,
Анасы билбейт баласын,
Мен да сенден кемби – деп,
Салыштырат данасын.
Өңү сары, көзү көк
Орус чыгат,
Миң түтүнгө бир киши
Болуш чыгат,
Узун чыккан чөп болсо
Оруп чыгат,
Кыска чыккан чөптөрдү
Коруп чыгат[1].

---

[1] Ушул сегиз сап ыр көпчүлүк учурларда:

«Өзү сары, көзү көк,
Сүйлөп берсе сөзү көп –
Орус чыгат дечү эле,
Узун чөптүн баарысын
Оруп чыгат дечү эле,
Кыска чөптүн баарысын
Коруп чыгат дечү эле –

(*кара:* Кыргыз илимдер улуттук академиясынын кол жазмалар фондусу, инв. №1013, 35-бет) – деген түрдө берилип, Арстанбек ырчыга таандык материал катары эсептелип да жүрөт. Чынында ыр саптарындагы негизги маңыз Калыгулга таандык дешке негиз бар. Буга Арстанбекке тиешелүү делип айтылып жүргөн ыр саптарынын курулуш мүнөзү күбө өтүп турат – акын ыр саптарын өз атынан, өзү көргөн, же билген маалымат катары айтпай, ушундай дечү эле – деген түрдө бирөөнүн сөзү катары маалымдайт. Анын үстүнө ыр саптарындагы орус келет деген маңыздагы мазмунду бул окуяны өзү көрүп, башынан өткөрүп жаткан Арстанбекке караганда аны көрбөй көзү өтүп кеткен Калыгул айтуусу чындыкка жакын да.

Ай ааламдын баарысын
Соруп чыгат.
Эркек үндүү аялдын
Уяты жок,
Катын үндүү эркектин
Кубаты жок.
Өгүз мүйүз инектин
Сүтү болбойт,
Инек мүйүз өгүздүн
Күчү болбойт.
Кээ бир адам күркүрөйт
Магдыры жок,
Кээ бир адам достошот
Тамыры жок.
Урайын десе кудайым
Уулу душман жудайым,
Кызы салат кыйынга,
Кеби баспайт жыйынга,
Келини чыгат кер айтып,
Кемпири жыгат тырайтып.
Датыңды айтар адам жок,
Жат бутуңду сырайтып.

Арстанбек менен Калыгул бир кылымда – бир учурда жашаган доорлош адамдар болгону менен экөөнүн арасында жаш жагынан айырмасы бир топ чоң. Колдо болгон илимге белгилүү маалыматтар боюнча Калыгул дүйнөдөн кайтканда Арстанбек отуздар чамасында экен. Эл арасындагы Калыгул олуянын кадыр-баркын, даңкын, анын чыгармачылыгынын ошол учурда жалпыга тийгизген зор таасирин эске алганда Арстанбектин ырчылык өнөрүнүн калыптанышында бул булактын пайдасы аз болбогону күмөнсүз. Ошон үчүн орус падышачылыгынын бийлиги кыргыздар арасында кандай өзгөрүүлөрдү пайда кыла баштаганын өз көзү менен көргөн Арстанбек «Тар заманда» коом абалын мүнөздөөдө баягы мен «Байыркы бала жаш чакта, Кызыл өңүм чок чакта, кыл сакалым жок чакта» же «Карылар-

дан көп угуп» жүрүүчү улама сөздөрдөгү айтылган «орус келет» – деген сөздөр эми келди – деген мүнөздөгү ойлорун айтууда эң алды менен калк арасындагы айтылып жүргөн, балким өзү да уккан Калыгулдун айткандарын кеңири пайдаланып, кээ жерин толуктап, тактап, кошумчалап да айтканына күмөн кылууга болбойт.

Ушул жагдайдан алып караганда келечектеги Калыгулга таандык мурастарды тактап, толуктап чогултуу багытындагы аракеттерде иликтөөчүлөргө көп маалыматтар берүүчү бай булактардын бири катары Арстанбек ырчынын ырларын да эсептөө жөндүү экенин унутпоо оң. Буга «Калыгулдан укканын Арстанбек сайрап жам кылды, Баштан аяк укканын Баары, журтка даң кылды» (Кол жазмалар фондусу, инв. № 1268, 435-436-беттер) – деген Тоголок Молдонун «Калыгулдун ыры» – деген материалдардагы айткандары да айгине күбө болуп турат.

Жамбы берген жакының
Жакшылык кылбайт кылайтып.
Өткөн өмүр – качкан куш,
Кайтып келбейт ордуна.
Булут минсең жетпейсиң
Мурунку өткөн жашыңа,
Мууну кетип карыса
Ажал келет башыңа.
Шамал минсең жетпейсиң
Санаа менен өмүргө,
Санасаң айла таппайсың
Ажал менен өлүмгө.
Тирүүлүктө жүрөбүз
Тике басып жаңдап,
Тигине ажал билинбей
Аңдып турат аяңдап.
Ажал келет бир күнү
Алкымыңдан жакалап,
Абайлабай турабыз,
Аңдып турат бакалап,

Алып кетет бир күнү
Аттай бутун такалап.
Бул дүнүйө шум жалган,
Баары билбей тим калган,
Ачып кара көзүңдү,
Абайлап сүйлө сөзүңдү
Бул дүйнөдөн баары өткөн,
Көп жашаган кары өткөн,
Санчы деген сынчы өткөн,
Байгамбарлар дагы өткөн,
Наманган ылдый дайра өткөн,
Олуялар анда өткөн,
Нечен түрлүү чоң да өткөн,
Ойлоп турсак замана
Тегеренип көп жеткен,
Жер титиреп, таш кулап,
Мындай заман бир өткөн,
Бирин бири чабышып,
Эртесинде табышып,
Нечен мыкты эр өткөн.
Байыркынын заманы,
Заманынын жаманы,
Баарысы айбан адамы,
Кеп билбеген нааданы.
Ой, иним, Ормонум,
Жеген менен тойбодун,
Кой дегенге болбодуң
Акыры сен онбодун[1],
Орус алат жериңди,
Сындырат сенин белиңди,
Уга жүргүн кебимди,
Таап коёт эбиңди.

---

[1] Ыр саптарындагы контексттик маани бузулбай, ой түшүнүктүү болсун үчүн ушул жердеги Шапак манасчынын Калыгул Ормонго минтип айтчу эле – деген ыр саптарынын ордуна кийинки саптардын кимге багышталып айтыларын туюнтуучу төрт сап ыр «Кыргыз эл ырчылары» – деген китептен алынды. «Кыргыз эл ырчылары» – Бишкек, 1994-ж., 58-бет.

Ошондой кыйын душманың,
Ичинде калар бушманың.
Аңдап кой айткан сөзүмдү,
Ачып жүргүн көзүңдү,
Азапка салба өзүңдү.
Кулак салгын кебиме,
Куп келтирет эбине.
Малыңды айтып мактанба,
Көп казакка аттанба,
Казактын малын аласын,
Как талаада каласың.
Орус алса элиңди
Сындырбасын белиңди,
Арасында баатырым
Уга жүргүн кебимди.
Келип калса кокустан
Сактайсың сары талааны,
Солдаттыкка бересиң
Жакшы көргөн балаңды,
Багасың анда
Торпок менен тананы,
Ойлой жүргүн
Ормон кан
Так ушундай санааны.
Көрүп турам далайды,
Көчүп жүрүп көрөрсүң
Анжыян менен Алайды.
Уксаң айтам далайды,
Оюна алып, билип жүр
Уруп жүргөн малайды,
Көп кыйнаба кулуңду,
Угуп жүргүн мунумду,
Кезек келип калбасын,
Кегин кокус албасын.
Дүнүйө өтөт желгендей,
Өтүп кетет кербендей.
Дүнүйөнүн жалганы,
Кана бизге калганы.
Кылымдын баарын болтуруп,

Кыдырып бизге келгени.
Элге келет бир кезек,
Жерге келет бир кезек.
Элге кезек келгенде
Салкын, чалкар төр жайлайт,
Кутүрөтүп мал айдайт.
Жерге кезек келгенде
Бети килем түр болуп,
Байчечекей гүл жайнайт.
Дүнүйө өтүп баратат
Аттай желип солкулдап,
Эт жүрөгүм болкулдап.
Эстегенде бул өлүм
Башка келет шум өлүм,
Ушу турган кара жер
Жан бүткөндүн баарын жээр.
Өзү күркүрөгөн кара нар[1],
Күчү пилге барабар,
Кара чымын таласа
Талаага баспай тартынар,
Тоодакка тойбос ак шумкар
Таранчыга талпынар.
Өкүм айтпа сөзүңдү,
Өзүңдү өйдө көтөрүп,
Өйдө кылба өзүңдү,
Арты-кийнин ойлогун,
Абайлагын сөзүңдү.
Акыры башка келгенде
Кетмен алып, жер чаппай,
Бир сындырым нан таппай,
Мындай болчуу киши бар,
Кийинкиге көзүң сал.
Эми жүрсүн дөө болуп,
Кийин калба жөө болуп,
Эки бетиң көө болуп.

---

[1] Ушул ыр сабынан тартып төмөнкү 50 сап Ормон канга багышталып айтылган катары мүнөздөлөт.

Элге батпай калбагын,
Бил эсинде кан Ормон
Бул замандын жалганын.
Кийин чыгат бир заман,
Ошол заман келгенде
Көзгө салып, жерди алат,
Жылкыдан тандап керди алат,
Мен-менсиген эрди алат,
Биз өңдөнгөн адамдар
Ошондойдон кур калат.
Жылдан жылга замана
Кыйын чыгат,
Эсеп кылып, мал алган
Тыйын чыгат.
Адамга кулак тийишкен
Тар заманды көрөбүз,
Ошондой кыйын кырылыш,
Бир заманды көрөбүз,
Аны көрбөй экөөбүз,
Бул заманда өлөөрбүз.
Көрүүчүлөр көрүшөт
Көрбөгөндүн баарысын.
Эки кылым өткөндө
Ошо заман кез келет,
Миңдин бири сөзүмдү
Кулагына угушат,
Ошол заман куралып,
Бир бирине жугушат.
Андан кийин карасаң
Дагы түрлүү иш келет,
Аяк жагын ким билет.
Андан кийин билимдүү
Атың чыгат,
Калайыкты бийлеген
Катын чыгат.
Дүнүйөнүн жалганы,
Ушинетип олтуруп
Кийинкиге калганы.

Кийин чыккан адамы
Илим билген амалдуу,
Аяр болот,
Кандай кылган жумушка
Даяр болот.
Ошондогу адамдар
Молдо болот,
Минген атын карасаң
Жорго болот,
Жакшылардын баарысы
Жолдо болот.
От араба, дилгирем,
Жол кыскарат,
Этек-жеңи чолоюп,
Тон кыскарат.
Акыр заман адамы
Айттырбаса жедирбей[1]
Аяр болот,
Жоо дегенде дегдеген
Даяр болот.
Түн ичинде уктабас
Баатыр болот,
Бысмылданы айтпаган
Каапыр болот.
Жарды, байы билинбей
Жакшы болот,
Айтылбастан сөз тапкан
Бакшы болот.
Мына ушинтип куу заман
Тегеренип отурат,
Бул дүйнөнүн баарысын
Как ушинтип болтурат.
Кара жердин бетине
Аштык чыкпай жер калбайт,

---

[1] Ыр сабынын мааниси белгисиз. Балким, «Айттырбастан, жеңдирбей». Мында айтпаса да билип, даяр болот – жеңдирбейт – деген түшүнүк чыгат, андай маани кийинки саптагы «Аяр болот» – дегенге туура келет.

Атасынын сөзүнө
Бала кулак кеп салбайт,
Атанын тилин бала албайт,
Андан артык биле албайт,
Колундагы балдары
Жумшаганда тил албайт.
Мурунку өткөн заманды
Мына ошентип жойдурат,
Өлүп калган адамын
Ошо бойдон койдурат.
Кыйкырганы бел ашпай,
Үн кыскарган бир заман,
Кылса жумуш бүтпөгөн,
Күн кыскарган бир заман.
Кожо, молдо жоголуп,
Дин кыскарган бир заман,
Орозо, намаз окубай,
Тил кыскарган бир заман.
Ошол жакшы, биз жаман,
Өтүп барат бир заман.
Маакул[1] айтам баянын,
Байкал көрчү аягын,
Ичимдеги кебимдин
Кайсы бирин аядым.
Айтсам сөзүм түгөнбөйт
Ысык-Көлдүн көлүндөй,
Барган сайын дүркүрөйт
Кызарттын суук желиндей.
Биз жүргөн жер тар заман,
Кийин келер зар заман.
Кайгысыз киши карыбайт,
Калп айткан киши жарыбайт.
Беш тогоол өтпөй жай болбойт,
Бейли тар киши бай болбойт,
Көп болуп жылдыз, ай болбойт,
Көөнү тар адам бай болбойт.

[1] Маакул – сөздүн бул жердеги мааниси – так айтам, туура айтам, анык айтам – дегенди туюнтат.

Ошондой ишти эл билбейт,
Калыгулду тим тилдейт.
Ушул акыр заманда
Мейли мени жаманда.
Жамандасаң болбоймун,
Кийинки акыр[1] заманды
Айтмайынча тойбоймун,
Мейли жаман көрө бер,
Деги эле айтпай койбоймун.
Оң жагымда ишим бар,
Ошолорду айткын – деп,
Оюма салган кишим бар.
Байдын уулу Калыгул
Баштаганы мына бул.
Сөзүм калат, өзүм жок,
Айтып турсам көңүл ток.
Ошо кезек бир кезде
Айткан кебим иштешер,
Ошондо мени эстешер.
Бири билип айта албай,
Толугу менен жат албай,
Кеңеш кылар баарысы,
Эбин таап айта албай
Ичиндеги карысы,
Заман кыска кезинде
Таба албайт элдин баарысы,
Санжырасы[2] деги жок
Жазып алган карысы.
Жалпы журттун баарысы
Ажайыпка калышар,
Андай эмес, мындай – деп,
Бир-биринен талашар,
Айран таңга калышар,

---

[1] Түп нускада «Кийинки кызык». Кыязы бул жердеги «кызык» – делген сөздү Калыгул азыркы биздин турмуштун келерин билип айткан деш үчүн информатор оңдоп айтса керек. Калыгул акыр заман жөнүндө сүйлөп жаткан соң бул жерде «акыр» делиш оң го.

[2] Санжырасы – сөздүн бул жердеги мааниси маалыматы, кабары – дегенди туюнтат.

Өйдө-ылдый кеп айтар,
Өкүнүчтү көп айтыр.
Угуп жүрүп тандым – деп,
Мен унутуп калдым – деп,
Өкүнүчтүү болор баарысы.
Кайыптан кабар келчү эле,
Кайран сөздөн айрылдым,
Бири билбей калды – деп,
Өзүм жаман кайгырдым.
Биринин тилин бири албай,
Же өзү таап биле албай,
Өлгөндүн тилин тири албай,
Үлкөндүн[1] тилин кичи албай,
Же андан өзү кече албай,
Же тамак таап иче албай,
Каршы турат кеп айтып,
Капалуу сөздү көп айтып,
Капа кылат жаманы,
Кара жандын аманы,
Катын, кыздын заманы,
Кандай амал таап алды
Бул дүйнөнүн жалганы,
Мунун баарын карасак
Илгеркиден калганы.
Кийинки балдар күчөдү, .
Бизден өттү үч эли.
Кийин келет бир заман[2],
Билбей калат кээ наадан,
Арманда болбо сөзүмө,
Ачып кара көзүнө,
Насаат-акыл бул кебим,
Кокус таппай каласың,
Аман болсоң көрөсүң,
Арманы жок өлөсүң.
Ал өңдөнгөн заман жок,
Көрүп калсак арман жок.

---

[1] Үлкөндүн – улууну, чоңдун.

[2] Ушул ыр сабынан тартып кийинки 19 сап ырды Калыгул небереси Акидейге айткан насаат сөздөр катары мүнөздөлөт.

Көрбөй калдык нетебиз,
Өтүп кеткен жаандай
Ага кантип жетебиз.
Ажал-өлүм жакалап
Бизге келди бир кезек,
Эми биздин башыбыз
Журтта калган куу тезек.
Кезектүүлөр көрүүчү,
Арманда болбой өлүүчү,
Андайды ким көрүүчү,
Ойлоп карап олтурсам
Кийинкилер көрүүчү.
Кийин келер бир заман,
Көрбөй калдык биз жаман.
Дүнүйөнүн баарысы
Эмгек кылсаң табылат,
Абийириңиз жабылат,
Акылы бар жаш балдар
Как ошого камынат.
Илгеркини карасаң
Жаманын жакшы тилдеген,
Жакшы илимди билбеген,
Айбандыгы ушундай,
Ыйлаган көздүн жашындай.
Жайкалып шибер чыкпаса,
Сайраган булбул укпаса
Жай да болсо кышка тең,
Үстүндөн жамгыр куюлса
Үй да болсо тышка тең.
Месел, казал[1] жарышкан,
Казал калды артында,
Месел чыккан жарыштан.
Казал түбү мыш болот,
Бир балаага туш болот,
Месел жүрүп ыр болот,
Казалдын түбү чыр болот.

[1] Казал – ыр. Каймана мактанчаак, кур чечен маанисинде.

Алып барат бир ишке[1],
Жаман ишке киришпе.
Акылы бар боз бала
Адал[2] ишти козголо,
Акылдууга дос боло,
Акылсызга жолобо,
Акылсызга дос болсоң
Жолугасың тайгакка,
Тайгаланып жыгылба,
Кудайга үнүн угулба.
Жаман иштен качып өт,
Жакшылыкка жетесиң,
Жолдош болбо наадаңга,
Жолдош болсоң жаманга
Арманда болуп кетесиң,
Аманат жандан кечесиң.
Жакшы менен жанашсаң,
Сабырлык менен барасың,
Акыры түбү ошондон
Жакшылыкты табасың.
Унутпагын жалганын,
Бул илгертен калганын.
Көгүчкөн учар жем чыкса,
Көк тулпар чуркаар тер чыкса,
Көөрүктүн оту тутанбайт
Көт жагынан жел чыкса,
Көч жүрө албай токтолот.
Көз учкан бийик бел чыкса,
Көңүлү тынар көпчүлүк
Көзгө токтоор эр чыкса.
Этеги жок, жеңи жок
Кийим чыгар,
Эң кийинки баласы
Кыйын чыгар,
Акча кагаз пул болуп,

---

[1] Бир ишке – жаман ишке, бузукчулукка, кылмышка маанисинде.

[2] Адал иш – пайдалуу иш, жакшы иш маанисинде.

Тыйын чыгар,
Атасынан баласы
Кыйын чыгар.
Күндө кеңеш – бир жакшы
Жыйын чыгар,
Андай өңдүү бир заман
Кийин чыгар,
Этек-жеңи чолтоюп
Чапан чыгар,
Эн кийинки баласы
Тапан чыгар.
Атты мээнет чырмаса
Аягынан басынар.
Байды мээнет чырмаса
Ашканага жашынар,
Төөнү мээнет чырмаса
Котур болуп кашынар.
Тузду мээнет чырмаса
Далкы чыгып, шор болот,
Манапты мээнет чырмаса
Түбү менен кор болот.
Баланы мээнет чырмаса
Сары карт чыгып, таз болот,
Келинди мээнет чырмаса
Кайненеси кас болот.
Мээнет кетпейт бечелден,
Сөз кутулбайт чеченден.
Теректин түбү тыт болот,
Жаман адам кырс болот.
Жаман адам таарынчаак,
Ар бир ишке корунчаак,
Акылы бар азамат
Ар бир сөзгө казанат.
Алтын сары, жез сары,
Коло сары, миз сары,
Баарысынын мисалы
Аягында билинет,
Алтын көзгө көрүнөт,
Ажырашып бөлүнөт.
Күмүштөн ээр атка бап,

Атка тынчы жок болсо
Күмүшүн алып, отко жак,
Күйөр тууган болбосо
Күлө сүйлөп, жатка жак.
Алтындуу ээр атка бап,
Атка тынчы жок болсо
Алтынын алып отко жак,
Акылдуу тууган болбосо
Акырын сүйлөп, жатка жак.
Алгыр болсо тайганың
Алтындан тандап каргы так,
Ала албаса андайды
Айлансын аштан, башка чап.
Күлүк болсо тайганың
Күмүштөн тандап каргы так,
Күйүп кетсең жаман го,
Күйүтүң тартпай башка чап.
Алтын мөөр ай мончок
Адамга кайдан табылат,
Алганың жаман болгон соң
Абийириң кайдан жабылат.
Күмүш мөөр көк мончок
Жарашабы бир жатса,
Жакшы ургаачы, эр эркек
Адашабы түн катса.
Жаман катын белгиси –
Соксондой басып соку издейт,
Согончоктон ит тиштейт,
Баласын төргө чычырат,
Балтек, мэ! – деп чакырат,
Балтеги үйгө кирбесе
Суэгу менен бир чабат,
Ырысы качкан жигитке
Ошону менен аш куят.
Жаман катын белгиси –
Калдырак болот териси,
Карып болот эриси[1],

---

[1] Эриси – эри, күйөөсү.

Талаага кетет талпактап,
Табагы жатат шалтактап,
Айылга кетет талпактап,
Аягы жатат шалтактап.
Жакшы катын белгиси –
Булгаары болот териси,
Мырза болот эриси,
Ошол эрдин ырысы,
Иши минтип жылышы,
Баарын ойлоп карасаң
Бул кудайдын кылышы.
Обоскер жакшы – кан жакшы,
Катын жакшы – эр жакшы.
Жаман катын белгиси –
Баладай камыр жуурат,
Балдарынын заманасын куурат.
Жакшы катын белгиси –
Алмадай камыр аш кылат,
Аяк эрин баш кылат.
Эки нанды эптеген,
Кызмат кылып, эринин
Маңдайынан кетпеген,
Үзүлгөнүн улаган,
Жыгылганды жөлөгөн,
Айрылганды эптеген,
Кашынан ыраак кетпеген,
Ага мактанып киши жетпеген.
Андай адам табылбайт,
Жаман аял баш кошсо
Абийириң жабылбайт.
Уй пул болор,
Кул бий болор,
Тоо токол болор,
Токол байбиче болор,
Аяк адам баш болор,
Баш адамдар таш болор.
Эр адамдын жаманы
Жүрүшүнөн кул болот,
Ургаачынын жаманы
Кыялынан тул болот.

Акылдуунун айтканы
Абайласаң пул болот.
Там бир жылы көбөйөр,
Дарак бир жерде көгөрөр.
Каркыра катары менен жүрөр,
Кадырынды билген киши билер.
Унчуккандан унчукпаган жакшыраак,
Унчуккандын башына тиер таяк.
Акыл – макал экөө бирдей келер,
Ал экөөнүн айтканы күндөй тиер,
Билбеген наадандардын ичи күйөр.
Билген адам ошону
Байым кылаар,
Көкүрөккө ойлонуп,
Дайын кылаар,
Билбегендер ошону
Айың кылаар.
Карагай, сөксөөл экөөбү
Дос болушкан,
Аягында ал экөө
Жоо болушкан,
Кийин жагы арылгыс
Доо болушкан.
Арасына табылгы
Элчи болгон,
Жараштырып ала албай·
Уят болгон.
Уялгандан табылгы
Кызыл болгон,
Коркконунан карагай
Узун болгон.
Түрдүү заман ушинтип
Өтүп кеткен,
Тегеренип шум дүйнө
Бизге жеткен,
Ойлоп карап олтурсак
Нечен өткөн.
Бир адамдан
Алтымыш уул тараса,
Ар кимиси

Ар бир ишке жараса,
Он беши
Дилде кылыч байланса,
Он беши
Кан алдында сайраса,
Он беши
Аштык-эгин айдаса,
Он беши
Төргө көчүп жайласа,
Ошонун ар кимиси арбаса[1]
Ол адам армандуу бул дүйнөгө,
Не болорун билбейбиз о дүйнөдө.
Өтүгүң тар болгон соң
Байлыгыңдан не пайда.
Катын жаман болгон соң
Жүргөнүңдө не пайда.
Ат качаанак болгон соң,
Аштан, тойдон калган соң,
Күлүк болуп не пайда.
Катын жаман болгон соң
Ар – деп беттен алган соң,
Сулуу болуп не пайда.
Бул дүнүйө шум жалган,
Шум жалганда ким калган,
Ушунетип олтуруп
Мурдагыдан ким калган.
Нечен түрлүү аярлар,
Канча кыйын олуялар,
Ошонун баары тим калган.
Асан кайгы олуя,
Нечен түрлүү сөздөрдүн
Аягын билген дария,
Алардан калган дүнүйө.
Өтүп барат бир заман,
Менменсиген эр жаман,
Аштык чыкпайт, жер жаман.

---

1 Арбаса – өзүмчүл болсо, өз максатын көздөсө, ынтымагы бол босо маанисинде.

## АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУ
**(1824–1878, Ысыккөл өрөөнү)**

Буйлаш уулу Арстанбек кыргыздын залкар төкмө-акыны жана ойчулу, чоң комузчу, күүчү жана обончу. «Замана» агымынын эң ири өкүлдөрүнүн бири. Калк ага «булбул» деген атак берген. Бугу уруусунун тынымсейит уругунан. Атасы Буйлаш бий болгон. Бирок анын чыгармачылыгында турмуш-тиричилик жагдайлары бир кыйла деңгээлде карапайым адамдардын көз карашынан чагылдырылган. Арстанбек ырчы катары 16 жашында таанылган. Кокон төбөлдөрү кыйкымдап Буйлашты, башка дагы тынымсейит билермандарын ордого айдатып кеткенден кийин Арстанбек алардын артынан барып, ырдап, өз өнөрү менен даткалардын, ордо бийлөөчүлөрүнүн купулуна толуп, атасы баштаган манаптарды куткарган. Ал Фергана тарапта бир жылча жүрүп, Наманган, Анжиянды аралап, көптөгөн ырчы, комузчулар менен беттешип, өз өнөрүнүн артыкчылыгын далазалап, туулган жерге чоң ырчы атыгып кайткан. Кыргыз коомчулугунун кыйын кезеңинде өмүр сүрүп, элдин Кокон кандыгына салык төлөп турганынан, сарбагыш менен бугу төбөлдөрүнүн чыгарган чатагынан калктын катуу тукулжураганына күбө болгон. Кокон бийлигинин зордук-зомбулугунан калктын каржалганын баяндоодо ал өзүн чоң сүрөткер катары көрсөткөн (тилекке каршы, ал ырларынан айрым үзүндүлөр гана бизге жетти). Ал эми бугу менен сарбагыштын ча-

тагы мезгилинде да көп ыр чыгарган экен. Айрыкча, Ормон хан өлтүрүлгөндөн кийин анын уруулаштары тарабынан бугулар катуу кысмакка алынып, калк чабылып, туш-тушка көчкөндө бугулардан турмуш акыбалын сүрөттөп, эки урууну ынтымакташтырууга чакырып, ырдаган ырларынан айрым үзүндүлөр белгилүү. Арстанбектин чыгармачылыгында орчундуу орунду замана ырлары, эң бараандуу – «Тар заман» түзгөн. «Тар заман» акындын турмуштук, коомдук-социалдык көз карашынын жыйындысы. Бул чыгарма бир мезгилде эмес, болжолдуу түрдө 1852–70-жылдары түзүлүп калыптанган. «Тар заман» окуясы шарттуу түрдө эки бөлүктөн турат. 1. Орустар басып келе жатат деген кабардан улам ырдалган ырлар. 2. Орус колонизаторлору кыргыз жергесине келип, орношуп, бийлигин бекемдеген мезгилде акын күбө болгон окуялардын чагылдырылышы. Акындын кабылдоо, баамдоо жөндөмү, чеберчилиги ушул кырдаалды баамдоодо ачык көрүнөт. Акын бул поэмасында социалдык маселелерди курч козгоп, орус колонизаторлорунун кыргыз элине көрсөткөн жапасын өтө таамай сүрөттөйт. Арстанбек ал заманды «азуулуга бар заман, бечарага тар заман» катары мүнөздөгөн. Ал орустардын чарбалык ишиндеги, аскер кызматындагы жакшы жактарын да туура байкаган. Бирок, кантсе да Арстанбек айрым маселелер боюнча патриархалдык-феодалдык нарк-нусканын чегинде бек туруп, аны коргоого алган. Орустардын келиши менен кыргыз коомчулугунун башкаруу иштерине, турмуш-тиричилигине, элдин каада-салтына, кулк-мүнөзүнө кирип жаткан өзгөрүүлөргө ой жүгүртүп, ал жылыштарды көбүнесе ата-бабанын нускасынын, калыптанган элдик адеп-ахлактын бузулушу катары кабыл алган. «Тар замандын» өзүнө таандык обону, күүсү, кайрык кайталоолору комузда коштолуп аткарылган. Салмактуу сөз, уккулуктуу обон, үн айкалышып: калктын көкөйүндө уялаган ой-санаасын козгоп, угуучуларга зор таасир калтырган.

Чыгарманы акындын аткаруусунда угуп-көрүп калгандар: «Арстанбектин ырын көпчүлүк бүтүндөй дитин коюп, тунжурап ыйлап отуруп угушаар эле» – деп, бир ооздон эскеришчү экен. Чындыгында эле жайлуу конуш жерин, өз алдынчалыгын жоготуп, орус колонизаторлорунун бийлигинен жабыркап турган калк «Тар заманды» өз жашоосунун күзгүсү катары кабыл алган. Арстанбектин чыгармачылык мүмкүнчүлүгү кенен, жанрдык-мазмундук жагында ар түрдүү келген. Ал кошок, арман, санат, терме, керээз, ар кыл багыттагы ырлар, поэмаларды жараткан. Айтыш өнөрүнүн ири устаты болгон. Чыгармачылык багыты жагынан нускоочу ырчылардын тобуна кирет. «Төштүк», «Кожожаш», «Чоро» («Шоро»), «Бердикожо жалгызым», «Беш казак» сыяктуу эпос-поэмаларды, «Көкөтөйдүн ашын» чебер аткарган деп айтышат. Бирок, анын айтуусундагы эпикалык чыгармалардын биринин да тексти бизге жеткен жок. Керээзиндеги маалыматка, айрым билгендердин айтышына караганда, ал комузчулукту, акындыкты, бирдей алып жүргөн. Ал 500гө жакын күү чертиптир. Анын 200гө жакыны өзүнүн төл чыгармасы болгон деген кеп бар. Анын чоң комузчулар аркылуу бизге жеткен «Арстанбектин арман күүсү», «Кербез», «Кет букасы», «Ат чубатар ботою» залкар күүлөрүнүн катарында турган. Көптөгөн кыргыз, казак ырчы, комузчулары менен беттешип, бири дагы аны жеңе алган эмес. Атактуулардан комузда Ормондун уулу Сейилканды, түштүктүк сарт ырчыны женген. Таластык Чонду акындын жандырмагын жандырып, айтыштын татаал түрүндө да өз жөндөмүн көрсөткөн. Жеңижок аны издеп барып, Каркырада кезигип, саламдашып ырдашат. Казак ырчысы Кантарбай менен беттешип, ал айтышпай жеңилсе, 1830-жылдарда «айтса сөзү куюндай Сүйүмбай менен жолугушуп, алар бири-бирин оодара алышпаптыр. Булар бизге белгилүүлөр гана. Кыргыз маданиятынын тарыхында Арстанбектин мурасы чоң из калтырган. Өз чыгармачылыгы ме-

нен жана кийинки (19-кылымдын акыры, 20-кылымдын башы) кыргыз төкмө акындарына жана күчүлөрүнө зор таасирин тийгизген. Анын улуулугу – өз доорунун курч көйгөйлөрүн козгоп, элдин турмуш жагдайы, келечектеги тагдыры коомдук, социалдык ал-абалы жөнүндө терең ой жүгүртүүсүндө тилекке каршы, залкар акындын чыгармачылыгы кийинки күнгө чейин бир жактуу бааланып, анын патриархалдак-феодалдык мүнөздөгү көз карашы өтө коюулантылып, баса белгиленип келгендиктен, ал эскичил ырчы катары сындалып, иликтөө-изилдөө алкагынан чектелип, чыгармалары жыйналбай, туура баасын албай келген. Арстанбектин мурасына кайрылуу 90-жылдарда гана колго алына баштаган.

***Б. Кебекова***

## КЕРЭЭЗ

Кыл мурутум жок чакта,
Кылтылдаган шок чакта,
Байры-байры жаш чакта,
Токтоло элек мас чакта,
Эттүүсү элем моюндун,
Эптүүсү элем оюндун,
Тотусу элем токойдун,
Оттуусу элем бозойдун,
Күлгүнү элем торконун,
Күлүгү элем жоргонун.
Күкүгү элем токойдун,
Күл чогу элем бозойдун.
Эми күлүк чобур ат болду,
Күкүк үнүм жат болду,
Отум өчүп жок болду,
Торгой бозуп боз болду,
Торко тозуп бөз болду,
Кара сакал ак болду,
Оо дүйнө кетер чак болду,
Эми кыл мурутум ак болду,
Кыямат кетер чак болду.
Эти кетти мойнумдун,
Эби кетти ойнумдун.
Эми күлгүнү кетти өмүрдүн,
Күл чогу өчтү көңүлдүн.
Миң кубулуп кулпурган,
Уккан адам умсунган,
Мукамы кетти үнүмдүн,
Нуру өчтү өңүмдүн.
Арманы болор мергендин,
Алганы болор бергендин.
Күнөөсү болор күлгөндүн,
Күйүтү болор өлгөндүн.
Өзөндүн көркү тал болот,
Өрүштүн көркү мал болот,
Аялдын көркү эр болот,
Аргымак көркү жал болот,

Үйдүн көркү кыз болот,
Аштын көркү туз болот,
Тирүүнүн көркү сый болот,
Өлүүнүн көркү ый болот,
Айланайын эл-журтум, менин
Арманым айтар ким болот?
Сай-сайдын башы кыр болот,
Санаамды айтсам ыр болот.
Аа дүйнө кетер окшодум,
Менин санатым айтар ким болот?
Тоо-тоонун башы кыр болот,
Толгонуп айтсам ыр болот,
Оо дүйнө кетер окшодум,
Менин толтурчу ордум ким болот?
Ажал жетип күн бүтсө,
Өлүмгө жок ылаажым,
Тилим бир шыңгыр жылаажын.
Ырымды ырдап төгөйүн,
Сырымды айтып берейин.
Салып тургун кулагың.
Оо дүйнө кетер баштандым,
Керээзим угар убагың.
Башың барда мал дөөлөт,
Бар болгонуң зор дөөлөт.
Тилиң барда тил дөөлөт,
Тиричилик өзү зор дөөлөт.
Баш барда келет тууганың,
Баш жаздыктан тайган соң,
Баары калат жыйганың,
Көз барда келет тууганың,
Көз жумулуп кеткен соң,
Көрүнбөй калат жыйганың.
Кеткенден кийин келмек жок,
Бир жаныңа эрмек жок.
Баргандан кийин кайтмак жок,
Калганга дува айтмак жок,
Бул дүнүйө жалганда
Өлбөй тирүү ким калар.
Айры-айры жол калар,

Арманың ичте мол калар,
Айтылбаган сөз калар,
Айрылбаган бөз калар,
Ачылбаган сыр калар,
Арстанбектен ыр калар.
Асмандагы ай калар,
Күлүп-жайнап күн калар,
Ай караңгы түн калар,
Касиеттүү көл калар,
Түбөлүктүү жер калар,
Түгөнбөгөн кен калар,
Аа дүнүйө кеткенде
Менин сөзүм ким табар,
Комузумду ким чалар,
Көңүлүмдү ким табар?
Оо армандуу дүнүйө,
Уста өлсө не калар?
Чаргы темир дат калар.
Молдо өлсө не калар?
Тумар чийген кат калар.
Баатыр өлсө не калар?
Маңдайлашкан жоо калар.
Чечен өлсө не калар?
Тандайлашкан доо калар.
Акын өлсө не калар?
Айтылбаган сөз калар,
Ырдалбаган ыр калар,
Чертилбеген күү калар.
Бул өлүмү курусун,
Чабар камчы сүйрөргө.
Жан таслим болгондо
Чаркың келбейт сүйлөргө,
Бул дүнүйө жалганда
Ажалдан күчтүү балбан жок,
Айла таппай ичим чок.
Улуу сөздү улаган,
Уккан адам ынаган,
Чеченди алган – бул өлүм.
Кары, жашка карабай,

Нечеңди алган – бул өлүм.
Жамы журтту кыдырган,
Эшенди алган – бул өлүм.
Гүлкайырдын гүлүндөй,
Кызыл жибек түрүндөй,
Тоту куштун жүнүндөй,
Кыздарды алган – бул өлүм.
Байчечекей гүлүндөй,
Башайынын түрүндөй,
Балдарды алган – бул өлүм.
Ак сакалы жайкалган,
Нуска сөздү барк алган,
Чалдарды алган – бул өлүм.
Кээжим[1] тордой созултуп,
Келинди алган – бул өлүм.
Каса элечек заңкайган,
Төрдө отурса маңкайган,
Кыз өстүрүп кынаган,
Уул төрөп улаган,
Келин жумшап сынаган,
Кемпирди алган – бул өлүм.
Жоо келгенде жоолашкан,
Доочу келсе доолашкан,
Журт башчысы кадырман
Баатырды алган – бул өлүм.
Ит төрөсү – Кумайык,
Куш төрөсү – Буудайык,
Муну да алган – бул өлүм.
Аз күнчүлүк өмүрдө
Аркы-терки теминип,
Аргымак атын жоорутпа,
Алабарман сөз сүйлөп,
Азамат көөнүн оорутпа.
Жетимге камчы көтөрбө,
Жесирдин отун өчүрбө,
Жалгызга камчы көтөрбө,
Жардынын отун өчүрбө.

---

[1] Кээжим – парча.

Жакынын менен жоолашпа,
Өнбөс доону доолашпа.
Сөзү октой жамандан
Жакын жүрбөй оолакта.
Карынын сөзүн капка сал,
Калк оозунда нуска бар.
Сөз кезеги келгенде
Акыры башка бир өлүм,
Калыс сөзүн айта сал.
Кылтылдаган арамды
Кылчактабай башка сал.
Оо армандуу дүнүйө,
Кайсы бирин айтайын,
Тигилип ажал келгенде –
Атка минсе буттаган,
Алкымындан жыттаган,
Колун коюп башына
Аста-секин уктаган,
Баламды коюп мени ал – деп,
Атаң турбайт арага.
Аяздуу күндө айланган,
Булуттуу күндө мунайган,
Тогуз ай курсак көтөргөн,
Тоорулуп эмчек эмизген,
Токтунун этин жегизген,
Торкодон топу кийгизген,
Кимдин уулу дегизген,
Энең турбайт арага.
Айдап-айдап мал берген,
Алганым деп жан берген,
Аялың түшпөйт арага,
Аллага калбайт жалаага.
Антташып сага дос болгон,
Айткан сөзүн куш болгон,
Азирейил келгенде
Досуң түшпөйт арага.
Каршылашар жоо болсо,
Камчы салар жөлөгүн,
Кара өзгөй доо болсо,

Кебинди коштор өбөгүн,
Инимден мурун мени ал – деп,
Аган түшпөйт арага.
Артымдан издер бурагым,
Ат байланар турагым,
Мындан көрө мени ал – деп,
Эжен түшпөйт арага.
Акылымды табарым,
Артымдан издеп барарым,
Ата жолун жабарым,
Азирейил жаланкыч,
Абамды коюп мени ал – деп,
Карындаш түшпөйт арага,
Аган сенден садага.
Бул дүнүйө шум жалган,
Алладан буйрук келгенде
Андан качып ким калган?
Коркут-Ата даанышман,
Кутулам деп өлүмдөн
Төрт тарапты кыдырган,
Сырдын боюн сыдырган,
Кырдын башын кыдырган,
Андан да айла болбогон,
Акыры ажал сомдогон.
Сөзүмдү уккун калайык,
Абалтан кепти баштайын:
Мен Арстанбек болгону –
Периште ишим оңдоду.
Тиш ырыскы, тил дөөлөт,
Тирүүлүгүн бир дөөлөт.
Аралап көрдүм ар жерди
Ашы, тою бар жерди.
Көрүп келдим кыйланы,
Жыйып келдим дүйнөнү.
Далайлардан бата алдым,
Булбул ырчы аталдым.
Коконго барып жашымда
Кыпчактардын ыктуусун,
Ордо хандын мыктысын,

Бирден терип ырдадым,
Кыйлаларын сындадым,
Сарт аке[1] менен беттештим,
Комузда күү чертиштим,
Анжыян, Кокон аралап,
Ырчылыгым дааналап,
Кайта келдим пааналап.
Доор сүрдүм жашымда,
Дуулап жүрдүм башында.
Караколду бийледим,
Калк ичинде сүйлөдүм.
Мен Арстанбек болгону
Акын атка конгону –
Периште ишим оңдоду.
Алдыма киши чыкпады,
Ырчынын баары ыктады.
Жашымдан ырчы атыктым,
Ат үстүндө катыктым.
Он бешимде белсендим,
Он менен солго теңселдим.
Бет алып ырчы чыккан жок,
Өтүп кетти дүйнө бок.
Учар кушка бир канат,
Өмүрүм өттү бир замат.
Бул дүйнөдө арман жок,
Менде арман калган жок,
Аш, тойду өзүм бийледим,
Албан түрдүү сүйлөдүм.
Көп ырчыны көргөмүн,
Койго тийген бөрүдөй,
Алды-алдынан бөлгөмүн.
Жакшыларга жанаштым,
Жамандардан адаштым.
Ар жакшыдан ат алдым,
Булбул ырчы атандым.
Бир жыл катуу оорудум,

[1] Сарт аке – түштүктүк Ысакан ырчынын лакап аты.

Ооруганда шекиндим,
Өлөмүн деп бекиндим.
Өлүмдөн шондо чочудум,
Бейитти көрсөм бекиндим,
Мен да ушундай болом деп,
Өз жанымдан шекиндим.
Бир күнү чыгат жаным деп,
Мүшкүл болот алым деп,
Баштан таят багым деп,
Ийилип сынат шагым деп,
Ошондон кийин ойлондум,
Отуз эки толгондум.
Карыптардын баарына
Кайыр бердим жаныма.
Калк ичинде ырдадым,
Калктын сөзүн тыңдадым,
Карөзгөйдү сындадым.
Журт ичинде ырдадым,
Журт жакшысын сыйладым.
Музооке[1] менен муңдаштым,
Сейилкан[2] менен чертиштим.
Каркыраны жайладым,
Казакка барып ырдадым.
Тезек[3] төрө алдында
Замана ырын зарладым.
Экейден чыккан Сүйүмбай,[4]
Башканы көргөн буюмдай,
Айтса сөзү куюндай,
Аны менен айтыштым,
Өткөн кептен тартыштым.
Кантарбайды[5] каңтардым,
Калк ичинде антардым.
Тынымсейит уругу

---

[1] Музооке – Тоголок Молдонун чоң атасы, атактуу комузчу, акын.
[2] Ормон кандын уулу Сейилкан чоң комузчу болгон дешет.
[3] Тезек төрө – казак султаны, акындыгы да болгон.
[4] Сүйүмбай Арон улы – казак акыны.
[5] Каңтарбай – казак акыны.

Көкөтөйдү көргөмүн,
Көрүп көнүл бөлгөмүн.
Солтобайды ээрчиттим,
Ашта, тойдо телчиттим.
Ормон кандын чабуулу
Олжосу жолдон табылуу,
Көлдөгү бугу элине
Катуу апат баштады.
Ормон каны өлгөндө
Карагайдын таңында
Элик болгон көп бугу.
Каптап тузду көтөргөн,
Көлүк болгон көп бугу.
Башка чапса былк этпес,
Өлүк болгон көп бугу.
Акылдан жаман шашканбыз
Атанга жүктү артканбыз,
Анжыян көздөй качканбыз.
Азаптуу жолду басканбыз,
Атандын мурду жырылган,
Анжыян кеткен бугу эли
Андан бетер кырылган.
Кашкарга кире качкандын
Заманасы куурулган,
Топуракка жуурулган:
Кайра келдик сандалып,
Баш азайып тандалып,
Дагы көрдүк зордукту,
Арылбаган кордукту.
Каапыр келет дегенде
Зарлап ырдай баштадым,
Күндүр-түндүр какшадым,
Муңдуу үнүм баспадым,
Журт башына жакпадым.
Оо калайык несин айтайын,
Орус берди жазаңды,
Жаагын жанып Арстанбек
Айта берди казалды.
Билбедик кайда басарды,

Каякка барып батарды.
Орусуң кыйын жин экен
Замана жаман тарыды,
Кайран кыргыз арыды.
Жарды менен кедейим,
Өлүм келсе не дейин,
Жалынган менен айла жок,
Өкүнгөн менен пайда жок,
Бул дүнүйө бекер кеп,
Кара жаның шекер деп,
Ушул дүйнө шум жалган,
Шум жалганда ким калган?
Дабыр-дабыр дабыр таш,
Дарбазанын түбү таш,
Тагдырына келгенде
Калат экен алтын баш.
Канча кайрат кылсаң да,
Кайрылбайт экен жыйырма жаш.
Үркөр айдын жолдошу,
Үч аркар таңдын болжошу.
Толгон тоонун закымы,
Торгой куштун акыны.
Булбул куштун мырзасы,
Буудайык куштун төрөсү.
Ай тегерек, сабы жок,
Айча жылдыз табы жок,
өгөөдөн бүлөө өткөн жок,
Экөөнө бирөө жеткен жок,
Өткөн ишке бушман жок,
Өлүмдөн кыйын душман жок,
Күн тегерек, сабы жок,
Күнчө жылдыз табы жок,
Жакшыга жаман жеткен жок,
Шар аккан сууда өткөөл жок,
Күйүттүү ишке бушман жок,
Өлүмдөн кыйын душман жок.
Көздөн агып кандуу жаш,
Катын, балаң чуркурап,

Карып жаның чыркырап,
Он эки мүчөң зыркырап,
Көкүрөктөн жан чыгып,
Ойрон болот экенбиз.
Бул өлүмгө айла жок,
Айткан менен пайда жок.
Жараткан өзү билбесе,
Жалынган менен даба жок.
Дубанача зарланып,
Турган менен арга жок,
Оо калайык чогулуп,
Коштошкону келипсиң:
Айта турган ырым бар,
Ача турган сырым бар,
Он эки түрдүү ырым бар,
Ондоп айтар сырым бар.
Алланын берген ак сөзүн
Капка салдым ийнелеп,
Сүйрөтүп жүрдүм чийнелеп.
Каптын оозун сөгөйүн,
Ырымды кумдай төгөйүн,
Калкыма айтып берейин
Сүйлөп өттүм башында,
Доор сүрдүм жашымда.
Адамдын баары сыйлады,
Аманат жаным жыргады.
Бул дүйнөдө арман жок,
Ооруу жаман шаштырып,
Азирейил азгырып,
Ичиме салды кайгы чок.
Зил жүгүрдү санаага
Эгерде көзүм жумулса,
Малым калар талаада.
Үйдүн баары бош калды,
Балаларым жаш калды.
Булбул элем ташындым[1],

[1] Ташындым – текстте ал, күчтөн тайдым деген маанидe.

Муунум бошоп жашыдым.
Күлүк элем басындым,
Күкүк элем ташындым.
Аргымак элем арыдым,
Азамат элем карыдым.
Кайсы бирин терейин,
Ичим толгон ырым бар,
Айтарга түрлүү сырым бар.
Жакшы чыктың Солтобай,
Ойлоп тургун ой тобо ай,
Сен жакшылап ырда онтобой[1].
Келтирип айткын сөзүмдү,
Кейитпегин өзүмдү.
Таштабагын сөзүмдү,
Таарынтпагын өзүмдү.
Менин айткан кебимди
Көкүрөккө жат алгын,
Оо Солтобай чырагым,
Эптеп сөздү курадым.
Ажал жакын окшоду,
Айламды таппай турамын.
Батамды сага берейин,
Тулпар минип, туу аштап,
Дуулап жүргүн эл баштап.
Туйгун салып, куу алып,
Ырдап жүргүн той баштап.
Добушумду арбытып,
Калктын баарын жаркытып.
Солтобай ырчы чунагым,
Ушунчадан ынагым,
Байкап турсун чырагым,
Башым кеңгип турамын.
Өрө кийиз жаздандым,
Өлө турган баштандым.
Алда кандай күн болот,

[1] Солтобай солуп ыңгыранып ырдоочу экен.

Балаларым жаш калды,
Солтобай ырчы көз салгын.
Өлө турган өңдөндүм,
Акыретке көөндөндүм,
Сүйлөрүмө дарман жок,
Турайын десем алым жок,
Көңүлүм айнып, боорум чок,
Сүлдөрүм бар, өзүм жок,
Мурункудай сөзүм жок,
Булбул өңдүү доошум жок,
Мындан кийин көзүм жок,
Муунумдун баары бошоду,
Муңканып айттым ошону.
Кайран көзүм кылайып,
Кыяматка ылайык,
Агайын-тууган муңайып.
Байкадыңбы, Солтобай,
Каруум кетти ой тобо ай,
Кайтпай турган дарт экен,
Шум өлүмдүн зарпы экен,
Бул дүнүйө жалганда
Туулуп, өлүш шарт экен.
Жакшы башта Солтобай,
Жаш баладай онтобой,
Айыкпаймын ой тобо ай.
Бул оорудан кетемин,
Айта берип нетемин.
Азапка салган оорум бар,
Арылбаган шорум бар.
Көзүм өтсө Солтобай,
Нуска сөзүм таштаба,
Жеткире айткын маанисин
Кайран булбул сөзү деп,
Артымда элим таанысын,
Айтылып калса калкымда
Арстанбек неге карысын.

## ТАР ЗАМАН
### (кара ыр)

Байыры бала жаш чакта
Кызыл өңүм ток чакта,
Кыл сакалым жок чакта,
Карылардан көп уктук,
Уламадан сөз уктук,
Ошондо өңү сары, көзү көк
Орус чыгат дечү эле,
Узун чөптүн баарысын
Оруп чыгат дечү эле.
Кыска чөптүн баарысын
Коруп чыгат дечү эле,
Ай-ааламдын баарысын
Соруп чыгат дечү эле,
Бу заманын кай заман, ой журтум?
Ушул орус чыкканда
Бир, эки деп санаган,
Тыйын чыгат дечү эле.
Атасынан баласы
Кыйын чыгат дечү эле.
Эки башы кайкайган,
Кайык чыгат дечү эле.
Мейилкадыр болом деп,
Элечегин булгалап,
Зайып чыгат дечү эле,
Бул заманың кай заман, ой журтум?
Улуу суунун баарысы
Чулук болот дечү эле.
Кичи атанын баарысы
Улук болот дечү эле.
Жаан-жуун азайып,
Шамал болот дечү эле.
Адамзаттын билгени
Амал болот дечү эле.
Кыш көбөйүп жылынан
Жай азаят дечү эле.
Карындагы жыйылган,

Май азаят дечү эле.
Короодогу айдаган,
Кой азаят дечү эле.
Журтта ургаачы көбөйүп,
Бой азаят дечү эле.
Бойго жеткен кыздардын
Баштагыдай көркү жок,
Той азаят дечү эле.
Кыз он бешке чыкканда
Энесине баш бербей,
Боюн күүлөйт дечү эле.
Эмки азамат баарысын
Катын бийлейт дечү эле.
Элечегин булгалап,
Зайып чыгып жыйынга
Чечен болот дечү эле.
Шум жалгандын белгиси –
Ушул кийинкинин баарысы
Бечел болот дечү эле.
Бул заманың кай заман, ой журтум?
Ошол орус чыкканда
Миң үйлүгө баш болуп,
Болуш чыгат дечү эле.
Суу башында үйү бар,
Үй башында бийи бар,
Буйрук менен кондурган,
Конуш чыгат дечү эле.
Онжогой[1] куйрук күрөң ат,
Орустан чыгат дечү эле.
Он кулактуу мис казан
Калаадан чыгат дечү эле.
Тиришумдук баарысы
Баладан чыгат дечү эле.
Этеги жок, жеңи жок,
Кийим чыгат дечү эле.
Алтын, күмүш түгөнүп,

[1] Онжогой – олдоксон, өтө узун.

Кагаз акча пул болуп,
Тыйын чыгат дечү эле.
Акыр заман болордо
Өзүнүн малын үлөшүп,
Короосуна чарк уруп,
Жыйын чыгат дечү эле.
Эки агайын бир тууган
Акы алышат дечү эле,
Айтканына ишенбей,
Бата алышат дечү эле.
Бул заманың кай заман, ой журтум?
Ошол орус чыкканда
Кала коргон көбөйүп,
Кент[1] түгөнөт дечү эле.
Төгөректеп урдурган,
Коргон чыгат дечү эле.
Тегеретип баарысын
Кагаз менен иштетип,
Соргон чыгат дечү эле.
Кийгенинин баарысы
Буту-колун жашырбай,
Дорбол чыгат дечү эле.
Куран жатып үстүнөн
Кат жүгүрөт дечү эле.
Ошо катты көтөрүп,
Ат жүгүрөт дечү эле.
Караколдо топ болсо,
Насыямды бергин деп,
Жакадан алып алкылдап,
Көзү-башын соолтуп,
Сарт жүгүрөт дечү эле.
Карагайдын башында
Чыны болот дечү эле,
Чыны менен жүргүзгөн,
Зымы болот дечү эле.
Алты айчылык жолдордон
Алты күндө сүйлөшкөн

[1] Кент – иран сөзү, калк отурукташкан жай.

Бул капырдын сыры болот дечү эле,
Бул заманың кай заман, ой журтум?
Ушул орус чыкканда
Кара жол кылар көлүңдү,
Эсепке алар жериңди,
Кайсаңдар сенде чама жок,
Капкандай чабар белиңди.
Ой журтум, аман болсоң көрөрсүң,
Араба менен чананы,
Торпок менен тананы,
Зили түбү сактарсың сары талааны.
Солдаттыкка берерсиң,
Ичиңден чыккан баланы.
Ушул орус келгенде
Аштык чыгар жерди алар,
Бээден туулган керди алар.
Ошондо менменсинген эрди алар.
Бузукту журтка көп салар.
Ушул заман тар заман,
Азуулууга бар заман,
Бечарага зар заман,
Заманың келди жакындап,
Тайган иттей такымдап.

* * *

Алда кудай капырай
Алматыдан аттанып,
Орус келе жатыр ай.
Узун чөптүн баарысын
Оруп келе жатыр ай.
Кыска чөптүн баарысын
Коруп келе жатыр ай.
Ай ааламдын баарысын
Соруп келе жатыр ай.

* * *

Капкандай чапты белиңди,
Каптап алды элиңди,

Сурап алды жашынды,
Каттап алды башынды,
«Ыстарик» – деди карынды,
Эсепке алды баарынды.
Ушул заман тар заман,
Азуулууга бар заман,
Бечарага зар заман.
Маңдайлары кашка экен,
Кыялы журттан башка экен.
Ышкын түптөй сарысы
Кайда кеткен карысы.
Ажалдан акы качпаган,
Баары мерген кул экен.
Көгүчкөндөй көздөрү
Чар учкандай сөздөрү.
Бул орусту карасаң,
Ченчи салып жерди алды,
Бээден туулган керди алды,
Карды салык байды алды.
Кача турган жайды алды,
Таластан Маймыл тутулду,
Качканың кайдан кутулду.
Туурадан салды дозокту[1]
Кармап алды кулжадан
Балбай менен Шоорукту.
Жакшылардын баарысы
Тактысынан тайгылды,
Кайраттуу эрдин баарысы
Өз элинен айрылды.
Өзү баштын баарысы
Шиберди көздөй кайрылды.
Байыры жакшы бар эле,
Бала жолборс баштанган,
Байбичелер бар эле,
Кара сандык жазданган[2],

---

[1] Дозок – тозок.

[2] Кара сандык жазданган – акка баш коюп, өлүмдүн камылга сын көрүп калган сарамжалдуу байбичелерге карата айтылат.

Байыры баатыр бар эле,
Кылычынан кан тамган.
Байырта биздин кайран журт,
Баласы бараң атчу эле,
Баракатта жатчу эле.
Кыздары кымкап кийчү эле,
Кылыгы журтка тийчү эле,
Эми орус зор болду,
Кайран кыргыз кор болду.
Байыркыдан барк кетти
Каада-нуска нарк кетти.
Сууга салган чекендей,[1]
Сурагы мунун бекемдей,
Орус келсе сыйлайсың,
Ак сакалдуу акеңдей.
Илгерки кары калыптыр,
Сууга түшкөн текедей.
Булут минип жетпейсиң,
Мурункунун артынан,
Буркурайсың, боздойсуң,
Алды каткан мусулман
Урулган заман дартынан.
Ушул заман тар заман,
Азуулууга бар заман,
Бечарага зар заман.
Кылдыратып чанасы
Ашталганын айтайын,
Казак, кыргыз жыйылып,
Башталганын айтайын.
Канаттуунун жүндөрү
Жаздалганын айтайын.
Милтеси жок мылтыгы
Түтөгөнүн айтайын.
Жылдан-жылга орустун
Күчөгөнүн айтайын,
Салам айтса алик жок,

---

[1] Чекенде – иран сөзү, уй шилекей.

Эсен айтса шүгүр жок,
Шарият менен иши жок,
Заманың келди жакындап,
Тайган иттей такымдап.
Көч алды болор орусун,
Сары журт болор конушун.
Жайлоо тургай жер кайда,
Жайылып жаткан эл кайда,
Ачып кирер көр кайда?
Мусулман уулу дункана
Ажыларга дин кана?
Казак, кыргыз жыйылып,
Бата кылып алсак бейм,
Кашкардагы Бакдөөлөт
Ата кылып алсак бейм?
Бул орусту карасаң,
Суу-суугa салды бекетти,
Болуштарды карасаң,
Катыныңдай кекетти.
Майырды[1] көрсөң майындай[2]
Набактыны карачы,
Атаңдын салган жайындай.
Орустарды карачы,
Өзүңдүн жасап койгон бириңдей.
Жасоолдорду карачы,
Өзүңдүн кичүү иниңдей.
Жасоолдор келет шарактап,
Жардынын жалгыз атын карактап.
Жасоолдор ылгабай минди айгырды,
Жакшылардын баарысы
Чын ушундай болдум деп,
Жатып алып кайгырды.
Алтын, күмүш түгөнүп,
Кызыл кагаз бул болду.
Он бөлөктөн үй чыкты,

---

[1] Майыр – майор, падышалык бийликтин өкүлү.

[2] Туурасы – майыр, Ысык-Көл өрөөнүндө кончу кыска кийиз өтүктү «майыр» дешкен.

Он башы деген бир чыкты.
Эки бөлөк үй чыкты,
Тебетейин кырдантып,
Элүү башы бий чыкты.
Кыз сыйлабайт энесин
Ыстарчы кылып коюптур,
Бир чыйраксынган эмесин.
Үйөз башы бар экен,
Үйүрү өскөн айгырдай,
Мужуктары бар экен,
Мендубана бүрүндөй,
Жасоолдору бар экен,
Желмогуздун сүрүндөй.
Акча катты койнуна
Насыя түштү мойнуна.
Азаматтан күлкү өлдү,
Айдап жүрүп жылкы өлдү.
Жорго жолдон суурулду,
Кайран заман куурулду.
Бей-бечара момундар
Баткак болуп жуурулду.
Бирди болуш жеп койду,
Бир ыстарчын деп койду.
Арадан журтту жеп койду.
Быйыл көрдүк калайык·
Араба менен чананы.
Сан жылкыны нетесиң,
Жакшы баккын торпок менен танааны.
Бакпасаң торпок менен тананы
Сактайсың сары талааны.
Солдаттыкка бересиң,
Ичиңден чыккан баланы.
Ушу заман тар заман,
Азуулууга бар заман,
Бечарага зар заман.
Заманың келди жакындап,
Тайган иттей такымдап.
Жылдан-жылга көп болду,
Ташыганы чөп болду.

Көк жалтаң экен тамыры,
Узун экен өмүрү.
Көлөкөлүү телпеги,
Жоо дегенде элпеги,
Кырчын экен чарбагы,
Кыйын экен арбагы.
Карагай экен чарбагы,
Катуу экен арбагы.
Устаранын мизиндей,
Оодарылган дүрүйө.
Жасоолдордун кийгени
Катар-катар дүнүйө.
Жасоолдор минди жакшы атты
Жардынын баарын какшатты.
Жасоолдор минди күлүктү,
Атан төө тартты чүлүктү,
Элге салды бүлүктү.
Ушул заман тар заман,
Азуулууга бар заман,
Бечарага зар заман.
Заманың келди жакындап,
Тайган иттей такымдап.

## КАҢТАРБАЙ МЕНЕН АЙТЫШЫ

Казак акыны Каңтарбай менен Арстанбектин беттешүүсү Каркырада кыргыз, казак көп чогулган бир чоң жыйында өтөт. Кыргыздар атайылап Арстанбекти чакыртып келишет. Бирок ал ырдагандан кийин Каңтарбай жооп берүүдөн баш тартып, айтыш Арстанбектин ыры менен аяктайт.

Арстанбек:

Оо, казактан чыккан Каңтарбай,
Домбураңды чалганча,
Ойбойлоп обон салганча,
Каркылдап үнүң калганча,

Каркыра учар толгонуп,
Каракуш кетер ойгонуп,
Каран туткан султанын,
Кашыңдагы ултанын,
Калың кыргыз олтурат,
Сөздү сынга толтурат,
Каада менен айтышпай,
Өйдө-төмөн чарпышпай,
Мени бир мыят кылат деп,
Калар бекен ойлонуп?
Женилип калсаң сөз таппай,
Калк баштаган султаның,
Калка кылар ултаның,
Калчылдап жини келбесин,
Сени кастарлап топко ээрчитип,
Калк көрсөтүп телчитип,
Алып жүрбөй жанына
Ээлик кылбай алыңа,
Кайрылып камчы салбасын,
Кашаң ат минген Кантарбай,
Калк сөзүнөн антарбай,
Капчыгайда калбасын.
Сен казактан чыккан Кантарбай,
Мен бугудан чыккан Арстанбай,
Сөз туурасын айталы,
Тозок отун жазданбай,
Мөңкө[1] бий айткан кеп эле,
Арстанбек кимден кем эле,
Санат сөзүм сан эле,
Санжыра сөзүм кап эле.
Нуска сөзүм кум эле,
Кордосом сөзүм шум эле.
Айтышканы олтурсуң,
Беделиң түшүп калбасын,
Казак, кыргыз ичинен
Мага тең келер ырчы жок эле,

---

[1] Мөңкө – казак бийи, уулу Мурат замана поэзиясынын өкүлү, 1843–1906-жылдардын аралыгында өмүр сүрөт.

Оозум менин шок эле.
Тенселе туруп кетүүчү
Тендеше турган сөз таппай,
Терме сөзүм ок эле.
Анда эмесе Кантарбай,
Санат ырдан баштайлы,
Санатын журтка таштайлы.
Улуу сөздөн баштайлы,
Урматын элге таштайлы.
Кыйла сөздөн баштайлы,
Кымбатын элге таштайлы.
Замана ырын ырдайлы,
Илгеркинин санатын
Артыбызда сөз калсын,
Бирден терип сындайлы,
Сөз жакшысын ылгайлы.
Уламадан улаган,
Улуулар сөздү кураган.
Илгеркинин жакшысы,
Олуя сындуу бакшысы,[1]
Өнү сары, көзү көк,
Орус чыгат деп айткан,
Узун чөптүн баарысын
Оруп чыгат деп айткан,
Кыска чөптүн баарысын
Коруп чыгат деп айткан,
Ай ааламдын баарысын
Соруп чыгат деп айткан.
Эки башын кайкайтып,
Кайык чыгат деп айткан.
Мейил кадыр болом деп,
Зайып чыгат деп айткан.
Калем алып кат жазган,
Безер[2] чыгат деп айткан.

---

[1] Бул жерде Арстанбектин Калыгул Бай уулунун санаттарына таянгандыгы байкалат. Анткени – Ормон хан Калыгулду «бакшым» дечү экен.

[2] Безер – писарь.

Калпты чындай сүйлөгөн,
Эсер чыгат деп айткан.
Акыр заман кишиси
Башка болот деп айткан.
Адеби жок сүйлөгөн,
Кашка болот деп айткан.
Конушу такыр, чөбү жок,
Ташка конот деп айткан.
Эгиндин нурку азайып,
Ачка болот деп айткан,
Акыр заман адамы –
Бакыл болот деп айткан,
Эгини өнүп, чөп чыкпай,
Такыр болот деп айткан.
Андан кийин замана
Акыр болот деп айткан.
Акыр заман адамы
Аалым болот деп айткан.
Аяттын сөзүн бек тутпай,
Залим болот деп айткан.
Аганын тилин ини албай,
Чагым болот деп айткан.
Биринин тилин бири албай,
Жайыл болот деп айткан.
Капыр менен аралаш .
Ошондо айыл конот деп айткан.
Заманангын адамы
Молдо болот деп айткан,
Акыр заман жакындап,
Келип калды деп айткан.
Оо армандуу дүнүйө,
Булут минсең жетпейсиң,
Мурункунун наркына,
Буркурайсын түтүндөй,
Бул замандын артына.
Байыркынын мингени
Кылтылдаган ат болгон,
Кыргызга ким чак болгон?
Баатырлары көп болгон,

Байыркыга сөз болгон,
Кыраандары көп болгон,
Кылым арта сөз болгон.
Жомогу жолдо айтылган,
Жоругу жолдо камтылган.
«Манасын» айтып баптаган,
«Семетейин» септеген,
Анча-мынча ырчыны
Ашка, тойго келтирбей,
Ана-мына дедирбей,
Боз балдар эле эптеген.
Кыргыз кырда ырдаган,
Кыз-кыркыны сындаган,
Тоо башында ырдаган,
Топ карыя сындаган.
Ашка, тойго чакырып,
Аземдеп күлүк чабуучу,
Ырчылар чыгып ортого
Сөз гүлгүнүн табуучу.
Мурункунун наркында
Казак, кыргыз калкында,
Миң жылкыда жорго жок,
Миң түтүндө молдо жок,
Кызыл кагаз пулу жок.
Эки бөлөк үйү жок,
Элүү башы бийи жок.
Араба менен чана жок,
Торпок менен тана жок,
Жасоол деген балаа жок,
Ыстарчын деген жалаа жок,
Набакты деген тамы жок,
Үйөз башы чоңу жок,
Болуш деген бийи жок,
Суу башында бекет жок,
Карагай башы зымы жок,
Кагаз жазар безер жок,
Калп айтуучу эсер жок,
Нечен түрдүү кесел жок,
Шариат сөздү билбеген,

Адамды көзгө илбеген,
Орус деген осол жок,
Каары катуу капыр жок,
Кайкалап баскан майыр жок,
Жазалоочу соту жок,
Жазаңды берчү оен жок,
Калктын болчу көңүлү ток.
Байырыда кыргыздын
Баласы бараң атчы эле,
Баракатта жатчы эле.
Кыздары кымкап кийчи эле,
Кылыгы журтка тийчи эле.
Не бир азаматтар бар эле,
Бала жолборс баштанган,
Кылычынан кан тамган,
Кангайга чейин жол салган,
Не бир байбичелер бар эле,
Сарамжалы сан эле,
Салтанаты мол эле.
Эми баатырлары пас болду,
Балакет капыр кас болду.
Кымкап кийген кыздардын
Тал-талдап өргөн чачтары,
Осмо койгон каштары
Түйдөктөлүп жүн болду.
Эндик жапкан беттери
Кызылы өчүп, боз болду,
Кыйын заман кез болду.
Каса элечек байбиче
Кара жоолук салынып,
Казан кармар күң болду.
Кайсы бирин айтайын,
Кадеми кетип кыргыздын
Кандай гана күн болду?
Кайран өткөн илгерки
Жарды-байы белгисиз,
Кунан-тайы мингисиз,
Кулу-бийи белгисиз,
Маңдайлашып жоону алган,

Тандайлашып доону алган.
Эми жыты кетти жалбыздын,
Жарыгы өчтү жылдыздын,
Баасы кетти кундуздун,
Байымы кетти кыргыздын,
Барбардигер кудурет,
Пааналаган пендене
Кандай күндү туугуздун?
Эми кайран заман куурулар,
Капыр менен мусулман
Камырдай болуп жуурулар.
Кайран гана кыргыздын
Кылычы кетер кынынан,
Кыздары кетер сынынан,
Келиндер кетер келбеттен,
Уландар кетер уяттан,
Катындар кетер наркынан,
Карылар кетер баркынан.
Эми заман бузулду,
Кыл жоргоң жоор ат болду,
Кыл торко тонун бөз болду.
Мурункудан барк кетти,
Каада-нуска нарк кетти.
Башалык менен башкарып,
Башыңды орус кармады.
Күндө мыйзам чыгарып,
Заманаңды куйруду,
Топурак кылып жууруду.
Каркыра кылды элиңди,
Каратып алды жериңди,
Кайыштырды белиңди.
Тоодак кылды элиңди,
Талоонго алды жериңди,
Кабакка салды эриңди.
Эми кимге айтасың,
Көкүрөк толгон кебиңди,
Ичиңдеги кегиңди.
Жакшы жерден ажырап,
Тоо, ташка кыргыз чегинди,

Кайберен болуп элирди,
Арстанбек айтпас тегинди.
Сурагы кыйын капырын
Суунун башын ээледи,
Суракка жол бербеди.
Эсепке алды башынды,
Кары менен жашынды.
Каршы турар чама жок,
Казак, кыргыз басынды.
Кара жол кылды колүндү,
Касапка салды элинди.
Катуу заман туш келип,
Кайгыга салчу көрүндү.
Сары журт болду конушун,
Көч алды болду орусун,
Өз колунда бийлик жок,
Кулалы болду болушун,
Кыйын го кыргыз онушун.
Наркы кетти карынын,
Урматы кетти уулдун,
Кымбаты кетти кызындын,
Кыябы кетти узундун,
Кайран заман бузулдун.
Кызыл-тазыл көчүн жок,
Кымкап кийген кызын жок,
Кылымга кетер сөзүн жок,
Кылычын чабар баатыр жок,
Оо армандуу дүнүйө,
Байыркыны ойлосом,
Байтерек түгүл, чырпык жок,
Байыр кылар бийин жок,
Баш калкалар ийин жок,
Ынтымак курган айыл жок,
Ызаат кылар байын жок,
Карагайда чайыр жок,
Каран тутар жайын жок,
Айта берип эрте-кеч
Арстанбектин ичи чок.
Кыйытып айтар сөз келди,

Кыйын заман кез келди.
Бир күнү айтар солдат деп,
Колуңдагы баланды
Колмо-кол мага кармат деп,
Анда кандай кыласың,
Ошондо чыгар жыласың.
Асты заман бузулду,
Беш убак намаз усулду,
Бейили менен окубай,
Пендең көрөр кусурду.
Азаматтан ал кетти,
Аргымактан жал кетти,
Адырга толгон мал кетти,
Айры өркөчтүү нар кетти,
Желе толгон бээ кетти,
Короодогу кой кетти,
Козу, улагы тең кетти,
Калың берип, кыз албай,
Каада-салтты буза албай,
Же колунда малы жок,
Аны табар алы жок,
Кокуйлап жигит бой кетти.
Мындай заман кез келди,
Арстанбек айтар сөз келди.
Кокондуктун сарттары
Кокуй ишти баштады,
Кой көтөрүп, бул[1] берип,
Эки кылып эсебин
Эсиңди жаман кетирди,
Чом минген сартың эсирди.
Байыры кыргыз көрбөгөн,
Пул жыйнаган эсерди.
Аргымак азып жооруду,
Азамат көөнү ооруду.

---

[1] Бул («булла» деген сөз уйкаштыкка карата «бул» болуп айты лып калган) – кендир, кебез жана жибек кездемелери.

Күлүгүн азып жооруду,
Гүлдөй көңүл ооруду.
Боз балдарың мунайды,
Баштагыдай көркү жок,
Кыз-кыркынын чунайды.
Оо армандуу дүнүйө,
Тоо-ташындын көркү жок,
Өрүп жүрчү түлкү жок,
Өргөө толгон мүлкү жок,
Күмүш кармар зергер жок,
Күлүк чабар эрлер жок.
Кайберен атар мерген жок,
Калк арасы бөксөрдү,
Арстанбек айтып теңселди.
Көркү кетти жериңдин,
Мүлкү кетти элиңдин,
Күлкүсү өчтү эриндин.
Аргымак ат мине албай,
Алгы сөздөн биле албай,
Саны кетти жашыңдын,
Сыны кетти башындын,
Сыйы кетти ашындын.
Тар заман келди такымдап,
Азапка калган кайран эл
Эми кайда жашындың?
Журттун сөзүн айта албай,
Ынтымагын кайтарбай,
Жакшыларың басынды,
Кашкарга качып жашынды.
Андан да айла болбоду,
Амалы кыйын капырың
Өз тууганын азгырып,
Асыл тууган Балбайды
Текестен барып кармады,
Алматыга айдады.
Карагер атты ким минет,
Кайыш тонду ким киет,
Жанында карап турбасаң,

Жан отумду жебейин,
Калпы-чынын ким билет.
Уу бердирип жайлаптыр,
Баатыр жүрөк Деркембай,
Бугудан чыккан көркөм ай.
Көтөрүп чыгып абактан
Көрүн казып кенендеп,
Ак кепиндеп, аруу жууп,
Аманат жанын тапшырган,
Бейажалдан өлтүргөн,
Алладан көрсүн ант урган.
Орусуң оңой көк эмес,
Оңдуруучу неме эмес,
Майыры турат башында,
Мылтыгы турат кашында.
Обдулуп топто сүйлөсө,
Чулдураган сөзү бар,
Көк кытандай көзү бар.
Караколду бийледи,
Пашаанын сөзүн сүйлөдү,
Калк башкарган жакшыны
Камгактай да көрбөдү.
Мыйзамды катуу баштады,
Карагай, жыгач аштады,
Калкты жаман кактады.
Суунун башын ээледи,
Суунун башы Сулайман
Анын да күчү келбеди,
Калкты кыйын тергеди.
Кыйын болду кыргызга
Бул орустун келгени.
Тырышманке[1] минем деп,
Майыр деген эмеси
Жылкыдан тандап кармады,
Өз малымды бергин деп,

---

[1] Тырышманке – орустун экипаж, фаэтон деген сөзүнүн кыргыз арасында айтылышы.

Үрөйү учкан кыргыздын
Бир да бири барбады,
Каз, өрдөк калды балаага,
Байыры кыргыз кылбаган,
Балакеттүү жалаага.
Топ-тобу менен кармады,
Толгоп туруп байлады.
Жүнүн жулуп жулмалап,
Канатын кыркып куйкалап,
Катары менен жалмады,
Айтарга сөз калбады.
Мылтык үнү тарсылдап,
Көлдүн үстү кан болду.
Жаш балапан чуркурап,
Жулунган жүн бырпырап,
Жалпы журтка дан болду.
Каары катуу заманды
Айта берип күн-түнү
Арстанбек башы маң болду.
Казак, кыргыз мусулман
Көзүм жетпейт артына
Кандай гана заң болду?
Орустардын мужугу
Эгин айдап өрөөнгө
Кара жерди каңтарды,
Ыплас экен чочкосу
Жерди казып аңтарды.
Макирөө кылды сууңду,
Кайран кыргыз куулду.
Там, ташты салды бекемдеп,
Чарбасы кыйын экен деп,
Бей-бечара тан калды.
Сыны кетти жериңдин,
Сыйы кетти элиңдин,
Кайсы арманым айтайын,
Кыргызга кандай жай калды?
Түрү суук заманды
Айта берип боруктум,

Түбү бирге мусулман
Кандай күнгө жолуктуң?
Казактан чыккан Кантарбай,
Замана ырын ырдачы,
Калпыңды айтып калтарбай,
Бул орустун келгени
Каада кандай, калк кандай?
Санаа кандай, салт кандай?
Ажың кандай, ал кандай?
Диниң кандай, дил кандай?
Ханың кандай, жат кандай?
Пашааң кандай, бай кандай?
Жакшың кандай, жай кандай?
Жайыт кандай, төр кандай?
Байың кандай, бар кандай?
Жардың кандай, жан кандай?
Бийлик кандай, бий кандай?
Болуш кандай, бой кандай?
Элиң кандай, эр кандай?
Замана кандай, заң кандай?
Эми сенден тыңдайлы,
Айттым окшойт бир далай.

Арстанбек ырдап бүткөндө Каңтарбай обдула калып: – Мен жауып бермей ак жеңилдим, – деп ыраазылыгын билдирет.

Жолдо келе жатканда ээрчитип барган султаны (бир кабарда Тезек төрө делет):

– Бу калай болды Кантарбай, казак ишинде сеннен мыкты ыршы жоктай көрүнүши еди. Арстанбектин алдында бөрини көргөн күшиктей корооге кире каштың гой, бир ауыз жауып бергенге да жарамадын, – деп жекирип калат. Анда Каңтарбай: – Арстанбек жети суу кешип өткөн акыр замандын ыршысы екен, еки ыйыгында еки периштеси отыр, солардын айт дегенин айтып отыр. Акыр заман болмак болды гой, – деген экен.

## ЧОНДУ МЕНЕН АЙТЫШЫ

Чонду:

Оо, Арстанбек, угуп тур,
Абайлап көңүл буруп тур.
Талас жердин атасы
Сөзүмдүн жоктур катасы.
Пайгамбардан бата алган,
Бардык жандан кат алган,
Манас жердеп өткөн жер.
Уй түгүндөй кытайдан
Кыргыздын өчүн алам деп,
Кандуу жолго аттанып,
Алмамбет, Сыргак, Чубактан
Катары менен айрылып,
Кабыргадан кан жутуп,
Бир алданы пир тутуп,
Көктү карай өкүрсө,
Көк жарылып, түн түшүп,
Жерди карай өкүрсө,
Жер жарылып, күн түшүп,
Айкөлүн аза күткөн жер.
Кабыргага кадалган,
Казалына жаралган,
Ажыдаардын заарына
Каста[1] жерде сугарган,
Кара ниет капырдын
Карам[2] огу кабылган,
Карттанып ичи жалындап,
Калк атасы эр Манас
Жан таслим кылган жер,
Түмөн кыргыз күтүнө
Тул орнотуп үйүнө
Кара желек көтөрүп,
Кайгырып башын ийген жер.

---

[1] Каста – жашыруун.
[2] Карам – арам.

Бул дүнүйө жалганда
Табылбастыр мындай эр.
Арстанынан айрылып,
Кара кийип, кан жутуп,
Каныкей чачын жайган жер.
Кан ордодон баш кетип,
Камчы бою жаш кетип,
Карабет катын Каныкей
Кара чок болуп күйгөн жер,
Кадырын билбей канкордун
Абыке, Көбөш эки кул
Кан жесирин какшатып,
Ымыркайын көтөртүп,
Букарды көздөй сүргөн жер.
Буркурап ыйлап Каныкей
Булкунуп чачын түйгөн жер.
Эрезеге жеткенде
Айкөлдөн калган Семетей
Ашуу ашып, арбын жол басып,
Арманы түтөп, муңу артып,
Ата-Журту жердеген,
Алма, өрүгү бүрдөгөн,
Киндик кесип, кир жууган,
Кейиштүү иштер өтсө да,
Түпкү теги бир тууган,
Кен-Кол, Талас келген жер,
Канкордон калган кайран эр,
Капалык ичке толсо да,
Керилип боюн керген жер,
Кудурет чындап берген жер.
Айкөлдүн уулу жез туяк,
Айтып жүрөм ыр курап,
Улуулар айткан сөздү улап.
Саны кеткен кыргызды
Сай-сайдан таап чогултуп,
Куну кеткен кыргызды
Кыр-кырдан таап чогултуп,
Элдин башын кошкон жер,
Эзелтен Талас озгон жер.

Анда алтын тапкан жер,
Алсыздарды баккан жер.
Күндө күмүш тапкан жер,
Күчсүздөрдү баккан жер.
Жардылары жалданып[1],
Жалгыз атын семиртип,
Той байгеге чапкан жер,
Кыздары кымкап кийген жер,
Кылыгы журтка тийген жер.
Балдары жорго минген жер,
Бири эмес, баары эр.
Келиндери сымбаттуу,
Кемпирлери урматтуу,
Айта берсем түгөнбөйт,
Берекелүү бейпил жер,
Жылкысы сансыз мол болот,
Жылкы тийген кор болот,
Короосу толгон кой болот,
Кой уурдаган шор болот,
Журтта күндө той болот,
Ырчылары мол болот,
Айтылуу акын Арстанбек,
Айтышып көрсөк не болот?

Арстанбек:

Оо, Чоңду өнөгүм,
Ырдап көрчү бөлөгүн,
Таласты нечен көргөмүн,
Талдап көңүл бөлгөмүн.
Жумурудай жер экен,
Журт сөзү менен иши жок,
Жулунган ырчы көп экен.
Байкап көрсөм жеринди
Кушчу, саруу элинди
Малга кенен жайыт жок,
Мал уурдаса, айып жок,
Башын кармар берен жок,

---

[1] Жалданып – байып, карттанып деген мааниде.

Баш калкалар эрен жок,
Байыр кылар байы жок,
Өрнөк кылар бийи жок,
Өйдө-төмөн сүйлөгөн,
Сөз кадырын билбеген,
Алабарман эл экен,
Баш, аягы биригип,
Бир көөкөргө сыйгандай
Аймагы тар жер экен,
Айтар сөзүң кем экен,
Оо, Чонду, өнөгүм,
Жер жакшысын билбепсиң,
Жер соорусу Ысык-Көл
Желдирип барып көрбөпсүң.
Эл жакшысын билбепсиң,
Чалкып жаткан көп бугу
Чарбагын барып көрбөпсүң.
Касиеттүү көлүмдүн
Каркылдап учат каздары.
Каса элечек кийинип,
Карыны көрсө ийилип,
Кастарлуу келет уздары,
Карысы келет нускалуу.
Чабагы ойнойт көлүндө,
Береке бар жеринде,
Берени көп элинде,
Чарба малы мол болот,
Өйүз-бүйүз эл конуп,
Өлбөгөн адам зор болот.
Чечени элдин көп болот.
Чечпеген доосу жок болот.
Каз, өрдөгү көп болот,
Касташкан жоосу жок болот.
Тоосу токой чер болот,
Тоосунда толгон шер болот,
Толгоп кармап илбирсти,
Токтоткон адам көп болот.
Толорсуктан чөп болот,
Топуктуулар көп болот.

Кайберен койдой жайылат,
Адис кыраан мергендер
Эчки, улагын сулатып,
Текесин атып кулатып,
Жарды менен жалчынын,
Жабыгып жүргөн малчынын,
Капшытын этке толтуруп,
Казан, аяк май кылат,
Калктын көөнүн жай кылат.
Каркыра жердин соорусу,
Кыргыз-кыпчак конушу,
Белден шибер жайкалат,
Белсенип эрен мал табат,
Бир көргөндөр таңкалат.
Жашыл тулаң аралап,
Жайдары көнүл салаалап,
Жашаган адам шаңданат.
Калк атасы кан Кошой
Каркыраны жактырган,
Кысырактан бактырган,
Көкөтөйдүн ашы деп,
Кыргыздын болсун башы деп,
Манаска киши чаптырган.
Жер соорусу Жети-Өгүз,
Эсинден кетпейт бир көрүш,
Көрбөй калсаң чоң кейиш.
Көк Жайыкты жайласаң,
Элиртип кулун байласаң,
Өзүнчө жаткан бир бейиш.
Чычкан менен Даркандын
Кудурети жетпестир
Аны жомок кылып айткандын.
Манастын жери Талас деп,
Баян кылдың баятан,
Ал айтканың ырастыр,
Алдастабай тура тур.
Аламан ырчы сизде бар,
Алп манасчы бизде бар.

Уктуң бекен өнөгүм,
Келдибек Манас айтканда
Шамал уруп, бук болуп,
Боз үйлөргө жүк болуп,
Чагылган учуп чартылдап,
Керегe, уук карчылдап,
Үзүктөрү желпилдеп,
Түндүк жабуу салпылдап,
Эшиктери шалкылдап,
Ат дүбүртү угулуп,
Айыл калбай чогулуп,
Журт атасы Манастын,
Алмамбет, Сыргак, Чубактын
Арбагы көзгө урунуп,
Кырк чоро кырдан суурулуп,
Кемпирлер турчу балпылдап,
Келиндер коркчу калчылдап.
Желеде кулун чынырбай,
Кымызга көңүл бурулбай,
Азынабай айгыры,
Аздектеп турчу бардыгы.
Төөлөр чөгүп жодурап,
Карылары кобурап,
Койлор жуушап кепшебей,
Конулда иттер эт жебей,
Барбардигер кудурет
Паана болуп өзүнө,
Кара тору түспөлү
Кыпкызыл болуп чыңалып,
Арча отундай чок болчу,
Ашырып айтар Манасты
Ак уул, Куба уул кыргызда
Андай адам жок болчу.
Түндүк бою түйүлүп,
Керегe бою керилип,
Коргошундай былкылдап,
Кор кызындай жылтылдап,
Он эки мүчө шалкылдап,

Бүт денеси балкылдап,
Он манчасы калтылдап,
Тар дүйнөнү унутуп,
Кең бейиште жүргөндөй,
Сыйкырдуу дүйнө аралап,
Керемет болуп кеткенин
Көргөн жайым бар эле,
Көрбөгөн адам зар эле.
Чоң манасчы Акылбек
Чогоол сөздү сүйбөгөн,
Чоюлган сындуу жан эле,
Чоң казатты айтканда
Чок түшкөндөй чартылдап,
Ээ-жаа бербей жети күн
Элирчү жайы бар эле.
Андан кийин жети күн
Бутун тартпай уктачу,
Аралап айыл чыкпачу.
Чынында да Акылбек
Эл оозунда жүргөндөй,
Жаркырап күйгөн шам эле.
Калп айтып ыйман жебейин,
Манасчынын нары эле,
Мактагандай бар эле,
Балды тарткан аарыдай,
Бар адамды караткан,
Баамы артык жан эле.
Канаты сынып кайрылып,
Чоролордон айрылып,
Кабыргадан кан чыгып,
Кабылан Манас айкөлдүн
Канкакшап түшүп ордого
Кайгырган жерин айтканда
Кабыргасы сөгүлүп,
Кара нөшөр жамгырдай,
Көзүнөн жашы төгүлүп,
«Манас» айтып жатканын
Унутканын көргөмүн,

Умсунуп көңүл бөлгөмүн.
Тыңшап турган калайык
Көрүп турган эмедей
Көзүнөн жашы тамчылап,
Кошулуп кошо ыйлаган,
Журт атасы айкөлдүн
Арбагын чындап сыйлаган,
Кабылан кайран баатырды
Кара жерге кыйбаган.
Оо, Чонду, өнөгүм,
Чөл жериңди сактабай,
Чөп ырчыңды мактабай,
Чоң манасчы көлдө бар,
Чоюлбай барып көрүп кел,
Көкүрөккө түйүп кел.
Семетейчи Назардын
Кан жесири Каныкей
Букарды көздөй качканын,
Төлгө кылып долунун
Тайторуну чапканын
Кара нөшөр жамгырдай,
Төгүп ырдап турганда,
Каныкейдин арманын
Калк дилине жеткирип,
Чөгүп ыйлап турганда
Ат дүбүртү угулчу,
Айыл калбай чогулчу,
Жетик жесир зарына
Калк көңүлү бурулчу,
Салаалап жашы куюлчу.
Оо, Чонду өнөгүм,
Аргымак минип, жол жүрсөң,
Ат арытып, мол жүрсөң,
Ашуу-ашуу кезең бар,
Ашкере көркөм өзөн бар,
Касиеттүү көлүмдө
Калп айтып, ырыс жебейин,
Арбагы зор Манасты
Ашырып айтчу нечен бар.

Чонду:

Оо, Арстанбек, акыным,
Жомок сөзгө жакыным,
Колдү айттын сыпаттап,
Келдибек менен Акылбек
Келтирип айттың ызаттап.
Чынында да Арстанбек
Ырчылыкка мыктысың,
Айтышам деген акынды
Алкымдан алып жыкчусуң.
Санат ырга мыктысың,
Сабалап ырдап жыкчусуң.
Анда эмесе, Арстанбек,
Бул сөздү мындай таштайлы,
Табышмактан баштайлы.
Айры-айры бел болот,
Ойлобой айтсаң жел болот,
Атасы өлсө не болот?
Эр өлүшсө жоо болот,
Энеси өлсө не болот?
Акыл уккан зор болот,
Ага-тууган бел болот,
Агасы өлсө не болот?
Кара чым басып денесин ·
Карындаш өлсө не болот?
Жеңилин жерден алуучу
Жеңең өлсө не болот?
Ээилип тосуп туруучу
Эжең өлсө не болот?
Балкытып турчу дененди
Балаң өлсө не болот?
Тоту куштай кулпунган,
Кызың өлсө не болот?
Керилип бурчта олтурган,
Келиниң өлсө не болот?
Капшытыңды толтурган,
Катының өлсө не болот?
Журт жакшысы кадырман
Акылман өлсө не болот?

Эки эл жоолашса,
Эби кетип доолашса,
Анын жайы не болот?

Арстанбектин чечкени:

Оо, Чонду, онөгүм,
Чойроңдобой тура тур,
Маселинди табармын,
Бир оозуңду жабармын.
Атасы өлгөн кор болот,
Аталуу адам зор болот,
Аскар тоосу солкулдап,
Ураган менен тең болот,
Айткан сөзү кем болот,
Энеси өлгөн адамдын
Чалкар булак соолуп,
Чанкаган менен тең болот,
Эти бою эзилип,
Энедей сүйчү ким болот?
Агасы өлгөн адамдын
Айтарга сөзү кем болот,
Сени аркалап жүрчү ким болот?
Иниси өлгөн адамдын
Чабарга камчы кем болот,
Жатындаш сага дем болот,
Жатындаштан ажыраш
Жалын менен тең болот.
Карындаш өлсө какшайсың,
Бар айланды таппайсың.
Женеси өлгөн адамдын
Жени желден жыртылат,
Жакасы кирден кыркылат.
Эжеси өлгөн кишинин
Эркелер жери аз болот,
Эженин көзү өткөн соң,
Жээн деген жат болот,
Баласы өлгөн адамдын
Бар өзөгү өрттөнүп,

Чок чачкан менен тең болот,
Байкуш болуп калды деп,
Бар эсинен танды деп,
Калк ичинде кеп болот.
Кызы өлгөн адамдын
Кабыргасы бөлүнөт,
Кандуу жашы төгүлөт.
Келини өлгөн адамдын
Кермеден аты бошонуп,
Кемиген менен тең болот.
Катыны өлгөн адамдын
Куту кетет үйүнүн
Куну кетет тирүүнүн.
Акылман өтсө дүйнөдөн
Артында асыл сөз калат.
Эки эл жоолашса,
Элдиктен кетип доолашса,
Жетим менен жесирдин
Саны элде көбөйүп,
Саясы кетет жериндин,
Сандырактап ар жерде
Саны кетет элиндин.

Чондунун табышмагы:

Анда эмесе Арстанбек,
Эзелки кепти таштайлы,
Эмкисинен баштайлы:
Жону чаар ак жолборс
Жонду айланды билдинби?
Бели чаар ак жолборс
Белди айланды билдинби?
Эки түгөй ак шумкар
Эргип учту билдинби?
Ат ойнотпос сары жон
Ат ойнотту билдинби?
Алтындан казык кактырып,
Бек байлатты билдинби?
Көзү кыйшык кабылан

Көрүп калды билдиңби?
Мурду жырык сары атан
Чөгүп калды билдиңби?

Арстанбектин чечкени:

Жону чаар ак жолборс
Жон айланды дегениң –
Жогорку казак болбосун.
Бели чаар ак жолборс
Бел айланды дегениң –
Төмөнкү казак болбосун.
Эки түгөй ак шумкар
Эргип учту дегениң –
Солтолордун Эшкожо, Канай болбосун.
Ат ойнотпос сары жон
Ат ойнотту дегениң –
Алтындан казык кактырып,
Бек байлатты дегениң –
Кокондуктун саркерин
Коктуга салып айдаган,
Кол көтөртпөй жайлаган,
Куртканын чебин бекиткен,
Купшуңдаган сарттарды
Кулдарындай кекеткен,
Кыргыздын кегин кайтарган,
Кытайдын мизин майтарган,
Атантай, Тайлак болбосун.
Көзү кыйшык кабылан
Көрүп калды дегениң –
Саяктардын чоң Садыр болуп жүрбөсүн
Мурду жырык сары атан
Чөгүп калды дегениң –
Сарбагыштын Атаке баатыр болбосун.

Чонду:

Оо, Арстанбек, акыным,
Акыл сөзгө жакыным,
Айтышканга бекемсиң,

Башка сөздөн козгосом,
Анда кантер экенсиң?
Кара ылаачын теппеген,
Калдайып жерге түшпөгөн,
Канатта бүтүн барбы экен?
Куу ылаачын теппеген,
Кулдуюп жерге түшпөгөн,
Куйрукта бүтүн барбы экен?
Боору бүтүн, башы эсен
Ааламда бүтүн барбы экен?
Кетмен, чот мизи тийбеген,
Жерде бүтүн барбы экен?
Ак таман ат кечпеген,
Сууда бүтүн барбы экен?

Арстанбек:

Оо, Чоңду, өнөгүм,
Чоюлган ырчы деп койсом,
Чоёндоп кеттиң окшодуң,
Чобур сөздөн көп сурап,
Чорт кыялым козгодуң.
Арстанбек акын жөн эмес,
Өйдө-төмөн ойдолоп,
Сынаганың эп эмес.
Баятан берки айтканың
Баамдаган адамга
Баасы артык кеп эмес,
Соболуна сөз таппай,
Сүрдүгүп калчу мен эмес.
Кара ылаачын теппеген,
Калдайып жерге түшпөгөн,
Канатта бүтүн карлыгач.
Куу ылаачын теппеген,
Кулдуюп жерге түшпөгөн,
Куйрукта бүтүн куркулдай.
Боору бүтүн, башы эсен
Ааламда бүтүн бир кудай,
Мунун несин айткыдай.
Кетмен, чот мизи тийбеген,

Жерде бүтүн дегениң –
Кеңирсип жаткан – Кең Текес.
Ак таман ат кечпеген,
Сууда бүтүн дегениң –
Суусунга сузуп албаган,
Сай-сайлап өзөн салбаган,
Суусу бүтүн шор болгон,
Суктанган душман кор болгон,
Түбү терең туңгуюк
Түнөрүп жаткан сыр туюп,
Касиеттүү Ысык-Көл.
Оо, чоюлган ырчы Чоңдуке,
Табышмагың таптымбы,
Абийириңди жаптымбы?
Айта бергин дагы да
Алдырып сага койбосмун,
Мен алышып жүрчү жолборсмун.
Жеңдирип сага койбосмун,
Мен жеңе жүрчү жолборсмун.

## СҮЙҮМБАЙ МЕНЕН АЙТЫШЫ

Эки ырчынын беттешүүсү 1850-жылдардын тегерегинде Түптөгү беш уулдуу Аалыбайдын ашынан кийин Жети-Өгүз тараптагы бир чоң жыйында өтөт. Айтышууга төмөнкү окуя себепчи болуптур.

Аалыбайдын ашы Кенесары, Норузбай менен кыргыздардын согушунан кийин эки эл ынтымакташып, баш кошкон алгачкы чоң жыйын экен. Ошол себептүү Боромбай, Жантай, Ормон, Байтик сыяктуу кыргыздын билермандары чатак чыгып кетпесин деп катуу көзөмөлгө алышат. Ашта Катаган ырчы менен казак Сүйүмбай айтышат. Сүйүмбайды чоң айтышка жарайт деп Тезек төрө, Бөлтүрүк ээрчите келиптир. Ал мындай казак, кыргыз чогулган жыйында айтышып көрбөсө да, жаштыгына карабай, казак калкынын учу-кыйырына атагы чы-

гып, оозго алынып калган курч ырчы экен. Катаган болсо, кырктын тегерегинде, онду, солду аралап, элге катуу таанылып калган, казактарга да барып айтышып байге алып жүргөн чоң ырчы болот. Сөздү Катаган баштап: «Кененсары, Норузбайыңды өлтүрүп, башын итке салгамын, канакей кегиң алганың» деп чуулуу сөздү чубуртуп, өктом ырдайт. Калыстарга анын бул сөзү жакпай, Сүйүмбайдын жообунан кийин байгени казак ырчысына ыйгарышат. Ашта Арстанбек да болуп, ары чоң акын, ары жашы улуу Катагандан жол талаша албай, айтышка түшпөгөнүнө өкүттө калат да, Сүйүмбай менен бир беттешсем деп кекенип жүрөт. Аалыбайдын ашынан 2–3 жыл өткөндөн кийин Жети-Өгүздө дагы бир чоң аш болот.

Мында да казак Тезек төрө, Бөлтүрүк төкмө Сүйүмбайды ээрчите келет. Өргөөгө кирип жайланышкандан кийин Бөлтүрүк Сүйүмбайга: «Кана ырчым, сүйлөй отыр, кызыл тилди бүлөй отыр» – дейт. Ошондо Сүйүмбай кыргыз манаптарына саламдашып ырдайт:

Ассаломалейкум, бурадарым кыргыздарым,
Ай мен күнгө тете жылдыздарым.
Силерди аңсап келдим ат арытып,
Жүйрүк акын Сүйүмбай жыр бастагын,
Таскак уруп, аргымактай бой тастагын.
Кан Ормон, Кара Байтик, баатыр Жантай,
Бармысын мал-жан аман, жайың калай?
Кара жок бир ишинде өншей хансың,
Баркыңды айта берсем сөз жетмейди,
Бааңды салмактасам пул жетмейди,
Ар бириң ат көтөрмес албан жансың.
Аркы атаң эр Атаке баатыр Жантай,
Басына кийди бөрик кызыл алтай.
Жүзүңдү бир көрсөм деп баатыр сенин
Элимде энсөүши эдим далай-далай.
Кан Ормон болмас иске бурулмайды,
Кан Жантай ак шумкардай шуулданды,

Мөмөлүү Кара Байтик чынар агаш,
Сан торгай бутагында шырылдайды.
Камшысын Кара Байтик катуу устаса,
Азыр тур мүлдө кыргыз кырылганы.

Сүйүмбайдын кыргыз манаптарын көкөлөтүп мактап, зоболосун көтөрүп отурганын казак султандары жактыра бербейт. Муну байкаган кылдат Бөлтүрүк: «Не болдың мыншалык, ай мен күндүн өз орду бар гой. Дурустеп жырласаншы», – деп сөз ыргытат. Сүйүмбай комдоно отуруп, ырын улантат:

Осы отырган манаптар,
Айткан сөзүм жаратар.
Ээр токуму алтындан
Бир ат бергин минерге.
Алтын шапан жабарсың,
Асем менен киерге,
Марттыгыңды билерге.
Он алты жасар бир кыз бер.
Алышып ойноп күлөргө,
Нарк билбеген адамдар
Акындын сөзүн билерме.
Бир ак отан үй бергин,
Энкейип ага кирерге,
Беш-алты атан түйө бер,
Жугумду артып жүрөргө,
Токсон жылкы бериңиз,
Элиме айдап барарга.
Кыргызга келген Сүйүмбай,
Куру кол айыл барарма.
Жамбы туяк бериңиз,
Сандыгыма саларга,
Мейманыма жараргa.
Кыз берсең жумшап, күң бергин,
Түйөгө артып бул[1] бергин,

[1] Бул (була) – кездеме.

Өзүмө бергин эки кул,
Эки жакка айдарга,
Элиртип кулун байларга.
Атайын келген Сүйүмбай
Азды берсе аларма,
Айын сөзгө каларма.
Суурулган жүйрүк болмаса,
Өз боюна сенбесе,
Жаксы алдына барарма.
Жалгыз түйө жетелеп,
Жарыбаган олжо алып,
Жалалуу кепке каларма.
Олжа берсең көптү бер,
Ойдолобой сөздү бер.
Кан Орман, Байтик, кан Жантай,
Бак-дөөлөтү басында,
Нөөкөрү мол касында.
Алланын берген бактысы,
Астындагы тактысы.
Менин айткан кебимдин
Такыр жоктур калпысы.
Сүйүмбайдын осы еди.
Көңүлүнө алганы,
Сурабаймын анша көп,
Өздөрүң билип кошорсуң,
Дагы да болсо калганы.

Арстанбек мырза сыпаа ырчы болуп, ашта, тойдо сурап ырдаганды жаман көрчү экен. Сүйүмбайдын сөзүнө жини келип, анын үстүнө Аалыбайдын ашында кыргыздардын байгени алдырганына кекэри бар эме айтышууга чакырып ырдап кирет.

Арстанбек:

Оо, Сүйүмбай, токтогун,
Алсыздын сөзүн козгодун.
Мойнуна көлбоор[1] асынып,

---

[1] Көлбоор – кудайчынын баштыгы.

Алакан жайган таз белең,
Ырчылыгың пас белең?
Кече Аалыбайдын ашында,
Кан Боромбай башында,
Акылмандар кашында,
Бел жоорутпай байге алып,
Сен кыныгып калган окшодун.
Ээ, екейден[1] чыккан Сүйүмбай,
Айткан сөзүң куюндай,
Бөлөктү көрбө буюмдай.
Келе сала бер дейсиң,
Калганбы напсиң тыйылбай?
Кол жайдырбай кыргызга
Эки чобур ат бериш
Жер жайнаган жылкылуу
Тезек төрө ханына
Журт башкарган баарына
Ошончолук кыйынбы ай?
Ото тигип, кыз бер деп,
Ойбойлойсуң казагым,
Алакан жайып калыпсың,
Өчкөнбү сенин мазарың,
Түгөнгөнбү казалың?
Уяты кеткен казагым,
Уялбай сурай баштадың,
Жоо талаган жери жок,
Мынча неге какшадың?
Ачарчылык кез эмес,
Уккан адам уялар
Опсуз сөздү таштагын.
Көпчүлүк угуп кубансын,
Нуска сөздөн баштагын.
Орунсуз кепти айтканың.
Ойлоп көрчү Сүйүмбай,
Ото тигип бергидей,
Олжо кылып бөлгүдөй,

---

[1] Екей – уруктун аты.

Сен ажосу белен кыргыздын,
Же перзенти белен нур кыздын.
Аял алып бергидей,
Алды-алдынан бөлгүдөй,
Сен атасы белен кыргыздын,
Же айымы белен нур кыздын.
Антандап улам сурайсын,
Атандын барбы энчиси,
Анандын барбы берчиси.
Төө бергин деп сурайсын,
Төө өстүргөн казактын
Төбөсүнөн урганбы.
Жүк артарга төөсү жок,
Жүктөгөнгө мүлкү жок,
Султанында кайыр жок,
Суусунда суусар жок,
Ичейин десе чайы жок,
Байыр кылар байы жок,
Чайнайын десе майы жок,
Кийейин десе шайы жок,
Саамалынын курчу жок,
Чара толгон айран жок,
Көнөгүндө каймак жок,
Эзип ичер курут жок,
Эзилип ичер угут жок,
Кедейинде көйнөк жок,
Кемпиринде өрнөк жок,
Түбүнөн бери курганбы?
Жамбы сурап жалбарып,
Жанталашып ырдайсын,
Жамынарга жабуу жок,
Жамбаштарга жайы жок,
Жаштарында каруу жок,
Ырчысында ыйман жок,
Жараткан сени урганбы,
Жалпы казак курганбы?
Жамбынын жайы башкача:
Кыраан мерген сен болсоң,
Кыя атып аларсың,

Канжыгага чаларсың,
Олжого тунуп каларсың.
Талытып жамбаш жатпасаң,
Жамбыны кыя атпасаң,
Сураганга байге жок,
Суурулганга суусар жок,
Куру жалак каларсың.
Ажысы март кыргыздын
Ат сурасаң аларсың,
Айлына минип бараарсың.
Кыз бергидей кыргыздын
Кызы жатпайт талаада.
Алкымыңды агытып,
Куру болбо убара.
Баятан байкап отурсам,
Сүйүмбайы келжирейт,
Суратып коюп ырчысын
Сурап олжо алчусун
Султандары мелтирейт,
Мунун султанын кудай урганбы,
Казагың түбүнөн бери курганбы?
Кул сурайсын Сүйүмбай,
Кул жумшоочу сен белең.
Кулжундаба кур бекер,
Кул жумшап берип казакка,
Кылымга калып мазакка
Кулдук урчу мен белем?
Күң сурайсың, Сүйүмбай,
Күң жумшоочу сен белең,
Күл чыгарчу мен белем?
Кутурбагын кур бекер,
Күң болсун деп кыздарын
Кыргыз бербейт казакка,
Калкка калбайт мазакка.
Кудайыңды карасаң,
Өткөнүңдү санасаң,
Кул жумшайм деп көпкөндөй
Сен кулдуктан качан кутулдун,
Кургак сөздү көп айтып,

Сен Арстанбекке тутулдуң.
Күң сурайсың Сүйүмбай,
Күң жумшап, каада күткөндөй,
Сен күндүктөн качан кутулдуң,
Күпүлдөп мактанч кылам деп,
Сен Арстанбекке тутулдуң.
Оо, акылман калыстар,
Айткан сөздү калыптар.
Аркы-терки сүйлөсө,
Асыл сөздү билбесе,
Акындын буту чалыштар.
Ала көодөк ырчынын
Анги-манги сөздөрүн
Акылман кайдан барыктар.
Оо, алабарман казагым,
Унутпагын өткөндү,
Бүтүн шалбар кийгенге
Султандар менен жүргөнгө
Бейопа сөздү көп сүйлөп,
Сүйүмбай чындап көпкөнбү?
Мактанбагын казагым,
Сенин жайың белгилүү
Чыгарамын мазагың.
Түбүң маңгул, калмактан,
Жылкысын тийип жылгадан,
Коюн айдап коңулдан,
Каада-салтты сактабай,
Кыз-келинин барктабай,
Олжо кылып алам деп,
Кыргызга кыргын салам деп,
Аблай хан бизге жармашкан,
Бегимжан сулуу кошогу,
Белгилүү кылган ошону.
Канышбектин арманы
Калк ичинде айтылып,
Али күнгө калганы.
Түбү бузук казагым,
Түргөндүн суусун бойлодун,
Түндө жылкы айдадың.

Эч жерине жукпаптыр,
Чекене мүйүз чыкпаптыр.
Эрдиң турат кеберсип,
Канакей жарып калганын?
Каркыра суусун бойлодуң,
Катарлап жылкы айдадын,
Калжыраган казагым,
Айтсам чыгар мазагың,
Бир көтүнө жабышып,
Калдыр шымын, түшпөптүр,
Канакей жыргап калганың?
Аблай кулдун тукуму
Кененсары, Норузбай,
Кесирлүү чыкты чоюштай,
Коңшу жаткан кыргызды
Жөн жайына коюшпай.
Кылычын канга кандаган,
Кушчуларды жайлаган,
Арам калмак тукуму
Кимге азап салбаган,
Бейкапар жаткан кыргыздын
Шейит болгон баатыры,
Жесир калган катыны.
Малын жыйып айдаган,
Албаганы калбаган,
Кыз-кыркынын ыйлаткан,
Кемпир-чалды сыздаткан.
Тирүүнү мындай коелу,
Түрү бузук капырың
Арбакка да кол салган,
Эшкожо менен Канайдын,
Көрүн бузган далайдын.
Мусулман пенде кылбаган,
Бузукту журтка көп салып,
Бей-бечара ыйлаган,
Бейопа жанын кыйнаган,
Айбандын ишин жасайм деп,
Акыры чыкты мазасы,
Кененсары, Норуздун

Кыргыздан жетти казасы.
Аблай жолун жолдойм деп,
Кыргыздарды кордойм деп,
Өзү келип кабылды,
Ажалы четтен табылды.
Алардын кылган иштери
Аллага кантип жөн болду,
Асыл жаны кор болду,
Ак кепиндеп, аруу жууп,
Ардактап көмгөн ким болду?
Кенен менен Норуздун
Кылганы журтка жеткенден,
Ыза, кордук өткөндөн,
Сарбагыш, солто чогулуп,
Жантай, Байтик оолугуп,
Ормон колду баштаган,
Опсуз көпкөн Кенендин
Башын кесип таштаган.
Норузбайдай баатырдын
Жүлүнүн жулуп сабынан,
Жүрөгүн сууруп кабынан,
Журтка өткөргөн зары үчүн,
Шейит болгон жан үчүн,
Кемпир-чалдын ыйы үчүн,
Талкалаган жер үчүн,
Талоонго түшкөн мал үчүн,
Ойрондолгон үй үчүн,
Олжолонгон кыз үчүн,
Жаманкара[1] каны үчүн,
Мазакталган көр үчүн,
Канын ичкен кашыктап,
Канкорлугун бышыктап.
Угуп тургун калайык,
Кийинки биздин урпакка
Арстанбек сөзү ылайык.
Коонун башы тоо болот,

[1] Жаманкара баатыр Кененсары, Норузбай согушунда каза болгон.

Тоонун башы зоо болот,
Токойдун ичи куш болот,
Туюктун ичи туз болот,
Ашуунун бели муз болот,
Туздун түбү шор болот,
Эки эл жоолашса,
Элдиктен кетип доолашса,
Элдештирер бий болот,
Эптештирер кыз болот.
Зордун түбү зор болот,
Зоболосу чоң болот.
Чегинен чыкса азгынып,
Чеңгелинен кан чыгып,
Зордуктун түбү кор болот.
Баркташып эл менен жүргөндүн,
Байсалдуу өмүр сүргөндүн,
Таажысы түшпөйт башынан,
Тактысы кетпейт астынан,
Башына келип бак конот,
Кашына келип журт конот.
Ойлодуңбу базарың,
Ордуңду бил казагым,
Онтоп чыгар мазагың.
Бер дегенден башка сөз
Оозуна келбейт ойдолоп,
Кайда кеткен казалың?
Айкайлаба казагым,
Аябай чыгат мазагың.
Аттууга жөө жете албайт,
Айланып зоону өтө албайт.
Агын суудан кече албайт,
Ашкан булбул Арстандан
Алыңды бил казагым,
Айтышып акын өтө албайт.
Түбү болот майтарбайт,
Түптүү акын калтаарбайт,
Түбү жука адамдар
Төгүлгөн сөздү айта албайт,
Сага окшогон ырчыны

Арстанбек булбул барк албайт.
Жараткандын мыйзамы
Түн жаңырып, күн болгон,
Күн айланып, түн болгон,
Жамгыр жаап, сел болгон,
Булак агып, суу болгон,
Бел боксөрүп, ой болгон,
Төрдүн көркү мал болгон,
Айкайлаган казакка
Атандашар ал кайда
Баатырлыгы кыргыздын
Бээжинге жетип даң болгон.
Алыңды билбей казагым,
Айтышканы олтурсуң,
Арстанбектей акынды
Ар санат сөзгө жакынды
Аңтарып алчу ким болгон?
Айтышам деп келгендер
Айласын таппай тамтаңдап,
Акырын сүйлөп, жөн болгон.
Белсенип ырдайт Арстанбек,
Мен белдүү жердин баласы,
Тенселип ырдайт Арстанбек,
Мен тектүү жердин баласы,
Тегинде жок карасы.
Териштирсең тукумун
Акындын барбы чаласы.
Терип ырдап берейин,
Темтендебей угуп тур,
Тегиме жакын келейин,
Мен Арстан Буйлаш баласы,
Тынымсейит даанасы,
Ырымдын жок чаласы.
Мен Арстанбек болгону,
Арстанбек атка конгону,
Периште ишим оңдоду.
Он алтымда ырдадым,
Оң менен солду сындадым.
Күкүк болуп күү чалдым,

Гүлбурак болуп нур салдым.
Он сегизге келгенде
Ырчы аталып суйсалдым.
Туура он алты жашымда
Жаратканды жар тутуп,
Жалгыз чобур ат минип,
Камчыланып бат жүрүп,
Атам Буйлаш артынан
Саркерлердин[1] зарпынан,
Анжыянга баргамын.
Комуз чертип, ыр ырдап,
Ордонун болгом эркеси,
Көп ырчынын серкеси
Мендей барбы эр киши.
Алымбекти көргөмүн,
Ордо хандын ичинен
Өзгөчө көңүл бөлгөмүн.
Кокон менен Маргалаң
Кошо жүрдүм аралап,
Ырчылыгым дааналап,
Хан датканы пааналап.
Көп акын менен айтыштым,
Көп ичинде тартыштым.
Комуз күүсү жагынан
Эч ким менден өткөн жок,
Бет алып ырчы чыккан жок.
Атын укчу Анжыян
Ар жеринде бир жыйын,
Ар өнөрдүн сыры экен,
Сөздүн чынын айтайын,
Ырчылыктан куру экен.
Мөмө жемиш төгүлүп,
Берекеси мол экен,
Пулдун күчү зор экен.
Пулу жок жарды бечара

[1] Саркер – иран сөзү, кол башчы, аскер башчы, текстте хандын кыргыздардан алык-салык жыйнаган адамдарына карата колдонулган.

Чынында эле кор экен.
Шалысы көп жер экен,
Мата, жибек көп экен,
Жеринин көбү чөл экен,
Атагы алыс кетсе да,
Төрт түлүк малга кем экен.
Аш, тойго аздап мал соет,
Бир, жарым бодо болбосо,
Торпок, тана, кой соет.
Күрүчтөн табак көтөрүп,
Күймөлгөндөр коп болот,
Азем сөзү аз болот,
Ала чапан көп болот.
Бычак ала жүгүрүп,
Бүрмөсүн чечип бүгүлүп,
Бирине бири кас болот.
Жар куласа, түз болот,
Жамак айтса сөз болот,
Жарты нан түйүп белине
Кол куушуруп ийиле
Жармачтары көп болот.
Жигит кезден Арстанбек
Аш менен тойду бийлегем,
Ажарлуу сөздү сүйлөгөм.
Журт алдында ырдагам,.
Журт жакшысын сыйлагам.
Ашкан ырчы аталгам,
Аксакалдан бата алгам.
Ырысымды жебеймби,
Калпты кантип айта алам,
Сен сыяктуу казагым
Айкырбай эле ат алгам,
Айттырбастан бат алгам,
Мырза ырчы аталгам.
Көп ичинде ырдагам,
Көп жакшыны сыйлагам,
Карыядан бата алгам,
Калк ырчысы аталгам.
Каркылдабай кузгунча

Кадими менен ат алгам.
Келе сала бер дейсиң
Кыргызды сен ким дейсиң,
Нарктуу сөзгө келбейсиң.
Калжыраган казагым,
Калбаганбы базарың,
Тайганбы сенин мазарың,
Дагы барбы айтарың?

Сүйүмбай:

Оо, Арстанбек не дейсиң,
Сөзгө кезек бербейсиң.
Тектүүмүн дейсиң, Арстанбек,
Тегиңди жакшы билемин,
Текебер сөздү сүйлөдүң,
Мен сенин тек жайыңды теремин.
Сөзүмдүн жок катасы,
Кыргыздан барбы атасы?
Кызыл иттен төрөлгөн,
Кырк кыз сенин көрөңгөң.
Андан бери мен келсем,
Сөзүңдүн жок чаласы,
Сен Буйлаштын баласы.
Анжыянга барыпсың,
Азынатып жетелеп,
Айгыр аттан алыпсың,
Аңгиге жакшы марыпсың.
Ат сурайт деп ардыкпа,
Айта берип кардыкпа,
Бий баласы болсон да,
Бий үйүнө батпаган,
Бий өргөсүн баспаган,
Сен салбардан туулган карыпсың.
Оо, Арстанбек акыным,
Айың, сөзгө жакыным,
Тегиңди айтып мактаңдың,
Мени тексиз деп айтып каптадың
Менин ата-тегим ыр болгон,
Ыр менен күүгө пир болгон,

Сөз чынына келели,
Силерде Кабандай[1] ырчы ким болгон?
Бак даарыган бабамдын
Баскан жери сыр болгон,
Барган жери ыр болгон.
Тегимде бар ырчылык
Темселебе чыр кылып,
Текебер кылбай тек тургун,
Андан көрө Арстанбек
Тектүү сөздөн кеп кылгын.
Мактана турган жайың жок,
Жаш кезинде Арстанбек
Карагай, тикен аралап,
Колу, бутуң жаралап,
Козу бактын кокуйлап,
Кой кайтардың чокулап,
Бакканың болчу козу-улак,
Калыпсың эми сөз улап.
Күң баласы катары
Атаң бир кадыр кылбады,
Айып этпе Арстанбек
Айыңдуу сөздөн сен баштап,
Сүйүмбай сөзү ырбады.
Оо, Арстанбек, мактанба,
Калпты сүйлөп актанба.
Укканым бар кабарың
Кокон жакка барганың
Кокондуктун Мадал хан,
Кокуйлаган чала хан,
Мактап ырдап жүрүпсүң,
Көк чапанды кийипсиң,
Көтөрүм сартты сүйүпсүң,
Анжыян, Кокон аралап,
Алымбекти пааналап,
Ашта-тойдо көп ырдап,
Алабарман сарттардын
Ырчыларын жеңипсиң.

[1] Кабан – XVII кылымдагы Жети-Суу акындарынын ири өкүлү.

Аламан көп ырчынын
Алдына таштап коюучу
Ала топу, көк чапан
Аябай эле жыйыпсың.
Кокондуктун көк чапан,
Бир көтүнө чак чапан,
Төшү ачык сарт чапан,
Көп эле олжо алыпсың,
Сопусунуп сүйлөбө,
Сомдоп ырдап сарттарды
Соогатка чындап марыпсың.
Асыл заада кандардан
Ат сурансам арданбайм,
Сенчилеп сартка жалданбайм.
Арбын ырдап ат алам,
Акындыктын салты ушул,
Аш менен тойдун наркы ушул.
Аксакалдан бата албай,
Аргымак минип, жамбы албай,
Айылга кантип кайта алам.
Жамбы берсе жанбаймын,
Сенин айткан сөзүнө
Жабыгып токтоп калбаймын.
Алтын берсе арбаймын,
Сенин айткан сөзүнө
Арданып токтоп калбаймын.
Арстанбек, мени ким дейсин,
Абайласаң пир дейсин,
Туура жыйырма эки жашымда,
Аалыбайдын ашында
Ормон, Жантай, Боромбай,
Жакшыларың башында,
Тезек төрө, Бөлтүрүк
Булар болчу кашымда.
Өйдө-төмөн тартышкам,
Көптү көргөн Катаган
Көп ырчыны матаган,
Көп сөздүн башын чатаган.
Ага моюн бербестен,

Домбураны колго алып,
Толгоп-толгоп бурадым,
Толгон сөздү курадым.
Бир алланы пааналап,
Артыктыгым дааналап,
Көк шилиге сайгамын,
Көпчүлүктүн ичинде
Күйүттүү сөздү көп айтып,
Көчүгүнөн салгамын,
Анда, Арстанбек, кайда элең,
Сүйүмбайдай акынга
Сүйлөй койчу жан белең?
Оо, Арстанбек, акыным,
Ар бир сөзгө жакыным,
Албан, дулат[1] аралап,
Ашка барган жок белең,
Ашыкча ырчы деп жүрсөм,
Аштан тулпар минбеген,
Асем чапан кийбеген,
Асыл сөздү билбеген,
Айылда жүргөн шок белең,
Акындыгың жок белең.
Оо, Арстанбек, акыным,
Ар бир сөзгө жакыным,
Шапырашты[2]-екейдин
Тоюна барган жок белең,
Сени мен толкуган ырчы деп жүрсөм
Тойдон торко кийбеген,
Топ жыйынга кирбеген,
Туйлатып тулпар минбеген,
Туура сөздү билбеген,
Тана минген шок белең,
Ырчылыгың жок белең.
Баео сөздү көп сүйлөп,
Баймын дейсиң кыргызым.

[1] Албан, дулат – казак урууларынын аттары.
[2] Шапырашты – улуу жүздөгү ири уруудан.

Байлыгыңды билемин,
Баса жатып күлөмүн.
Айлың жакын конгондо
Баламдын ичи катты деп,
Көк айран жанга батты деп,
Келүүчү элең ун сурап,
Кайнатканга чай сурап,
Катыктыкка май сурап,
Кечээ көргөн жарды элең,
Бүгүн кайдан байыдың,
Мактанам деп, Арстанбек,
Чындык кептен кайыдың.
Бекмин дейсиң, кыргызым,
Бектигиңди билемин,
Кийизден башка киймиң жок,
Килем салган төрүң жок,
Мактанарга жөнүң жок.
Баатырмын дейсиң, кыргызым,
Анын несин айткыдай,
Эли бардын эри бар,
Эри бардын беги бар,
Айтар кептин жону бар,
Калкы бардын ханы бар,
Карөзгөй капыр болбосо,
Кастарлуу журтта баркы бар.
Каптап калың жоо келсе,
Калк намысын сактаган,
Ар бир элдин наркы бар.
Айтканыңда калет жок,
Баатыры бардын баркы бар,
Жалгыз мазар болбостон,
Баатырдын да калкы бар.
өткөндөн кеп баштасаң,
Чындык сөздөн качпасаң,
Кылымга кетер кыркышып,
Кастарлуу калың казакта
Кыргыздын да кеги бар,
Мактанчтын да чеги бар.
Аблай кандын чабуулу

Далайдын калган эсинде,
Кененсары, Норузбай
Кыргыздардан өлдү деп,
Кордукту бизден көрдү деп,
Кокуй кеп айтып эсирбе,
Башың кетет кесирге.
Баатырмын деп мактанба,
Баамы артык, Арстанбек,
Баланын сөзүн айтарма.
Тоо куласа, зоо болот,
Хан бузулса жоо болот,
Сел каптаса, жер көчөт,
Жоо каптаса, эл көчөт.
Анын несин айткыдай,
Абалтан бери ушундай.
Алсыз адам үйдө өлөт,
Арсыз адам күндө өлөт.
Жок издеген жолдо өлөт,
Эр азамат жоодо өлөт.
Ажал жетсе хан да өлөт,
Ай ааламды тергеген,
Ак пайгамбар а да өлөт,
Кызыл тилин сайраткан,
Калың журтту жыргаткан,
Сүйүмбай, Арстан дагы өлөт.
Боору бүтүн, башы эсен
Бир кудайдай сүйлөйсүң,
Алланын жолун билбейсиң.
Шейит өлүм болбосо,
Сенин кайда Манасың,
Ээн калган Таласың.
Кандуу жолдо кармашып,
Көп кытай менен таймашып,
Алманбет, Сыргак эр өлгөн,
Чуулуу Чубак дагы өлгөн.
Баатырлардын баары өлгөн,
Казак, кыргыз биз тургай,
Азиретаалы балдары
Шейит болуп жоодо өлгөн.

Асан, Үсөн эки эгиз,
Бир кудага тептегиз,
Кербаланын чөлүндө
Жоо колунан мерт болгон,
Шейиттерге шек кылбас,
Адамзатка шерт болгон.

Сүйүмбай ырдап бүткөндө Арстанбек комузунун кулагын бурап, жооп кайтармакчы болот. Боромбай колун көтөрүп, токтоп тур дегендей белги берет. Ошондо өргөөдө отурган кыргыз, казак султан, бий, бектери сөзгө аралашып: «Түбү бирге эл элек, уруш-талаш ыркыбызды кетирди. Ынтымакка жаңыдан келип отурабыз, өткөн чатактан кеп баштап, Арстанбек сеники да ыңгайсыз болду. өз кезегинде Сүйүмбай да жөн калган жок. Орду менен жооп кайтарды. Сөз жагынан биринди бириң жеңе алгандай көрүнбөйсүңөр. Экөөңдүн тең чоң ырчылардан экендигинерге күбө болдук. Айтыш мындан ары уланса, сөз ырбап, чатакка айлануучудай көрүнүп калды. Экөөңө тең ыраазыбыз. Мындан кийин бир-бириңдин алдынарга чыкпагыла», – деп ынтымакташтырып, байгесин тең бөлүп беришет. Ушундан кийин Арстанбек менен Сүйүмбай айтышпай, экөө сыйлашып, жылуу мамиледе жүрүшкөн экен.

## ТЕРМЕ

Жаздын күнү кар жааса,
Жабыркап жандык куураса,
Жамандыктын белгиси.
Эки айыл катташса,
Амандыктын белгиси.
Жамгыр төгүп, сел жүрсө,
Тоо бузулуп, тоз болсо,
Дөң түзөлүп, түз болсо,
Тамдар урап, таш болсо,

Адам көңүлү пас болсо,
Жан-жаныбар кырылса,
Наристелер ыйласа,
Жаны бирге ата-эне
Жалбарып жанын кыйнаса,
Бул – кыяматтын белгиси.
Киши акысын жегендик
Арамдыктын белгиси.
Мээнет менен жан багыш –
Адалдыктын белгиси.
Тузуна кара санаган,
Айбандыктын белгиси.
Эки киши мушташса,
Араздыктын белгиси.
Эки абысын урушса,
Эки тууган болушуп,
Душман болуп жоолашса,
Топко түшүп доолашса,
Нарк кеткендин белгиси.
Жосунсуз мындай жорукту
Адамдын келбейт көргүсү.
Өңдөн азып саргайыш,
Кеселдиктин белгиси.
Кызыл өнүн нур чалып,
Күмүштөн кемер курчанып,
Сүлөөсүн кийип сүлкүлдөп,
Манаттан кийип булкүлдөп,
Жаз күнүндөй жаркырап,
Күз күнүндөй күркүрөп,
Жалтанбай топто сүйлөсө,
Бул – жаштыктын белгиси.
Жаш улгайып калганда,
Жаштан мыкты чыкты деп,
Жаш жолборстой ыктуу деп,
Ар кимдин келет көргүсү.
Сөз ыргытса артындан,
Касчылыктын белгиси.
Топто үнүн чыкпаса,
Азчылыктын белгиси.

Жамандык башка келгенде,
Жан ачыган адам жок,
Жабыркап жанын кыйнаса,
Көзүнүн жашын тыйбаса,
Жан кейиткен кайгы-зар
Көкүрөккө сыйбаса,
Өйдө чыкса өбөк жок,
Ылдый түшсө жөлөк жок,
Жалгыздыктын белгиси.
Түнүндө терең уктаган,
Санаасыздын белгиси.
Жөрмөлөп уча албаган,
Канатсыздын белгиси.
Үшкүрүп тойдо кайгырса,
Баласыздын белгиси.
Онтоп чыкса түнүндө,
Оору адамдын белгиси.
Аппак болуп кийизи
Түн ичинде заңкайып,
Ото башы көрүнсө,
Меймандын көөнү бөлүнсө,
Сарала жылкы сан болгон,
Санаты элге даң болгон,
Бай адамдын белгиси.
Сөздүн ыгын билбесе,
Сөөдүрөп топто сүйлөсө,
Тантыктыктын белгиси.
Балкытып эмчек эмизбей,
Кимдин уулу дегизбей,
Мазардай өтсө өмүрү
Балкыбай аял көңүлү
Бакытсыздын белгиси.
Артында бала калбаса,
Атакелеп ыйларга,
Аза күтүп сыйларга,
Асыл жанын кыйнарга
Азаптуу ата белгиси.
Арманда байкуш өттү деп,
Артында калбай туягы

Оо дүнүйө көздой кетти деп,
Чындап аты өчтү деп,
Топурак салып томпойтуп,
Адамдык парстан кутулуп,
Аяп кетер бар киши.
Эртели-кеч жаш тогүш
Мундуулуктун белгиси.
Бир-бирине эркелеш
Курбулуктун белгиси.
Айтса кулак илбесе,
Акылсыздын белгиси.
Адамдын көөнүн оорутпай,
Аста-секин кеп айтыш
Асылдыктын белгиси.
Тойдо жорго минбеген,
Торко тонду кийбеген,
Топ жыйында жүрбөгөн,
Жакырдыктын белгиси.
Көчкөндө унаа табалбай,
Салкын төргө баралбай,
Саргарып талаа күзөтүү
Бакырдыктын белгиси.
Топту жарып соз айтыш
Чечендиктин белгиси.
Кырчоо кармап жүгүрүш
Бечелдиктин белгиси.
Убада сөзүн унутуу –
Эсерликтин белгиси.
Айттырбастан сыр билген,
Кыраакынын белгиси.
Ата журтун ардакташ
Азаматтын белгиси.
Айткан сөздон жанабы,
Ар намыстуу эр киши?
Айылды түрө кыдыруу
Бекерликтин белгиси.
Түтүн андып жүгүрүү
Соргоктуктун белгиси.
Алкы бузук нааданды

Кимдин келсин көргүсү.
Келген жоодон качпаган,
Керилип төшөк жатпаган,
Кер-мур сөздү айтпаган,
Баатырлыктын белгиси.
Бет алышкан душманын
Ар кимдин келет женгиси.
Ат мингизип, тон жабуу
Аш менен тойдун белгиси.
Көнүл сүйгөн жер болсо,
Айткан сөзүң эм болсо,
Акындын келет келгиси,
Бермет сөздү тергиси.
Чагым салып, эл бузуу
Ыймансыздын белгиси.
Сураганын аткаруу
Кыйбастыктын белгиси.
Эки жаман баш кошсо,
Безерликтин белгиси.
Эки жакшы баш кошсо,
Эсендиктин белгиси.
Ушак-айың айтпаган,
Илгерки өткөн бир ишти
Улам козгоп казбаган,
Уяттуунун белгиси.
Кара жерди кантарган,
Кажыбастын белгиси.
Табакта түп калбаган,
Жарыбаган түбүндө,
Жалчыбаган-күнүндө
Жетесиздин белгиси.
Конок келсе сүйбөгөн,
Күнгүрөнүп сүйлөгөн,
Безгек болгон эмедей,
Кабагын бүркөп калчылдап,
Катын, бала тилдеген,
Сарандыктын белгиси.
Чакыртпай үйгө кирбеген,
Чагым сөздү билбеген,

Пейили актын белгиси.
Кеч бешим үйгө кирбеген,
Бейпай сөздү сүйбөгөн,
Жакшы адамдын белгиси.
Артын салып чыкпаган,
Карыны корсө ийменип,
Чыгдан жакка ыктаган,
Ызаттуу келин белгиси.
Ыймандуу мындай бүлөөнү
Ата-эне келет көргүсү.
Жок жерден чырды баштаган,
Жалалуунун белгиси.
Үйүндө жылуу сөз айтып,
Сыртка чыга көз артып,
Ушак-айың сөз сүйлөп,
Беделинди түшүрүү,
Арамзанын белгиси,
Алыс жүргүн андайдан
Абийирдүү эр киши.
Базар болсо бака-шак
Балалуунун белгиси.
Жаны кейип онтосо,
Жаралуунун белгиси.
Кызыл-тазыл кийинген,
Мажүрүм талдай ийилген,
Кыз баланын белгиси.
Кырдан ылдый жүгүргөн,
Кыздуу үй андып бүлүнгөн,
Боз жигиттин белгиси,
Боз жигит болгон жок белең,
Момураган эр киши.
Кайгыга катуу малынса,
Кара жоолук салынса,
Кара жолтой болду деп,
Катын-калач кагынса,
Кардыккандын белгиси.
Мындай кыйын азапты
Кудурет башка салбаса,
Кимдин бир келсин көргүсү.

Ак өргөө тигип, тай союп,
Катар-катар бээ союп,
Кош өркөчтүү төө союп,
Субай салтан кой союп,
Арбакка арнап мол союп,
Алакан жайып, бата окуп,
Кэттэ[1] молдо таза окуп,
Алыстан мейман чакырса,
Ак үйлөргө батырса,
Жүгүрүп жигит сыйласа,
Ырчылар келип ырдаса,
Сынчылары сындаса,
Кара кийип катыны,
Кызылдан кийип кыздары
Аза күтүп ыйласа.
Эр энишип, жамбы атып,
Келген мейман дууласа,
Өткөн аштын кабары
Канча бир адам келди деп,
Мынча байге берди деп,
Баланча күлүк чыкты деп,
Түкүнчөнүн балбаны
Так көтөрө жыкты деп,
Сайышка түшкөн мыкты деп,
Жар чакырды бул акын,
Жабыркады тиги акын,
Эл оозунда айтылса,
Бул – чоң жыйындын белгиси.
Келбей калса арманда
Кабар жеткен бар киши.
Балаң өлсө жашында
Келиниң калса кашында,
Өлгөнчө эстен кетпеген,
Көңүлүң өксүп өспөгөн,
Тар дүйнөнүн белгиси.
Кызың өлсө жашында,
Кылыгы калса башында,

---

[1] Кэттэ – чоң.

Өзүң менен бир көтөр,
Өлгөнүнчө эс кетер,
Бул – армандуу дүйнө белгиси.
Келиниң өлсө жашында,
Неберең турса кашыңда,
Өгөй эне өксүтүп,
Өчөшүп урса башында
Өчпөгөн кайгы белгиси,
Жашты алганча мени ал деп,
Атанын келет өлгүсү,
Аа дүйнөнү көргүсү.
Оо армандуу дүнүйө,
Башы бүтүн айда бар,
Ботосу өлбөс кайда бар?
Көзү бүтүн күндө бар,
Кызы өлбөс кайда бар?
Жашында өлсө атасы
Жетим бала дедиртип,
Бөксөргөндүн белгиси.
Энеси өлсө жашында
Өгөйдүн түшүп колуна
Өксөгөндүн белгиси.
Кемпирдин калса артында
Алды-артын жыялбай,
Аа дүйнө өзүн кыя албай,
Азаптуу кары белгиси.
Айтылган сырды жашыруу –
Бекемдиктин белгиси.
Эп келтирип сөз айтуу –
Эстүүлүктүн белгиси.
Эркелеп буюм сурашуу –
Жакындыктын белгиси.
Ат арытып, жол жүрүү –
Алыстыктын белгиси.
Туура сөздөн качпаган,
Калыстыктын белгиси.
Меймандан качып жашынуу
Бакырдыктын белгиси.
Өз орду менен сүйлөсө,

Кызыл тилин бүлөсө,
Таасындыктын белгиси.
Кадырлуу болсо журтуна,
Сүйлөгөн сөзү тек кетпей,
Кары, жаш укса умсуна,
Акылдуунун белгиси.
Көп кошунду тоготпой,
Жоону женсе жолотпой,
Эр адамдын белгиси.
Беттешкен жоодон качабы,
Намысы бар эр киши.
Бет алганы жыгылса,
Балбандыктын белгиси.
Энкейтип аттан оодарса,
Алгандыктын белгиси.
Кылган ишке карганса,
Тангандыктын белгиси.
Оройлонуп урушуу –
Зөөкүрлүктүн белгиси.
Элге жакса кылганы –
Жакшылыктын белгиси.
Күлө багып, каш кагыш –
Көнүлдөштүн белгиси.
Убада сөздөн качабы,
Уяты бар эр киши.
Жорго минип, жол тосуу
Сүйгөндүктүн белгиси.
Эртели-кеч ырдаса,
Мунканып жашын тыйбаса,
Күйгөндүктүн белгиси.
Дуба окуп, дем салыш
Бакшылыктын белгиси.
Жалган жерден жан бериш
Пасчылыктын белгиси.
Эчки, теке, кулжа атып,
Төрттөн, бештен кулатып,
Текесин кошо сулатып,
Жаза атпай мээлесе,
Кыраандыктын белгиси.

Көргөндүн көзүн тайгылтып,
Алтын-күмүш кармаса,
Арамдыкка барбаса,
Зергерликтин белгиси.
Бет алган жоосу ыктаса,
Алдынан каршы чыкпаса,
Эли бейпил уктаса,
Женгендиктин белгиси.
Жармачтарга карашуу –
Бергендиктин белгиси.
Жардыга камчы чаппаса,
Жетим менен жесирди
Кылбаган пенде кесирди,
Жаман айтып какпаса,
Берендиктин белгиси,
Элинде барбы бул киши?
Жетим козу жоготсо,
Желкелеп урса камчылап,
Кыбыраган жетимдин
Козүнөн жашы тамчылап,
Бул – кайырсыздын белгиси.
Жез чака сүттү төгөт деп,
Жесирди сөксө сыздатып,
Бүткөн боюн муздатып,
Бул – акмактыктын белгиси,
Айлында барбы ал киши?
Эне-атасын барктаган,
Элин жоодон сактаган,
Жол күзөтүп күн-түнү
Эки ай бою жатпаган,
Эр азамат белгиси.
Көңүлгө толгон адамын
Эл-журттун келет коргүсү.
Калкы турса каржалып,
Калктын камын ойлобой,
Келечегин болжобой,
Казына чачса калактап,
Эки көзү алактап,
Бул – кара өзгөй аким белгиси.

Мындай безер башчыны,
Үйрүп камчы чапчууну
Кимдин келет коргүсү.
Бекер карап жатпаган.
Бейопа сөздү айтпаган,
Беделдүүнүн белгиси.
Өрнөктүү өмүр баштаган,
Артына нуска таштаган,
Акылмандын белгиси.
Калдаландап шашпаган,
Адамдын көөнүн оорутуп,
Калпыс сөздү айтпаган,
Калбаттыктын белгиси.
Камчыланса баспаган,
Кашандыктын белгиси.
Бирине бирин тукуруп,
Эл ичине чаң салган,
Бузукунун белгиси.
Кайгыга өңү азбаган,
Кайраттуунун белгиси.
Ат жакшысын тандаган,
Саяпкердин белгиси.
Куш жакшысын баптаган,
Мүнүшкөрдүн белгиси.
Жарылып кабак ачпаган,
Капалыктын белгиси.
Өйдө-төмөн сүйлөгөн,
Масчылыктын белгиси.
Бекитип тамак катпаган,
Айран, сүтү батпаган,
Берекенин белгиси.
Жолдошун жолго таштаган,
Жосунсуздун белгиси.
Өзүн-өзү мактаган,
Көйрөңдүктүн белгиси.
Жакында таң атпаган,
Саналуунун белгиси.
Башкага элин сатпаган,
Бар жакшысын мактаган,

Журт намысын сактаган,
Көсөмдүктүн белгиси.
Жамандыкты кечирүү
Айкөлдүктүн белгиси.
Азамат баркын билбеген,
Наадандыктын белгиси.
Андай менен бир жүрсөң,
Адамдын келет өлгүсү.
Эртели-кеч сырдашуу
Татуулуктун белгиси.
Ичпей-жебей мал күтүү
Катуулуктун белгиси.
Айыктырыш ооруну
Дарыгердин белгиси.
Чайпалып жүрсө мингенин
Жорголуктун белгиси,
Калем алып кат жазуу –
Молдолуктун белгиси.
Кой көтөрүп, бул[1] берүү,
Соодагердин белгиси.
Кара кийип катыны
Белин чырмап буунуп,
Эл көзүнө көрүнбөй,
Эрте туруп жуунуп,
Башына кара салынып,
Кайгы менен кайыгып,
Кошок кошсо эрте-кеч
Өлгөндүктүн белгиси.
Боз топурак томпойсо,
Көмгөндүктүн белгиси.
Айланайын калайык,
Азирейил азабын
Күндө айтылаар казалым,
Кимдин келет көргүсү?
Кызылы өчсө өңүндүн,

[1] Бул (була) – кездеме.

Күчү кетсе белиндин
Карылыктын белгиси.
Муунуң бошоп шалдырап,
Оозунда тишиң жок,
Оюн менен ишиң жок,
Сүйлөсөң сөзүң балдырап,
Күлсөң күлкүң колдурап,
Таш куурчактай сексейип,
Албарстыдай үксөйүп,
Ордуңда жатсаң жалдырап,
Адамдын келет өлгүсү,
Аа дүйнөнү көргүсү.
Насыят айтыш балдарга
Карыянын белгиси.
Кайра качыш душмандан,
Бет алып асты чыккандан
Коркоктуктун белгиси.
Эт тууpаса кол чалыш –
Чоркоктуктун белгиси.
Ашуу ашса жөө жалаң
Качкандыктын белгиси.
Бар айласы түгөнүп,
Шашкандыктын белгиси.
Бар шайманын камдаса,
Эрте жаз эгин айдаса,
Баба дыйкан белгиси.
Аркырап турса аялын,
Ажаандыктын белгиси.
Түндүгүн эрте тартпаса,
Түшкө чейин уктаса,
Жалкоолуктун белгиси.
Агайын-тууган кирбесе,
Алкылдап сүйлөп тилдесе,
Чалпоолуктун белгиси.
Агартып жакаң жуубаса,
Арманың күндө арбыса,
Акыл айтсаң астыртан
Аңкылдап сүйлөп чырдаса,
Жамандыктын белгиси.

Мындай бейпай катынды
Салбар кылат эр киши.
Кызың турса кылактап,
Жеңеси жандап булактап,
Анда бойго жеткени
Бар тынчындын кеткени.
Уулуң турса муңайып,
Сөз айтуудан уялып,
Эрте кетип, кеч келсе,
Эс учун билбей нес келсе,
Анда бойго жеткени,
Мазаңдын чындап кеткени
Бул – жаштыктын белгиси.
Агайын-тууган айтышса,
Ары-бери тартышса,
Тозгондуктун белгиси.
Эки тууган ыкташса,
Бири-бирин сыйлашса,
Өлгөнүндө ыйлашса,
Жамандыкка кыйбашса,
Озгондуктун белгиси.
Ашта, тойдо айтышса,
Ар акын менен тартышса,
Бетине адам чыкпаса,
Беттешем деген ырчылар
Бедели түшүп ыктаса,
Ал – ашкан ырчы белгиси,
Айлында барбы бул киши?
Эл чакырып, той бериш,
Желе тартып, мал бөлүш,
Ат чаптырып алыстан,
Жар чакыртып калыстан,
Бейкуттуктун белгиси,
Ар кимдин келет көргүсү.
Санжыргасы сан болсо,
Сарамжалы мол болсо,
Салтанаты зор болсо,
Ал – жакшы аялдын белгиси.

Эртең менен кечинде
Эринин келет көргүсү.
Зонкулдап орой сүйлөсө,
Топтун сөзүн билбесе,
Жаман уулдун белгиси.
Сөзгө кулак салгандар
Шыпшынышып турганда,
Атаганат дүнүйө,
Атанын келет өлгүсү.
Сөздүн жайын билбесе,
Сөөдүрөп ушак сүйлөсө,
Жаман келин белгиси.
Кызы жаман экен деп,
Абысын-ажын күлгөндө
Атаны арман дүнүйө,
Эненин келет өлгүсү,
Оо дүйнөнү көргүсү.
Кой сураса тай берген,
Карта, жалды мол берген,
Сураттырбай жөн берген,
Март адамдын белгиси.
Суусар кийип суйсалган,
Жорго минип жол салган,
Белине кемер курчанган,
Мырзалыктын белгиси.
Жан-жөкөрү болбосо,
Жүрө алабы бир киши.
Ай чырайлуу, кундуз чач,
Асем сөздүү, алма баш
Бели ичке ийилген,
Кашы тасма чийилген,
Сулуулуктун белгиси.
Сулуу сүйүп суктанбай,
Кумары таркап бук канбай,
Жүрө алабы эр киши?
Сөз жакшысын тандаган,
Ашта, тойдо ырдаган,
Ырчылыктын белгиси.

Эки сүйлөп арада
Эпчилдик менен жан баккан,
Куйтулуктун белгиси.
Айыл ичин иритет,
Андай шумпай адамды
Кимдин келет билгиси.
Кабагын ачпай түнөрүп,
Жакшылыгың көрө албас,
Ичи тардын белгиси.
Азан-казан чуу чыкса,
Добулбас уруп, дуу чыкса,
Жоо келгендин белгиси.
Жолунан чыгат жалтанбай,
Калың жоодон калтарбай,
Журт сактаган эр киши.
Ай карангы түн болсо,
Тутулгандын белгиси.
Агайыңды кордосо,
Кутургандын белгиси.
Күн карангы түн болсо,
Тутулгандын белгиси.
Өз тууганын кордосо,
Утулгандын белгиси.
Сурабастан мал алыш
Зордогондун белгиси.
Түндө кирсе корооңо
Уурдагандын белгиси.
Кыш жылымык жаз болсо,
Жыйган чөбүң аз болсо,
Жут болордун белгиси.
Ынтымак болсо элиңде
Кут конордун белгиси.
Күндөп-түндөп токтобой,
Жамгыр жааса көнөктөп,
Сел болордун белгиси.
Элдин камын ойлогон,
Эр азамат белгиси.
Өзү үчүн жан берген,
Өзүмчүлдүн белгиси.

Мындай адам көбөйсө,
Жумурай журт маарыбайт,
Урук-тууган жарыбайт.
Аргый-аргый жүгүрсө,
Аргымактын белгиси.
Азамат көөнү ооруса,
Азгамдыктын белгиси.
Күрпөн-күрпөң жүгүрсө,
Күлүк аттын белгиси.
Гүл көңүлүн ооруса,
Күйгөндүктүн белгиси.
....................................
Энкейип белден күч кетет,
Эки колдон иш кетет,
Бул – өлүмдүн белгиси.
Отуз эки тиш кетет,
Бул да өлүмдүн белгиси.
Балдарга жакпай сөз кетет,
Бул да өлүмдүн белгиси.*
....................................
Урматы кетсе улуунун,
Кадыры кетсе карынын,
Азаматтын курбалы –
Зайыптын кетсе ыйманы,
Кыздын кетсе кылыгы,
Келиндин кетсе келбети,
Мойнуна таккан бермети.
Ата-эненин кымбаты –
Уулдун кетсе уяты
Журт бузулуп нарк кетсе,
Ата уулунан барк кетсе,
Саржан салып бөлүнүп,
Сарасы[1] кетсе жериндин,
Сандырактап ар жерде
Саны кетсе элиндин,

[1] Сара – жер соорусу, суулуу, оттуу жер.

Кадыры кетсе сынчынын,
Кадими кетсе ырчынын,
Кайрылып топко турчунун,
Калк көңүлүн бурчунун,
Бул акыр заман белгиси,
Арстандын келбейт көргүсү.

## САНАТ

Бир туугандан кем эмес,
Бирге жүргөн айылдаш,
Тирүүлүктө агайын
Бирине бириң кадырлаш.
Өтүп кетсе өмүрүң
Экинчи кайра табылбас.
Жеринде күлүк болбосо,
Чоң байгеге чабылбас.
Жоо чаппаса жоголбос,
Жосунсуз адам оңолбос.
Кадырлаш болуп жүрбөсө,
Адамды адам сагынбас.
Оору-сыркоо болбосо,
Жакында адам карыбас.
Санаа тартып күйбөсө,
Сай-сайлап киши арыбас,
Жалкоо адам жарыбас.
Жамандык башка түшпөсө,
Адамга адам зарылбас.
Күнүгө алтын тапса да,
Акылсыз жигит байыбас.
Кайратың тоону бузса да,
Кашыгың көлдү сузса да,
Оозуңдан чыккан сөзүңө
Зоо куланып учса да,
Эл менен сен адамсың,
Элден чыксан жамансың.
Кабарың күнгө кетсе да,
Жылдызга колун, жетсе да,

Жараткандын дүйнөсү
Бүт колуна өтсө да,
Эл менен сен бийиксин,
Элден чыксан кийиксин.
Арзанды кымбат баалаган,
Сүткордун жайы – кара жер.
Айылга бүлүк чыр салган,
Анткордун жайы – кара жер.
Алсызга кайрым кылбаган,
Залимдин жайы – кара жер.
Өмүрүн кыйган адамдын
Канкордун жайы – кара жер.
Ушак-айың сүйлөгөн,
Уяттын жайын билбеген,
Жамандын жайы – кара жер.
Адамга жок пайдасы,
Ач көздүн жайы – кара жер.
Күйүткө өзүн алдырган,
Күндө ыйлап зар кылган,
Кайратсыз жайы – кара жер.
Санаага өзүн алдырган,
Заарда ыйлап зар кылган,
Алсыздын жайы – кара жер.
Эртели-кеч ооруса,
Азирейил тооруса,
Адамдын жайы – кара жер.
Ууру кылса түнүндө,
Уктап жатса күнүндө
Андайдын жайы – кара жер.
Зорлугу өтсө жакырга,
Зомбулук кылса бакырга
Зордун түбү – кара жер.
Катарлаш элге кан чачса,
Канкорлорго жан тартса,
Кандын жайы – кара жер.
Кара өзгөй болсо калкына
Калктын жетпей баркына
Жакырдык жанды кыйнаса,

Өйдө-төмөн чарпыла,
Акимдин жайы – кара жер.
Ажаан чыкса катынын
Акыл сөзгө кирбесе,
Алкылдап беттеп сүйлөсө,
Анын жайы – кара жер.
Эрмин деп турса эрдемсип,
Эрдин тиштеп келберсип,
Эртели-кеч корсулдап,
Балага баар кылбаса,
Аялын уруп чырдаса,
Эрдин жайы – кара жер.

* * *

Эсиң оосо, эчки бак,
Мейли чебич, мейли улак,
Сүтүн ичсен күлазык,
Эти, майы эң артык,
Уяң тыбыт апаппак,
Чөп жакшысын таптаган,
Көк бетеге, көк шыбак.
Эгиндердин жакшысы
Эрте бышкан ар убак
Арпа болот баарыдан,
Ичип алсаң жармасын
Талканы чын күлазык,
Суу атасы тоңбогон,
Кайнап чыккан – таш булак.
Сөз атасы башында
Угуп турган кош кулак.
Чапса күлүк, минсе бек,
Жылкы атасы – Чын бурак.
Таап алып өмүрү
Талыкпастан сылап бак.
Адамзаттын досу экен,
Ажырабас чын ынак.
Тоо бузулуп, таш урап,
Тозулбаган жерде жок.

Чайпалбаган көлдө жок,
Чалыкпаган жанда жок,
Бөксөрбөгөн сууда жок,
Бөлүнбөгөн элде жок,
Түгөнбөгөн кенде жок,
Түйшөлбөгөн пенде жок,
Терең акыл, кең пейил,
Термелбеген элде жок.
Бирде мырза, бирде кул,
Жаман жакшы элге жак,
Терин төгүп жерге жак.
Бул[1] жакшысы бөз экен,
Кездемеңиз мырзараак.
Мата чепкен Кашкардан
Чыгып турат алжырап,
Алжыракай болсо да,
Бир жыл киет бүрмөлөп,
Ак сурп[2], шалпар[3], киритон[4]
Алты ай сайын бир кийип,
Анан кийим таба албай,
Карап калат жалдырап.
Аны эмне киесиң,
Акылы жок калжырак?
Жыгачын арбын кыйбаса,
Кирпичин арбын куйбаса,
Бышыксынган жигитке
Салынуу турган там кайда?
Арыгын терең казбаса,
Арпасын тегиз чачпаса,
Топондосун[5] чыгарбай,
Токтотуп сууң сугарбай,
Дыйкансынган жигитке
Бышып турган дан кайда?

---

[1] Бул (була) – кездеме.

[2] Ак сурп – түп негизи, суп деген иран сөзүнөн, ак жибектен же ак төөнүн жүнүнөн токулган кымбат баалуу ак материал.

[3] Шалпар – ир. сөзү, кебезден токулган кызыл түстүү кездеме.

[4] Киритон – кретон деген орус сөзүнөн, баалуу кездеме.

[5] Топондо –үрөндү сепкен учурда калбырлап чар-чурдан тазалоо.

* * *

Кокон хандыгы кыргыздарды сурап турган мезгилде ордонун даткалары саркерлерин жиберип, Буйлашка кошуп, тынымсейиттин билермандарын чакыртып кетет. Ошондо он алты жаштагы Арстанбек артынан барып, ордонун билермандары Маразык, Кулназар, Алымбек даткалардын астында ырдап, комуз чертип, купулуна толуп, атасын, ага-тууган, жоро-жолдоштору менен бошотуп алат. Ошондогу Арстанбектин ырдаган ырларынан:

Ой, оозума менин сөз келди,
Оңдоп айтар кез келди.
Эрте аттанып, кеч келдим,
Чапкан аттан тез келдим.
Ой, кара сакал Сарт аке[1],
Даткалардын астында
Айтуучу булбул кез келдим.
Байгамбар ак, кудай бир
Баары жокту сүйлөткөн,
Таңдайдагы кызыл тил.
Кап оозундай сөгөлү,
Кар суусундай төгөлү.
Аңдап айтат Арстанбай,
Ордолуу бай Орчунбай,
Ана тоонун бириндей,
Ак чалмалуу пиримдей,
Айтайынбы билинбей.
Эки көздүү куржундай,
Аргымактын аласы,
Өз жайымды сурасаң,
Алжан-Буйлаш баласы,
Кай жеримде чаласы.
Арстанбек ырчы жез таңдай,
Оозумдан чыккан сөз кандай,

[1] Түштүктүк Ысакан ырчынын лакап аты.

Баракелди эр кыпчак,
Саадактарын бир кучак,
Санжыргалуу кан кыпчак,
Мингендери тобурчак,
Шай колдогон эр кыпчак.
Жорголору жолдо өлгөн,
Саркерлери жоодо өлгөн,
Төрөлүк кылса төө берет,
Бектик кылса бээ берет.
Доолду[1] байлап ат берет,
Кечиктирбей бат берет.
Күрмөгүн берип күрүчтүн
Аргымак атты таптаптыр,
Тобурчак жемге какаптыр,
Аркалыктын жакшысын
Кыйыгына тийгенде
Кысырактай матаптыр,
Он алтыда Арстанбек
Эр кыпчакты мактаптыр.

## КОКОН БИЙЛИГИ ЖӨНҮНДӨ ЫР

Тегереги кыргыздын
Темирден тарткан тор болду.
Түшкөн жери кыргыздын
Кырк кулач терең ор болду.
Көчмөндүү биздин көп кыргыз
Көк чапан сартка кор болду.
Аргымагын кекейтип,
Көк кепичин тепейтип,
Кокондуктун кордугу,
Ашкере өттү зордугу.
Алтындан камчы алакан
Аркы түптө чоң ханы
Анжыяндык Мала хан.

[1] Доол (добулбас) – кичине барабан.

Атка каккан жез казык,
Коргондогу турганы
Кыпчактардын Мааразык.
Азаматтын мойнуна
Аябаган түлүктү
Салып турат кокондук.
Айгыр ат менен атан төө
Бир айткандан калтырбай,
Алып турат кокондук.
Каарына алганда
Бели катуу эрлерди
Жарып турат кокондук.
Алымына ат алды,
Аял кылбай бат алды.
Зекетине кокондук
Каркырасын сайдырып,
Дүнүйөсүн жайдырып,
Беш көкүлдүү кызды алды.
Оймоктуудан үздү алды,
Кулактарын карыштап,
Короодон тандап койду алды,
Кызматына бойду алды.
Олпоң[1] деп алды эгинди
Жанына жакын баралбай,.
Кыргыз байкуш чегинди.
Сайрап турган Арстанбек
Сүйлөбөсмүн тегинди.
Байыры бала жаш чакта,
Кызыл өңүм так чакта,
Кыл сакалым жок чакта,
Таш-Кыянын үстүндө,
Жуукунун оозунда
Козуга бала чоң эле,
Сарт кыргызга кор эле.
Токунганын карасаң,
Жекенден кылган чом эле.

---

[1] Олпоң – эгинден алынган салык.

Бутундагы өтүгү
Аяккаптан зор эле.
Кончунан чыккан кычысы
Кой тойгондой шор эле
Эми Караколду сарт алды,
Жакшылардын баарысын
Көкүрөгүн дарт чалды.
Сарт жыйылып, даң салды,
Караколго там салды,
Кат оодарып мал салды.
Каракол сарттын үйүндөй,
Сарт жыйылып бастырса,
Курсактары чандайып,
Санаттуу кыргыз бийиндей.
Караколдо сарт ойнойт,
Эрикkенде карта ойнойт,
Акча сайып март ойнойт.
Кокондук алды көлүңдү,
Кокуйлатты элиңди.
Көлдүн башын сарт алды,
Көкүрөктү дарт чалды.

## КАШКАРГА КИРЕ КАЧКАН БУГУЛАРГА ЫРДАГАНЫ

Орустар кирип келгенде, бугулардын бир катары Кашкарга кире качат. Алар кайтканда келгиндер бул аймакка отурукташып алып, элчи салып жатып эптеп орун алышат. Бугулардын жерин таштай качканын унутпаган Арстанбек аларга кайрылып ырдайт:

Качып барып Кашкарга,
Кайтып келдиң бугулар.
Оозуна кирген калпыңды
Айтып келдиң бугулар.
Бута атканда жүгүрүп,

Огун тердин бугулар,
Кашкардагы кытайдын
Богун тердин бугулар.
Эми сөздү угунар.
Келе берди араба
Караколдун өзүнө,
Карасан мунун көзүнө
Баары маймыл окшогон,
Көгөндөй болгон көзү бар.
Айтса тили билинбейт,
Нечен түркүн сөзү бар.
Шайлоо кылды үйөзү
Абай кылып карасан
Жаман экен мүнөзү.
Он кишиден бир киши
Он башыны кылды эми,
Ошентип эсеп алды эми.
Жүз түтүнгө бир киши
Ыстарчын кылып салды эми,
Ылдамдап эсеп алды эми.
Жүздөн санап он кылып,
Ошол ондун үстүнө
Болуш шайлап чоң кылып.
Бей-бечара баарысын
Ат байлатты бекетке,
Айдап жүрүп кекетти.
Барган сайын бул орус
Күчөгөндөн күчөдү,
Адамдан артык мүчөлү.
Ууруларга сот кылды,
Караколго топ кылды.
Качкандардын баарысын
Кармап алып жок кылды.
Күнгөйдөгү доңузду
Союш кылам – деп айтты,
Субандын уулу Адылды
Болуш кылам – деп айтты.
Караколдун как өзүн
Коnуш кылам – деп айтты.

Ушунун баарын айткын – деп,
Жарчы кылды өзүмдү,
Жайнатты минтип көзүмдү.
Кан Ормондун өлгөнүн
Баян кылдым майырга,
Кан Ормонду өлтүрүп,
Көлүк болуп калдык – деп,
Башка чапса былк этпес,
Өлүк болуп калдык – деп.
Карагайга корголоп,
Элик болуп калдык – деп.
Сарбагыштын жакшысы,
Оорусуна бакшысы
Ормон канын өлтүрүп,
Ойрон болдук көп бугу.
Чабылдык да чачылдык,
Калк ушинтип камалды,
Таба албадык амалды.
Ормон ханы өлгөндө
Акылдан жаман шашканбыз,
Атанга жүктү артканбыз,
Анжыян кире качканбыз,
Кайтып келдик жай таппай,
Баш койгонго баар таппай,
Угуп карап өзүмдү,
Кабыл алды сөзүмдү.
Ормон ханы өлгөндө,
Катын менен баланы
Олжо кылып бөлгөндө,
Ошону кайра тийгиздим,
Жигит алып, мал жыйып,
Олжого кеткен эл жыйып,
Кылган ишим бул болгон,
Хан Ормондун айынан
Эркек балдар кул болгон,
Ургаачысы күң болгон,
Басылып таман жүн болгон.

Жыйып келип баарысын
Ар тарапка чаптырдым,
Ата-энесин таптырдым.
Ушул айткан сөзүмдү
Аныктап жакшы угунар,
Эгин айдап, мал багып,
Эми оокат кылынар.

## БОРОМБАЙДЫН КЕРЭЭЗИНЕ ЫРДАГАНЫ (1858-ж.)

Боромбай өлөрүндө чогулуп келген журтуна керээзин айтып коштошуп: «Дыйканчылыкка көнгүлө, мал багып, бак тигип, жер казып, эгин айдагыла, жашоого ыңгайлуу Чычкан, Даркандан чыкпагыла, жаңы келген коңшу (орустар) менен ынтымакташып жашагыла, «башыма коргон урба, ашыма ат чаптырып, калың кара сойбогула» – дейт. Байбичесине: «Кара кийип тытынып, бетиңе тамга салба, башыңды жоолук менен бууп ал» деп таң калгандай сөз айтат. Керээзин тыншап отургандар бир топ кеби менен макул болсо да, «ат чаптырба ашыма, коргон урба башыма», же «катыным кара кийип, кара жашка бетин жуудуруп, тытынып ыйлабасын» дегенине түшүнө албай, аң-таң. Бирок өлүп бараткан адамга акарат айтуу да кыйын эмеспи, дымып отуруп калышат. Үй ичинде жакын тууган-дары, журт адамдары да бар экен. Ошондой кыжаалат учурда Арстанбек коштошуу мүнөзүндөгү муңдуу күүнүн кайрыктарын комузга салып, нечен ирээт кайталап черте келип, төмөнкүчө ырдаган экен:

Оо, Боромбай абаке,
Журт башчысы сен элең,
Жомогун айткан мен элем,
Ат чаптырбас ашыңа,
Коргон урбас башыңа,
Бетине тырмак салбастан,

Белине аркан чалбастан,
Катыны аза кутпогон,
Ханзадага куйбогон,
Сарбагыш, солто, саяктын
Кайсысынан кем элең?
Калыс сөздү айтайын,
Көлдө сүзчү кеме элең,
Калк коргогон эр элең,
Кул өлгөндөй кыл дейсиң,
Күлпоттоп сөөгү коюлуп,
Казак, кыргыз чогулуп,
Ашы-жыты берилип,
Ак өргөөлөр тигилип,
Аргымактар чабылып,
Ырчылар ырдап жабылып,
Эр эңишер балбандар
Эл четинен табылып,
Эли урмат кылбаган,
Сен кай жеринден кем элең?
Ушул айткан кебинди
Мен алжыган сөз дээр элем.
Саябандуу бак элең,
Салтанаттуу жан элең
Кул өлгөндөй кыл дейсин,
Касиеттүү бугуну
Карысын кадыр кылбаган,
Ар намысты булгаган,
Кара өзгөй капыр дейсиңби?
Калк арасын сактаган,
Кадырманын мактаган,
Кастарлуу калың бугуну
Сарбагыш менен солтодон
Кай жеринен кем дейсиң?
Ормон хандын зарпынан
Баштап келип орусту
Пааналаткан сен элең,
Пашаага жаккан эр элең,
Бак тигип, эгин айда деп,

Жөн жай оокат кайда деп,
Кышы жылуу, малга жай,
Жери сулуу, дангa бай,
Чычкан, Даркан жайла деп,
Кашкар жакка барба деп,
Айтып жүргөн сен элең,
Акылың кимден кем элең?
Ардактап көмбөй өзүмдү
Ары түртүп сал дейсиң,
Аксакалын ардактап,
Аруу жууп көмбөгөн,
Мүйүздүү эне тукумун
Каада-салтты билбеген,
Карангы-түнтөй дейсиңби?
Ак-Сай менен Арпанын,
Сон-Көл менен Нарын-Көл,
Жайлоосуна батпаган,
Жайлуу сөздү айтпаган,
Баса калып башканы
Уруш, чатак баштаган,
Эсенкулдун тукуму
Кара өзгөй Ормон журтунан
Кадими артык бугуну
Кагылайын абаке,
Эмнеси менен кем дейсиң?
Айтардан мурун сөзүңдү
Алды-артын ойлонуп,
Акыл сөзгө келгейсиң.
Калктын камын ойлонуп,
Канча жүрдүң толгонуп,
Кайгысын жеген сен элең,
Казалын айткан мен элем,
Катарлап кара сойбо деп,
Каржалтып калкты койбо деп,
Акыретти ойло деп,
Калктын камын жеп кеттиң,
Карылыкка алдырып,
Азирейил чалдырып,

Адашып калган окшойсуң,
Калың бугу бар туруп,
Барк кылбай мени көмгүн деп,
Баланын сөзүн козгойсуң.
Оо, катыгүн, кокуй, Бороке,
Катарлап отоо тиктирип,
Каса жылкы сойбосок,
Калк атасын кадырлап,
Каадасы менен койбосок,
Адам өлсө, ый калат,
Акылман өлсө, сый калат,
Каптаган жоодон өч калат,
Кадими журттан көч калат,
Кербен сарттан бөз калат,
Аттан шакел чөп калат,
Өңгө өчүп, сөз калат,
Боромбайдай асылды
Ата баркын билбеген,
Алабарман сүйлөгөн,
Катындан туулган бугулар
Туз көмгөндөй көмдү деп,
Кылым арта айтылчу
Артында жаман кеп калат.

Арстанбек ырдап жатканда үй ичиндегилер «сөз бүттү го» дегенсип, үн катпай, отуруп калышат. Журт өзүнөн бүтүм күтүп жаткандыгын түшүнгөн кыраакы Боромбай жылуу маанай менен жылмайып, калкына ыраазычылыгын билдирет. өңүнөн нур төгүлүп, бутун сунуп, уктагандай көшүлүп, тыным алат. Боромбайдын жарыкчылык менен коштошуп жаткан акыркы убактысы экендигин түшүнгөн адамдар бутунун учу менен басып, жанына келип, тизе бүгүп, башын ийип, үн-сөз жок коштошуп, чыгып кетишет. Эл аягы суюлган кезде Арстанбек чекесинен сылап, колунан сүйүп, көзүнө жаш алып, коштошуп үйдөн чыгыптыр деген сөз бар.

## САРЫ ОРУС СУЛТАН БОЛГОНУ

Кыргыз жергесине келип жашай баштаган орустар менен жергиликтүү калктын ортосунда болгон карым-катнаш, алака, алыш-бериш сыяктуу байланыштар акындын орус элине болгон көз караштарына эволюциялык өсүү таасирин тийгизгендиги көрүнөт. Акын орустар жөнүндөгү оюн конкреттештирип, мындай деп ырдайт:

Шоодураган солдаты,
Бопорос кагаз, канжасы,
Карап турсак орустун
Катыла келген жоолорго
Катуу экен калбаасы.
Кара ниет душманын
Кармап алып жай кылды,
Кокондуктун кандары
Тактысынан тайгылды,
Баатыр орус тушунда
Ак калпактуу кыргыздар
Ала-Тоонун жерлерин
Тынчып уктап жай кылды.
Калмактын журту калтаарды,
Казакты баскан кадимки
Канкор Төрө тукуму
Каш кайтарбай жалтанды.
Сары орус султан болгону
Саамал ичип кенелдик,
Зардабы өткөн душманга
Санга жетип теңелдик.
Канкор Ормон уулдары
Үмөталы, Чаргындар
Карагай найза өңөрүп,
Кара санап оруска
Качып калды көгөрүп,
Ак болотту май кылды.
Көк жалтаң экен темири,
Узун экен өмүрү,

Көлөкөлүү телпеги,
Жоо дегенде элпеги,
Кырчын экен чарбагы,
Кыйын экен салмагы,
Карагай экен чарбагы,
Катуу экен салмагы.

## ООРУП АЙЫККАНДАГЫ ЫРЫ

Арстанбекти калк аябай сүйүүчү экен. Анын колдоочусу бар, олуя деп айтыша турган. Бир жылы катуу ооруп, Боромбай баштаган бугу чуручуу түшөт. Оорудан баш көтөргөндө көңүлүн сурап келгендерге комуз чертип ырдаганы:

Жүз бир күнү суу ичип,
Айыкканым айтайын,
Арт жагында каран түн
Кайыкканым айтайын.
Кабыргамдан сезгенип,
Кагынганым айтайын,
Теңтуштарым жакшылар
Сагынганым айтайын.
Кече Боз-Бешиктин боюнда,
Боз-Учуктун оюнда
Болбой жатып эл көчкөндө,
Мен Чоң Кызылды мингемин,
Көч астына жүргөмүн.
Көркөм болгон мен башым
Боз бейитти көргөмүн,
Бейитти көрүп бекиндим,
Мен да ушундай болом деп,
Өз жанымдан шекиндим.
Маңдай жагын карасам,
Ак сакалы арбайып,
Кыл муруту сербейип,
Атакем турду башымда.
Белдемчисин байланып,

Безеленип айланып,
Айланайын энекем,
Сени алганча мени ал – деп,
Энекем турду кашымда.
Энеден башка жолдош жок,
Кудайдан башка айла жок,
Эне бир кокуй турбайбы.
Тигиндей жакты карасам,
Катын деген баш душман
Эки көзү мендедир,
Эси-дарты эрдедир.
Катын калар эр табар,
Бала калар мал табар,
Менин көзүм өткөн соң,
Кайран энем не табар?

## АРМАН

Каркыранын башынан
Башы Арстанбек ооруду,
Ооруганы курусун
Азирейил жаланкыч
Аламын деп тооруду.
Ман-маң, маң баскан,
Чуудаларын чаң баскан,
Айры өркөчүн май баскан,
«Чөк» дегенде «бук» деген
Тизесин жерге бүктөгөн,
Кош аркан салып тарттырган,
Калы килем жаптырган,
Ак тикен көрсө аймаган,
Алкымын тикен сайбаган,
Көк тикен көрсө аймаган,
Көмөкөйүн сайбаган,
Жардын башын кыдырган,
Талдын башын сыдырган,
Ойсул-Ата малым бар,
Андан берсем бир тогуз,

Азирейил алабы,
Арстанбектей жалгыздын
Чымындай жаны калабы?
Көк жон ылдый өңкүгөн,
Көгөн сайып мөңкүгөн,
Сары жон ылдый өңкүгөн,
Сайгак сайып мөңкүгөн,
Үй арасын боктогон,
Үйдөн туруп жоктогон,
Токойлуу жерге токтогон,
Өлөңдүү жерге оттогон,
Сары суу көрсө шимирген,
Сары камыш көрсө кемирген,
Куйруктары камчыдай,
Сийдиктери тамчыдай,
Мүйүздөрү жылтылдак,
Кулактары былкылдак,
Туяктары шылкылдак,
Чычкан богу ушактай,
Сааса сүтү булактай,
Зеңги Баба малым бар,
Мындан берсем бир тогуз
Муну берсем алабы?
Арстанбектей жалгыздын
Чымындай жаны калабы?
Татыра башын тарта оттоп,
Таң атканда эрте оттоп,
Күтүрө башын күрт оттоп,
Күн чыкканда эрте оттоп,
Маараса үнү азандай,
Куйруктары казандай,
Жүнү жибек, сүтү ынак,
Тула бою бүтүн ак,
Эртеден кечке уктайсың,
Этин жесең ныксырап,
Кыгын жаксаң көң болот,
Териси жылуу тон болот,
Чолпон Ата малым бар,
Мындан берсем бир тогуз

Муну берсем алабы,
Арстанбектей жалгыздын
Чымындай жаны калабы?
Бак-даракка асылган,
Бадалды жөөлоп кашынган,
Жамгыр жааса дыбырап,
Жар менен үйгө жашынган,
Чакмак мүйүз чаар эчки,
Какмак мүйүз кара эчки,
Жүргөн жери зоо болот,
Жүнү үйгө боо болот.
Тогуз конок келгенде
Тойбогонун айтайын,
Уктап калган балдарга
Койбогонун айтайын.
Эки конок келгенде
Эттүүлүгүн айтайын,
Чычаң Ата малым бар,
Мындан берсем бир тогуз
Муну берсем алабы,
Арстанбектей жалгыздын
Чымындай жаны калабы?
Аксакалын жайкаган,
Набат менен оозун чайкаган,
Ар иштин жөнүн байкаган,
Атакем турат башымда
Муну берсем алабы,
Арстанбектей жалгыздын
Чымындай жаны калабы?
Белдемчисин байланып,
Чарк көпөлөк айланып,
Энекем турат кашымда
Муну берсем алабы,
Арстанбектей жалгыздын
Чымындай жаны калабы?
Илбирстей ийни тартылган,
Ийнинен чачы артылган,
Жолборстой жону тартылган,
Жонунан чачы артылган,

Карындашым турат жанымда
Муну берсем алабы,
Арстанбектей жалгыздын
Чымындай жаны калабы?
Казан, аяк калдырап,
Алганым турат жалдырап,
Муну берсем алабы,
Арстанбектей жалгыздын
Чымындай жаны калабы?
Баштан да айла болбоду,
Малдан да айла болбоду,
Адамзат пендеге
Айтпагыла каргышты,
Мен өндөнтүп адамдан
Жаратпасын жалгызды.

## АР КЫЛ ЫРЛАРЫНАН ҮЗҮНДҮЛӨР

Ормон хан өлтүрүлгөндөн кийин бугулар талоонго түшүп, бир топ запкы тартат. Бир даары Анжыянга кире качып, бир даары Текес, Жылдызга агылат. Арстанбектин ошол мезгилде ырдаган ырларынан айрым үзүндүлөр гана сакталып калган:

Жыгач болсо табылар,
Кийиз болсо жабылар,
Ой, сарбагыш, туугандар,
Бугуну үч бүлүнтсөң,
Эсенгулдун Ормону
Эми кайдан табылар?
Чабуулдан бугу өлчү эмес,
Ой, сарбагыш, туугандар,
Эсенгулдун Ормону
Тирилип кайра келчү эмес.
Ормон ханы өлгөндө
Акылдан жаман шашканбыз,
Атанга жүктү артканбыз,
Анжыян көздөй качканбыз.

Атандын оозу жырылды,
Анжыян качкан бугу эли
Андан бетер кырылды.
Конур-Өлөн, Ала-Баш,
Конурсуган кайран саз,
Ал эле биздин жерибиз,
Кайран биздин көлүбүз,
Кошулган малын жоктобос,
Конур бугу элибиз.
Үч Кайынды, Богошту
Үстүндө элиң барында
Сени келин менен кыз ашты,
Сени кара менен көч ашты,
Үстүңдөн элиң кеткен соң,
Сени шамалдан башка ким ашты?
Бакасы бала уктатпас,
Балыгы жылкы сугартпас,
Кайран биздин көлүбүз,
Кайда кеттик көбүбүз.
Салаалап аккан булагы,
Сапсары болгон тулаңы,
Сагындырат ыраңы.
Жылга, чыбыр, адыры,
Жылкыга өтөр кадыры.
Кокту, колот, адыры,
Койлорго өтөр кадыры.
Аркайган тоо, адыры,
Адамга өтөр кадыры.
Жерибизден ажырап,
Карагайдын таңында
Элик болду элибиз,
Каптап түздү көтөргөн,
Көлүк болду элибиз,
Башка чапса былк этпес,
Өлүк болду элибиз.
Сары орус султан болгону
Саамал ичип кеделдик.
Зардабы өткөн душманга
Санга жетип теңелдик.

Бир жылдары Арстанбек Кашкар багытына барып калса, Кулназар бий «Биздин эл, жерди сыпаттап ырда» – дейт. Ошондо ал минтип ырдаптыр:

Алабата күбүрөктүү
Төө жүрүүчү жер экен.
Ат ташыркап баса албай,
Жөө жүрүүчү жер экен.
Ашка, тойго барууга
Төө минүүчү жер экен.
Бетегеси, ыраны[1]
Кой жүрүүчү жер экен.
Берерге малы жок киши
Бой жүрүүчү жер экен.
Эгин ташып ичүүгө
Эшек бакчу жер экен.
Элинин баары соодагер
Эсеп тапчу жер экен.
Эмгек кылып эринбей,
Кетмен чапчу жер экен.
Жакшылары паракор
Зулумдардын жери экен.
Жардылардын сөз өтпөс
Пулу бардын жери экен.
Эл ичинде шайырдын
Баркын билбес жер экен,
Эзелден бери кыргыздын
Наркын билбес жер экен
Кыштапсың Кашкар токойду,
Катының киет чокойду,
Кулназар бийи айт десе,
Калыстык сөздү айтуудан
Арстанбек акын мокойбу?

[1] Ыраң – ир. сөзү, тексте жазгы жашыл чөп деген мааниде.

## УЙЛАР ӨЛГӨНДӨ

Бир жылдары уй көп өлүп, элде уй калбай калганда Арстанбек ырдаган экен:

Жылдыз жаап, боз өлдү,
Жылма болуп козу өлдү,
Эрте өлбөй кечте өлдү,
Маарап туруп эчки өлдү.
Железе калды боркогу,
Жетим калды торпогу,
Бири өлгөндө баары өлгөн,
Байталман уйдун коркогу.
Уйлар өлүп, кой калды,
Ак бука кокуй бой калды.
Уйлар өлүп, төө калды,
Куруп калган жардылар
Үзүгүн сүйрөп, жөө калды.
Кемпирлер майды туурады,
Балдар сүттөн куурады.
Кудай кылды ар ишти,
Итке доор тийгенде,
Баштан байге сайышып,
Иттер кунан чабышты.
Айдап жүрүп жылкы өлдү,
Азаматтан күлкү өлдү.
Жорго жолдон суурулду,
Кайран заман куурулду.
Бей-бечара момундар
Баткак болуп жуурулду.

## ЭКИ НОГОЙДУН КОШТОШКОНУ
### (текстүү күү)

Керме-керме тоо
Керме тоонун сары өзөн,
Туура суунун баары өзөн,
Оту, чөбү жок туруп,

Малы семиз керме тоо.
Жылтыркaны, шыбагы
Жылкы баккан бу дагы.
Шаркырап аккан булагы,
Саамалынын ынагы.
Кылдырап аккан булагы,
Кымызынын ынагы.
Үч-Каркыра, Көк-Дөбө
Эми бизге жок дөбө.
Арта салып кеткенге
Ар кайсысын карачы
Бетеге менен ыраңы
Мал үчүн азык бу дагы.
Жамынчы болуп элиме,
Суктанат залим жериме.
Балдыркaны билектей,
Маралдарын карасаң,
Мала кашка инектей.
Үч-Алматы жерим ай
Кайран менин элим ай.
Айтып энди нетейин,
Жаман көрбө, жерим ай
Кош аман бол, кетейин.
Ак-Суунун башы дарыя,
Ак ала сакал карыя,
Сени колдосун Жапар олуя.
Көк суунун башы дарыя,
Көк ала сакал карыя,
Жаман көрбө, жерим ай,
Сени колдосун Жапар олуя.

## ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР

«Керээз» – Кабай Абдыракман уулунун (1914–1937) кол жазмасы боюнча жыйнакка кирди. Институттун корунда сакталган (инв. №59) Шапак Ырысмендеев уулуна таандык материал менен салыштырылды. Ал киши элден укканын эсинде сактап калганы боюнча өз алдынча айтууга аракеттенип, Арстанбектин стилинен четтеп кеткендиктен, бир аз гана ыр түрмөктөрүн алдык.

«Тар заман» – 1922-жылы Каюм Мифтаков Каракол Уездинде жашаган Арстанбектин курдашы Алыбек ажы Чулчуке уулунан, Саадабай Бабакан уулунан (иниси), Бектур Шераалы уулунан жана Сооданбек, Сарыбай, Алтыбай, Сармалай, Орунтай, Мамбет ондуу бир топ адамдардан сурамжылап, «Тар замандын» үч нускасын жазып алган. Бири-бирин толуктап турат. Ошондой эле кошумчаланып кеткен ыр саптары да арбын, айрыкча маалымдоочулар Калыгулдун сөздөрүн аралаштырып айтышкан. Башка да катталгандары бир топ: инв. № 1015, 1302, 57, 58, 59, 87, 288, 1268 ж.б. Булардын бири-биринен анчалык айырмачылыгы жок, ал эми Койлу Түкөлөй уулунан жазылып алынган нуска бир топ тагыраак (инв. № 57, 58). Жогорку каттал-гандардын бардыгын салыштырып, белгилүү деңгээлде такталды деген нускасын окурмандарга сунуш кылдык.

«Кантарбай менен айтышы» жөнүндө Институттун корунда айрым маалыматтар бар. Бирок тексти жок болчу, жыйнакка Кабай Абдыракман уулунун кол жазмасы боюнча кирди. Материалдарда өз атасы Абдыракмандан, Дөөлөтаалы Молдо, Муратаалы Күрөнкөй уулунан жазып алганын жалпы жонунан эскерткен. Бирок кайсынысын кимден жазып алганын ачык көрсөткөн эмес. Институттун корунда «Чоңду менен айтышынын» толук эмес варианты сакталууда. Жыйнакка Кабай Абдыракман уулунун кол жазмасы боюнча кирди.

Институттун корунда «Сүйүмбай менен айтышынын» айрым нускалары сакталууда. Көркөмдүгү жа-

гынан начар, айрым фактылар чаташкан, бир текстте эле айтышкан акын бирде Катаган, бирде Арстанбек делет. Мындай маалыматтар такталып, Сүйүмбайдын Катаган ырчы менен да, Арстанбек менен да айтышканы аныкталды. Эки айтыш тең Түп, Жети-Өгүз өрөөнүндө эки жыл аралыгында өтөт. Жыйнакка Кабай Абдыракман уулунун кол жазмасы боюнча кирди. Жалгыз гана ушул айтышты Күрөнкөй уулу Муратаалыдан жазып алганын так көрсөткон, ал киши Арстанбектин шакирти Солтобайдан угуп үйрөнөт. Солтобай: «Арстакем Сүйүмбайдын сөзүн казакча эле айгуучу. Мен тилимди буруп жүрөмбү деп, кыргызчалатып ырдап жүрдүм», – деген экен.

«Терме» – Кабай Абдыракман уулунун кол жазмасынан. «Энкейип, белден күч кетет...» он сап ыр Жанжигит Казакбаев жыйнаган институттун корундагы материал боюнча кирди, инв. № 627.

«Санат» – «Бир туугандан кем эмес...» – 16 сап ырды 1973-ж. Ж. Казакбаев Коккөзов Сары-үкүдөн жазып алган, инв. № 627, 6-дептер. Калган «Санат» К.Абдыракман уулунун кол жазмасы боюнча кирди.

«Эсин оосо, эчки бак» – институттун кору, инв. № 1057, Белек Солтоноев жазып алган.

«Жыгачын арбын кыйбаса»... – институттун кору, инв. № 1013, 16., 1922-ж. Нарын уездинен чогултулган учкул сөздөрдө.

«Анжыян ордосунда ырдаганы» (үзүндү) – институттун кору, инв. № 59, Шапак Ырысменде уулунун айтуусунан кыскартылып берилди.

«Кокон бийлиги жөнүндө ыр»:

«Тегереги кыргыздын»... – институттун кору, инв. № 129, 369, Ыбырай Абдыракманов боюнча.

«Байыркы бала жаш чакта»... – 13 сап ыр көп жолугат, инв. № 57, (320), 58, 129, 1269, 1015 ж.б. Мазмуну чыгарманын негизги багытында бөлүнүп тургандыктан, Кокон бийлиги жөнүндөгү ыр жолдорун «Тар замандан» бөлүп алдык.

«Боромбайдын керээзине ырдаганы» – Кабай Абдыракман уулу боюнча.

«Ооруп айыккандагы ыр» – көп катталган, айрымдары бир нускадан экинчисине көчүрүлгөн да түрү бар: инв. № 57, 58, 1269, 1013 ж.б. Негизинен бири-бирин кайталайт. Алгач 1922-ж. Каюм Мифтаков Саадабай Бабакан уулунан жазып алган.

«Арман» – институттун корунда бир канча нускасы сакталууда: инв. № 57, 58, 1013, 534. Аталышы жагынан болбосо, мазмуну боюнча анча айырмачылык жок. Жыйнакка Көөдөй Тазабековдун айтуусунда кирди, инв. № 534 (5172). Чыгарманын аты мазмунуна ылайык өзгөртүлдү.

Ар кыл ырларынан үзүндүлөр: «Жыгач болсо табылар»... – институттун 24-номурлуу инвентарындагы кол жазмадан алынган эле. Азыр бул материал жок, жоголгон көрүнөт.

«Кулназар бийге ырдаганы»... – институттун кору, инв. № 24.

«Конур-Өлөн, Ала-Баш»... – жогорку кол жазмадан.

«Карагайдын таңында» – 6 сап ыр институттун корундагы материалдардан көп учурайт, эл арасына кеңири тараган. Акындын ырындагы маалымат боюнча анын толук тексти падышалык бийлик мезгилинде эмес, Ормон хан өлүп, бугулар чабылып-чачылып, туш-тушка оодарылган учурунда ырдалганы аныкталды.

«Уйлар өлгөндө» – институттун кору, инв. № 129. Ыбырай Абдыракман уулу чогулткан.

«Эки ногойдун коштошкону» (текстүү күү) – Арстанбек беш жүзгө жакын күү чертиптир, эки жүзү өзүнүкү экен деген сөз бар. Күүлөрү экиге бөлүнөт: текстүү жана кара күү. Каюм Мифтаков 1922-жылы бир канча күүнүн тизмесин берген. Анын ичинде «Керме каш», «Ак кочкор каңкы», «Арстанбектин арман күү», «Толгонайдын селкинчек», «Топурак бел», «Айгандын күүсү», «Урум күүсү» сыяктуу обондуу күүлөрү бар. «Эки ногойдун коштошконун» К. Мифтаков Саадабай Бабакановдон угуп, ырдын текстин да жазып алган, инв. № 1013, № 2.

«Сары орус султан болгону» – институттун кору, инв. № 1057.

## КЫРГЫЗ АКЫЛМАНДАРЫ, ОЙЧУЛДАРЫ, ДААНЫШМАНДАРЫ

*Ар кандай элдин өткөнү, кечмиши, тарыхындагы урунттуу окуялары, мыкты адамдары анын эс тутумунда аңызга айланып, кылымдан кылымга сөз жүзүндө жашап калат. Көчмөндөр тарыхында мындай эс тутум өзгөчө орунда болгон.*

*Ал эми кандаш, тектеш түрк элдеринде жогоркудай улуу маданият дастан, уламыш, аңыз, лакап, санжыра түрүндө сакталып калган. Кылымдар өтсө да элдин эсинен чыкпайт. Эл жашап турганда аларга бүтүш жок. Элдин тили, дини өзгөрсө да, анын дилинде, үйрөнгөн жаңы тилинде эски кечмиши, болмушу унутулбай айтыла бергенинин далилдери толтура. Мисалы, мындан 700 жылдай илгери Европанын борбору Мажарстанга (Венгрия) барып, тарых тагдырына баш ийип, жашап калган байыркы кыпчак тукумдары өз кыпчакчасын 200 жылдай мурда жоготушкан. Оозеки тили менен кошо жазма адабий тили да колдонулбай калган. Бирок, ал ар азыркы эне тили мажарча болсо да, байыркы кыпчак бабалары жөнүндөгү уламыштарын, санжыраларын, элдик баатырларын, кагандарын, аңыздарын унутушкан эмес. Бүгүнкү Мажарстандын Корсак провинциясындагы мажарча сүйлөп калган кыпчактарга барып калсаңыз, буга өзүңүз күбө болосуз.*

*Ушундай эле тагдырга өз тилин жоготуп бара жаткан Фу-Йу кыргыздары да тушуккандыгын байкасаңыз болот.*

*Буларды мисалга тартканыбыздын себеби бар. Ал себеп – эл башынан өткөргөнүн эч качан унутпагандыгы.*

*Көчмөндөрдө сөз кадыры ыйык жана бийик болгондугун окуп да, угуп да жүрөбүз. Кебетеси, байыркы көчмөндөрдүн материалдык жана рух маданиятынын эң эски үлгүлөрүн бузбай, өзгөртпөй сактаган элдердин бири, сөзсүз түрдө, кыргыздар. Бүгүнкү түрк элдеринин ичинен да кыргыздарчалык байыркы маданиятын кадимкидей сактагандары өтө аз.*

*Көчмөн турмуш сөздүү тарыхтын өнүгүшүн шарттаган. Натыйжада, кыргыз эли өз башынан өткөндөрдү ар кандай баян түрлөрүндө жашатып келген. Мына ошонун айкын мисалы Ысык-Көлдөн чыккан айтылуу акелердин асты 260 жылга чукул, кийинкилерине 100 жыл өтсө да кыргыз элинин эсинде калгандыгы, унутулбагандыгы.*

*Элде ооздон оозго, укумдан тукумга айтылып келе жаткан, эл эч качан эсинен чыгарбаган, элдин эс тутумунда жашаган окуялар, тарыхый адамдар жөнүндө баяндар абдан көп.*

*Соңку жылдарда мына ошондой баяндарды батыш окумуштуулары «Сөздүү тарых» деп аташып, коомдук илимдердин бир чоң тармагына айлантып, ондогон илимий долбоорлорду даярдашып, аларды илим обьектиси катары терең изилдөөлөргө ала башташты. Буга чейин сөздүү тарых, же эл өз эс тутумунда сактаган баяндар илимпоздор тарабынан дегеле этибарга алынчу эмес.*

*А чындыгында мунун туура эмес көз караш, натуура мамиле экенин батыш окумуштуулары четке какты.*

*Демек, кыргызга өз кызматтары аркылуу аттын кашкасындай таанылган, элдин элдигин, журттун каадасын, башкаруунун салт, нарктарын, кыйырдын бүтүндүгүн, элчилик жөрөлгөлөрүн, учурундагы кыргыз турмушунун көп кырдуу өйдө-ылдыйларын жөнгө салган акылмандыгын, туңгуюктан жол тапкан амалкөйлүгүн, улууну урматтаган,*

*кичүүгө сый мамиле кылып, тилин тапкан даанышмандыгын даңктаган аңыз кеп, уламыш, баяндардын жөн жерден чыкпагандыгы бештен белгилүү.*

*Мойут акеден башталган Ысык-Көлдүк Сарт аке, Тилекмат аке, Садыр аке, Кыдыр акенин баяндары 250 жылдан ашык убакыттан бери кыргыз элинин оозеки сөзүндө жашап келет. Алар жөнүндөгү маалыматтардын жарыялана баштаганына болгону 10–15 гана жыл болду.*

*Сөздүү тарых маалыматтарына караганда «аке» даражасы Жыргалаңда өткөн чоң жыйында Тилекмат Мойут ата менен Сарт атаны мындан ары «ата», «аба» дебей, алардын өзгөчө урматтуулугун, айрыкча сыйын, кадыр-баркын көрсөткөн мартаба, даражаны туюндурган «аке» сөзү менен атоону сунуштайт.*

*Мына ошондон баштап Ысык-Көлдөн чыккан Мойут, Сарт, Карач, Тилекмат, Садыр жана Кыдыр атага «аке» деген мартаба, даража наамы кошулуп айтыла баштаган.*

*Эмне себептен Ысык-Көлдүк акелер жогорку мартабага, даражага, урмат-сыйга, кадыр-баркка татыктуу болушкан деген суроо туулат?*

*Ар бир акенин эл оозунда аңызга айланып кеткен иштери, биздин оюбузча, жогорку суроого жооп болот. Мына ошолордун айрымдарына окурмандын көңүлүн буралы.*

*Элде калган накылдарда: «Нукура акыл сурасаң Сарт акеге, ыйык бата сурасаң Мойут акеге, асыл сөз сурасаң Тилекмат акеге бар», – делинет. Мына акелерди жүздөгөн жылдар унуттурбаган, аларга болгон элдин мамилеси.*

*Мойут аке задисинде баамчыл, өтө акылман адам болгон экен. Мисалы, бир топ жыл мурда жоголуп кеткен бээсинин кулуну жарышта чыгып келген керкашка кулук экенин таанып, байгени казактардан алганы, койлордун эгиз козуларын жайыттан тааныганы бүт кыргыз, казакты таңгалтырып, баш байгени соогат деп, кайра казак тууган-*

*дарга берип, эки бир боор элди ынтымакка алып келгени эле анын олуя, акылман экенин элге таанытткан.*

*Сарт акенин бир нускасында айтылып калган: «Аскар, аскар, аскар тоо, Аягы барып чап болот. Атадан алтоо болсо да, Суйлөшпөсө жат болот. Жакшы болчу жаштарда, Жатыктык менен ызаат бар. ...Жаман болчу жаштарда, Одоно, жаман сөз болот. Ойлонуп ал жаман, Ага-иниден жат болот», – дегени кыргыз акылмандыгы эмеспи!*

*Тилекмат аке айткан экен: «Акылы жок уулдан, Апийим жеген мас жакшы. Жөн билбес, кесир аялдан, Келте ооруган дарт жакшы. Эпкини жок жаштардан, Эски сөздүү карт жакшы».*

*Садыр акенин акылмандыгы, элчилик шыгы, туңгуюктан жол тапкычтыгы, эл ынтымагы үчүн жасаган иштери – азыркы кыргызга да үлгү.*

*Ал эми акелердин кичүүсү Кыдыр акенин заман шартына ылайык жаштарды жаңыча окутуп, билимге жол ачкандыгы, элдин нукура туусу, айтыла турган сөзү, чыга турган үнү болгондугу, аны бүгүн да эл жашатып жатат десек аша чапкандык болбойт.*

*Өткөндү эсибизге салалы, келечегибизге нуска!*

***Кадыралы КОНКОБАЕВ***

## МОЙУТ АКЕ АЛДАЯР УУЛУ
## (1745–1840)

Мойут аке Алдаяр уулу 1745–1750-жылдарда туулган. Ысык-Көлдүн күңгөйүндө жашап өткөн. Мойут акенин үч аялынан алты уулу болгон. Алардан тараган тукум Ысык-Көл өрөөнүнүн Орто-Өрүктү айылында жашашат. Мойут акенин сөөгү Тоң районундагы Манжылы жылгасына коюлган. Азыркыга чейин жергиликтүү эл ал кишинин мүрзөсүнө куран окушуп, сыйынып турушат. Өмүрү, жашоосу, турмушу жөнүндө так маалыматтар жок. Эл оозунда Мойут акенин акылмандыгы, көрөгөчтүгү, даанышмандыгы аңыз сөзгө, уламышка айланган.

*Акеш Иманов*

Күндөрдүн биринде, жайдын толуп турган мезгилинде айтылуу «Манас» эпосундагы Көкөтөйдүн ашы өткөн Каркырада бай казак той берип калат. Аш-тойдо кыргыз, казакта эр оюндары, айрыкча ат чабыш салт тура. Ал тойго ат жеткен жердеги казак, кыргызга бүт кабар берилип, эл абдан көп жыйналыптыр. Оюн-зооктун башка түрлөрү бүтүп, чоң ат чабыш башталат. Ат чабышка Мойут аке керкашка аргымагын, Сарт аке чоңтору аргымагын кошушат. Чабылуучу аттарды эл алдында чубатуудан өткөрүү учурунда Мойут аке казактан келген дагы бир керкашка күлүктү көзгө түшүрүп, өзүнүн керкашкасы менен салыштырып, ал экөөнүн

кандаш, түспөлдөш, турпатташ белгилерин жаза кетирбей, дана байкап калат.

Эртең менен айдакка кеткен күлүктөрдүн карааны көзгө чалдыкканда, Мойут аке эки жигитин жиберип, алдыда биринчи келаткан атты сүрөп келүүнү суранат. Ал ат чекке жакындаган сайын, казактын керкашкасы экени даана байкалып, көпчүлүк казактар: – Мына бул кыргыздар сообу? Өз атын сүрөбой, казактын атын сүрөгөн эмнеси – деп танданып карап турушат. Бир атым насыбайчалык убакыт өтпой, казактын керкашкасы марада жыйылып турган эл алдынан чилге тийген кыргый сыяктуу шуулдап өтөт. Ага удаалаш Мойут акенин керкашкасы, андан соң Сарт акенин чонторусу келет. Байге озуп келген он атка дейре сайылат. Баш байгеге үйүр-үйүр жылкы, короо-короо кой сайылыптыр.

Мөрөй өзүбүзгө тийди, намыс колдо калды деп казактар өпкө-өпкөсүнө батпай, кубанычка тоюп турганында Мойут аке эл ортосуна чыгып:

– Бул жаны асый керкашка казак Шооруктуку эмес, башы – мeники, менин ак малым. Баш байге мага тиешелүү, – деп жарыя кылат. Эл арасы уу-дууга толуп, казак менен кыргыздар эки тарапка бөлүнүп, топ арасындагы кызуу кандуу жигиттер толкуй баштаганда, көптү көргөн акылга жетик Найман деген карыя казак:

– Калайык! Уу-дуунарды токтоткула! Казак, кыргыз бир боор элбиз. Мындан чоң иштерди да акылга калчап чечкенбиз. Күн кечтеп калды. Чырдын башын бүгүн ажыратууга болбойт. Көп эле болсо Шубар байдын он чакты жылкысы союлар. Бүгүн конок болгула. Чырдын башын эртең менен чечели, – деп элди тынчытат.

Шубар байдын конок даамына тоюнуп, жатаар маал болгондо Мойут аке Сарт аке менен кеңешүү максатында сыртка чыгышат. Экөө элден обочорок бөлүнүп чыкканда, Мойут аке Сарт акеге иштин жүйөсүн түшүндүрөт. Чырдын түйүнүн түшүнгөн соң Сарт аке:

– Мойут аба, эми бизге баш чайкоого болбойт. Эмнеси болсо да тобокел кылалы. Казактар кандай табышмактатса да, кандай амал-айла ойлошсо да Кудай деп бел байлайлы. Алар бизге караганда бул тойдо көптүк кылып турат. Үй үстү да алардыкы. Бөөдө жерден чыр чыгып кетпесин. Чыр чыкса, биз көбүрөөк зыян тартып калабыз. Эртеңкисин көрө жатабыз, – дейт.

Эртеси эртең менен ат ээси Шоорукту, калыс карыя Найманды Мойут аке жана Сарт акелерди өзүнчө бөлүп, атайы дайындалган ак өргөөгө киргизип, казактардын сынагын айтышат. Сынак боюнча Мойут акеге төмөнкүдөй шарт коюлат: меймандар тура электе, көгөнгө үч кара кой байлашат; анын экөөнүн эгиз козусу, бирөөнүн жалгыз козусу болот. Илгери кыргыз, казак жайдары кара койлорду асыроочу тура. Таңга жуук казактар бир короо козулуу койлордун энесин өзүнчө, козуларын өзүнчө бөлүп, арасы алыс эки бетке жайып жиберишет да, андан соң көгөндөгү койлорду көрсөтүшүп, алардын эгиз, же жалкы экендигин айтышпай, козуларын көрүнгөн тескей беттеги козулардын арасынан таап келүүнү суранышат.

Мойут аке, Сарт акени бир карап алып, атына минип көгөндөгү койлорду үч жолу айландыра бастырып чыгып, көз токтотуп байкаган соң:

– Шубарым, мага үч-төрт жигит бер. Бул койлордун козуларын мен жалгыз өнөрүп келмек белем, – деп тамашалап, жигиттерди ээрчиткен бойдон жайылып жүргөн козуларды жайбаракат, чоочутпай аралап, бастырып жүрүп, беш кара козуну өнөртүп келет.

Козуларды өңөрүп келе жаткандарды эл чогуучаран жарданып карап турушат. Атчандар көгөндүн жанына келгенде, Мойут аке эч кимге назар салбастан, көгөндүн баш жагында турган казак жигитке:

– Балам, мына четте турган кара койду агытчы, а сен буга өңөрүп турган эки козуну ташта, – дейт. Жерге түшөрү менен эки кара козу тең маа-

рап барып, энесин ээмп калат. Эми ортоңку кер жаак караны агыт, ага сендеги эки козуну таштa, – дейт. Булар да чуркап барып энесин ээмп калат. Акырында көгөндөгү жалгыз койду агыттырбай туруп эле өнөрүп турган козуну таштаттырат. Ал да айныксыз барып энесин эмет. Козуларын чала-була эмизип, каныккан чоң койлор үйүр-тобу менен жайытка кеткен койлорду көздөй кетет.

Бул шумдуктай таң каларлык окуяга күбө болуп турган калың эл бир даары көргөн көздөрүнө ишене бербей, Аллага тобо келтиришсе, бирдаары:

– Капырай, ушундай да олуя, ушундай да сынчы болот экен э-! Бу Мойут акени Алла-таала чыныгы олуя жараткан турбайбы? Биз күндө аралап, күндө өзүбүз багып жүргөн койлордун козуларын өң-түсүнөн толук ажырата албай жүрсөк, бу касиеттүү адам эч көрбөгөн малдын жалкы эмес, эгиз козуларын таап келгени тобо келтирбей турган, адам таңкалбай турган ишпи, – дешип жакаларын кармаңышкан экен.

Казактардын кыйла эле оор сынагы чечилген соң, Найман карыя Мойут аке, Сарт аке баштаган калыс болчу топту, керкашкага эгедер болуп жүргөн Шоорук баатырды Шубар байдын мейман өргөсүнө алып келет. Атактуулар ирети менен өз орундарына отурган соң, Найман карыя Мойут акеге кайрылып: – Кана, кадырман Мойут, эми керкашканын жоругун башынан башта, – дейт. Кептин күткөн кезеги келген соң, даанышман Мойут аке сөз баштайт.

– Бул мындай болгон. Менин бир үйүр жылкым бар. Анын баары керкашка. Айгыры да ошондой. Анын үйүрүнөн чыгаан күлүктөр, эч болбогондо көкбөрү менен кыз куумайда байге бербеген учкаяк аттар чыгат. Керкашка айгырдын үйүрүндө биринчи жолу тууй турган боо керкашка байтал бар эле. Эрте көктөмдө, анын тууй турган мезгили жакындап калган чакта, күн тууйбу, же түн тууйбу, байкоосуздан кулуну каканагына тумчугуп өлөбү деп, үйгө жакындатып бактырып жүрдүм эле. Бүгүнбү

же эртенби деп турганда керкашка байталды уурдатып жибердим. Эмне үчүн керкашка байталды туурда анын үйүрүн үйгө жакын бактырып жүрдүңүз дээрсиздер?

Малбы, жанбы (адамга карата айтылган сөз), анын биринчи тууганы кубаттуу, алдуу-күчтүү болот. Ошондон улам эгер керкашка байтал эркек тууса, андан бекер ат чыкпайт, аман туудуруп көрөйүнчү деп, үйгө жакын бактырып жүрдүм эле.

Өзүңөр жакшы билесиңер: күлүк ат башка жөнсалды аттардан ого эле карылуу келет. Күлүк күч менен чуркайт. Күчүнө жараша табы болуу керек. Табын күчүнө төп келтирүү үчүн мыкты саяпкер керек. Саяпкери жарашса, күлүккө канат бүткөндөй болот. Мыкты саяпкер күлүктүн табын гана билбестен, күлүктүн көөнүн да табат. Анын эч жерине керт кетирбестен, ичи-тышына кир жугузбастан, күлүк менен кадимкидей баарлашып, кирпигин, жүнүн, туягын, жал-куйругун карап, ысык-суук аралатпай, алдан-күчтөн тайгылтпай, сылап-сыйпап, астейдил барктап-баптап асырайт. Өз тарабынан күлүк да муну сезет, туят. Жылкы жаныбар акылдуу эмеспи. Мына ушунун өзү күлүк менен саяпкердин сүйлөшүүсү болот. Өз ара көңүл табышкан саяпкер менен күлүк бири-биринин шагын сындырбайт. Саяпкердин зоболосун көтөрүп, табына келген күлүк көкүлүн желге сапырып, эл көзүнө көрүнүп, көрктүү кенен арыш таштайт. Эгерим, кандайдыр бир себеп менен күлүктүн шамы күйбөй, бактысы ачылбай, мөрөй алып бере албай калган шартта да анын шагын сындырбоо керек. Демейде адам муну байкабаганы менен, жылкы жаныбар ээси менен кабарлашып турат. Ошондуктан жылкыны эч качан башка чаппоо керек. Өзгөчө күлүктү башка чапса, анын касиети кайтат, көңүлү сууйт. Ээсине таарынган күлүк, кандай табы келип турса да, чечилип тер төгүп чуркабай коюшу мүмкүн.

Эми койлордун козуларын тапканымды айтып берейин. Малбы, жанбы, айтор, жаныбар жарык-

тык атага караганда энени көбүрөөк тартат. Бул касиет малда көбүрөөк болот. Асили энеде алты чалым болот. Кандай гана болбосун эненин алты чалымын тарткан малда да, жанда да болбойт. Эң мыкты дегенде бала эненин төрт-беш чалымын, такыр эле болбоду дегенде эки-үч чалымын тартат. Мен көгөндөгү койлорду, атайы көз токтотуп, үч сыйра айландыра бастырганым ошого байланыштуу. Алардын чалымын көзгө түшүрдүм. Ошондон кийин жигиттерди алып, козулардын жайытына барбадымбы.

Козуларды жайбаракат аралап жүрсөм, бир козунун чалымы көзүмө илинди. Дагы боолголосом, анын жанындагы козуда да дал ошондой чалым бар экен. Алла ачылып, экоонун жанаша жүргөнү оңдой берди болду. Ошондо гана көгөндөгү койлор эгиз козулуу экендигин сездим. Асили козулар эгиз болсо, жайытта жанаша, жок эле дегенде боз үй ордундай жерде эле удаалаш оттойт. Муну да эстеп койгула.

Эгиз козулар бар экенин сезген соң, ого бетер шашылбастан, аяр көз жүгүртүп, жаңылбайын, уят болбоюн деген максат менен көпкө жүрүп калдым. Мага аттын байгесии алып баюу максат эмес. Мага мөрөй алуу – дөөлөт. Мага акыйкат чындыкты далилдөө – дөөлөт. Ушул тапта менин укум-тукумумдун, анын мал-салынын өсүшүнө Кудайым берекесин берип, мээримин төгүп турган кез. Менин азыркы тапта артыкбаш арманым жок. Мен Кудайга ыраазымын! Миң мертебе ыраазымын!

Эки койдун эгиз козуларын тапкандан кийин жалкы козуну таптым. Анын да түгөйү болуп калбасын деп, дагы көпкө араладым, бирок чалымы окшош бир да козу жолукпаган соң, акыркынын түгөйү жоктугуна көзүм жетти. Ошентип, козуларды таап келдим, баатырлар.

Эми керкашка күлүккө келейин. Ал энесинин беш чалымын тартыптыр. Аттар айдакка түшүп,

чубатуудан өтүп жаткакда эле мен аны тааныгам. Бирок ишти күлүктөр чабылып келген соң баштайынчы деп, сабырдуулук менен күтүп отурдум, – деп сөзүн аяктап калганда, Найман карыя Шоорукка кайрылып, кана баатыр, сөзүңдү башта. Кечээтен бери казганактаган эл чырдын түйүнүн чыдамсыздык менен күтүп отурат. Чыр чечилбесе, чоң жаңжал башталып, эр каны төгүлгөнү турат. Кудайды эсине ал, боордош эки элди эсине ал, сый-урмат менен үлпөт өткөрүп жаткан Шубар байыңдын кадыр-баркын эсиңе ал. Эми Кудай алдында ачык айтып, ак сүйлө, – дейт. Анда Шоорук баатыр: – Ырас, акелер. Мындан бир нече жыл мурда көлдүк Мойут деген калыс манаптын тукуму жарым тулпар бир айгыр үйүр жылкысы бар. Андан жөнсалды ат чыкпайт: же чыгаан күлүк, же баатыр сайышка минер карылуу ат, же көкбөрүнүн жер таянбас учкаягы, же алыска сапар жол жүргөндө камчы салдырбас, арыбаган дулдулдар чыгат деп угуп, бир жигитти жыл сайын Мойут манаптын жылкычыларына жакын кондуруп, жанагы күлүктүн үйүрүн таптырып, андан бир бооз бээни уурдатып алуунун аргасын издетип жүрүп, акыры керкашка байталга туш болдук. Жолубуз ачылып, ал келери менен эркек кулун тууду. Аны кунан болгончо кара көздүн карегиндей сактап асырадым. Энесинин көзүн жети айдан кийин тазаладык.

Оболу Керкашканы тайчабышка, кунанчабышка казак арасында салып жүрдүк. Жаныбарым бир да жолу байгеге илинбей калган жок, – деп күнөөсүн моюнга алат. Ошентип чырдын башы чечилет.

Башбайгеге сайган миң жылкыны, короо-короо койду той өтүп жаткан айылга айдатып келгенде Мойут аке жылкыны чубатуудан өткөрүп жатып, арасынан бир гана атты тандатып алып, аны мөрөй алган керкашканын жанына байлатып, бул керкашканын таман акы, маңдай тери. Күлүк капа болуп калбасын, жолун жасайын дейт. Андан соң Мойут аке Найман карыяга кайрылып:

– Кадырман карыям, бул байгеге сайылган малды баккан койчуларды, жылкычыларды чакыртыңыз. Мен аларга соогат берейин дейт. Малчылар келгенден кийин Мойут аке:

– Койчуларын жүздөн кой, жылкычыларын ондон жылкы алгыла. Жакшылап асырасаңар бул мал силердин көртирлигиңерге жетет, – деп малчыларды курсант кылыптыр.

Акырында Мойут аке Шоорук баатырга кайрылып:

– Баатыр, эмгек – сеники. Атты жакшы асырап, жакшы таптап жүргөн экенсин. Калган мал – сеники, сенин байгең деп, Шоорукту ыраазы кылып, казак агайын менен жылуу-жумшак коштошуп, эки керкашкасын жетелетип кетет.

Жолдо келе жатканда бир жигити таарыныч кылат. Ар бир малай казакка жетиштүү мал таштадыңыз, соогатка, бизге деле соогат керек эле дегенчелик кылганда Мойут аке:

– Мен аны билип эле турдум. Силерге деле соогат бермекмин. Сен бир аз эртерээк айтып койдуң. Өзүбүздүн керкашканын байгеси толук келе жатат артта. Биз казактардын көзүнчө соогат бөлүшмөк белек? Айылга барганда артта келаткан малды калыстык менен өзүңөр бөлүштүрүп алгыла дейт. Мына, Мойут акенин жоомарттыгы. «Жоомарттык – эр адамдын улуу сапаты», – деп айтылат элде.

## САРТ АКЕ ДОСКУЛУ УЛУУ
## (1775–1865)

Нукура акыл сурасаң Сарт акеге,
ыйык бата сурасаң Мойут акеге,
асыл сөз сурасаң Тилекмат акеге
бар.

*(эл накылы)*

Сарт аке Доскулу уулу 1775–1780-жылдарда туулган. Мойут акеден 30 жаштай кичүү болгон. Азыркы Нарын шаарынын аэропорту тарапта жарык дүйнөгө келген деген маалымат бар. Өмүрү Ысык-Көлдүн чыгышында өткөн. Жайлоосу Каркыра болгон. Сарт акенин сөөгү коюлган жер мазарга айланган.

***Акеш Иманов***

Сарт аке озунуп сөз сүйлөбөгөн, адамдын шагын сындырып, илебин кайтарбаган, атайы өтүнүч, суроо-талап болгондо гана кепке аралашкан, эгер сүйлөсө, сөздүн көзүн таап, адамдын жумурундагыны билип, уютуп, жибитип, ары курч, ары таамай айтчу экен. Шарты болгон жагдайларда маектешип отургандардын кимиси болсо да Сарт акеден нускалуу кеп угуп калууга куштар болуп, анын айткан ар таасын сөздөрүн көкүрөккө түйүп калууга ынтызар эле дешет. Ошондой бир көпчүлүк баш кошуп отурганда, Муратаалы бий сураган экен:

– Сартбай билерманым, кээде баланча адам нурдуу адам эле, жүзүнөн нур чачырап турар эле деп калабыз. Бу адам нуру дегенди кандай түшүнсө болот?

– Бийик даражалуу калыс бийим, нур, жарык деген – маанилери жакын сөздөр. Нурду күн да, ай да, жылдыз да, адам да төгөт. Нурсуз, жарыксыз жашоо жок. Нурдан кубат албаган, өмүр улабаган жан жок. Нур чачкан ай, жылдыз түндүн көркү, күндүзгүнүн көркү – күн, экөө тең чындыгында, ааламдын көркү. Нур – көрк, кубат, жашоо учугу, булагы. Адам да нур төгөт. Нур төкпөгөн адам жок. Ошондо да нуру жайнаган, нурунан көөрү төгүлгөн адамдар болот. Алар – жакшылык үчүн адам бактысы үчүн жаралган жайдары, адөөлөт адамдар. Мындай адамдар – жашоонун көркү. Алардын жүрөгү толо мээрим, денеси толо адамгерчилик, жумуру башы толо акыл, көмөкөйү толо асыл сөзү болот. Мындай адамдар – жарык нурдуу адамдар. Алар пейли, акылы, мамилеси, мээрими, илеби күчтүү асыл сөзү менен адамдарга жакшылык тартуулайт Мына андайлардын айкын күбөсү – Тилекмат. Ал – жүзүнөн да акылынан да, көмөкөйүнөн да сөз нуру чачырап турган адам.

Адамдан чыккан нурду адам козү менен көрө албайт. Аны туюму күчтүү сезимтал адамдар акылы аркылуу, андан калса жүрөгү аркылуу сезип турат. «Акыл туйбаганды, жүрөк сезет» деген – акыйкат чындык.

Адам нуру адамды жакындатат, ымалалаштырат, бириктирет. Нурлары төп келген адамдар ушундай болот, бийим, Сиз да, мен да, биз ынак көргөн чөйрөлөш адамдар да бири-ярибиз менен нурдашпыз, ошондон улам сырдашпыз. Бул – бизди жакындаткан ыйык касиет.

**– Көртирликте эмне кымбат, эмне баалуу?**

– Жок кымбат, жок баалуу. Жоктун эки танабы кымбат: издетип, зарылтып бир кымбат болсо, ордун толтурарда бир кымбат болот. Мындай кымбатчылыкка тушукпас үчүн адам жашоосунда чыгымдуу, түйшүкчүл, тер төккөндөн майтарылбаган аракетчил болушу абзел. Ошондо да адам жоктон

арыла албайт: бири болбосо, бири кемип турат. Кемиген күндө да колуң куру болбосун. Колу куру болбогон адамга сураганы табылат, анткени колунда бар адамга, ким болбосун, качандыр бир мезгилде башка адамдар кайрылып турат. Адамга адам кайрылганда көңүл суутпас керек, өзүңө керек болуп турган нерсе болсо да, бер. Бул – чоң соопчулук, адамды кыжалаттан чыгаруу – адамгерчилик. Эч качан бар нерсени жок дебе. Акыры жоктун түбү жок болуп калышы ыктымал.

– Сарт аке, чечендик, анын мааниси жөнүндө кайсы бир отурушта учкай айтып бергенсиз. Ошондо чечендиктин бир түйүнүн, жандырмагын айтпай кеттиңиз. Бул чечендиктин жандырмагы болобу?

– Чечендиктин көп түйүнү, уругу, кадыр-баркы болгон сыяктуу, анын жандырмагы да көп кырдуу, көп сырдуу: жандырмагы маектешкен адамда болот: ал сөздү таап, акылыңды улап, кептин жүйөсүнө түшүнсө, биринчи – жандырмагы; андан соң маектешкен адам аңдап отуруп улуу сөзгө маани берип, кадырына терең жетсе, ар бир айтылган сөздүн тамырына толук талдоо жүргүзүп, андан жаңы ой тапса, экинчи жандырмагы. Ошентип, орундуу айтылган сөз айткан тараптан гана эмес, уккан тараптан да бааланса, баркка алынса, анда сөздүн бейишке чыкканы. Уккан тараптан жакшы баага татыган сөз айткан адамга дөөлөт, кадыр-барк алып келет. Ошондуктан ар бир айтылган сөзгө сак, чебер болуу абзел. Жакшы, акылдуу айтылган сөз менен зоболоң көкөлөгөн чакта ого бетер кылдат бол. Сөзүм эм болот деп, жайыты жок сүйлөп берсең бирде болбосо да, бирде мүдүрүлөсүң. Чыныгы акыл чечендин бир эле жолку мүдүрүлгөнү анын мурунку даңкын жууп кетет. Бул кандайдыр бир кумарга азгырылбаган, шарапка алдырбаган адамдар үчүн мүнөздүү. Сөздү чечилип айтуунун жайы, шарты көп. Кандай жагдай болгон күндө да чебер, кылдат болууга не жетсин.

**– Адам мүдөөсүнө кантип жетет?**

– Максат менен эмгек чырмалышканда, адам бардык мүдөөсүнө жетет. Максатсыз жашоо болбойт да. Максатсыз жашаган адамдын башка тирүү жандыктан айырмасы жок.

**– Бу жалганда эмнени кылдат асыроо керек?**

– Бак-таалайды кылдат асыроо керек. Эл оозунда: «Мээнет жалпак, бакты тоголок» деген макал бар. Бактыны асыроо керек. Аны акыл менен, токтоолук, көтөрүмдүүлүк, жөнөкөйлүк, сабырдуулук менен асырабаса, колдон чыгып кетет. Асилинде бак-таалайга жетүүнүн деле көп жолу бар: ак эмгек, адал иш менен, элинден, тукумундан чыккан мыктылар, алардын колдоосу менен, дагы-дагы көптөгөн ийги жакшылыктар менен, өзгөчө Кудайга жагуу менен жетет. Кудайга жагуу үчүн Кудай жолунан чыкпоо керек.

Бак-таалайдан ажырап калуу бат эле. Андан ажыроонун айныгыс жолу – текеберчилик, акыл токтотпой көпкөндүк. Адам бак-таалайдан ажыраганда акылына бир келет. Ошондо гана турмушту, өмүрдү, тапкан табылганы барктоого мажбур болот. Бул баштан өткөндөн кийинки көз ачылуу делинет. Баштан өткөндөн кийин көздүн ачылышы да дурус. Муну өткөндөн таалым – сабак алуу дейт. Өткөндүн таалым – сабагы адамды билимдүү кылат. Ошондон улам билимдүү адамдын айтканын кулак сыртынан кетирбей, табылган табылга катары көкүрөккө түй, жумурда сакта. Ошентип, билим да, асылзаадалык да, байлык да аз-аздан мыскалдап жыйналат. Ушунун баарынын жыйналган ордосун бак-таалай деп коёт.

**– Тагдыр ушу экен деп айтылат. Муну кандай түшүнсө болот?**

– Кайсы бир сөз жарышында тагдыр жөнүндө айткан элем. Анда өмүр тагдырын Алла-таала эркинде, жашоо тагдырындын бир учугу өз колунда дегенди айттым эле. Эми ушуну улап берейин. Тагдыр да – турмуш багыты, жашоо жолуна байла-

ныштуу болот. Аны алдын ала болжоого болот, бирок болор-коёрун айдан ачык айтууга болбойт. Дагы бир кайталайын, тагдыр Алла таала буйругуна жараша болот. Ага баш ийбөөгө ылаажы жок. Аны сатып алалбайсың. Утурумдук бийликти, мансапты сатып алса, айла-амал менен алдап алса болор, ал эми тагдырды сатып алалбайсың.

Тагдыр да дейт, жазмыш да дейт. Бул да – көп мааниде айтылган сөз. Анын эң улуу, эң жогорку мааниси – Кудайдын бир аты деп кабылданышы.

Жашоо тагдырдын өйдө-ылдыйы, оош-кыйышы адамдын мүнөзүн өзгөртөт, ошондон улам тагдыр бир калыпта, бир беткей болбойт. Бирде ал нур чачкан жүзүн көрсөтсө, бирде муздак жел жүргөн караңгы бетин көрсөтөт. Мунун эки жүзүнө тең чыдоо керек, тобо келтирип чыдоо керек. Жарык жүзүн көрсөткөндө жарылба, сүйүнүчтөн ашып-ташыба, караңгы жүзүн көргөндө мүңкүрөбө, муңайба, бир калыбыңдан жазба. Калыбыңдан тайсаң аркы-терки сөзгө кабыласың.

**– Жалаадан чыккан жаңжал деп калабыз. Ал кандайча чыгат?**

– Кур жалаа, көрө албастыктан чыккан жалаа, ич тарлыктан чыккан жалаа, караөзгөйлүктөн, кемсинтүүдөн, басмырлоодон, эрдемсинүүдөн ж.б. көптөгөн ыпыластыктан чыккан жалаа болот. Ушунун баары эл арасына, ал гана эмес үй-бүлө ыркына да жаңжал түшүрөт.

Жаңы жараны айыктырганга караганда айыгып бара жаткан жараны тырмап отуруп дүүлүктүрүп, ырбатып койгон соң аны айыктыруу ого эле кымбатка турат. Мына ушул эски жара сыяктуу өткөнкеткен нерселерди, андагы оош-кыйыштарды кайра козгоп, элди дүргүтүп жаңжал салуу абдан жаман. Жашоо агымында эмнелер гана болбойт! Бейкут жашап жаткан элге ар кандай амал-айлалар менен бузукулар жалаа жабат. Бузукудай айлакер, амалкөй болобу! Ал түшкө кирбеген нерсени чындык катары ынандырганга жарайт. Ошондон улам

чыккан ар кандай жаңжалды алоолонуп тутанганга чейин өчүрүү керек. Эл арасындагы азыноолак жанжалды ага-тууган өзү басат, ошондо да анын баш-көзчүсү болот. Ал эми кан күйгүзүүчү чоң жаңжалды Тилекмат сыяктуу көсөмдөр басат; тил менен майдай эритип, көл сыяктуу көлкүтүп отуруп басат; акыл менен карангыдан ак шоола, туюктан ак жол таап басат: ак шооланын, ак жолдун шартын, жүйөлүү себебин табат. Мындай кеменгерлик, жөндөмдүүлүк ар кимдин эле колунан келе бербейт. Ага өтө сейрек жаралган, Кудайым акыл-айласына, тил өнөрүнө көөрүн кенен төккөн адам гана жарайт. Андай адам – биздин арабызда Тилекмат.

**– Эл жүгүн чын ыкластан көтөргөн адамдын түйшүгү кандай болот?**

– О-о, мусулманым, бул өтө оор. Аны сөз менен болжоо да кыйындыкка турат. Салыштырып айтканда, бул түйшүк бийик зоодон көчкөн көчкүнүн чачырандыларын терип чогултканга тете. Тынымсыз түйшүк, ак дилден эл жүгүн аркалоо – кадырман адамдардын өтөгөн кызматынын бөксөрбөс, соолбос дарыясы. Анын бүт өмүрү да, жашоосу да оор түйшүктө болот; анын жүрөгү дайыма муңдуу, кайгылуу болот; эл көзүнө жыргап жүргөндөй көрүнгөнү менен, чынында, ал убайымда жүрөт. Ушул да жыргалбы? эл жүгүн аркалагандан бери Тилекматтын жыргап жүргөн күнүн мен көргөн жокмун. Ал – чыныгы эл үчүн бир жаралган адам. Аны көрө албагандарга Кудай өзү жеткирет.

**– Тукуму жакшы, тукуму жаман деп айтылып калат кай бирде. Муну кандай түшүнсө болот?**

– Бардык жан-жаныбардан өз тукуму жаралат: койдон кой, жылкыдан жылкы, төөдөн төө; ошол сыяктуу адамдан адам жаралат. Бардык жан-жаныбардын жакшысы, чыгаан жакшысы, ошондой эле жаманы, чыгаан жаманы бар эмеспи. Адамдын да жакшы-жаманы бар. Укумчулдардан калган уламышта: «Теги жакшы, теги жаман», – деп айтылат. Бул бекер эмес. Асили сөөгү, дили, акылы,

мүнөзү таза атадан, энеден жакшы эле тукум таралат. Бирок кээде жакшы дегендерден деле көңүл иренжиткен жамандар чыгат. Бул Алла-тааланын берген бактысына байланыштуу. Адамдын колунан келсе жамандар болбос эле. Көп нерсенин оң тетириси болгон сыяктуу адамдын да он, тетириси жетиштүү. Ушундан улам: «Жакшыдан жаман туулса – чыгаша, жамандан жакшы туулса – киреше», «Жакшы тукум ирегеден төргө сүйрөйт, жаман тукум төрдөн көргө сүйрөйт» деген макал сөздөр калган. Айтса айтпаса төгүнбү. Жаман көз ачырбай капа кылып отуруп, эта-энени тез картайтат. Бул көргө сүйрөгөн эмей эмне?

Дегинкиси, жакшыга не жетсин! Дегинкиси, балалуу адам бирөөнүн баласынын жакшы чыкканына, же жаман чыкканына суктанбай, сынтакпай жүргөнү абзел. Турмуш оомалуу-төкмөлүү. Эч качан бир калыпта сыдыргыга салгандай болбойт.

Жакшы тукум атага да, энеге да байланыштуу болот. Ушундан улам: «Жакшы жерден сөөк күт»; «Тектүү жерден теңинди тап», – деп бекеринен айтылбагандыр.

Жакшы жерде өскөн мөмө берчү дарактан ширеси жагымдуу жемиш алынат; суусу кемчил, каксоо жерде өскөн дарактан ширеси ачуу жемиш алынат.

Жакшы тукум атага караганда, көбүнчө энеге байланыштуу. Эненин көп чалымынын бир канчасын тартпаган тукум болбойт. Бул жөнүндө да элде айтылган накыл бар; «Эр тайын тартат», «Атасы жаман аста-аста оңолот, энеси жаман ээели оңолбойт»; тайы жаман, жатыны жаман; тайы жакшы жатыны жакшы, – деп жүрбөйбү. Бул да бекер сөз эмес. «Калк айтса, калп айтпайт» деген макал бар.

Канткен менен да, тукуму жакшы, тукуму жаман дегенге так жооп берүүгө мүмкүн эмес, кесе айтуу кыйын. Мен акылым жетишинче гана жооп бердим. Чөп-чардан, жан-жаныбардан кантип, кандайча ар түрдүү жыт чыгарын билбеген сыяктуу, жак-

шы-жаман тукумдун кандайча болорун ташка тамга баскандай так айтуу кыйын. Муну Алла-таалам гана билет. Биз көзүбүз менен көрүп, ирегелеш жашап, сыр алышканда гана адамдын жакшы-жаманын билебиз. Ал эми анын кандайча жаралыш табиятын так билбейбиз.

**— Сарт аке, Тилекмат шакиртиңизди кандай баалайсыз?**

– Алла-тааланын пендесине шыбаа кылган ыйык, кымбат касиеттерин Ааламга тараткан Мукамбет пайгамбарымдын мурастарын, жол-жобосун бекем туткан адам катары аны абдан бийик баалаймын. Пайгамбарым бүт өмүрүн элге кызмат кылууга арнап, 18 миң Ааламдын калкын дилдин тазалыгына, ынтымакка, ыймандуулукка, теңдикке, кеңпейилдикке, адамгерчиликке, мээнеткечтикке адамдарды ылгабай бирдей урматтоого жарык жол ачкан; бул сапаттардын маани-маңызын, жашоодо өтө керектигин түшүндүргөн. Алла-таалам ушундай сапаттарды Тилешимден аяган эмес. Тилешим – бактылуу адам, ал өзү үчүн, бала-чакасы, урук-тууганы үчүн эмес, калайык-калк үчүн жаралган адам. Ошон үчүн аны денеме күч-кубат берген жүрөгүмдөй, жаратылыштын кереметин көргөзгөн эки көзүмдүн карегиндей баалаймын. Ал барда менин телегейим тегиз, деним таза, жаным жаннатта.

Сарт акенин Тилекмат акеге берген бул баасын 1949-жылдын жайында Жети-Өгүздүн Бай-Төр деген жайлоосунда Сарт акенин чөбөрөсү Тыныстан уулу Дүйшөмбүдөн, 1954-жылы Баракан уулу Акундан уккамын. Акун аксакал абдан сабаттуу санжырачы эле. Аттиң! Армансыз дүйнө болобу!? Өз учурунда толук жазып калбай, көп уламыштар, түн катып уга турган санжыра кептер Акун аксакал менен кошо жер алдына кетпедиби!

**— Зөөкүрлүк деген эмне?**

– Зөөкүрлүк – көпкөндүктүн жеткен чеги. Бул эки сөз танапташ. Кандай адам көпкөндүккө алдырат деп ойлойсуңар? Көпкөндүктүн түпкү үрөнү

байлыкта, кемакылдыкта, жашоонун баркын, адамдын баркын, дүйнөнүн баркын жана анын кайдан, кантип куралларын билбегендикте жатат. Көпкөлөң адам тизгинин тартпаса, бара-бара жүрүп отуруп зөөкүргө айланат. Зөөкүр болгон соң көп ыплас ишке чалдыгат. Ага дүйнөдөгүнүн баары бир, ылгоо жок, барксыз. Зөөкүрдү кутурткан – атанын тапканы. Ал андан ажыраган соң мурдуна суу жеткенде, эчен жамандыкка тушукканда дээринде анча-мынча идиреги болсо, акыры токтолууга аргасыз болот, бирок кеч болуп калат. Эс токтотконго чейинки жаманаттысы өмүрүнүн акырына чейин сүртсө кеткис кара көө болуп чырмалып жүрө берет. Бул кара көө анын бактысына таш сепил өңдүү жол ачпайт. Балдарым, асили зөөкүрлүктөн алыс болгула.

**– Адамдын өзүн-өзү басынтуусунун эң жаманы кайсы?**

– О-о балам, мунун да жолу көп. Ошондо да турмуштук туюму кем адамга кеңешүү, ага ал-абал жөнүндө айтып берүү өз касиетиңди ого эле басынтуу болуп саналат... Түрмуштук туюму кем адам – билими кем адам. Билимсизге кеңешүү, андан терең акыл үмүтөтүү чөлдөн дайра агызам дегенге тете. Ал эми турмуштук туюму кенен адам – билимдүү адам. Адамдын жалпы баасы мына ушул акылга таянган билимдүүлүк менен өлчөнөт. Турмуштан билим алган адам – баамчыл адам, жашоону билип, ага баа берген адам, анын ысык-суугун билген адам. Мындай адамды периште деп айтса да болот; анын акылы да, жүрөгү да сезимтал болот, айттырбай-дедирбей сезет. Андай, адам өзүнө сынчы, издемчил болот, билбегенин сурамжылап билет, билиминин кемтигин толтурат; көптү билүүгө дилгирленип, тынбай далалат кылат, «Билимден артык өнөр жок», «Билимдүүнүн түнү – күн, билимсиздин күнү – түн», «Билимсиздин өмүрүнүн жанжолдошу – наадандык», – деп айтылган макалдар бар элде. Муну эске бекем түйүү абзел.

**– Пайдасыз нерсе эмне?**

– Куру кайгы пайдасыз. Нааданга наалуу, чынчынына келгенде, өлгөнгө өксөп кайгыруу – пайдасыз эле кайгы. Кайгы адамды чөгөрөт. Кайгы – дененин ыракаты болгон ден соолуктун өчөшкөн душманы. Мына ушуну билип-турса да, акыл-эси ордундагы адам кайгырат. Өксөткөн өлүм кыйбас адамды алып кеткенде, адам кайгырат, кайгыга алдырат. Ошондо деле кайгы өлчөөсү менен болгону абзел. Ал эми жакыныңдын наадандыгына кайгыруу акыйкатта куру кайгы болуп саналат, анткени наадан тирүүнүн өлүгү эмеспи. Жаныңда жүргөн тирүү өлүктүн несине кайгырасың?

**– Кандай ыракат түбөлүктүү?**

– Ден соолуктан алган ыракат, тер төгүүдөн табылган табылгадан алган ыракат түбөлүктүү деп эсептелинет. Жана да билимден алган ыракат, чын дилден акылдуу айтылган, жан эриткен жылуу сөздөн алган ыракат түбөлүктүү. Ал эми жыргалдан алган ыракат түбөлүктүү эмес. Ал тез келип, тез кетет. Ошондуктан жыргалдан алган ыракатка маашыркоого болбойт. Ыракатка жеткениңе да тобо кыл!

**– Өмүрдө эч нерсе менен алмаштырбай турган нерсе болобу?**

– Акыйкат баалаганда, бала үчүн эненин мээрими, эне үчүн бала – бүтүндөй жарык дүйнөгө, дүйнөдөгү эң кымбат каухарга да, кампа толгон алтынга да алмаштырылбай турган нерсе. Муну бардык адам билүүсү абзел. Энениң ыйык мээримисиз, ак сүтүсүз Ааламда Адам өспөйт. Бала Аллах-тааланын ата-энеге берген белеги деп айтылат. Бул белекти жаратууда ата мээрими эне мээримине эч теңдеше албайт. Адам жанынын жаралышына эне мээриминдей мээрим болобу? Эне үчүн балалуу болуудан артык эч бир дөөлөт жок. Балалуу болгондо энениң бактысы күн нурундай төгүлүп, ажары ачылат, көркүнө көрк кошулат. Эне кокустан баладан ажыраса, күнү да, айы да, жылдызы да өчкөндөй

болот. Муну Кудай көрсөтпөсүн! Баладан ажыроо шартында адам энесин кой, айбанды элестетип көргүлөчү. Жарыктык бээ кулунунан ажыраганда, кулуну өлгөн жерден кетпей, жаналакетке түшүп кишенеп, айласын таппай далбас уруп, ого бетер желинин сүт тээп, кадимкидей көзүнө жаш алат. Ал эми ботосу өлгөн ингендин жанына адам чыдап тура албайт. Күндүр-түндүр үнүн баспай боздоп, көз жашы түктүү жаагын жууп турат. Кулун менен боточуктун энеси кан жутуп жатканда, айгыры менен буурасы беймарал гана оттоп жүрө берет.

Бала үчүн эненин кымбаттыгы мусулман шарыятында айтылган. Аны ар бир бала жүрөккө бекем тутуусу абзел. Адам баласы канчалык ак, эне сүтүндөй таза, Аллах-тааланын жолунан чыкпай адал эмгеги менен тер төгүп жашаса да, жалганда пенделик бардык милдетин түз аткарса да, эненин эмгегиней, энеге болгон парзынан кутула албайт. Мына, балам, өмүрдө эч нерсе менен алмаштырбай турган нерсе! Бул – дүйнөдө баасы жок, баа коюуга мүмкүн болбогон нерсе. Муну билген бала: эненин көзү тирүү кезде ыраазылыгын, батасын алып калууга аракет жасашы зарыл.

**– Адамдын оң жолдо болуусунун омоктуу өбөлгөсү эмнеде?**

– Адамдын оң жолдо болуусунун өбөлгөсү – этияттык. Этияттык акыл менен баамдоодон, сезимталдыктан келип чыгат. Этияттык бардык жагдайда, бардык учурда керек: отуруп – турганда, атка минерде, босогону аттаганда, үйдөн орун алганда, дасторкон үстүндө даам сызганда, амандашып учурашканда, артыкча сүйлөгөн сөздө, жасаган иште, кыскасы, этияттык ар дайым болушу керек.

Этияттыктын жөнөкөй, өзгөчө тыкан баамдай турган, өтө сак боло турган учурлары болот: сыр алышпаган адам менен, сый адам менен, кекчил адам менен, зоболосу бийик дөөлөттүү менен, өкүмдар султан, бийлер менен, эл кадырлаган акылмандар, даанышмандар менен баарлашкан шарттарды,

алар менен чогуу жүргөн учурларды жыт синишкен, күндө көргөн ага-тууган, жолдош-жоро, тели-тентуштар менен пикирлешкен учурларга салыштырып болбойт.

Этияттык жашоо-турмуштук тажрыйбага, адам жашына, мурда кетирген мүчүлүштүккө байланыштуу улам толукталып, такталып отуруудан уланат. Мурда кетирген мүчүлүштүк демекчи, адам ар кемчилигинен сабак алуусу абзел. Этияттык адам акылы, чеберчилик, кылдаттык сапаты менен ширешип, айкашып, учугу уланып турушу абзел. Ошентип, этияттык адамды оң жолдо тутат, акыры жакшылыктан, ийгиликтен, бак-дөөлөттөн ажыратлайт. Ар качан этият болууга не жетсин!

**– Сарт аке, бу жалганда бири-бири менен эч убакта элдешпей турган душмандар болобу?**

– Болот. Бири-бири менен эч элдешпей турган өч душман өмүр менен өлүм болуп эселтелет. Өмүр өскөнүн токтотпойт, өлүм өксүткөнүн токтотпойт. Өмүргө караганда өлүмдүн булагын көп жараткан Кудайым: карылык, айыкпаган илдет, кесепеттүү кырсык – өлүмдөн качып кутулгус себептери. Карылыкка айла жок. Бир да улукман анын айласын таба алган эмес. Айыкпаган илдеттин акыры – айныксыз өлүм. Улукман анын, убактылуу болсо да дабаасын тапкан менен, акыры аны коорсуз жогото албайт. Кырсык болсо күтүүсүз келет: ал агыны катуу суу, же ашуусу бийик дабандан болобу, же тили жок жоо өрттөн болобу, же жылан чагабы, же ат тебеби, айтор, аны бир Кудайым билбесе, эч ким болжоп биле албайт.

Ал эми өмүрдүн жолу, кыска, бирөө гана. Аны кереметтүү Кудайым ар жандыкка аманат катары бир гана жолу тартуулаган. Биз ошол аманатты ар түрдүү ыпыластык, кенебестик, барктабастык менен кыскартпай, өмүрдү өлүмгө тезирээк жакындатпай жашасак абзел болор эле. Дагы да эскертейин, Алла-таалам кеңпейил, кайрымдуу, боорукер, кечиримдүү. Адам жарык дүйнөгө келгенде өмүрдү, ага

жараша ырыскыны берген. Бирок өмүргө, ырыскыга, деги эле табыятка болгон түшүнүктүн, баамдап-билүүнүн тайкылыгынай, чектелүү болуусунан улам, аңдабай жашоодон улам адам көптөгөн табылгас кымбат нерселерге, анын ичинде өмүргө да зыян келтирип алат: ден соолугуна көзөмөл салбайт; оору-сыркоону капарсыз коот; өмүргө зыян келтирчү нерселерге бейкапардыктан сезимге, напсиге алдырып, колдон келбес кымбат саламаттыкка доо келтирип алат.

**— Адамды кандай шартта басмырлоо, кемсинтүү өтө оор болот?**

— Адамды басынтуунун, кемсинтүүнүн жолдору, айла-амалдары, максаттары көп: ичи тардыктан, көрө албастыктан басмырлоо, зээндүү, өтүмдүү жалгызды атайы басмырлоо, көптүккө, түбү калындыкка салып, азын-оолакты басмырлоо, өкүмдүккө, бийликке таянып басмырлоо... Неси болсо да, жалгыз бирөөнү, же адамдардын тобун бейкүнөө, өз мүдөөсүнө жетүү максатында атайы басынтуу, кемсинтүү акылдуулукка жатпайт. Баарынан оору – адамдын башына оор кайгы, мүшкүл түшүп, карып болуп, мусапыр болуп турганда басынтуу, кемсинтүү. Ушундай шартта адамды басмырлаган адам – баарынан төмөн турган, эси жок адам; качандыр бир мезгилде керт башына мүшкүл түшөрүн ойлобогон өтө түркөй адам; бирөөнү кемсинтүү, басмырлоо менен өзү оор күнөөгө батып жатканын ойлобогон, көөдөнү сокур ыплас адам; кептин кыскасы, ал – алды-артын аңдабаган, билимсиз, ошол билимсиз түркөйлүгүнөн оор күнөөгө баткан кош аяктуу макулук.

**— Баарынан адөөлөт иш болуп эмне эсептелет?**

— Адамдын өмүрүн сактоо, адамды оор кыжаалаттыктан чыгаруу баарынан адөөлөт иш болуп эсептелет. Бул – чыныгы мусулман, нагыз Кудайга жаккан адамдын милдети.

**— Акылдуулуктун белгиси кайсы?**

— Мен акылдуулук, акылмандык жөнүндө көп ирет сөз кылдым. Ошондо, акылдуулуктун жогор-

ку белгиси көтөрүмдүүлүк, сөзгө эрегишпөө, кек сактабоо, кечиримдүү болуу деп алда-нече мертебе кайталап айттым.

Кечиримдүү көтөрүмдүү болууда да бир аз жик бар: өзүң менен мартабасы, дөөлөтү, акыл-эси тең адамга караганда, артыкча өзүңдөн деңгээли төмөн адамдарга өтө кечиримдүү болуу абзел.

**– Адам өзүн сактай билүүсүнүн жакшы жолу кайсы?**

– Ачууга алдырбаган, сырдыката билген, чеги жок сүйлөбөгөн адам – өзүн сактай билген адам.

**– Баарынан коркунучтуу деп, Сиз эмнени эсептейсиз?**

– Күнөөлүү болуу коркунучтуу. Күнөөлүү болгондун тирүүлөй шермендеси чыгып, бетине көө жабылат. Ал – тирүүнүн өлүгү. Ал эми таза, абийирдүү өлүм – ак өлүм. Ал коркунучтуу эмес.

**– Кор болгон жетим деп, кимди айтса болот?**

– Ата-энеден ажыраган жетим томолой жетим деле эмес, аны ага-тууган деле асырап алат. Баарынан жаман, кор болгон жетим деп, эл-журттан чыккан адамды айтса болот. Эр жигит элден ажырабашы керек.

**– Эң жогорку кадыр-барк кайсы?**

– Эң жогорку кадыр-барк, ыйык ардак – адам алкышына татыктуу болуу; эң төмөнкү барк – адам наалатына калуу. Наалатка калуу каргышка калганга тете. Алкышка татыктуу болуу оор, кымбат, өтө татаал, ал эми наалатка калуу оңой.

**– Ар нерсенин баркын кантип билсе болот?**

– Ар нерсенин нагыз баркын башыңдан өткөргөндө билесиң: токчулуктун баркын ачка болгондо, жылуулуктун баркын үшүгөндө, жакшынын баркын жок болгондо, тууган-дын баркын жат ичинде, дүнүйөнүн баркын андан кол жууганда, ден соолуктун баркын андан ажыраганда, күч-кубаттын баркын картайганда, унаанын баркын жөө калганда билесиң.

– Сарт аке, сиз улам улгайган сайын Тилекмат аке оозунуздан түшпөйт. Ушул сырыңызды айтар бекенсиз?

– Айтам. Анын жашыра турган сыры жок. Жүрөгүндөн түнөк алган асылды кантип ооздон түшүрөсүн? Тилекмат Жылкыайдардын, бала-чакасынын, ынак көргон менин энчим эмес, ал – бүт элдин табылгасы, энчиси. Ал – артыкча асыл жаралган адам: сөз менен акыл айкашпаса, чечен болбойт, турмушту, эл жүрөгүн сезе билбесе, көсөм болбойт. Тилекмат – ушул касиеттердин баарына төп келген адам. Ошондуктан мен аны ооздон түшүрбөйм.

**– Эмнени өмүрдүн акырына чейин сактаса болот?**

– Тууганмын деп, досмун деп, алардын баркын айтпа бирөөгө; бирөөнүн жакшылыгын унутпа; туугандын достун жана бирөөнүн жакшылыгынын кадырына жете бил, баалай бил. Мына ушунда гана адам адамдан болгон жарыкчылыкты, шыбааны туят: жакшы ниеттеги адамын үйгө ак тилегин алып келет, бул да – жарыкчылык; дагы бир насиптешин, урматтуу улууң ак батасын тартуулайт, бул да – жарыкчылык; бардык жашылык – жарыкчылык. Бардык колкабыштын, жакшылыктын ыйыгы – ак тилек менен ак бата. Мына ушуларды өмүрдүн акырына чейин сакташ – парз. Муну эстен чыгарбоо абзел.

**– Акыйкат, акыйкатчылык жөнүндө өтө эле көп айтасыз. Деги акыйкат деген эмне?**

– Адам баласы жаралгандан бери акыйкатты энсеп, ошого жетүү үчүн далбасуруп келет. Акыйкат, чындык деген танапташ, маанилеш. Чынчынына келгенде акыйкат – каршылыктын башаты, анткени акыйкат бирөөнө жакса, бирөөнө жакпайт. Ошондон улам акыйкаттын жолу катаал, татаал. Ошондой болсо да, акыйкатка жетүү абзел. Акыйкатка жетүү үчүн ак иш, чындык себепкер болот. Адамды чындык колдойт, акыры чындык сактайт. Чындык дегендин өзү – Кудайдын бир аты.

Пенделер не кылбайт, не дебейт! Кээде Кудайга да сөз тийгизет; Тиричиликте көп эле кездештирип жүрбөйбүзбү, кээде акыйкаттык менен чындыкты караөзгөйлүк, кыянаттык тебелеп-тепсеп да коет, айласын кетирип, бейкүнөө муунтуп да коот. Бирок акыйкат деген – акыйкат, чындык деген – чындык. Ал акыры жеңбей койбойт, анткени акыйкат, чындык түбөлүктүү. Ошондон улам элде: «Ак ийилип сынбайт»; «Ит каппай койбойт»; «Жакшыдан коркпой, жамандан корк»; «Акмактан алыс бол», «Арамзанын мамысына ат байлаба»; «Акмактын башынан жаман ой кетпейт»; «Акмактын өзү эле эмес, баскан изи да ыпылас» деген накыл сөздөр бар. Бул – акыл менен калчанган таза сөздөр. Акыйкаттан, чындыктан утурумдук кордук көрүп турсаң да, башыңды ийбе, чөкпө. Акыры акыйкат менен чындыктын үзүрүн көрөсүң. Акыры пейлиң тҮз, ишиң ак болсун. Мына ошондо муратка жетесиң.

Сарт аке жайлоодон кыштоосуна келгенин угуп, коно жатып бир кепке тоелу деп, Тилекмат аке атайы келип калат. Бир-эки ай көрүшпөй сагынышып калган ынаактар кенен-кесир баарлашып отурганда, көп арасынан онтоюн таап, Тилекмат аке Сарт акеге мындайча суроо берет:

**– Адам денесиндеги мүчөлөрдүн толук болгону эле жакшы экен. Анын бирөө эле кемисе, жогун тартат экен адам. Деги адам мүчөсүнүн ээси, колдоочусу, жөнсалды айтканда, атасы барбы?**

– Бар деп айтылат. Мен билгенимди айтып көрөйүн: баш атасы – мээ; бардык тирүү жанды жетелеп жүргөн – ошол; чач атасы – жабуу; жүз атасы – бешене; каш-кабак атасы – көрк; көз атасы – элес; бардык нерсени көз аркылуу элестетебиз; кулак атасы – добуш; мурун атасы – жыт; бет атасы – чырай; тиш атасы – аш; «Тишиң барда таш чайна, андан кийин аш кайда» деген макал бар эмеспи; өпкө атасы – дем; дем тартып туруу деген өмүр эмеспи; таңдай, көмөкөй атасы – даам; бел атасы, – жөлөк, тил атасы – сөз: жүрөк атасы – тиричилик;

кол атасы – эмгек; бут атасы – кыймыл; ичеги-карын, бөйрөк жана боор атасы – жашоо...

– Эми, аке, адамга тиешелүү түшүнүктөрдүн ичинен эта, эне, келин, уул, кыз, ини, теңтуш дегендердин жакшы-жаманын чечмелеп берсеңиз, – деп өтүнөт, Тилекмат аке.

– Жарайт. Бул саамда билгенимди айтып берейин.

**– Ата жакшысы – акылдын көзү**: ал бардак жолжобону айтып берип, көздү ачат; ата жакшысы – уюган ырыскы; эч убакта үй-бүлөсүн кор кылбайт; эч нерседен кемитпейт; жакшы атанын кадыры тоодой, анын кадыры менен бала-чакасы да сый-урмат көрөт, жакшы атанын ою кенен да, терең да болот; алысты билип, бала-чакасынын келечегине кам көрөт; эл тааныта; жер тааныта, жакшы ата бала-чакасын жакшыга жанаштырып, жамандан адаштырат, кадыр-баркка алып баруучу жолго салат; жакшы ата ар иштин ордун таба билген устат, табып; ал ошонусу менен бала-чакасына үлгү.

Тилешим, сенин атаң Жылкыайдар да – дал ушундай ата. Анын адамгерчиликтүү касиеттери ашып-ташып сага үлгү болгон, оошкон.

**– Ата жаманы – жакыр,** үй-бүлөсүнө бакты-таалай тартуулай албайт; казаны ашка толбой; анын жан жолдошу уйку болуп, жокчулуктун кошчусу болот; жокчулуктун айынан ууру-кескинин жандоочусу болот; акыры эл караган бети жер карайт; жаман ата бар күчүн катынынан чыгарат; өзүндө болбогон ондуу нерсени катынынан талап кылып, болбогон жерден жаңжал чыгарат» жаңжал болгон үйгө ырыскы түнөбөйт; бала-чакасынын, үрөйү учуп, кыргыйдан корккон таранчынын кейпин кием; жаман атанын колунан оңдуу иш да келбейт; жасаган ишин үй-бүлөсүнө доомат кылат; аны жасадым, муну жасадым деп, катынына колко оодарат; жамандыктын айынан үй-бүлөсүнөн ажырайт, катынга чандырат.

— **Эне жакшысы — кут**: анын үйүндө ырыскынын көөрү төгүлүп турат; жакшы аялдан эр кетпейт деп айтылат; жакшы аял эрин, бала-чакасын гана эмес, тууган-уругун чогуу асырайт, ошондон улам анын үйү келим-кетимдин мекени болот.

Тилешим, сенин үйүңдө да кутуң бар, ал – Кенжеке балам. Бул байбичең – чокко колу күйбөгөн, уул-кыздарын, ага-тууганын оң жолго үндөгөн адам. Жатыны жакшы экен, балдарыңдын төбөсү көзгө чалдыгып калды. Ылайым ушул бактын кут болсун!

— **Эне жаманынан ашкан мээнет жок**: жердигинен жаман катын ээлинде оңолбойт; жасаганы какмар, кийгени шакмар; казан-аягы көөгө, коломтосу күлгө толот; жада калса, туз татымын биле албайт, жасаган тамагы шор болот; көрктөнтүп үйдү тиге албай, алпештеп бала бага албай, жаткан жайы, төшөк-орунчусу каңырсып, жипкиртип турат: бул кылыгы аз келгенсип, жаман катындын артык өнөрү чыр болот; айла жок, аттиң ай деп арман кыласың, кылык-жоругун кимге айтасың, бармагыңды тиштеп, сакалыңды сылап, үшкүрүккө күчүңдү чыгарасың; тууган-туушкандан кем болосуң, тапканың, талаада калып, көрүнгөнгө жем болосуң, акыры түбү кайырчыга тең болосуң.

— **Ини жакшысы — ишенич**: атын токулуу, малың багылуу; кылган ишинде, сүйлөгөн сөзүндө пайдадан башка зыян болбойт; жакшы ини аганын баркын, улуунун баркын билет; ал – чоң байлыктын бири, не дегенде анын айттырбай жасаган ишинен көңүл ыракат алат; бул байлык эмей эмне? Ошол себептүү жакшы инини жандай сыйлоо керек; ак кызматы, адал ою менен ал ишеничке ээ болот; ишеничтен да адам каниет, ыракат алат, «Иниси бардын ырысы бар» деген накыл жакшы инигe таандык.

Тилешим, сен бизге ушундай инисиң. Сага баарыбыз ишенгендиктен, эч убакта сөзүңдү эки кылбайбыз, сага ар качан пил көтөрө алгыс оор жүк

тапшырабыз. Сен болсо бир да жолу кабагым-кашым, дебестен, эч ким чыдай албаган, даай албаган иштерди аткарасың, жеңгө саласың, айла-амалын табасың. Сен бар, элдин ырысы бар.

**Ини жаманы – муш,** аны менен жаакташпай, көчүгүңдү кыс; аны кепке тартсаң, топто абийирди кетирет, арам тамакка семирет, жети атага чейин наалат келтирет, ата-эненин жыйган-тергенин бүлдүрөт; ал урган акылга моюн бербейт, не дегенде оңдуу акылга акылы жетпейт; ошондон улам эл-журттан четтейт.

**Келин жакшысы – кенч:** ал – алган жарынын теңдешсиз кенчи; айрыкча бала-бакырасына тарбия берүүнүн кенчи; не дегенде бала атага караганда энеден көбүрөөк тарбия алат, анткени атага караганда эне баланын жанында көбүрөөк болот; үй-бүлөнү көркүнө келтирип турган асыл зат – жароокер, жакшы келинчек; анда акыл мол; өмүрүңдө таба элек акылды асыл келинчекке туш болгондо табасың; жакшы келин ар убакта, жаманчылыкта да, жакшылыкта да тоодой арка; ал – көңүл өстүрүүнүн, көңүл, дил, тил табуунун кенчи, ошон үчүн жакшы келиндин шартына кенүү абзел; жакшы келин – абийирдин кенчи, ошондуктан ал чөйрөсүнө мыкты тарбиянын үлгүсү болот; мындай келинди корсунтууга эч кимдин акысы жок; аны корсунткан адам күнөкөр, кемакыл; келин жакшысы мээнеткеч, түйшүкчүл, ошондуктан ал турмуштун капилет кыйынчылыгына моюн сунбайт; жакшы келин – сыйдын кенчи; ал кайын ата, кайын энесин, улуу-кичүүлөрдү тегиз сыйлап, бата алат; акыры албатанын үзүрүн көрөт; жакшы келин баарын оңдуу тескеп, начар күйөөнү да жакшыларга жанаштырат; атынан айтпай, байым деп бапестеп турат; өзү наркнасилдүү, эл-журтка барктуу келет. Мына, кенч деген – ушул. Мындай кенчти урматтоо гана керек.

– **Келин жаманы** – **кесел:** этегин эптеп бүрө албайт; ушактын кулу болуп, эл ичинде тынч жүрө албайт; этегин үзө басып, шордуу аягына күч кел-

тирип, аяк бошотор айылчы болот; казан-аягы жуулбайт, мындайдан оңдуу перзент туулбайт; үй-ичи кир болот, жүргөн жери чыр болот; акыры баарынан мүлдө ажырап, кордукка маталат, салпаяк аталат, азапка такалат; ошондо да аны оздуктай албайсың; арга жок, келинчек жаман болсо, келгенкеткендердин алдында үн ката албай, жер карайсың, колдо жок нерсени самайсың. Мына, мындан ашкан кесел болобу, мындай кеселдин ылаажысы болобу. Шордун шору деген – ушул.

– **Кыз жакшысы кымбат деп айтылат**: кыз жакшысы да кут болот, башына дөөлөт, бак конот; ачууну таттуу кылган туз, алысты жакын кылган кыз деп айтылат; кыз жакшы болсо, элди бириктирет; бул кут эмей эмне? Адептуу кыз жук бурчунан чыкпайт, сырдаш жедесине ыктайт; уй-буледе барктуу болот, жакшы энени тартып, нарктуу болот; ак куу сымал талпынат, көргөндөр аны жактырат; жакшы кыздын акылы тунук болот, айткан сөзү улук болот: жакшы кыз – шам-чырак, өмүргө өмүр улаган тунук булак; жакшы кыз үйгө көрк берген гүл, ошондуктан аны назик асыроо керек; дегинкиси, уздун уздай, кыздын кыздай болгону жакшы.

– **Кыз жаманы – кыроо**: түнкү түшкөн кыроодой болуп өз тенине кетер, барган жеринин да түбүнө жетер, анткени ал кийимин эптеп кие албайт, жигит тандап тие албайт; ыржыйып жүрүп тыржыйган бирөөнө тушугат; барган жеринде кор болот, колу-буту чор болот; чачы даакы, жүзү каакы болот; күйөөсү менен туура сөз таба албай, соорусунан таяк, көзүнөн жаш арылбайт, жакшылыктын илеби табылбайт; шалакылыгынан кор болот, шалдайып жүрүп чор болот, акыры жаман катын деген атка конот, өмүрү ылайга толот. Мындайдын барынан жогу. Жаман катын алгыча эртерээк өлгөн жакшы. Эзилип жүрүп, күндө өлүмдү баштан өткөргөндөн көрө эртелеп бир өлгөн артык.

– **Уул жакшысы урмат деп айтылат элде**: уулун жакшы болсо, атагың чыгат, кемтигиң толот да,

башыңа бак конот; жакшы уул – табындагы шумкар, илеби күчтүү жалын; эл башкарып, элин багат, адал кызматы менен элге жагат; ал арам ишке баспайт, жеп-ичкенден сактайт; ар-намыстуу келет; залкар иш жасап, өз салымын кошот; ал элин мактап өсөт, эл мүлкүн чачпайт, элге жаккандарды даңктайт, кош колдоп колдойт; ата-эненин айтканын акыл тутат, аны ичинен талдайт; улуулардан таалим алып, туйбаганды туят, сезбегенди сезет, бүтпөгөн ишти бүтүрөт; ал эл жүрөгүндөгү мунду сезет, не дегенде анын жүрөгү эл деп согот, эл деп жашайт; жакшы уул эл-журт деп эмгек кылат, ошондуктан эл үчүн адилет болот, ошондуктан анын даңкы абийиринде болот; жакшы уул ары токтоо, ары көтөрүмдүү жана топуктуу келет; ал буюрганына ыраазы; дайыма чындыкты бетине кармап, келечекке жол салат; анын дили таза болот, тазалыгы үмүтүнөн, тилегинен да байкалып турат; жакшы уулдун бардык иши пайдалуу, анткени ал ар ишти жалпы элдин бак-таалайы үчүн жасайт. Ошентип, жакшы уул кеменгер болот. Кеменгерге тушугуудан артык дөөлөт барбы. Кеменгер эл көркү эмеспи. Анын даңкы – эл урматы. Ошондон улам: «Жакшы уул – урмат», – деп айтылат.

– **Уул жаманы уйгак делет**: этек-жеңге жабышып жүрө берет; жаман уул – ата-эне маңдайына бүткөн тирүүлөй тозок; өз үйүнө өзү батпайт, же элге жакпайт; куу тумшук аталып, көрүнгөнгө жем болот; ал бирөөнүн шыбагасына көз артат, ыгы келсе, колуна тийгенди коюнга катат; ылайым ырыстуу төшөккө жатпайт, акмактардын сөзүн жактайт, акмактыгынан өзүн мактайт; мунун жүргөн жери жут, караңгы болот; акыл айтсаң, жеме деп түшүнөт, жемелесең бетиңе түкүрөт; кой дегенге болбойт, ар дайым жамандыкты ойлойт; үй-бүлө бакпайт, кылган иши эч кимге жакпайт. Мына, жаман уулдун жоругу. Андан өлүп кутулбасаң, тирүүңдө кутула албайсың.

**– Жакшы тентуш – Теңирим берген курбу**: жакшы теңтуш күн сыяктуу, ал дайыма нур тартуулап, күлкү менен шаңга бөлөп, оор жүктөн арылтып, көкүрөктөгү мунду тазалайт; жакшы тентуш менен жолугууну көксөп турасың; үй-бүлөдө айтпаган сырыңды айтып, чер жазасың. Элде: «Ата, же эне өлсө элден табылат, бала өлсө, белден табылат, асили, биртууган менен жакшы тентуш кайдан табылат», – деген накыл бар эмеспи. Жакшы теңтуштан ажыраганың – жетим калганың, анткени жакшы теңтушуң да – эгизиң. Ынаактыктын айынан жүрөктүн толтосу, боор эт менен тең болуп калат. Кудайым жакшы тентуштан ажыратпасын.

**– Жаман теңтуш бел болбойт**, кылык-жоругу жакшы тентушка тең болбойт, тамаша айтсаң, корс этип, эл козунчө кордойт. Жашоодо үч нерсе билбейт жайды: кара нөшөр жаан билбейт жайды; жердиги жаман уул-кыз билбейт жайды; жаман теңтуш билбейт жайды. Булар жай билбегендердин көбүрөөк оозго алынгандары. Дегинкиси жай билбегендер көп го. Жаман тентуштун оюу тайкы, жыланач, ошол себептүү андан жакшылык күтүүгө болбойт. Жаман теңтуштун куралы тилинде, андан уу тамбаса, бал тамбайт. Аны менен чогуу болгон күндөрдү текке кеткен күндөр деп эсептей бер. Ошентип, жаман теңтуштун сөзүнөн запкы жегиче, зындангa түшкөн артык, зындан тирүүнүн тозогу болсо да, тынч отурасың. Жаманды сөзгө жөнсалды аралаштырсаң да каркылдайт, бапестесең да каркылдайт, андан чыккан добуш бирөө гана...

Сарт аке картайып, эл-журтту көп аралабай калган күндөрдүн биринде, учурашалы, акенин ал-абалынан кабар алалы деп, көл бугусунун бир топ мыктылары келишет, коно жатып мейман болушат. Ошондо Ногой баатыр Сарт акеден: «Сизге не кымбат?» – деп сураган экен. Анда Сарт аке:

– Баатырым, адамга кымбат нерсе көп. Анын сыңарындай мага да кымбат нерсе көп: тогуз ай көтөрүп, омуртка сөөгү сыздап, ымыркайымдан

ысык-суугума чыдап, ак сүтүн эмизип, мээримин төгүп баккан энем кымбат; жети атам мекендеген жерим кымбат; «Ар кимдин жашаган жери – Мисир» деген кеп бар эмеспи; үйүбүздүн ыйык туусу, баш-көзү болгон атам кымбат; каныбыз, жаныбыз бирге бир тууганларым кымбат; эл жүгүн бирге көтөргөн, акылдаш-сырдаш замандаштарым кымбат; эл тааныткан, жер тааныткан атам, устаттарым кымбат; жайы салкын, кышы жылуу алтын бешик Ысык-Көлүм кымбат; келбети көздүн жоосун алган, аскасы асман тиреген, түмөндөгөн жан-жаныбарды мундурбай баккан касиеттүү Ала-Тоом кымбат; жаш кезимден бооруна тартып, атам сыяктуу асыраган Бирназар атам кымбат; эл аралаган күнүмдөн баштап акыл кошкон, ак батасын берип, кеңештеш болгон Мойут абам кымбат; адам сырын айттырбай билген, жумурда катылган ой түйүнүнүн көзүн тапкан, адамдан башка жылдыздуу жаралган шакиртим Тилекматым кымбат; ичине кир сактабаган, бет алганынан кайтпаган, сырды ант бергендей бекем сактаган Жанек баатырым, Балбай арстаным жана өзүң кымбат; эч нерседен капарсыз, эртеден кечке оюнга тойбой жыргаган күнүм, наристе балалыгым кымбат; түндүгүмдөн чыккан түтүндү, коломтодогу отумду өчүрбөй турган тукумду төрөп берген байбичелерим кымбат; киндик каным тамган Нарыным кымбат; ушунун баарынан да бүт Ааламга ырыскы чачкан кең пейил, кайрымдуу, кечиримдүү, көтөрүмдүү Аллах-таалам кымбат.

Бул суроосуна оюна төп келгендей жооп алган соң Ногой баатыр абдан ыраазы болуп, ыракматын айтып:

– Сарт аке, бизге арнаган да насааттарыңыз бардыр. Болсо айтып бериңиз? – деп өтүнөт. Анда Сарт аке:

– Көзүң жетип турса да, дайым эле оюна келгендей иш кылба. Билермандар менен кеңеш. Ар ишти ойлонуп башта, онунан аякта.

Кембагал болбо. Кембагал бактысыздыгын өзүнөн көрсүн. Ал – жалкоолуктун кесепети. Жаның аман барында бирөөгө кор болбой, көз каранды болбой жаша. Кор болбой жашоо деген – эркин жашоо, ага жетүү үчүн тер төк, жанды кыйна.

Мансабың, зоболон жогору болсо да, бирөөгө зор болбо, зордук-зомбулук кылба. Анын акыры залал, убал. Көмүр алоолонуп күйбөсө да, көөлөгөнгө жарайт. Зордук-зомбулуктун түбү – көө. Кабаанак ит да кордукту көп көрөт эмеспи. Ушуну эсте бекем туткула.

Адамдын шагын сындырып, озүнө душман кылба. Душман деген сөздүн тузу оор, не дегенде бир айыл элден жалгыз-жарым душман көптүк кылат, коогалуу да, коркунучтуу да болот. Душман деген оор илдеттен да жаман. Душманды тилге келтирсең да, дилин тазартуу кыйын. Ал дилин, сырын ачпайт, ошон үчүн ага ишенүү кыйын. Ак ишеним болбогон соң, өзүң да ар убак дүпөйүл болуп жүрөсүң. Дүпөйүл болуп жүргөн адамда ыракаттанып эркин жашоо болбойт. Эркин болбосоң, жашооң бүркөлгөн күндөй болот. Душмандын бутагы да арбын: касташканын – душманың; касыңдын ылымсанашкандары – душманың, анын ылымсанашкандарынын кастары да – душманың. Ошентип, бир душман тапсаң, туман душман тапканың болот.

Эр жигит атка коном десең, кайраттуу да, сабырдуу да, көтөрүмдүү да бол. Жакшы-жаманды бирдей көтөр, асман айланып, жерге түшкөндөй болсо да кетэр.

Жакшынын сөзүнө жооп берсең да, жамандын сөзүнө жооп бербе. Ал сени мазактаса да, унчукпай, арга. кеткенде моюнга алымыш болуп кутул. Итти эркелетип, башынан сыласаң, ал Тула боюңа асылат, ийнине секирет.

Ата-баба салты, акыл сөздөрүн жолдо, ула. Андан пайдадан башка жамандык көрбөйсүң. Ата-баба салты кийинки муундарга жашоо багытын берет.

Жакшыдан кол үзбөй, жаманга күнүң түшпөгөндөй болуп жаша. Жакшыдан кол үзбөсөң, башыңа сыймык конот, жаманга күнүң түшсө, башыңан сыймык качат. Жакшынын да айтылуу жакшысы бар, достун да түбөлүктүү досу бар. Кандай да болсо, жыйнаган бардык байлыктан жакшы адам, жакшы дос күтүү жогору турат. Неге десең, курсактын тойгонунан көңүлдүн тойгону жогору турат.

Элдин кадырлоосуна жетем десең, адамга жакшылык кыла бил. Ошондо да этияттык менен жакшылык кыл: жакшылыкты билген бар, билбеген бар. Жакшылыкты билбеген адамдын көзүн ачуу үчүн да адөөлөт иш жасап көрүү абзел. Акыры, төбөсүнөн урган түркөй болбосо, өзүнүн пас экендигин сезет; пастыгын сезгени – көзү ачылганы. Адамдын көзүн ачуудан артык соопчулук жок. Ошондон улам элде: «Көзүңдү ачканга көр казба», – деген асыл сөз айтылып калган. Көзүңдү ачкан –устатың. Устат ыйык деп айтылат; устатына акарат келтирүү чоң күнөө деп айтылат.

Чагым сөзгө кулак төшөбө. Ага кулак төшөсөң, жакын санаалаш ага-туугандан, жолдош-жородон, сөөк-тамырдан ажырайсың. Чагым сөз ондуу сөз эмес: ал сага чейин чирик электен өтүп, оңду-тетирисинче айланып, түзү ийрейип, ылайга жуурулуп, жагымдуу даамы кетип, ууга айланган учурда жетет. Чагым сөз – жасалма сөз, ошон үчүн бир укканга уккулуктуу келет. Чагым сөз – ойдон чыгарылган опсуз сөз, ошон үчүн адеп укканда, үстүртөн боолгологондо чындыктай сезилет. Кептин кыскасы, уккан сөздүн чын-бышыгына жетпей, кулак төшөбө.

Бир адамды жек көрсөң, анын укум-тукумун, жек-жаатын жектебе. Жектеген адамыңа да жек көргөн сезимиңди билдирбе. Бул шертти аткарбасаң, өзүңдүн нааданчалыш экениңди билдирип аласың. Дегинкиси адамды жектөөдөн пайда чыкпайт. Жек көргөн адамдан кутулам десең, андан алыс бол, көзүнө чалдыкпай кой. Адам бөөдө жерден бирөөнү жектебейт. Жектөөдө эки тараптын биринен эси

жоктук иш кетет. Эси жок эч убакта ээилишкен туган, азиз дос болбойт. Мына ушуну да эстен чыгарбоо абзел.

Адам көп түрдүү, коп кырдуу, көп сырдуу. Баарынан да кошоматчыны андай бил. Кошоматчы кем акылды, көөдөнү көтөрүнкүлөрдү гана эмес, менменсинген мыктыларды да алдастатып акмак кыла турган азыткы. Ошондуктан кошоматчынын мактаганына, бапестеп алды-артыда, таманына май төшөгөнүнө алдырба. Кошоматчы эч убакта бирөөгө жакшылык жасабайт, ал өз мүдөөсүн гана көздойт. Кошоматчы эч убакта колунда жокторду, кембагалдарды жандабайт. Ал дайыма мансаптууларды, колунда барларды жандап, шынаарлап, жасакерленип, миң түрдүү кубулуп, амалданып, керек болсо, малын гана эмес, жанын да тартуулоого даяр сымактанып, устаттык менен ич коюнга кирет. Ал ишенимиңе өтүп алса, акыры олтүрдү дей бер. Кокус тайып, мансаптан, дөөлөттөн ажырасаң, сырдана болуп калган ал азыткы биринчи душман болуп чыга келет: отко күйүп атсаң, сууга агып бара жатсаң, кол сунбайт. Мындай шартта ал сенден кутулгуча шашат, дагы бир дөөлөттүүнүн колтугуна киргенге шашат. Мындай адамда инсандык жүз болбойт. Сөзүнө, убадасына турбаган адамдан сактан. Убадасыз адам – касиетсиз адам. Андай адамдын сөзү ала да, чала да болот. Бул да бирде болбосо бирде сызга отургузат. Убадасыз адамдын сырткы көрүнүшү да жылмаңдап турат, анын убадасыздыгынын күзгүсү сыяктанып турат. Убадасыз адам чаар ичеги. Тили жатык, ширин болгону менен, түпкү максаты башка. Андай адам деле асили өзүмчүл келет. Шарты келгенде анын ойт бермеси оңой эле, не дегенде жаралган жаратылышы, түпкү турпаты ошол да. Бул да – эки жүздүүлүк.

Өз оюңдагыны бербеген көк болбо. Акылдуу кеп-кеңешке моюн тос. Акылга көнгөн адам – ийги адам, жатык адам. Кеп-кеңешти ылайыгы менен кабылдаган адам түпкүлүгүндө бакты-таалайга жетет.

Оор жүгүндү, жүрөк өйүгөн дартынды, мунунду эч кимге айтпа, айткандан пайда жок. Оор жүктөн, муң-кайгыдан көтөрүмдүү болсоң Кудай арылтат. Аны жакындарыңа айтсаң, сени менен кошо кайгыга батат, касыңа айтсаң, кайра табалайт.

Э-э баатырым, насаатты дагы улантып айта берсе болор эле. Мен, бар болгону, жашоо-тиричиликте, адам мамилелеринде көбүрөөк назар салына турган урунттууларын гана айттым, – дегенде угуп отургандар ыраазы болуп, алкышын айтышкан экен.

## ОРМОН ХАНДЫН ДАГЫ БИР ТААРЫНЫЧЫ

Жай чилдесинде Каркырада дем алып, жайлоодо ыракаттанып жаткан Жантайдын төрүндө Ормон хан табышмак айтышып, Сарт акеден жеңилгенден кийин ичинен теригип, кабатырланып, кимге тийишердин айласын таппай турганда Мураталы бий көзүнө чалдыгат. Ошондо Мураталыга кайрылып:

– Ой, Мураталы, мен кээ бирөөлөрдүн сени баатыр деп жүргөнүн эшитип калдым. Сен качантан бери баатыр болгонсуң? Кандай эрдик жасадың эле биз укпаган? Мышык сопу болуп эле жүрчү элең, баатыр атагын кандайча чыгып калды, же үйүңдөгү жаман катындарыңа баатырлык кылып, колоң-кошуналарыңа баатыр атанып кеттиңби? – деп керкакшык менен атайы тийишип калат. Ормондун мындай кычаштык тийишине тымызын теригип отурган Мураталы бий:

– Мындан бир нече жыл мурун Боронбай султан Жуучунун өрдөшүндө, даанышмандар Сартбай менен Тилекмат Сүттүү-Булак, Чоң-Кызыл-Суудa, мен Чычкан, Жаргылчактын өрдөшүнө күздөөдө отурганбыз. Бир күнү кечинде, кой короого кирип калган маалда, көл жээгиндеги токойдо жайылып

жүргөн төө арасында жоон топ чоочун кишилер жүрөт, – деген кабар угулуп калды. Алар ким болду экен, билейинчи деген ниетте жөнсалды эле бастырып барсам, сарбагыштан келген он бештей жортуулчу экен. Алар мени көрөр замат, аял-буялга келбей, качырып сала бериште. Мен алардын көптүгүнө карабай, буйтап четке чыга береримде аты ыкчамыраактары жетип келе берди, улам бирөөнү камчы менен, көпөлөк учургансып учура чаба бердим. Баары камгактай болуп жерге учуп түшкөндөрүнүн колдорун аркасына байлап, аттарынын чылбыр, тизгинин моюндарына салып айдап жүрүп отуруп, Чоң-Жаргылчактын имерилишинен өткөрүп, баргыла эми, чөп желке сарбагыштар, көргөн кордугунарды Ормон көсөмүнөргө токпой-чачпай айтып баргыла! Ормонуңар көп эле болсо, менин көтөн чучугума быжы куюп бышырып жээр, же эн белгимди бирөөнөргө тумар кылып, мойнуңарга тагып берер, – деп тобун бузбай айылына жөнөтүп жибердим. Ошондо да, ханым, сиздин кадырыңызды сыйладым, болбосо чээнден чыккан чычкандай болгон каруусу жок сарбагыштардын башын көл жээгиндеги кумга сайып, ит-кушка жем кылмакмын дейт. Мураталынын ачуу менен айтылган бул сөзүн угуп, Ормон төрдө отурган жеринде үн катпай калат. Куйкасы тырышып, өлтүрсөң мейлиң, айтарымды жерине жеткире айттым дегендей моокуму кана түшкөн Мураталы тышка чыгып кетет. Оор сөздүн айынан Ормон тунжурап калганда, тымызын кош айтышып, калгандары да тышка чыгышат.

Ормон менен болгон чеки кепти Мураталы Балбай баатырга жеткирет. Элине кайтып барган соң Ормон хан да. Муратылыдан укканын Төрөгелди баатырына айтат. Төрөгелди, ханды капарына албай, текебер айтылган сөзгө бир териксе, сарбагыштарды чөп желке, ийинден ачка чыккан алсыз, арык суурга теңегенине ого бетер арданып, Саза деген тың

жигитин Мураталыга төмөнкүдөй шарт менен доо-матка жиберет!

– Ханга тили тийиптир. Бүтүндөй бир элди, оозуна ээ боло албай, мазактаптыр. Ошол айыбы үчүн бир аптанын ичинде тогуз күлүк атты, баш кылып, жүз жылкы айдап келип, ханга кулдук уруп, башым тартуу деп, кечирим сурасын. Эгер бул шартка көнбөйт экен, анда текебер, кесир сүйлөгөн немени тирүү кармап келип, оболу өзү айткан көтөн чучугун кестирип, андан соң алиги эн белгисин дүмүрү менен кесип, бирин итине, бирин өзүнө салам. Бул да ага аздык кылат: жаны көзүнө көрүнгөнчө кыйнап, айткан «тилиң ушулбу деп, тилин – таруудай майдалап кесип, эң акырында көптү көргон как башын алам, – дейт. Төрөгелди баатырдын бул айткандарын Саза аттан түшпөй туруп айтып, сыр көрсөтүп, терс бурулуп, атын моюнга чаап бастырып кетет.

Төрөгелди айттырган шартка Балбай баатыр да, Мураталы да, чабышам десе биз даярбыз деп, ынабай коюшат. Эртеси Боронбай болуш, Сарт аке, Тилекмат акелер оздөрүнчө кеңешип, кой, кел-кели келип турган ханга теңелбейли, ал эмне кылам десе колунан келип турбайбы, беде эл ичи канга бөлөнбөсүн, көпчүлүк кордук тартпасын, кайда калбаган мал эле. Ошончосу боодо өлүм-житимге деле учурап жатпайбы, же колубузда жок болсо экен! Ачуусу менен Мураталы да артыгыраак оор айтып койду. «Тилиңди тыйбасаң күнгө тете айып тартасың» деген – ушул. Мукендин айыбын чогуулап тартаалы, Мукең Ормон үчүн түккө турбаганы менен, биз үчүн кадырман адам эмеспи, – дешип айыпка көнүшөт.

Ошептип, Ормондун кан кудасы Боронбай болуш, Сарт аке, Солтонкул бай – үчөө жигиттерине жүз жылкыны айдатып алышып, Ормондун алдына барышат. Айып үчүн тартуу алып келгендердин шагын сындырбай, алигин алып, Ормон оңдуу кабыл алат. Кеп арасында Сарт аке:

– Таксыр, бүт карамагыныздагы калайык бир өзүнүздү карап олтурат. Сиздин оозунуздан эмне чыкса, бизге эм. Кудайым ошон үчүн сизди бизге хан, ыйык туу кылып жараткан. Калк болгон соң арасынан бир тентек, бир жөнток чыкпак койбойт тура. «Жакшы эл каратат, осол жер каратат», – деген ушул экен да. Өгүнү агаң Мураталы сиздин тамашаңызга теригип, кырстыгы башына чыгып, оозуна келгенди орунсуз айтып коюптур. Эми эл атасы хандыгыңызга, кеңдигинизге салып, кечирип коюнуз. Оозунан чыккан тетири сөзүнө өзү да өкүнүп, сиздин алдыңызга бастырып келе албады. Чоголдугун мойнуна алып жүрөт. Көлдүк элиңиздин атынан, биздин атыбыздан кечирип коюнуз. Ооздон беймаал чыгып кеткен сөздү капарыңызга албаңыз, көнүлүнүзгө түйбөңүз. Биз сиздин айкөлдүгүнүзгө түшүнөбүз, урматтайбыз. Эми, кечирим кылып, бизге кубаныч тартууланыз. Зоболонуз, даражаңыз мындан да жогоруласын, – дегенде Ормон орундуу сөзгө абдан муюп:

– Болуптур, кечирдим, жөнбилги, калк данакери Сартбай! Мураталынын жолу болсун! Ага тенелгенде жылдызга колум жетмек беле! Болду – болду. Бул сөздүн соңуна чыктык. Эми жайбаракат кепкенеш куруп отуралы, – диптир.

Ошентип, бугу менен сарбагыштын ортосунан чыгып кете турган дагы бир жанжал токтотулган экен, – деп айтылат элде.

## САРТ АКЕНИН ТИЛЕКМАТ АТАНЫН БАЛДАРЫН СЫНДАГАНЫ

Тилекмат акенин бардык байбичесинен он сегиз баласы болуптур. Байбичелеринин ичинен Кенжеке эне сегиз уул төрөптүр. Балдары жерден боорун алгандан тартып эле тай кунан мингизип, Кенжеке эне көчтө чогуу-чаран ээрчите жүрөр эле дешет.

Күндөрдүн биринде балдарымдын кимиси тың чыгар экен, эл-журтка алымдуу, эл башкарганы болоор бекен деген ниетте Сарт акеге сынатмак болот да, аны мейманга чакырат.

– Бэйбиче (Кенжекени айтып жатат), бүгүн үйгө кадырман мейман келет, жакшылап камылга көр. Балдар да эч жакка кетпесин, мейман келгенде, чогуусу менен үйдө болушсун, конок узатышсын, – дейт.

Болжошкон мезгилде жигиттери менен Сарт акенин келе жатканын көрүп, балдардын бири үйдөгүлөргө кабарлайт. Үйдөгүлөр ошол замат сыртка чыгышып, Сарт акени ызаат менен тосуп алышат. Ошондо балдардын арасынан Чыныбай озунуп чыгып, колун бооруна алып, салам айтып, акени аттан түшүрөт. Баланын жөнбилги, илберинки экенине жүрөгү жибип, Сарт аке:

– Кимдин баласысын? Атың ким? – дейт.

– Тилекматтын баласымын, атым – Чыныбай, – деп жооп берет бала. Анда Сарт аке:

– Акылдын козу, тунук дарыянын өзү болот экенсиң, балам. Болор уул – жанга жакын медер, ал он жылдык ишти алдын ала сезер. Суук көздөн алыс бол, балам! Сенин билимдүүлүгүң ким болорунду таразалап турбайбы. Элге таанылып, кадырбаркын өскөн сайын, атаң Тилекмат сыяктуу түйшүгүң көбөйөт экен, балам. Өмүрүң калк тагдыры менен чырмалышат тура, балам. Атаң өңдүү эл мүдөөсүнө чыйкан болгондордун колкосун үз. Элдин арка-бели бол, балам. Элге ала-буласы жок тегиз бол, балам. Элиң үчүн бийик да, ыйык да арка бол, балам. Ыйманын сүттөй таза, пейлиң кебездей ак да, жумшак да болсун, балам. Билиминден, туюмундан көөр төгүлсүн, балам. Эл ынтымагынын туткасы бол, балам. Акыйкаттын, чындыктын бийик чокусу бол, балам. Колдогон кожоң эл ыраазычылыгы, эл батасы болсун, балам. Атаң өңдүү мансапка жеткенде маашырканбай жаша, балам, – деп абдан жибип, ыраазычылыгын айтыптыр.

Тилешим, Кудай ишинди оңдогон тура. Ушул балаң чыгаан мыкты, билерман болот, буюрса, – дейт.

Меймандар үйгө киргенден кийин, Кыдыр-Алейсалам айтып тургансып, Чыныбай төрдө олтурган Сарт акенин жанына келип, анын оң тизесине башын коюп, эркелеп отура кетет. Баланын бул кылыгына Кенжеке эне уялып, акемди жаздана отурат дегендей ишарат кылганын Сарт аке сезип:

– Балам, уялба. Чоңдун да, наристе баланын да сүйгөн адамы болот. Чыныбай неберем экөөбүздүн жылдызыбыз бири-бирибизге төп келип, жанып турат окшоду. Бизди жайыбызга койгула, экөөбүз өз билгенибиздей отуралы, – дейт.

Бир оокумда чыпчыргасын коротпой казанга түшкөн кой эти бышып, табакка түшкөндө Сарт аке:

– Кенжеке балам, мен бир бийлик кылайын. Сен бизге өлчөп эле тарт. Өзүнчө бир чоң табак жасап, башы менен кошо балдарга тартчы, – деп суранат. Акесинин сөзүн эки кылбаган эне айткандай табак тарттырат. Сарт аке астыртан байкап отурса, Чыныбай озунуп, түз эле башты алат да, баштын жолдошу болсун деп каржиликти, андан соң ичеги-карындын арасынан жүрөктү алып, алдына коот.

Эт желип жаткан арада Тилекмат аке Сарт акеге кайрылып, өз баамында Чымырбайды жактырарын айтат, Анда Сарт аке:

– Тилешим, ата-энеге баланын баары эле жакшы. Бала Кудайдын берген белеги эмеспи. Чымырбайың деле топ аралаган, көч алдында жүргөн адам болот, буюрса. Калган балдарың киши көзүн карабаган, өз ырыскысы өзүнө жетиштүү, ынтымак уялаган адамдар болушат. Ошондо да тиги Чыныбайың, жана айтпадымбы, зоболосу бийик болот, бирок чиркиндин каршы чыккан душмандары көп болор. Ага деле моюн бербес. Өзүңдү тартып тукуму өсүп, бир айыл эл болот, – дейт.

Айткандай, баралына жеткенде Чыныбай мыкты чыгып, султан болуп, өөздүн жардамчысы даражасына жеткен экен.

## КИМДЕ КАНДАЙ КАСИЕТ БАР?

Илгери көлдүн күнгөйүндөгү Чоң-Ак-Сууда чоң жыйын болуп, бугу, сарбагыштын алыш-бериш өз ара дооматтары, жөнүндө сөз болот. Бардык иштер ондуу – чыр-чатак, талаш-тартышсыз чечилет. Ошондон кайра келе жатышып, Тасмада күздөөдө отурган Алыбектикине жоон топ көл мыктылары келип түшүшөт. Сөздөн сөз чыгып отуруп, бироокумда Бирназар бий ата, Сартбай балам, биз көрүп-билип жүргөн мыктылардын кимисинде кандай касиеттери бар? Ошол жөнүндө айтып берчи. Илгерикийин бала-чакалар Сарт акебиз айткан экен деп эстей жүрүшсүн дегенде, болуптур Бирназар ата, билишимче айтып берейин, – деп мыктыларды мүнөздөгөн экен:

– Ата-бабабызды билели дегендер, Бирназар ата, сизге барышсын, исламды ыйык тутуп, Кудайдын кулу, Мукамбет пайгамбарымдын үмөтү болом дегендер Мекеге, Мединага барышсын, Кудайдан ыйман тилегендер касиеттүү Сулайман тоосуна барып сыйынышсын, болочокту билгиси келгендер азиз Калыгул акеге кайрылышсын, бата тилегендер батакөй Мойут акеге барышсын, убададан тайбаган жолдош асырагысы келгендер чоң Карачка барышсын, улуу жаш, өскөн баш сурагандар Карга бийге барышсын, мал сурагандар Чолпон-Атага сыйынышсын, Кудайдан улуу тилек кылгандар Манжылыга тайынышсын, түз жол сурагандар кичи Карачка барышсын, отун, өскөн дарак сурагандар Томого барышсын, бийлик, өрүш сурагандар Боромбай султанга кайрылышсын, боосу бек бий болом дегендер Мураталыга барышсын, жоктон бар кылган айлакер болом дегендер Тилекматка барышсын, бийликке кол сунгандар Зарыпбекке барышсын, эл багам, эл коргойм дегендер Балбай баатырга, Өмүр баатырга, Жанек, Ногой баатырларга барышсын, сыр сурагандар Алыбекке барышсын, чырды, каа-

лагандар Чагаалдакка барышсын, малдуу болом дегендер Солтонкулга барышсын, кыз тандагандар Жантайга барышсын, өкүмдар болом дегендер Ормонго барышсын, кара кылды как жарган калыс болом дегендер Шаменге барышсын, тукумум билимдүү болсун дегендер Байтик баатырга барышсын, манап болом дегендер Чокого барышсын, «Манас» угам дегендер Чоюкеге барышсын, табыят сырып, жыл болмушун билем дегендер Маанакеге барышсын, орус жайын билем дегендер Качыбектей болушсун, калмак жайын билгиси келгендер Чурумга барышсын, Кокон хан ордосунун сырын билгиси келгендер Алымбек даткага барышсын.

Бирназар ата, кыргыз арасында булардан башка да эл-журтка алымдуу, кадырлуу, ханга, бекке тете мыктылар көк. Алардын баарын санап отурса арбын эле. Дегинкиси, мыктыны мыкты деп билип, ынтымактуу болсок, атагыбыз даңкыбыз, Урумга, Кырымга, бүт Ааламга даңаза болоор, «Алтоо ала болсо, алдындагысын алдырар, ынтымактуу болсо, ободогуну алар» деген кеп бар эмеспи. Сеники, меники деп бөлүшпөй, түндүгүбүздөн түтүн булатсак, колтугубузду душманга ачпасак, жумурай журтубуз ирегелеш, ырыскылаш болсо, ким биздин арабызга муздак жел жүргүзө алат? – деп сөзүн кыска аяктаганда, бул айткандарындын калети жок, акылманым, ойдо кала турган сөз болду, – дешип үйлөрүнө кайтышкан экен.

## ЖЕҢИЛБЕЙ ТУРГАН НЕРСЕ ЖОК

Илгери көл мыктылары чогуу-чаран жайкысын айтылуу Каркырага жайлоочу экен. Колунда барлар айыл-айылы менен ордош жайыт бере баштаганда эле тоо таяна беришчү дешет. Ошондой жылдардын биринде Мойут аке, Боронбай султан, Зарыпбек мыкчегер, бала Карач, Тилекмат аке, Сарт

аке жана Балбай, Стам, Жанек, Ногой баатырлар Каркыранын Жүрөк деген жерине келип, өрүү болуп калышат.

Ошол жылы көл айланасына кар калың түшүп, кыш оор болот. Анын үстүнө жаздын мойну да узун болуп, мал-жан зыянга көп учурап, элдин бели майтарылып, кыйла эл мүңкүрөп, ачарчылык, тумоо каптайт. Ар айылда болгон чыгашаны, жокчулук, жакырчылыкка аргасыз моюн тосуп, өлбө жаным, өлбө менен илкип калгандарды, кеп салышып, алдуу, алсызды түгөлдөп отурушканда, Сарт аке:

– Кудайдын башка салганын көтөрбөскө чара жок. Башты жерге салып, болуп өткөндү эскерип, муңайгандан пайда жок. Мал өсөт, баш өсөт, өскөн жоктун ордун толтурат; Бул жалганда женилбей турган нерсе жок. Калайык ынтымактуу болуп, бардары жогуна каралашса, бул абалдан да чыгабыз: жокчулукту барчылык, өлүмдү тирүүчүлүк женет; бөксөнүн да орду толот; асили алсызды алдуу, кем акылды акылдуу, бейнасипти насиптүү, ыймансызды ыймандуу, жакырчылыкты бакырчылык женип келген, адам жашоосу мына ушинтип уланып келген. Жашоо бир калыпта болбойт; бай, анын тукуму түбөлүк бай бойдон калбайт; жарды, анын тукуму түбөлүк жарды бойдон калбайт. Турмуш, жашоо-тиричилик деген оошот: атүгүл бай жардыга, жарды байга айланат. Келме кезек деген – ошол. Тирүү болсок баарын женербиз. «Өлгөн арыстандан тирүү күчүк артык» деген кеп бар эмеспи. Элдин тирүү калгандарына каниет кылалы. Жашоодо болгон – койгондун баары убактылуу, баары буюрганына жараша: алдың толо-аш болсо да, буюрганын жейсин. Бул жалганда Аллах-таала шыбаа кылган үч кайыптын негизинде өмүр сүрөбүз: даам кайып, жүз кайып, нике кайып делинет.

Өткөн кыш алаамат түшүрдү, оор болду. Кыш бою бири-бирибизге катташа албай калдык эле, эми минтип аман-эсен калгандарыбыз жүз көрүшүп оту-

рабыз. Шыбаа болуп, даам кайып буюрган экен, минтип бет маңдай даам татып отурабыз. Кудайдын мунусуна да шүгүр.

Бул кышта көбүнөр колдун кокүрөк жагында болуп (колдун кокүрогүндө кардын калыңдыгынан ат бура тартып баса албай калган дешет), Карга абадан кабар ала албадынар. Көзүнүн тирүүсүндө Тилекмат экөөбүз арандан зорго барып учураштык. Кудай сүйгөн карыянын батасын алдык. Баарына бизден дубай салам айттырган. Карга абанын кайтыш болгонун көкүрөккө, кечигип болсо да, биз кабарладык.

Эми баарыбыз чогулуп куран окутканыбыз болсун, жылдык ашын бала-бакырасы менен бирге чогулуп өткөрөлү, кандай дейсинер? – дегенде баары макул болушуп, ошол эскерип отурган жеринде Карга атага арнап, куран окутушкан экен.

Ушул отурушта Карга атанын берген батасын Сарт аке көпчүлүк алдында айтып берет:

– Ээ, каректерим, силерди суу атасы Сулайман колдосун; Аалам атасы Көкө Теңир колдосун; ашуусу бийик тоо атасы Дабан колдосун; мал атасы Кайберен колдосун; – деп демин ичине алып, ойлонуп батасын улайт:

– Күтүүсүз бүлүк салган көчкүдөн сактасын; жалындап күйгөн өрттөн сактасын; капыстан келген жоодон сактасын; агыны катуу селден сактасын; күбүр сөздөн, каардуу хандын касабасынан сактасын; көр азаптан, жол азабынан сактасын; айтканыңар элге эм болсун; зоболонор хандар менен тең болсун; эл арасы бейкут болсун; оозуңарга алганыңар чындык болсун; дитиңерге келген оюнар ишке ашсын; элди бузганды жер көчкү бассын; жайытыңар жайлуу болсун; өрүшүнөрдү мал бассын; бала-чаканар жөндүү болсун; кыз-кыркыңыңар эптүү, көрктүү болсун; үйүнөрдөн ырыскы-даам өксүбөсүн; кап-куржунуңар бөксөрбөсүн; быйылкыдай кыштын жутунан сактасын; үйүңөр жыртык болбосун; үзүк, ту-

урдугунардын өнү өчпөсүн; очогунардан от өчпөсүн; дасмалыңардан аш кетпесин; аял испеттүүнүн чачы кыркылбасын; элиңерге даанышманыңар баш болсун, – деп алакан жайып, дилиндеги ак батасын бериптир.

Аллах-таала менден жашты (жүз онго чыккан дешет), өнүп-өскөн башты аяган жок (Карга ата он эки уул көрүптүр). Менден бата сурагандар көп эле болду, бирок жашты эч ким сурай элек эле. Тилекмат балам жаш сурады; ага жашымды бердим, укум-тукуму өссүн деп тилек кылдым, – дептир. Батасынын бири төп болуп, Тилекмат аке он сегиз уулдуу болгон экен.

*Кудайберген Ачикеев*

## ТИЛЕКМАТ ЖЫЛКЫАЙДАР УУЛУ
**(1800–1863-жж., Ысыккөл өрөөнү)**

Тилекмат ата жөнүндө эл ичинде кеңири айтылып келе жаткан санжыралар, тарыхта жазылган окуялар, уламыштар, чексиз көп, ар кандай багытта айтылып жүрөт. Тилекмат ата жашаган заманында из калтырган ойлогон ою, жасаган кыймылы, аткарган иши Түндүк Кыргызстанда эл арасында топтордун, уруктардын, уруулардын, улуттардын жеке адамга чексиз татаал, кандуу кагылыштарынан пайда болгон карым-катнаштарынын учунда, так борборунда өткөн экен. Тилекмат атанын аткарган иши атаандашып, ат чабышкан уруктардын, уруулардын, улуттардын манаптары, бийлери, султаны, хандарынын арасында табылгыс пайда берип, кансыз жеңишке жетип, чексиз даражага көтөрүлүптүр. Жашаган жерине, журтуна, элине, эгемендүү коопсуздук, салтанаттуу багыт, дөөлөттүү жол, кансыз жеңиш алып келиптир. Атаандашып эрегишкен топтор, уруктар, уруулардын бирөөлөрү жеңишке жетишип, экинчилери намыстанышып, «жыгылган күрөшкө тойбойт» болгондой, чагымды улантып ырбаткан. Окуянын артындагы абалга жараша уламыштар, санжыралар, ушактар, бурмалоолор да күрөшкө катышкан, манаптардын, бийлердин каалоолору боюнча жекече изге түшүрүлгөн. Бирок убакыт өзү талдап, элдин жүрөгүнөн чыккан чыныгы терең сүйүүсү тарыхта санжыраларды, уламыштарды, касиеттүү окуяларды ардактаган, урматтаган,

сыймыктанган уулуна арнап, дээринде терең сактап, оюнан, оозунан кетирген эмес. Убакыт өтүп, замана астыга учкан сайын, Тилекмат атанын аты, жасаган иштеринин мааниси, көбөйгөндөн көбөйүп, сөздөн сөзгө артылып, токтолбой кенейип, уланып өрдөп бара жатат.

## ЭР ЖҮРӨК ЭЛЧИ ХАН

Тагай бийдин заманынан бери Амир-Темирдин уулдары, неберелери бийлеп келе-жаткан Букар хандыгы, он жетинчи кылымдын аягында бийлиги бошондоп, бытыранды болуп, майда бектерге ажырап кетет. Өзбектин миң тукумунан чыккан бийлик ээлери 1710-жылы «Кокон хандыгын» негиздеп, Орто Азияда ири феодалдык мамлекетти кайра түзүшкөн. Бирок, ал кезде «хан» деген наам алыш үчүн, түпкү теги «хан даражасында» – «Саки пкиран» болуш керек эле. Өзбектин мин тукумунда андайлар даяр болбогондуктан, «Саки пкиран» га жетүүнүн амалын издеп, тажик молдо Шариптин жардамы менен, Кокондун бийи Нарбото бий, түпкү атасын Амир-Темирдин вазирлеринин тукуму менен байланыштырат. Нарбото бий уулу Алымды 1800-жылы Ак жайнамазга отургузуп, анын жээгине эрендердин жолдугу деп, жигиттеринин бирөөн мууздатап, Алымдын кылычын кынынан чыгарып, хандын кылычы деп, чоң кылычты канга малып, аны Алымдын куруна байлатат. Алымды мууздалган жигиттин башынан үч аттатып, шарияттан Шарип молдого «Кутба» окутуп, Алымды хан көтөрөт. Кокон хандыгы башталат. Алым хандан кийин Омор хан, андан кийин 1820-жылы Мадалы хан Кокон хандыгына хан болуп, 1845-жылга чейин бийлеген. Мадалы хандын кенешчилери күчтүү болуп, мамлекеттин аймактарына аскер турган коргонуу чебин тургузушуп, согуштун жаңы ыкмаларын билген аскерлерин чептерге толтуруп, жаңы,

тез аткан мылтыктар менен урууларынын баарын күч менен Кокон хандыгына баш ийдирип, багынтканга жетишкен.

Бугу уруусу Каркырадан, Сары-Жаздан, Ак-Шыйрак, Текес тараптагы сырткы жайлоолордон көчүп келип, күзгү жайлоочу белдерде, кыштоолорго багынтталган кеч күздө бейкуттап отуруп калышкан мезгил эле. Кокондун Мадалы ханы атайын даярданып, Пишпектеги чебин кайтарган аскерине Кокондон кошумча кол кошуп жиберет. Түндүк кыргыздардын эбин билген Пишпектеги чептин аскер башчысына башкартып, үч миңден артык аскери менен багына элек Бугу элине жортуулга Ысык-Көлдүн тескей жагынан басып чыгат. Басып алууну көздөгөн Аскер башчысы, жолдо кезиккендердин теңин өлтүртүп, теңин астына салып кубалап, качырып, Тамганын чатына келип түшүп, чатырларды тиктирип, аскерин жайгаштырып, күзөттөрдү төрт тарапка катарлап койдуруп, Бугунун бийлерине, Боромбайга кат жазып, элчисине эки жигитти кошуп жиберди. Качып келгендерден суук кабарды уккан Боромбай, жигиттерин жиберип, аскердин санын, курал жабдыгын, тамак-ашын баамдап келгиле деп туш-тарабына жөнөттү. Элчи сурамжылап жүрүп отуруп, Боромбайдын айылын таап барып, катты өз колуна тапшырат. Катты молдосуна окутса, «Бугу элин ким бийлейт? Ханыңар же бигинер барбы? Бар болсо да, жок болсо да Кокон хандыгынын бийлигине өткүлө, Талас, Чүй, Кемин, Кочкор, Нарындагы кыргыздар Кокон хандыгына моюн сунушту. Өз ыктыярыңар менен багынбасаңар кырып, багынтабыз, олжолойбуз. Же бегиңер өзү, тез арада келип айтсын!» – деп коркутуп, опузалап жазып жибериптир.

Боромбай элчиден аянбай, үч күн меймандатып, белектерге батырат, башынан аягына чейин кыргыз кийимин кийгизет. Ушул маалда, чалгынга жиберген жигиттери келип, «Аскердин саны үч миң-

ден беш минге чейин экен. Тенинен көбү беш атар мылтык менен куралданышыптыр. Найзалары жок, жалан кылыч, канжарлар менен куралданган экен», – деп Боромбайдын куралдуу каршылык көрсөтөйүн деген оюн таш-талкан кылды. Элчиге, «өз эркибиз менен моюн сунабыз», – деп жоопту айтып барыңыз, мобул жигиттен жообун айттырып ийиңиз», – деп бир жигитин кошуп узатты. Бугу элинин манаптары, бийлери, билермандары Боромбайдын өргөсүнөн кетпей, бушайман болуп, жооп күтүп, кыйналышты. Кеткен жигиттен дайын жок. Боромбай аксакалдар менен кеңешип, кошумча дагы, эки жигитти элчилетип, Тамганын чатына жөнөттү. Тынчсызданып, баары жооп күтүштү, болжолдогон мөөнөттүн баары өттү. Кеткен эки жигиттен кабар келбей, алар да дайынсыз жоголду. Жоголгон элчилердин туугандарынын үрөйү учуп, үйлөрүнөн ыйдын үнү чыга баштады. Аларга кошумча, басып келаткан жоодон качып кутулуп келгендердин айтуусу кошулуп, согушка даярдыгы болбой калган Бугу эли дүрбөлөң болду. Эл арасында каардуу кырдаалдын олку-солку боло баштаганын сезип, кыштын согончокту басып келатканын байкап, бир жамандык жалгыз келбесин айта башташты, кан төгүлбөй чечилсе болот эле деп, үмүттөнүштү. Боромбайдын Ак өргөсүндө Бирназардан Муратаалы, Алыбай уруудан Солтонкул, Шапактан Өмүр баатыр, Белектен Балбай баатыр, Саяктан Садыр аке, Дөөлөстөн Сарт аке, күнгөйдөн Канкелди, Шералынын Качыбеги жана башка билермандар, манаптар, бийлер үч күн бою сүйлөшүүлөр болду. Боромбай: «Кана, аксакалдар эми элчиликке кимди жиберели, колунан келчү киши барбы?» – деп маселени кырынан койду. Өз ичинде Боромбай, ушул кеңешке катышкандардын бирөө барып, Кокон хандыгынын аскер башчысы менен тил табышып, элдин башына түшүп турган ишти бүтүрүп берер бекен деген эле. Билермандар өз баштарын ала качып, баланча жарайт, түкүнчөнүн колунан келет деп, башкалар-

ды мактап, улам бирөөн сунушка коргөзүп туруп алышты. «Кемегенин жанында өскон бала – аюу» дегендей, элчиликке бел байлаар уул, санжыралуу манап тукумдарынан чыкпады. Боромбай үч күндөн бери үндөбөй отурган дөөлөс Сарт акеге кайрылып, «Сиз эмне үндөбөйсүз Сарт аке? Ушул жерде отургандардын колунан келер киши жокпу?» – деп күйгөн оюн айтты. «Эгер көнүлдөнсө Мураталынын колунан келет», – деди Сарт аке. «Ырас эле, бел байлап барып бербейсиңби?» – деп, кайрылды Боромбай Муратаалыны тиктеп. «Жок, мен бара албайм, бир айдан бери табым жок, сыркоолоп жүрөм», – деди Мураталы, башын энкейтип, жер карап. Баары тунжурап көпкө отурушту. Кылдат иште, койгон негизги максатты акылдын жолуна, тилдин учу менен көтөрүп, максатын ишке ашырып келе турган киши табылбай турганына Бугу уруусунун бийи Боромбай, санын мыкчып, өкүнүп отурду. Бир топтон кийин, дөөлөс Сарт аке «Бул ишке, эп көрсөңөр, аттанып түшө турган жигит Жылкыайдардын уулу Тилекмат. Тилекмат жарайт. Жаштыгына карабасак, андан башка эч ким жарабайт. Чакыргыла, сүйлөшөлү!» – деди. Отурган билермандар, манаптар, жанданып, сүйүнүп кетишти. Тилекматтын элге таанымал болгон иштерин эстеп, Боромбайга аны мактап, Сарт акенин пикирин кубатташты. Бир четинен анын кербендин тоөсүн жетелеп, Анжиян, Букара, Самарканга барып, өзбектердин дилин билерин эстеп, ойлошсо, экинчи четинен «Жоо колунан кимдир бирөөгө өлүм буйруса, ошол кулдун тукуму шейит кетсин», – деп ой толгошту.

Адегенде атасына айтып, сүйлөшөлү деп, Жылкыайдарды айылга жигит чаптырып, кеңешке алып келишти. Жылкыайдар босогону аттап салам айтаар замат, Боромбай өкүм айтты – «Уулуң Тилекматты, Тамганын чатындагы жоого, элчиликке барып келсин деп жатабыз! Барып, уулуна айтып, даярдап, биякка алып кел! «Жаш эмеспи, катыгүн!

Андай жооптуу ишке кантип барат?» – деп Жылкыайдар катуу чочуп, калтаарыды. «Отурган билерман, бектердин баары эп көрүп, эл-жерди көрүп, алыс-жакынды билип, Тилекмат тирикарак чыкты, барып келсин деп чечтик. Уулуңду жаш деп, эми кайра бешикке бөлөмөк белен!» – деп, Боромбай катаал көзү менен Жылкыайдарды теше тиктеп калды. Мураталы манаптын жылкычысы Жылкыайдар көзүн ала качып, карбаластап, «Макул бий, макул, барып, сүйлөшүп көрөйүн», – деп чыгып кетти. Бир асмай атымдан кийин кайра кирди. «Бийим айып этпесениз, уулумдун ордуна өзүм барып берейин», – деди ыйламсыраган Жылкыайдар. Сарт аке үнүн көтөрүнкү чыгарып, «Тилекмат эми жигит болуп калбадыбы! Өзү тайманбас эр жүрөк, баскан кыймылы ойлуу, эптүү, сөздү таамай таап айта билет, бул иш анын колунан келет», – деп Жылкыайдарды, отургандарды ынандыра сүйлөдү. «Жок аксакал, сиздин колуңуздан келер иш эмес, тезирээк барып, уулунузга сүйлөшүп, даярдап, жообу менен өзүн алып келиңиз!» – деп, Боромбай ачууланган үнү менен кесип айтты. «Болуптур бийим!» – деп карыган жылкычы эки колун бооруна алып, жүгүнүп чыгып кетти.

Жайыттагы Мураталы бийдин жылкысына жеткиче, Жылкыайдар ыйлап жүрүп отурду. Жакындаганда, көз жашын көйнөгүнүн этеги менен сүртүп, көзү кызарып, кайгырганы билинип турду. Тилекмат кайкы беттен атасынын келе жатканын көрүп, тез эле бастырып, түшүп келди. Саламдашкандан кийин жасалма жайдарланган Жыйлкыайдар, «Бийлер, билермандар, аталарын менен аваларың кеңешип, сени Кокон хандыгынын Тамганын чатындагы аскерине элчиликке барып келсин деп сурап жатышат. Эмне жооп айтабыз, балам?» – деди. «Ага капаланбай эле коюнуз, ата. Эл, журт бар десе, барам да», – деди Тилекмат. «Барган элчилер кайрылып келбей жатпайбы? Бул элчилик накта эле өлүмгө баргандык болуп жатпайбы?» – деп, Жыл-

кыайдардын көзүнөн жаш чыгып кетти. «Андан коркпонуз ата. Сиз аксакалдарга минтип айтыңыз. «Мен барсам, ханга ылайык кийим-кече кийип, хандын тулпарындай жасаланган, ээр токуму менен келишкен ат минип, катты шыдыр жазган молдо коштоп, атамдын ысымы менен менин өз ысымым жазылган мөөрдү алып, беш жарак-жабдыктуу жигиттерге коштотуп, Бугу элинин атынан барам. Эгер бул шарттын бирөө дагы даяр болбосо, башымды кесип алышса да, мен барбаймын», – деп айтты», – деп жалтанбай эле айтып барыңыз, деди Тилекмат. Жылкыайдардын сөзүн билермандар угуп, Боромбай баш болуп түнү менен Тилекматтын оюн, так даярдап аткарышып, Тилекматтын Кокон хандыгынын аскер башчысына айтчу сөздөрдү жалпысынан макулдашат. Тилекматты күн чыкканда жолго узатышты. Жылкыайдар Тилекматты Ак-Кочкордун Тал-Мырзасынан тосуп, «Эркек баланы кудай ар намыска, эркек козуну кудай курмандыкка жараткан. Тебетейчендин намысын кетирбелгиле!» – дечү эле Бирназар чоң атаң. Бирназар чоң атаңдын аткарып жүргөн ишиндей ишке бара жатасың, балам. Бирназар чоң атаңдын арбагы колдосун. Ийгиликке жетишип кел балам. Мен Оргочордун башында кароол карап, сени күтүп, жети күн болом, жетинчи күнү кабарың болбосо, мени дагы тирүү деп эсептебей эле койгун балам», – деп, Жылкыайдар Тилекматты узатып, Оргочордун кырына чыгып кеткен экен.

Тамганын чатындагы аскер башчысы Бугу элинин келе турган жагына күзөтүү катарлап, Чычкандан баштап үч жерге кароол койгон экен. Атайын көрсөтмө боюнча биринчи тосмого жакындаганда, күзөттө турган аскер жигиттери, келе жаткандардын жүрөгүнүн суусун алабыз деп, баштарынан алыс, капталдарына кыйгачтатып, тарсылдатып ок атышат. Тилекматтын жигиттеринин аты үркүп, бута атымдай артка чаап, Тилекмат октун, башынан-капталынан учканына карабай түз кетип бара

жатканын көрүп, кайра ага чаап келип кошулушту. Биринчи тосмонун башчысына Тилекмат, «Бугунун ханы сүйлөшүүгө келе жатат. Кокон хандыгынын Аскер башчысы кабыл алабы?» – деп айтып, уруксат күттү. Тез аранын ичинде, өзүлөрүнүн белги берүүлөрү аркалуу, Аскер башчысынан алынган маалымат боюнча, жоонун торт жигити Тилекматтын тобун коштоп Тамганын чатына жөнөштү. Кийинки тосмолордон өтүп, Тамганын чатына чыгып, аскер жайгашкан чатырлардын арасынан өткөзүп, Аскер башчысынын Ак өргөсүнө алып барды. Аскер башчысынын Ак өргөсүнө жакындаганда, Тилекмат аттан түштү. Тилекмат молдосун ээрчитип, эки жигити эки жагынан колтуктап, алкынган ак боз атын, эки жигитине суулугунан жетелетип, кабар алып, күтүп турган Кокон хандыгынын Аскер башчысына карай жерге төшөлгөн жол килемди үстү менен басып, өргөнүн астында жанжөкөрлөрү менен тосуп турган Аскер башчысына ийилип салам айтты. Аскер башчысы, мылтыктын огунан, аскердин сүрүнөн тайманбай шарт, токтоо, салабаттуу келген кишиге таң калып карап, «Сиз ким болосуз?» – деп сурады. «Мен Жылкыайдар уулу Тилекматмын. Ысык-Көлдөгү Бугу элинин ханымын. Кат жибериптирсиз, өзүмдү келсин дептирсиз. Келдим!» – деди Тилекмат, Аскер башчысын тике карап. Кыска мурутчан, узун бойлуу, кооз жарак-жабдыктуу аскер башчысы Тилекматты башынан аягына чейин кызыга карап, «А, Боромбай деген ким?» – деп сурады. «Боромбай бизде, Белек тукумунун бийи.

Катыңызда Бугу уруусунун ханы менен сүйлөшөм деген турбайсызбы? Ошон үчүн мен өзүм келдим!» – деп, Тилекмат сөз баштады. «Ооба, талап ошондой. Үйгө кириңиз», – деп, аскер башчысы колу менен жол көргөзүп, мылтыкчан күзөтчү эшик ачып, Тилекмат жаш болсо да, хан болгондуктан аскер башчысынын астына өтүп, басып үйгө кирди. Аскер башчысы кирип, Тилекматка төрдөн орун

коргозуп, өзү Тилекматтын оң жагына отуруп, кеп баштады.

«Кокон хандыгы Таластагы, Чүйдөгү, Кеминдеги, Нарындагы кыргыздардын урууларын оз карамагына откоздү. Алар, азыр тиешелүү түрдо, Кокон хандыгына салык төлөп турушат. Сиз дагы элиниз менен Кокон ханына багынасызбы, же жокпу? Макул же жок деп азыр, озүңүз хан катары, ачык жообун айтыңыз! Согушабыз десеңиз менин аскерим даяр!» – деп аскер башчысы маселени кабыргасынан коюп, негизги максатына жжетүүнү көздөдү. Тилекмат аскер башчысынын созүн кылдат менен тыңшап угуп, Боромбайдын өргөсүндө билермандар менен чечилген кепти эстеп, аскердин күчүн баамдап, өзүнчө ичинен ойлонуп, жооп даярдап, жооп айтты. «Кыргыздын оң, сол канаты, ичкилик, аркалык туугандар Кокон хандыгына баш ийип, макул деп турганда, Бугу эли өз туугандарыбыздан бөлүнбөй, биз дагы макул деп Кокон хандыгына баш иебиз. Туугандарыбыздан бөлүнбөйбүз, баш тартпайбыз. Силер чабуул баштап кан төгүүгө умтулбасаңар, мен Бугу элинин куралган колуна буйрук жиберип, жай-жайына таратам!» – деп, Тилекмат салмак менен шарт-шарт сүйлөп, башын ийкеп койду. Негизги максаты ишке ашып, ийгиликке жетээрин сезе түшкөн аскер башчысы, үйгө түр-дүйнө даам алып кирсин деп буйурду. Тилекматтын айтканы саясий кагазга түшүрүлүп, Бугу эли Кокон хандыгына баш ийип, карайт деген келишимге аскер башчысы Тилекмат экөө мөөрлөрүн басышты. Тилекмат, «Сиз мага ачык айтыңызчы? Биз Кокон хандыгына кандай салык беришибиз керек? Аны ким жыйнап турат?» – деп сурады. «Жылына бир жолу бир түтүндөн – «түтүн-зекет» деп жыйырма тыйындан бересиңер. Силерче айтканда, Чүй, Кемин, Нарындагы уруулар менен сүйлөшкөн боюнча, силер дагы, жүз койдон беш кой, жүз жылкыдан үч жылкы, жүз уйдан үч уй чогултуп, өзүңөр Бишкектеги

чепке жеткизип берип турасынар!» – деди аскер башчысы. Тилекмат, «Мен сиз менен салык боюнча сodалашпай эле коеюн. Мен макулмун!» – деп, босогодо буйрук күтүп турган жигиттен молдосун чакыртып, молдосу экөө, элдин кызыкчылыгына карап эсептешти. «Быйылкысына беш жүз жылкы, миң кой, жүз уй Кокон хандыгына беребиз», – деп милдеттенип, Тилекмат, Бугу уруусунун ханы катары, мөөрүн басып берди. Быйылкы жылдын салыгы деп биринчи салыктагы малды кышка чейин айдап, Пишпекке жеткизип бермек болушту. Аскер башчысы Тилекматтын салабаттуулугун байкап, эстүүлүгүнө, сарамжалдуулугуна баа берип, койгон маселесинин баары жеңил, шарт чечилгенине ыраазы болуп, Кокон хандыгы тарабынан даярдалган белектерди берип, Тилекматка асыл таш, шуруу, каухарлар менен кооздоп, алтын жип менен тигилген, чымкый кызыл чепкен кийгизди. «Жылкыайдар уулу Тилекмат Ысык-Көлдү ээлеген Бугу элинин ханы, Кокон хандыгынын мамлекеттине карайт. Бугу элин, Тилекматты Кокон хандыгынын аскери менен колдойт», – деп араб, кытай тамгасы менен жазылган, Мадалы хандын мөөрү басылган күбөлүк кат берди. Бугу элинин «ханы» Тилекматты үч күн меймандап, үчүнчү күнү эртең менен Аскер башчысы жан-жөкөрлөрү менен коштоп, Барскоондун айдыңынан өткөзүп, узатышты. Коштошоордо Тилекмат, «Мен жиберген элчилерден кабар келбеди, дайны жок, кабарсыз жоголушту. Алар кайда? Кайра бербейсизби?» – деп, Аскер башчысынан сурады, «Сиз чакырткан убагында жоопко келбей, кармалганда, элчилериңизди өлтүрткөнбүз. Алардын өлүмү биздин келишимге чейинки кагылышуудан чыкты. Алардын куну болбойт. Биздин түзгөн келишимден кийинки маселерибиз эсепте болот», – деп, жооп берди Аскер башчысы. Бугу элинин «ханы» Тилекматты айлына узатып, Кокон хандыгынын колу кайтып түшкө маал, Пишпекке карай жол тартышты.

Тилекмат, тил кат жазган молдосу, беш жигити менен Оргочордун этегинен атасы Жылкыайдар менен кезигип, Боромбайдын оргөсүндө күтүп отурушкан Бугунун бийлери, билермандары, аксакалдарына бет алып жөнөп кетти. Тилекмат Боромбай баш болуп чогулган билермандарга тапшырылган тапшырманын чечилишин айтты. Белекке тийген чепкенди ортого койду, түзүлгөн эки келишимдин шартын айтты. Боромбай баш болгон билермандар келишимдеги салыкты, Бугу уруусундагы уруктардын арасына, санына жараша бөлүштүрүп, мөөнөтүн коюп, малды Пишпекке айдап бара турган жигиттерди дайындап, башчысын бекитишти. Опурталдуу, каардуу иштин кансыз, тынчтык менен бүткөнүнө сүйүнүп, Тилекматка алкыш айтышты. Сый чепкенди көргөн Мураталы, өзү элчиликке барбай калганына өкүнүп, жылкычысы Тилекматтын даражасы, даңкы көтөрүлгөнүнө ичи күйүп, туталанып, «Бул өзү кулга жарашпаган кийим турбайбы, муну мен эле кийейин», – деп билермандардын астынан, Боромбайга да бербей, өзү астына жылдырып алып алды. Эч бирөө унчуккан жок. Тилекмат күбөлүк катты, ата-энеси Жылкыайдар менен Шекерге көргөзүп, зайыбы Кенжекеге бөлөк жаңга көргөзбөй жылкыга кийип жүргөн кийиз кементайынын оң колтугуна, жука кайыш териге ороп, тиктирип салды. Тилекмат тоодогу жылкыга чыгып кетти.

«Жолдун тегизин бил.
Сөздүн негизин бил».

«Кайда жүрбөйт эр жигиттин жаш башы.
Кайда калбайт сүйгөн жардын көз жашы.
Эгер кел деп, Ата-Мекен чакырса,
«Аманбы» дан, «Кош» – деп айткан сөз жакшы».

«Элде болсо менде бар.
Жер туткасы эл.
Эл туткасы жакшы.»

Тилекмат жакын аранын ичинде эле сөзүнө кулак төшөбогон адам болбой калды. Анткени, ал сөз баштаганда, дагы кандай насааттарды, жаңылыктарды угаар экенбиз деп, айлана-чөйрөсү Тилекматты курчап алышып, үн, чыгарышпай анын оозун карап турушчу болду. Тилекмат башка адам сүйлөп жатканда, сүйлөгөн киши сөзүн айтып бүтүрмөйүнчө, сөзүн бузчу эмес экен. Тилекмат сөз баштаган адам өз оюн толук айтып бүткөндөн кийин гана, сөз учугун улап сүйлөчү экен. Тилекмат душманын басынтып сүйлөбөй, багынтып сүйлөп, ушак сөз укпай, убадалуу сөздөн кайтпаган беттешкен адамды сөзү менен баш ийдирген намыстуу жигит деп эл аны сыйлачу экен.

## ЭЛЧИ – «БУГУ ЭЛИНИН ХАНЫ»

Бугу эли Кокон хандыгына ар жылына берген «Түтүн» – зекет» салыгы, бир жолу бергенге жеңилирээк көрүнгөнү менен, элдин саны көбөйүп, уулдары өсүп, турмуш куруп, жетилип турган элге, ар жыл өткөн сайын, улам берип туруш, оордук кылып, кыйынчылык туудура баштады. Беш алты жыл өтпөй эле, Белек тукумунун жигиттери чыдай албай, кошуна казак Албан уруусунун сыйлап, малына тийе албай, кеч күздө, ашуулар жабыларына аз калганда, Текестин жайлоосунан алысыраак өрөөндө жайгашкан Калмактардын беш жүздөн артык жылкысын тийет. Тийген жылкыларды топтопко бөлүнүшүп, Каркыра Сары-Жаз аркалуу ашып келип, Кокон хандыгынын жылдык салыгынан кутулуп, калганын тең бөлүп, теңин манаптарына белек кылып, калган теңин жигиттер өзүлөрү бөлүп алышат. Бул жаңылык Боромбайга жетип, жигиттери жылкыга тийген манаптарды чакыртып, тыйуу салуусун талап кылып, «Бул иш бир чети пайда берип, Кокон хандыгынын салыгынан куткарган менен, экинчи жаман жагы, биз Текестеги

жайлоого бара албай калабыз. Кытайга, Кулжага, Кашкарга барып, соода-сатык жасаганга болбой калат. Кытайдан келип-кетип турган соода кербендери биздин элди аралап өтпөй, алыска барып, соода-сатык кыла албаган элибиз, кыйналып кысталат. Бул жорука тыйу салыш керек», – дейт. Манаптар Боромбайга «Сиз эч нерсе билбей эле калыңыз. Жылда Текестин жайлоосуна барганда ал жердеги конушу бай-манаптарга белек берип, алыш-бериш кылып, Кытай губернаторунун жергиликтүү бийчисине убагында, салыгын толугу менен төлөп, төлөдү деген тил кат алып турабыз», – дешип, Боромбайга ооз басырыктысын жасап, макулдашып, аны кыйтык ишке көндүрүп коюшат. Бугунун экиүч манабы тымызын сүйлөшүп, билинбей калат ко деп, колу кычышкан жигиттерине акыл үйрөтүп, бейтап ишке жол берип, байкамаксан болушат. Аздан баштаган жигиттерге дагы жигиттер кошулуп, беш алты жылдан кийин ыгын таап, үч жүз-беш жүз эмес мин, эки минден жылкыны тийип келе башташат. Ызаланган калмактар, озүлөрү биригип кыргыздарга кол сала албай, аларды багынткан Кытай губернаторына арыздана башташат. Кытай губернаторунун бийлик аймагы Кытайдын бийик дубалынан берки «четинен баштап, Тенир-Тоонун чыгыш этегине чейин болгон экен. Арыз кобөйүп, Кытай губернаторунун ачусу келип, аскеринин коштоосу менен, арыз бергендерди кошуп алып, Теңир-Тоонун чыгыш этегине келип жайгашып, Бугу элинин ханына өкүлүн жиберет. «Бугу элинин ханы тез келип, ага түшкөн арыздарды Кытай губернаторунун астында чечмелеп, жапа чеккендерге бересесин кайрып берсин, болбосо аскер менен барып, айыпка жыгып, арызданг андарга эки эсе кылып Бугу элиндеги мал-мүлкүн күч менен алып беремин», – дептир.

Кытай губернаторунун өкүлү, тилмечи менен сурамжылап отуруп, Боромбайдын өргөсүнө келип түшүшөт. Акылдуу да, куу да Боромбай өкүлдөрдү

аюу талпактардын үстүнө отургузуп, сөөлөт күттүрүп тозуп алат. Келген өкүлдөр кымыз менен кытай арагынан ууртавшып, беттери тамылжып, памли чайды ууртап отуруп калышат. Боромбай меймандарга сыйды келиштирип, кытай окулдөрүн ыраазы кылып, «Урматтуу кытай губернаторуна токтосуз жакында барып, учурашып, калмактар койгон доону териштиребиз!» – деп аларды аттандырды. Боромбай жигиттерин чаптырып, Бугу элинин билермандарын, манаптарын, сакалдууларын чакыртты. Билермандар Ак өргөгө чогулганда, Боромбай «Калмак элинин бай-манаптары Кытай Губернаторуна көлдүк кыргыздар малыбызды уурдап алып жатат деп, арыз жазышыптыр. Эмне кылабыз? Кимибиз барып бул ишти туура жагына бүтүрүп келебиз? Эгер кытай-калмактар менен чырдашсак Текестеги жайлоодон айрылып, Кулжадан соода-сатыксыз калабыз. Соода кербени Бугу элин аралабай, элдин соода сатыгы өтпөй, кыйын абалда калат. Бул сүйлөшүү, эл үчүн, жөнөкөй эле сүйлөшүү эмес болот», – деди. Манаптар тунжурап унчукпайт. Балбай баатыр «Мураталы көнүлдөнсө барып сүйлөшүп келсин» дейт. Мураталы көнүлдөнүп, макул болуп, барууга убада берет. Бирок, кечке маал, кеңешке келген эл тарап кете электе кайра айнып, «Мен бара албайм», – дейт. Бийлер кайра кеңешке отурганда, дөөлөс Сарт аке «Бул татаал ишке, Тилекмат эле жарайт», – деди. Отургандар макул көрүп, Сарт акени кубатташат. Тилекматты чакыртып, өкүмдөрдүн чечимин айтышат. Тилекмат «Барсам Бугу элинин өкүлү катарында барам. Губернатор ишенгендей мени аябай жасалгалап, Кокон хандыгы берген чепкенди кийип, жасалгалуу күлүк жорго минип, мөөр алып, жазмач-тилмеч молдо алып, беш жигитке коштотуп», – барайын деди. Боромбай билермандарга, жигиттерине буйрук берип, бир күндүн ичинде Тилекмат айткандар орундалды.

Боромбай Тилекматка билгендерин айтып, түшүндүрүп, түнү менен экөө кеңешип чыгышты. Боромбай Тилекматты эл чогулуп узатаарда, өзүнүн атактуу боз жоргосун ээр токуму, жасалгасы менен Тилекматка тартуулады. Боромбайдын уулу, Кылыч баатыр «Э, ата, жоргону бергениңиз мейли, коп жылкыдан бир күлүк чыгат. Ээр токумуңузду, жабдыгы менен эмне бердиңиз?» – деди. Боромбай «Э балам, ээр токум деле табылат. Жорго да, ээр токум да табылат. Тилекмат урттун, баштын өкүлү, ээси болуп, душман бетине бара жатат, Тилекматтай адам табылбай жатпайбы. Душмандын көзүнө корктүү жүрсүн, кырдаалды жеңип, ийгилик алып келсин. Мындан ары ал мага кеңешчи, обозгер болуп жүрсүн», – деди. Тилекмат көркүнө келип, кийинип, боз жоргону минип, жигиттери менен Мураталы агасыныкына келип, ат үстүнөн Мураталыдан чепкенди сурайт. Мураталы аялына алып чыгып бер десе, жеңеси бербей коет. Тилекмат шап аттан түшүп, салам айтып кирип, чепкенди жүктүн арасынан жыйылып турган жеринен суурун алып, чыгып кетет.

Кытай Губернаторунун аскери Бугу элинин өкүлү келчү тарапка жети кабат босоголоп кароол коюптур. Тилекматтын тобу жетинчи босогого жеткенде, Кытай Губернаторунун өргөсү жакын калат. Тегерегинде бир жылкы жок. Тилекмат жигиттери менен аттан түшүп, молдосун алып, эки жигити эки жагынан колтуктап, үчүнчү жигити белек салган куржунду көтөрүп, калган эки жигити Тилекмат минген ак боз жоргону, минген аттары менен жетелеп басышат. Тосуп турган Кытай Губернаторунун окүлдөрү Тилекмат менен учурашып, аны ак кийизге отургузуп, он жигитке көтөртүп алып, Губернатор отурган өргөгө алып киришет. Губернатор менен Тилекмат көздөрү менен баш ийкешип, тилмеч аркылуу ысык учурашышат. Тилекмат алып келген белегин Кытай Губернаторуна сунат. Тилмеч аркалуу өзүнүн Бугу элинин ханы Жылкыай-

дар уулу Тилекмат деп билдирет. Бугу эли Текес жайлоосун жайлаганына, Кулжага барып, соода-сатык кылып турганына, тиешелүү түрдө Кытай мамлекетиндеги салыктарды убагында төлөп турганын билдирген тил каттарды көргөзөт. Кытай Губернатору Тилекматтын токтоолугуна, эстүүлүгүнө, баалуу белектерине ыраазы болот. Кезигишүүнүн себеби болгон арыздын маселесине өтүшөт. Кытай губернатору калмактар жазган арыздарды Тилекматка сунат. Тилекмат кагаздарды алып, сабатсыздыгын билдирбей, кагаздын башынан аягына чейин тунжурап карап, башын чайкап, тилмечине берет. Кокон хандыгы Берген күбөлүктү чыгарып, Губернатор Берген кагаздарга кошуп, «Бугу элинин ханы бар, бийлери бар, биз катташкан мамлекеттер менен дайыма сыйдабыз, эрежени, тартипти бузгандарга катуу жаза коебуз, аны өзүңүз деле байкаңыз. Бугу элинин Кытай Губернаторуна, Кокон хандыгына болгон алыш-бересебиз так. Менин элим менден уруксатсыз эч жамандыкка барбайт. Бул арыз Бугу эли менен Кытай элинин бардык салымсалыктан уят болбой кутулуп туралык», – деди.

Тилекматты Боромбай Бугу элинин манаптарынын, бийлеринин, аксакалдарынын көзүнчө, өзүнө кеңешчи кылып дайындап, Бугу элинин урматтуу аксакалдар, билермандар кеңешинин мүчөсү кылып, бекитти. Тилекматты жылкычылыктан бошотушту.

«Куу алган кушта эмне сын?»
«Жандоочу кийик аттырат».

Тилекматтын сөзү өз орду менен ашык-кеми жок үлгүлөнүп, уккан кишинин кулагын өзүнүн ою ойлогондой кандырып, узак сүйлөбөй, уз сүйлөп, «Ээлүү сөз, элдүү журт» дегенди пайда кылчу экен. Аткан октун күчүнүн, сөздүн күчү миң эсе көп дегендей, ок тийген жерин бүлдүрүп, таймай айтылган сөз дүйнөгө таасирин тийгизет турбайбы.

## ДААНЫШМАН, КАСИЕТТҮҮ КЕҢЕШЧИ. ТЫМЫЗЫН ЭЛЧИ

Бугу уруусу негизинен үч уруктан – Алсейит, Арык, Тынымсейиттен турат деп айткан элек. Тынымсейит уруугу Нарындын томон жагынан Сарбагыш, Саяк, Монолдор, Черик урууларынын ортосунда турушат. Тынымсейиттен Мортук, Мортуктан Токтогул, Жаманак, Жаманактан Сарык, Сарыктан Апыке, Апыкеден Табылды. Табылды Нарындагы Тынымсейит уруугунда жаш кезинен бий болгон экен. Белек тукумунан Балбай батыр, Сарбагыштан Төрөгелди менен теңтуш экен. Табылды көл бетине келип, атайын Боромбайга акыл салат. «Сиздер Алсейит, Арыктан болсоңор биз Тынымсейиттен, бир атанын балдары. Мага караган элдин жери тар болуп бара жатат. Бизге көл бетинен жер бергиле, чубурап келсек дагы көчүп келе берели», – деп, сүйлөшүп кеткен экен. Боромбай «Бугу элинин манаптары менен кеңешип көрөлү, ылайыгы табылса жер бөлүп берели», – деп, кийинки кезигүүчү күнүн болжошуптур. Боромбай жер берүү жөнүндө, Тилекмат менен да кеңешкен экен. Болжошкон күндө, Табылды жигиттери менен Боромбайдын өргөсүнө келип түшөт. Боромбай билермандарды чакырып, Тилекмат кеңешчиси жанында болуп, «Табылды баатыр эки Бугунун башын бириктирип, бир жерде канатташ жашап, биримдик күчүбүз көбөйсүн, жер бөлүп бергиле деп жатат», – деп билермандарга кайрылды. Билермандар ойлонуп, сөз баштагыча Табылды баатыр «Көчүп келемин, көчүп келбегенди көчкү алсын. Биздин силерге кошулуп, көл бетине келээрибиз чечилген», – деп токтоду. Тилекмат озунуп, сөзүн баштап, оюнун аягына чыга электе, Табылды жаштыгына, курчтугуна жеңилип, өзүнөн улуу Тилекматка өтө орой сүйлөп, басынтып:

«Дөбөт жокто, короодо канчык үрот.
Суу ээн болсо, дөбөгө чыгат.

Куураган элди кул билет.
Керек болсо кулга билдирбей эле жер аламын» – деди.

Тилекматтын кызыл сүрү бозоруп, шаа бою сууп, санын мыкчып, Табылдыга октой жооп кайтарган экен:

«Ата тапкан уулдан,
Акыл тапкан кул озот,
Перзенттей уул тапкан зайыптан,
Перзент тапкан кул озот
Маңдайга бүткөн бактымды
Кудайдан башка ким тозот
Сүйсө кудай саа берер,
Сүйсө кудай маа берер.

Жубарымбек, жыл айланганда меникине сен, же сеникине мен чыгыбызга кол салгыбыз бардыр», – деп, Тилекмат катуу ызаланган экен. Маселе талкууланып, аягына чейин чечилбей, дагы бир жолку кезигүүгө калтырылыптыр. Кийинки жылы Тилекмат аке жигиттери менен Сон-Көлдү ашып, Үч-Куурадагы Тынымсейит элин аралап, Анжиянга бара жатканда Табылды баатырды көчкү алып, кыркын берип жаткандыгын угат. Кудайга сөзүм эки болбосун деп, кайрылып. Табылды баатырга өкүрүп түшүп, куран окуган экен. Ошондо, Табылды баатырдын энеси Тилекматка кайрылып, «Эки элди бириктире да, ажырата да билчү элен, ары курч, ары таш бир баланын тилин кечире алган эмес экенсиң го, касиеттүүм!», – деген экен. Тилекмат аке «Кечириңиз байбиче, сөзүм өтүп кеткенден кийин ойлонуп калдым эле», – деп жооп берген экен.

Бугу элинде Арык тукумунун карыя мырзасынын ашы берилип, ат чабылып, айдоочулардын башчысы топтошкон сакалдуулардын жанына бастырып келип, «Күлүктөрдү кайсы жерден кое берели аксакалдар?» – деп, сурап калат. «Кызыл-Жарга чейин айда!» – деп Олжобай карыя озунуп кыйкырат. Олжобай карыянын энесинин теги калмак

экен. Кээде аны жашында «Калмак Олжобай» деп атышчу экен Арык тукумунда. «Ой калмак, сен кыргыздын атында эмне жумушуң бар?» – деди, Олжобайдын андан озунуп жооп айтканына тырчый түшкөн Боромбай. Олжобай бозоро түшүп, өзүн кармай албай, качырып келип, Боромбайды камчысы менен жонго бир салды. Ошол аамат, Арыктын жигиттери чуркап келип, Олжобайды кош колдоп кармап, тегертеп алышып, нары карай обочого сүйрөп кетишти. Боромбай тегеректеп турган билерман, манаптардан көзүн ала качып, кабагы карыш түшкөн тейден атын көздөй басты. Арыктын аксакалдары аны ээрчий басып, «Айкөлдүк кылып, жаман аганды кечирип кой, кагылайын», – дешти. Боромбай кабагын түйүп, сурдана карап, жооп кайтарбай, жигиттери менен аттанып кетти. Меңмурат тукуму өзүнчө тымызын кеңешип, Бугу элинин ханы болуп турган Меңмурат тукуму Боромбайга кол көтөргөндүгү үчүн, Арык уругун чаап алмак болду. Боромбайдын жигиттери, инилери кол курап, даяр болгондо, Боромбай Солтонкул менен Тилекматка кеңешти. Тилекмат «Мындай кыңыр, майда иш хандыкка, бийликке жарашпайт», – деп, кубаттабай Боромбайга тоскоол болду. Боромбай көгөрүп, ызаланганын унута албай, чабам деп, болбоду. Тилекмат менен Солтонкул Боромбай бийдин эркине туруштук бере албай, айлалары кетти. Тилекмат, «Мейлиңиз, өзүңүз билерсиз. Бирок, илгери кийин аксакалдардын дооматы болбосун деп, Бугунун ата-аксакалынын астына барып, бир ооз өтүнүп коелу», – деди Тилекмат. «Ата-аксакалы ким экен?» – деп Боромбай таң калды. «Баягы ордочу Койкенин санжырачы атасы», – деди Тилекмат. «Жүз он экиге чыккан кишиден эмне акыл калды дейсиң? Алжыган кишиден акыл сурайбызбы?» – деди Боромбай. «Алжыса да, өтүнүп коелу, кийин айтканга жакшы», – деп Тилекмат кыстады. «Ээ, болуптур, үчөөбүз эле баралы, бөлөк бирөө билбесин», – деп, Боромбай макулдугун берди. Молдо карыя келинин

жортуулчулар колуна түшүрүп, олжолоп, уулу Койкө, чабышта шейит болуп, неберелери, он алтыдагы Кыйык, он үчтөгү Эламан үчөө Чычкандын аягында, жатакчылардын айылында жаман кара үйдө күйүтүнөн кыйналып, бир жылдан бери төшөгүнөн тура албай жаткан экен. Биринчи болуп үйгө Солтонкул кирип, сол капшытта төшөктө жаткан карыяга салам айтты. «Алеки салам. Сен кайсы баламсың?». «Мен Солтонкулмун». «Малдын ээси турбайсыңбы. Жогору өт!» – деди карыя. Экинчи кирген Боромбайга «Сен элдин ээси турбайсыңбы!», соңку кирген Тилекматка «Ии, сен акылдын ээси турбайсыңбы, жогору өт балам!» – деп, жан-алы калбай кубанып тосуп алды. Эти качкан, бозоргон жүзү албырып, нурдана түштү. «Балам, чакырса келбес кишилер экен. Бирөө эмес үчөө тең чоң меймандар турбайбы! Жакшылап конок кыл!» – деди небереси Кыйыкка. Кыйык тамакты чыгарып, табакты жасап атып, атасына жамбаштын майын кесип, ооз тийгизди. Карыя тамшанып, даамын татып көрүп, «Балам, атың да Кыйык, өзүң да кыйык экенсиң. Карыган кой сойгон турбайсыңбы. Карыз алып тай сойсоң болбойт беле», – деп, чарчаган карыя башын жаздыкка койду. «Карыя ата, биз шашып жүрөбүз. Арык уулдары тентек чыгып, көп кетишти. Олжобайдын камчысы Боромбайга тийди. Арыкты чаап алалы деп, акыл курдук. Ошону бир ооз сизге айтып, кеңеш кыла кетели деп, келдик эле сизге», –деди Тилекмат. Карыя кайра башын көтөрүп, тик отуруп, үчөөнө бурулду. «Мен өз баламды кыйык деп жүрсөм, жаш баладан өткөн кыйык силер турбайсыңарбы! Тууганды чапсаңар кимге жакшылык кыласыңар? Жакшылыгы жок адамдын, бийдин, акылмандын журтка кереги жок!!! Арыктын ошондой тентек болгону жакшы, Жоо келсе силерди алар коргойт. Малына кызыксаңар, эбин таап, достошуп, сөөктөшүп жебейсиңерби! Жерди, конушту, малды тапкан Арыгым, Арыгымды чаппа, чаппа, чаппа!!!» – деп, карыя көзүнө жаш

алып, тетири бурулуп, жатып алды. Меймандар тамактан ооз тийип, бата кылып, чыга жөнөштү. «Сен мага ушул сөздү угузайын деп, атайын алып келген турбайсыңбы?» – деп Боромбай аттанган соң Тилекматты карады. «Ооба, бийим. Кеңештин жыйынтыгы ушундай, эми эмне кылсаңыз өзүңүз билиңиз!» – деди Тилекмат. Боромбай өргөсүнө барып, жигиттерин, инилерин чакырып, аларга түшүндүрүп, куралган колду таратып. Арык уругун чаптырбай, Бугу элинин туугандык, биримдигин сактап калды.

Кокон хандыгы Түндүк Кыргызстанды бүт өзүнө каратып, Чүйдө, Көлдө аскерине чептерди куруп, күчөп турганда Сарбагыш уруусунун бийи Ормондун Кокон хандыгына эмгеги өтүп. Кокон хандыгы тарабынан эң бийик мамлекеттик даражага көтөрүлөт. Сарбагыш уруусунун саны тарыхчылардын болжолунда, ошол кезде 35000–40000 дей адам экен. Ормонго Кокон хандыгы «Парванчы» деген наам беришип, Талас, Чүй, Кемин, Нарын, Көл бетиндеги кыргыз урууларына Кокон хандыгынын атынан салык чогултууга милдеттендирилет. Кырдаалдан пайдаланып, Ормон 1840-жылы Талас, Чүй, Кемин, Нарын, Көлдөгү уруулардын бийлерин азыркы Балыкчыга чакырып, кеңеш куруп, өзүн Түндүк кыргыз элине хан көтөргүсү келет. Чакырылган бийлер кайсы маселе менен чогулушканын билишпейт. Убакыт көп өтөт, Ормон кеңешти баштабайт, эч сөз айтпайт. Атайын келген бийлер бирден кетип кала алышпай кыйналышат. Сурангандарына, кеткенге уруксат бербей коет. Бийлердин тамак-ашы түгөнүп, минип келген аттарын союп жешип, көпчүлүгү жөө калат. Бир ай өткөндө, күндөрдүн биринде, Ормон ортодогу дөңгө килем салдырып, килемдин үстүнө илбирстин терисин төшөп, өзү башкача кийим кийип, жыйындын ортосуна басып келип, илбирстин терисине отурат. Өргөсүнөн чыкканда кызыл маасы өтүк кийип, кызыл чепкен жамынып, кызыл баркыт менен капталган суусар тебетейин кийип,

жайбаракат чайкалып келип олтурат. Көптөн бери келип, ишсиз жатып, кыйналып, чыдамсыздыгы түгөнгөн бийлерге Ормон бир эле сөз айтат. «Кыргыз элине кызыл тебетейчен бир эле хан болуш керек. Ким болот?» – деп, кызыл тебетейин колуна алып, илбирстин терисинин үстүнө таштап коет. Мындай байкоосуз шарттагы жаңылыкка даяр болбогон бийлер, бир айдан ашык Балыкчынын сазында кыйналып, чыдамсыздыгы түгөнүп, айылдарын сагынган манаптар, «Сиз эле болунуз», – деп сумсайышып, айылдарына аттанып кетишет. Кийинки турмушта Ормон ханга кээ бир бийлер кеңеш курганы болбосо, хан катары ага баш ийишпейт. Тарыхта белгиленген боюнча Бугу уруусу алтымыш–жетимиш миң адамдан турган эле. Уруулардын бийлери, ар кимиси өзүнчө эркин саясат жүргүзгөнгө умтулушат. Анткен себептери Бугу, Солто жана башка уруулардын ар биринин элинин саны Сарбагыш уруусунан көптүк кылган.

Бугу уруусунун ханы Боромбай Бугу эли менен бир тууган Сарбагыш элинин бир туугандыгын бекемдеш үчүн, Ормондун кызы Гуланданы баласы Өмүрзакка куда түшөт. Ормон хан кызын бергиси келбей, аталаш карыясы Калыгулга кеңешет. Калыгул сүйүнүп, Боромбайды кубаттап, Ормонду кудалашканга көндүрөт. Боромбай келин алып, кулдук уруп, астына келип, туугандашкандан кийин Ормондун көңүлү көтөрүлөт. Мындан ары Бугу элин «Уучтасам уучумда, жазсам алаканымда болот» деген ойго келет. Кеч күздө Ормон хан, кудасы Боромбайды мейманга чакырып, Эл кыштоо-кыштоолордо отурукташканда, ордо оюнунун убагы келип калганда, Бугу менен Сарбагыштын эки бийинин жигиттери эки бөлүнүп ордо оюнун башташат. Ордонун биринчи күнү Боромбай тараптагылар минип келген аттарын уттуруп, ыза болушат. Уттуруп ийген Боромбай тараптагылар кату намыстанып, түнү менен бир жигитти айылына чаптырат. «Балбай жигиттери менен элүү жылкы айдап, ордонун чүкө-

сүн ашыра чертмекчи Чыйбылды алып, эртең эртең менен мында болсун!» – деп айттырат. Боромбайдын буйругу аткарылып, үчүнчү күнү чүкөгө жатыгынан жата калуучу Чыйбыл ордодо, кадамак кадап да түшөт ичке, торумак тооруп да түшөт ичке, атып да түшөт ичке. Черткен чүкөсү зың этип, короонун сыртына ыргып турган экен. Ормон жак катуу утулат. Чечүүчү оюн башталат. Намыстаган Ормондун аскер башчысы Алыбек ордонун ичине түшөт. Чүкөнүн теңин чыгарат. Ал кезде Алыбек менен Ормондун мамилеси сууп, Балбай Алыбекке ДОС бололу деп жүргөн кези. Алыбек жыдып калат. Чыйбыл кайра дагы ордого түшүп, бардык чүкөнү чыгарып, жалгыз чүкө калганда оң бармагынан кан чыгат. Абаланкты сол колуна алууга уруксат сурайт. Ормон жак уруксат берет. Чыйбыл черткен чүкө Ормондун башынан алыс учуп кеткен дейт. Ормон жак катуу уттуруп, Сарбагыштарга ысык башталган оюн муздак аяктайт. Боромбайлар «Оюнда, ыйлашмай жок», – деп, уткан жылкыларын түгөл айдап кетишет. Кабагына кар жааган Ормон кышы бою түнөрүп, ачуусу көбөйөт. Алыбектин ордодо кетирген осолдугун кечирбейт. Шылтоо тез эле табылат. Жазда төл аяктап, мал көккө чың тоюп калганда, Ормон, Калыгул, Алыбек дөбөдө ууз кымыз ичип отурушкан. Ормондун көк букасы Калыгулдун мурду жирелген күрөң букасын качырып сала берет. Эки бука көпкө сүзүшүп, ажырашып кетет. Алыбек кызыгына батайын деп, күрөң буканы кайра айдап келет. Бул жолу качыра берген көк буканы күрөң бука буйтап өтүп, мүйүзүн көк буканын капталына батырат. Көк бука темселей түшкөндө, күрөң бука мүйүзүн тартып алып, дагы бир жолу челет. Кан жая берет. Ормон чыдабай жигиттерине, «Бас жөнө, турган жеринде жырык мурун күрөндү муузда!» – деп кыйкырат. Калыгул «Ой малга эмне теңелип жатасың?» – десе, Ормон «Бас жаагыңды, кары! Ал менин букам да!» – деп, карыя Калыгулду катуу какты. Каккы көрбөгөн Калыгул

Ормондун айылынан алыстап, Көлдогү туугандарына көчүп кетет. Убакыт өтпөй эле, Ормон Алыбектин ордодогу кемчилигин, эки буканы кагыштырып, көк букасын өлтүргөнүн ойлоп, жигитин жиберип, Алыбекке белек кылып берген атадан калган мылтыгын кайра суратты. Ормондун суроосу жөн суроо эмес экенин сезген Алыбек, уругу менен көчүп, Балбай досунун айылы жакка жер которуп, эл жаныртып, кетти. Бугу уруусунун баатыры Балбай жаш чагында жигиттери менен жылкы чаап жүрүп, жигиттеринен бөлүнүп, «Жегенге бир кой алып келе коеюн», – деп, Сарбагыштардын айылына барып, улак уурдап жүргөндө, колго түшүп калат. Колго түшүргөн үйдүн байбичеси «Ой сен Балбайсың го?» – десе, «Жок мен Балбай эмесмин дейт». «Балбай болсоң кулагыңды кесип алайыңбы?» – десе, Балбай «өзүңүз билиңиз» – дептир. Ормон хандын жигиттерине Балбайды өткөзүп берип жатканда, алар Балбайды таанып, баягы кемпир, Балбайдын бир кулагын кесип алган экен. Ормон Балбайды зынданга салып, бир жыл кармаптыр. Бугу эли «Эр өлтүрүп, эриш бузбаса, бир улакка бир жыл кармаган болбойт ко» – деп, ортого киши салып жиберет. Ормон хан Балбайды ордон чыгарып, жууп-тазалап. Үйүнө алып келип «Мен сени бошотоюн, экинчи мындай иш жасабагын» – деп, келген кишилер менен кошо тамак берип, Балбайды бошотуп жиберген экен. Балбай үйдөн чыгып бара жатып босогону аттап өтпөй, босогону мыжыра басып, артын карап кылчайбай, кеткен экен. Муну байкаган Ормондун аялы, Ормонго «Ханым, бул баланын кеги кетпей калды, артын карабай, босогону басып чытти», – деген экен Ормон хан зөөкүрлөнүп, зомбулук кылып, күчкө салып жөөлөп, бирдеме өндүрүп жегенди жакшы билген киши экен. Ормон хан өчөшө турган кишисинин жайлоосуна малынын бир азын кыштатып таштап коюп, анын жоголгонун доолап, көп кылып, өндүрүп алчу экен. Бугу элин «Катын Бугу» деп ат коюп, басмарлайт. Жоокер кол баш-

чысы Алыбектин сүйгөн кызын нике кыйып, ал жортулда жүргөндө, ал кызды токолдукка алып алып, билинип калганда, атасынын мылтыгын берип, элдешет. Ормон хан Алыбек баатырга кайра ага ачуусу келгенде, мылтыгын доолап сураса, Алыбек таарынып, Бугу элине. Балбай досуна көчүп кеткен. Аталаш тууганы, Сарбагыштын урматтуу карыясы, Калыгулга сөзү тийип, ал Ормондон алыстап, Бугу элине көчүп кеткенин кошуп ойлоп, куру намыста бирдеме ойлоп таап, Бугу элин чаап, баарынан өчүмдү алсам, күчүмдү көргөзсөм деп жүрдү. Эки жыл өтпөй, Ормон хан жыйырмадай коюн күзүндө Балбайдын айылынын жанына таштап кеткен экен. Аны билген Балбай, теңинен көбүн айдап алып союп жейт. Сарбагыштан жакшылык күтпөй, Балбай, Алыбек даярданып жүрүшкөн экен. Ормон хан койлорун Балбай жеп кеткенин билип, беш жүздөн ашык жигит топтоп, кол курап, өзү баштап, Бугу элин чапканга чыгат. Келе жатып, биринчи ирээтте Алыбектин айылын чаап, Балбайдын айылын чаап киргенде, Алыбектин жигиттери Балбайдын аскерине кошулуп, Балбай баатыр Ормондун жигиттерин талкалап, кырат. Ормон хандын аскеринин теңи өзү менен кошо качып, бооңдун капчыгайына чубап киришет. Ормон хандын аты чарчап, артта калат. Чоң арыктан качып келе жаткан аскеринин аттары секирип өтүп, төмөндөп качып кирип кетишет. Ормон хан аты менен аңды секирип аты секиргенде өзү аттан ыргып кетип, аңга түшүп калат. Кууп келе жаткан жоокерлер секиртип өтүп, көбү качкандарды кууп кетишет. Кээ бирлери түшүп, Ормон ханды тааныкбай, анын өтүгүн, жарак-жабдыгын, бирден чечип алып, олжолошот. Боромбайдын баласы Кылыч баатыр анда жаткан Ормон ханды таанып, түшүп, Ормон ханды аңдан чыгарып турганда, иниси Өмүрзак жетип келет. Өмүрзак Ормон хандын күйө баласы эле. Таанып учурашып, жөлөп-таяп, ортого отургузат. Кууган жигиттер тегеректеп, Ормон хан колго түштү деп турганда, Бал-

бай баатыр жайдак аттын үстүндө, качырып чаап келип, найзасы менен табарсыкка коюп өтөт. «Катын Бугу, сойдуң?» – деп, Ормон хан жарадар болуп жыгылат. Жарадар Ормон ханды айылга алып келип, күйө баласы Өмүрзактын Ак өргөсүнө түшүрүшөт. Ормон хан жоолоп келип колго түштү деп, дүңгүрөгөн кабардан Бугунун бийлери, билермандары келип, чогулушат. Биринчилерден келген Боромбай менен Тилекмат окуянын майда-баратын угушат. Тилекмат «Ормон ханды атка миңгизип, жүктөп, жылкычыларынын айылына жеткизип коөлу, эртең алар ашууну ашып, айылына жеткизсин. Эмне болсо да өз айылында, өзү менен болсун», – дейт. Буга Солтонкул кошулат. Мураталы, Нанжебес, өмүр баатыр, Калыбек мырзалар «Мындай менменсинген, кекчил, канкор, залимдүү хан сөрөйдү тирүү кетирүүгө болбойт. Эл-журтка, укум-тукумга кесепети тиет, муну таң жеткизбей тындым кылабыз!» – деп, кыйкырып чыгышты. Чечим экиге бөлүндү. Анда Тилекмат «Карыя Сарт акенин да сөзүн угалы, чакырталы», – деди. Сарт акени түнү менен киши чаптырып, жыйынга алып келишти. Тилекмат «Сарт аке, сизди жарым түндө ойготуп, чакыртууга аргасыз болдук. Ормон хан чабам деп келип, жарадар болуп колго түштү. Билермандардын жарымы тартуу берип, үйүнө сый узаталы десек, жарымыбыз түнү менен өлтүрөлү деп жатабыз. Кайсынысы онураак? Сиздин акылыңызга койдук», – деди. «Сарт аке, булар адам болбой жерге кирсин! Булар Ормондун колуна түшсө, ал эч кимге кенешпей эле, баарын мууздатат болчу. Муну жакшы түшүнүп туруп, булар эмне үчүн Ормонду коө берген жатышат?» – деп, Алыбек кыйкырды. «Эгер менин сөзүмдү да уксаңар анда угуп тургула», – деп, Сарт аке сөзүн улады «Ээ балдар, «Катын Бугу» деп, Ормон силерге туура ат койгон экен. Эгер жигит болсоңор колдон келсе, «Тебетейчендин намысын кетирбегенибиз» оң. Ормон хан жарадар болуп колго түшпөй, өз элинде буулугуп жүргөндө Ажы-

бектин башын алдырып, зайыбынын колдорун кылычтап кырктырып, Муратаалынын тилин кестирем, ичеги чучугун өз итине салдырам, Балбай менен Алыбегиндин башын алдырам, деп жулкунчу эле, эми жаралуу болуп, жаны ачып калганда, жанынарды коймок беле. Боромбай муну менен бир тууган болом деп, жакшы эле жан далбастады, болбой эле бул акмак биз менен жоолашып жатат. «Жоо аяган жаралуу». Буга тындымдан бөлөк арга жок. Тындыргыла кызыталакты!» – деп, кесе айтып салды. Баары кубатташып, «Сарт акем туура айтат!» – деп, Муратаалы менен Алыбек тура жөнөштү. Үйдүн артына барып, шыбырашып, кенешип, Сартаке баш болгон он-чакты киши Боромбайдын баласы, Ормон хандын күйө баласы Өмүрзактын Ак өргөсүндө жайгашкан, жарадар Ормон ханды көздөй басышты. Алыбек үйүнөн ала келген чаар бычакты жеңине катып, абышкалардын ортосуна түшүп, кошо жөнөдү. Жарадар Ормон ханды, күйө баласы өмүрзак, кызы Гүланданын үйүнө түшүргөндө, баары чыгып кеткенде, Ормон хан керээзин кызына айткан. «Эмне болсо да балам, мени эртең сен жеткизип барасың, Төрөгелдиге айт кунума Көлдү эки айланып чабышсын», – деди. Абышкалар киргенде, Гүланда жарадар атасын телмире карап отуруптур. «Баатырдын жаратын көрөлү, келин балам чыга турсун», – деди Сарт аке. Гүланда жамандыктын жышаанын сезгенсип, атасынын мойнунан кучактап, чырылдап ыйлап отуруп алды. «Чыгып кет балам», – деди Ормон кызына. «Ээ ханым, сизди баш бербеген жиндибиз, Балбай сайып кетти. Жакшылыгы болобу, жамандыгы болобу, өз үйүңүздө болсун. Элиңизге жеткирели деп жатабыз. Атка минип бара алар бекенсиз?» – деди Сарт аке. «Ат жалы жеңил эмеспи, бара алам го», – деп, Ормон башын көтөрдү. Эки абышка эки колдон алып, өйдө тургузушту. Абышкалардын арт жагында турган Алыбек мышыкча секирип, алдыга өттү да, чаар бычагын Ормондун өпкөсүнө күчү менен уруп, теге-

ретип сууруп алды. Ормон «Ии катын бугу, жедиң эми!» – деп кыйкырып алып, жыгылып жан берди. Сарбагыштан сыймык качып, куту учту, Боромбайдын кастарлаган кудасы, Сарбагыш элин башкарган Ормон хан, Бугу элинин керегине жарабай, чолок акыл, зөөкүрлүккө теңелип, хан башы менен кандуу иш баштап, жарадар болуп, колго түшүп, жарык дүйнөдон кетти. Ормондун сөөгүн төөгө жүктоп, кызы Гүланданы кошуп, бир жигит берип айылына жөнөтүштү.

Бугу элинин билермандары, бийлери, манаптары Сарбагыштардын сөзгө да, кепке да келишпестен, кырчылдашкан кан төгүлүшкө барарын сезип, ар жагын калчап олтуруп, бир чечимге келишти. Тобокелге бел байлап, жоо менен беттешүүгө, кол курап, каршылык көрсөтүүнүн бүтүмүн иштеп чыгышты. Ысык-Көлдүн тескей күңгөйүн коргоп, Тескей багытын Молдо баатыр баштаган аскер колу тосуп, күңгөй тарабындагы жоонун алдын өмүр баатыр баштаган аскер колу тосмок болушту. Ортоңку топту Балбай баатыр жигиттери менен өзү баштап, кайсы жагынан жоо келсе, ошол жакка ооп, жардамдашмак болду. Бул чечимден кийин согуштук катуу даярдык көрүлүп, Тилекматтын акылман сунушу менен тымызын Чүйдөгү Солтонун бийи Жангарач бий менен, Таластагы Кушчу, Саруу элинин бийи Ажыбек бий менен, Ат-Башы, Арпадагы Черик элинин бийи Улак бий менен сүйлөшүү иштери күчөтүлсүн деп чечишти. Биринчиден, түн катырып, Чүйгө жашыруун кабарчы-элчи чаптырышты. Элчи Чүйдөгү Солтонун бийи Жангарачты сураштырып жүрүп, ал киши сөөк койгон жерге бара жатканда, элчи көпчүлүккө кошулуп, билинбей келип, Жангарач бийди элден бөлпү, четке чыгарып, ит отурушка салып, Боромбай, Тилекмат айткан алакыбалды шыбырап, жардамын, калыстыгын сурады. Чепкенин желбегей жамынып, сөз тыңшап отурган Жангарач бий, «Кыйын иш болуп калды, болору болуптур, эки жактын бирөөнө тартпай, би-

тек, калыс туралы. Боромбай чочулабасын бизден. Ушинтип айтып бар», – деди. Экинчиден, Таласка жонөткөн кабарчы-элчи да келди. «Мергендин ажалы зоодон. Баатырдын ажалы жоодон. Хан ажалы жакын туугандарынан. Сак болуп даяр тургула. Биз эки элге тең калыс элбиз», – деп, айттырыптыр Таластагы Ажыбек бий. Учурунда Ормон хан «Шөлпөр менен бир урсам, жок болосуңар!» – деп, Чериктин Улак бийин кекеткен экен. Түнү менен барган кабарчы-элчиге «Бөөрүчүл бүркүт, олуүчү», деген ошол. Ормон хан ошону көрмөк. Биз кимиңерге тартмак элек? Калыс турабыз!» – деп, айттырыптыр Ат-Башыдагы Улак бий.

Бугу элинин аксакалдары Тилекматты Кытайга барып, Кытай Губернаторунан жардамга кол сурап кел деп сунуш кылышты. Ошол кезде ички кытайлыктар Дунган элинин көтөрүлүшүн кандуу басып, дунгандар Ырдыкка чогулуп, калган эле. Тилекмат Кытайдан жардам сурап, жардам күтүүгө болбойт, Омбудагы Орус мамлекети менен сүйлөшүүлөрдү тездетиш керек дейт. Тилекмат Сарбагыштар менен болгон тирешүүнүн абалын жеңилдетиш үчүн, орчундуу иштерге катышып, манап Качыбекти тез жабдып, тымызын Омбуга жиберишет.

Чүй, Талас, Ат-Башыдан кабарлар өрундуу келсе дагы. Бугу элинин даярдыгы күчөйт. Боромбай баштаган билермандар, Ормон хандын кыркылыгы өтүп, Сарбагыштар өлүктөн бошогондо, Боромбайдын Ак өргөсүндө чогулган аксакалдар кенешинде, «Эки бир тууган элдин, Бугу менен Сарбагыштын ортосу ажырашпасын. Ормон хандын кунун айткыла, айыбыбызды тарталы», – деп, эми тымызын элчиликке өзүң барып келгин Тилекмат», – деп чечишти.

Эки жактан кан төгүлүп, Бугу, Сарбагыш жоо болушуп, бирин-бири аңдый баштаганда, Тилекматтын Сарбагыш элине барышы, анын эл үчүн кара башын канжыгага байлап, элинин бейпил болочогу үчүн өмүрүн кылычтын мизинен талдап өтүүгө маж-

бурлаганы эле. Баарын баамдаган Тилекмат, айсыз караңгы түнгө салып, кайра Сарбагышка көчүп кеткен Калыгул карыяныкына келип түштү. Калыгул карыя, Тилекматты көрүп, элчиликке келгенин туюп, катуу үшкүрдү. Тилекмат «Кулаарда кол токтотот, ураарда тирөөч токтотот, Жер жарылып, суу чыгып, дарыяга айланып, жээктен жээкке өтүүгө болбой калчудай болуп турат. Дарыянын бир жак жээгинде, тирөөчү болуп, экинчи жагында, тирөөчү болбосо, көпүрө салынчудай эмес ко? Эки жээкти бириктире турган бүтүм табылаар бекен? Бугу, Сарбагыш бир тууган эл. Бугунун билермандары чогулуп, «Эки эл ажырашпасын, айыбыбызды тарталы, кунун айткыла», – деп келдим аба. Эптеп, жардам кылып, жыйынтыктап бере турган биздин таянычыбыз, Сарбагыш элинде, жалгыз эле сиз болуп турасыз», – деди. «Көпүрөнүн бир устунуна жарайын деген жакшы тилекте келипсиң. Экөөбүз эки элди ажыратпай, устун болуп сунулуп калсак, эки устундун ачыгын бүтөп, кең көпүрө кылып, туура таштальп, жабылуучу көп шыктар керек. Атаганат, андай шыктар табылаар бекен? Көпүрө салынар бекен? Көпүрө менен өткөн адамдар көбөйөр бекен?» – деди карыя Калыгул.

Тилекмат «Качкан дагы кудай дейт, кууган дагы кудай дейт. Башка жол жок калды, тобокелге салып көрөлү, ава! Элге кеңешип, бүтүм чыгартып бериңиз», – деп, кыстады карыяны. «Балам, элчи болсоң дагы, менин жанымдан чыкпай жүр, мен турганда сага тие коюшпас. Чакырып кеңешпей, барып, өтүнүп кеңешели», – деп Калыгул кабар берип, элди чакыртып, Тилекматты алып, Ормон хандын уулу Үмөтаалынын өргөсүнө келишти. Төрдө кара топучан Төрөгелди, андан жакалай босогого чейин ак сакал, көк сакал, кара сакал адамдар үйгө толуптур. Эшик көтөрүлүп, Калыгул киргенде, Төрөгелди жылышып оң жагынан орун бошоткон. Калыгул төргө барып отурду. Тилекмат киргенде эч ким кыймылдаган жок. Салт боюнча элчи жара-

луу Үмөтаалынын маңдайынан орун алыш керек эле. Үмөтаалы үйдүн ээси катары, эшикке жакын отурган. Тилекмат буйдалбай Үмөтаалыдан эки киши ылдый, бош орунга малдаш урду.

«Камчысын мойнуна салып, айыбын тарталы, кунун айткыла», – деп, Боромбай элчисин жибериптир, сөзүн уккула», – деп, жарыя салды Калыгул. Үмөтаалынын карышкан колу, кемерине кыстарылган кылычка үч жолу барып, кармап, үч жолу кайра тартылды. Үмөтаалынын сакал-муруту бириндеп, үнү ызгаарлуу чыкты. «Элчилик эми түшүптүрбү эсине? Катуудан казанын талкалап, жумшактан күлүн сапырып, анан эл болобуз», – деп ызырынды. Төрдөгү Торөкелди да бул сөздү колдоп чыкты. Калыгул чыйралып, «Жөн теминишпей, жининерди күнөөлүнүн өзүнө бүркκүлө. Эл атынан келген элчинин айтканын угуп, адамча жооп бергиле!» – деди. ««Элчилик» укугум болбосо, олтургандардын көбүнөн кичүүмүн. Жеке айыбым болсо кечиргиле», – деп, Тилекмат сөзүн улантты. ««Битке өчөшүп, көйнөгүңдү отко салба» дейт эмеспи. Боромбай бит болсо, көйнөгү Бугу эли. Ичээр сууңа түкүрбө дейт эмеспи. Суусу эл болсо, түкүрүгү шойкум баштагандар. Мен мына ошол элдин жиберген тапшырмасы боюнча, элдин атынан келдим. «Айыбыбызды тартып, кескен кунду төлөп, бир эл болуп, ынтымактуу жашайлы» деп жибериштти мени», – деп, айтып бүтүп Тилекмат, Торөгелдинин көзүнөн баштап, баарынын көзүнө-көзүн уруп, кыдырып келип, Үмөтаалынын көзүнө сайылып токтоду. Үмөтаалы «Ормондун кыздарынын бетине тырмактары тийип, издери бир жылда да бүтпөйт. Кыздын кызылына кырк кыз бересиңер. Атамдын улуу-кичүү аялдары-келиндеринин карасына алтымыш келин бересиңер», – деп токтоду. «Ага миң жылкы, жүз төө кошосуңар», – деди Төрөгелди. «Кун башы ал эмес. Балбай менен Алыбек, Мураталы, Өмүр баатыр, Молдо баатыр, Солтонкул, Сарт аке, Тилекмат, Ка-

чыбек баштаган жети эрдин башы болот», – деп, ызырынып чыкты Үмөтаалы.

«Кундун да ченеми болоор. Сиз айткан кун ченемден чыгып кетти, кун алуу эмес, кысым болду го. Эл эмне дээр экен баатыр», – деди элчи Тилекмат. «Эл найзанын учунда, кылычтын мизинде каздешет. Атамдын ашы өтсүн. Дагы кеңешээрбиз?» – деп, Үмөтаалы башын ылдый салып, кабаарып, токтоду. Эч ким үндөбөдү. Башка сөз айтылбай калды. Үмөтаалы дагы, Төрөгелди дагы чечим ушундай деп, ордундарынан туруп чыгып кетишти. Калыгул карыя Тилекматты жанына алып, үйүнө келип, жигит кошуп, караагы түндө Тилекматты Бугу элине өткөзүп жиберди.

Тилекмат түз эле келип, Боромбайдын Ак өргөсүнө түштү. Болгон сөздү айтты. Ормондун ашына чейинки убакытты туура пайдаланып, сак болуш керектигин ачык айырмалады.

Эки элдин биримдиги үзүлүп турганда, Калыгул карыя дүйнөдөн кайтты. Тилекмат Бугу элиндеги Калыгулдун туугандарынан уучтап чогулган топуракты тулупка салып, канжыгасына байланып, шашып жетип, сөөк коердо өкүрүп барып, өбөктөп өксүп, Калыгулга топурак салып, туугандары берген топуракты дуба кылып, карыянын табытына төгүп кайтты.

Ормон хандын ашы өткөн соң, Төрөгелди менен Үмөтаалынын чабышууга кол топтоп жатканы угулду. Чабуул 1855-жылы теке айы жаңы жаңырганда башталды, Сарбагыштын колу Ысык-Көлдүн Тескей жагындагы Жуукунун өйүзүнө келип токтоду. Бугунун колу жоонун алдын тосуп, тоо жактан түшүп келишти. Согуш жеке чыгуудан башталып, кандуу салгылашуу менен бүттү. Эки жактан тең эки минден ашык жоокерлер салгылашып, Сарбагыштар беш жүздөй аскери менен кайра кайтышты. Бугунун колу дагы бир миңдей кишисин жоготуп, кан суудай агып, Каркырага, Сары-Жазга оодарылган элин көздөй бет алышты. Сарбагыштардын

максаты орундалбай, Бугу элин чаба албай калышты. Сарбагыштардын кеги, табы кайтты го деп жүргөндө, Төрөгелди баштаган Сарбагыштар экинчи жолу кол курап келип, Ысык-Көлдүн күнгөй жагынан чабуул койду. Бул чабуулга дагы даярданган Бугу элинин миңдей аскери тосуп чыкты. Кандуу кармашуудан кийин, эки жактан тең үч жүздөн аскери калып, кагышкандар кайра кайтышты. Экинчи жолку жортуулунан дагы ийгиликсиз келе жаткан Төрөкелди менен Үмотаалы, мыкаачылык кылып, кечирээк калган Кыдык тукумунан Самсаалы бийдин, жоокерлери жок көчүн, Жууку аркылуу Сары-Жазга бара жатканда, аңдып артынан барып, Жуукунун ашуусуна такап, кыргын кылышты. Бул эки жолку Сарбагыштын чабуулунан Бугу элинин жоокерлери, баатырлары, билерман-бийлери Төрөкелди баштаган Сарбагыштардын аскеринин чабуулун кайтарып, талкалап, миңдеген эр жүрөк жигиттеринен кандуу согушта айрылса дагы, Сарбагыш элине кол курап, чабуул жасап барбай, Бугу элин, мал-мүлкүн чаптырбай, аман-эсен сактап калышты.

Төрөкелди беш жүздөй аскери менен күнгөйдөн 1858-жылы үчүнчү жолу Ормон хандын кунун алам деп, Бугу элине кайрадан чабуул койду: Бул жолку чабуулда, Балбай баатырдын колуна дуушар болуп, Төрөкелдинин аскери женилип, Төрөкелди качып, атына ок тийип, жыгылып, Төрөкелдинин буту сынып, өзү колго түштү. Келген жоокерлерди Балбай баатырдын жигиттери, баарын кырып таштаншты. Колго түшкөн Төрөкелдини айылына алып барып багып, жараланган бутун улам кемирчектеп, оңолгондо, кайра үч жолу сындырып, жайлоого көчкөндө буканын үстүнө байлап, буканы черди аралатып айдап, жайлоодо Төрөкелдини ташка жөлөп, бута кылып, жаңсоо аткылап, жүрөгүнүн суусун алды.

Зөөкүр, менменсинген бийлеринин, баатырларынын артында келип, Бугу элин женип, жерин, малын алабыз деген Сарбагыштар качып, үркүп, Ба-

лыкчыдан ары сүрүлүп, кирип кеткен экен. Муну саякатта кыдырып келген Семенов-Тянь-Шанский, Чокон Валихановдордун эмгегинде көргөзүлгөн. Бир жыл убакыт өткөндөн кийин, Сарбагыштын бийлери айласы кетип, Төрөкелдини бошотуп алыш үчүн Чүйдөгү Солто Жангарачты ортого салып, Балбайга жиберишет. Балбай баатыр Жангарач бийди сыйлап, Төрөкелдини тазалап кийгизип, ат мингизип, Жангарач бийге кошуп айлына жиберет.

«Өзүңө каалабаганды, башкага каалаба».

Бугу эли, эр жүрөк жигиттеринин, баатыр кол башчыларынын, тымызын элчилеринин, даанышман кеңешчилеринин, акылман башчыларынын талыкпаган бириккен эмгегинин натыйжасында ээлеген жерин, журтун, мал-мүлкүн өз күчү менен сактап калды. Келген жеңиш Бугу уруусунун даражасын коңшулаш элдердин арасында жогору көтөрүп, бийик даражадагы наркка, Теңирдин эркинин урматына, Умай эненин сыйына бөлөдү, Бугу уруусун чексиз чоң жеңиштерге багыттады.

## САДЫР АКЕ

Садыр аке Жолболду уулу 1821-жылы туулуп, 1905-жылы көзү өткөн. Сөөгү Ысык-Көлдүн Кожояр айылына коюлган. Өмүрү азыркы Ысык-Көл жана Түп райондорунда өткөн. Верный, Ташкен шаарларында 1870-жылдарда өткөн Россия-Кытай чек ара сүйлөшүүлөрүнө катышкан. Акылмандыгы, жол тапкычтыгы, адилеттүүлүгү кыргыз журтуна аңыз болгон.

Урпактары Ысык-Көл районунда турушат.

*Акмат Карыбай уулу*

## САДЫРДЫН БИЙЛИКТЕН КЕТИШИ

Көлдүн күнгөйүндө үч жолоочу, узун тору аттын шаңдуу басыгын коштоп, ылдам жүрүш менен келатышат. Бул аттын басыгына Эгемберди минген сары жорго жүрүшү менен тенелет. «Кызыл чок» ат кошчу Токтомушка убал болду. Басыгы начар, эти семиз, сындуу жээрденин үстүнүн тынчы жок. Узак жолдо ээсин кыйнап келатат.

Садыр эттенип, муруту өсүп, денеси жайыла түшкөн. Узун тору аттын үстүнө чалкалай отуруп, шаңдуу келатат. Төө жүнүнөн жасалган жеңил чепкенинин этеги канжыга сабап желге калкыйт, белиндеги ичке кемер куру курсагын басып, күмүшү күнгө чагылышат. Бурулча кийгизген суусар тебе-

тей желге жарылып, бермети улам бир ыптасына төгүлөт. Садыр үзөңгүсүн чирене тээп, талыган белин түзөйт. Тору ат эти кызыган сайын тизгинин үзө тартып, жүрүшүн ылдамдатат.

Кийинки күндөрдө Садырды көрө албаган арам ойлуулар тең тууган жакындарынын арасынан чыга баштады. Алды менен Калканды тукурушуп, колтугуна суу бүркүштү.

Өткөн аптада Караколдон келаткан Садырдын тобу Нурдөөлөтке куран окуп, Бурулчанын үйүнө түнөп аттанган. Ошол түнү Калкандын катыны Каным эринин мойнуна оролгон колун силке тартып, ачуу шек менен:

– Мен кичи энеме таарынып калдым. Атамдын тебетейин сен кийишиң керек болчу. Болуштугуңду алып бергени аз келгенсип, башындагы дөөлөтүңнү кемитип, атамдын тебетейин да кийгизди. Көрсө, эл айткан сөз чын тура. Атамдын көзүнүн тирүүсүндө эле төшөгүн ушул старчынга бастырган дешет. Кечээги түнү өзүңүз көрдүңүз го, кичи энемди мында чоочун киши жок деп, старчын жанына алды. Башындагы карасын алып таштап, катарына келип олтурду. Устукандын улуусун алды, урматталды го. Эл укса, эмне бетибиз калат, жоругу жолдо калсын, – деди. Калкан ичинен шишип, унчуккан жок.

Бул сөздү өткөн күнү Кендирбайдын агасы Тыным да айткан. Шуркуя энең өөздун арабасына түшүп, Караколго баратканда аранарда болуш болчу кишинер барбы деп сураса, ушул Садырды көргөзүптүр. Мына эми эмне болду. Таштактан ары Кичи-Ак-Суу, Чоң-Ак-Суу, Кашатка чейинки жерди беш ата кожояр ээледи. Ормон тукумунун он миң жылкысын батырган бул аймак эмне деген береке эле. Эки-Ак-Суунун ортосу эсенбай, ырыстайга, өйүзү атыгыр, мыярга тийиптир. Карагай-Булактын астын казак тукуму Жайсаң, Ыман, Каралага, андан аркысын алты ата калматайга, ак менен каранын ортосу Кескен-Сенир, Кум-Бел, Сасык-Булакты Бу-

ланга, олжобай, чоң чарыкка бериптир. Үч-Долонотудан Чолпон-Атага чейин Кенжебай баштаган чиркей, бөөбүйлөргө ыроолоптур. Эгер Кенжебайлар келбесе, ал жерге бостери, казак тукуму, жаманбай, катагандар жерлешет дептир. Сен сексен түтүн бакачы менен Эки-Өрүктүдө калсаң, ээ кокуй, калган бакачы, аңылдак, акылбек кайда барат. Тек кууша келгенде да Кудаш бийдин нака сийдиги биз элек го, бөлөкбай тондуу уулу, кожояр келин катындын балдары, эмне деген намызы жок эл болуп кеттик, – деп бакылдады Тыным.

– Садырды болуштукка атам өзү атабады беле, мүнүнүз болбогон сөз, – деди Калкан. – Жүнүш абам кар түшпөйт, катуу суугу жок деп атамдын тирүүсүндө эле Кара-Ойду тандап алган, Чок-Талдагы чогулушта өзүңүз деле бар эмес белеңиз. Бул өрөөн жутка мал алдырбайт деп акылбек атанын балдары Торгой, Бөлөкбай баш болуп жактырбадыңар беле? Бөлөкбай, кожояр Текестен Келге тууган деп, сиз менен биздин этегибизди кармап келсе, анан жерсиз калтырмак белек, бул сөздү экинчи айтпай жүрүңүз, – деп Калкан Тынымды тыйган.

Жеңил ооз Тыным бул сөздү Солто, Торгой, жайыл уулу Жаңыбайга да айткан. Тыным бакачылардын малдуу, алдуусу. Кендирбай элдин, мен малдын ээсимин деп, кымыз чыккандан баштап желе агытылганга чейин сабаанын түбүндө отуруп опурула берет. Тынымдын бул сөзүн Солто, Торгой да жактырган эмес.

Кабырга катыны Канымдын сөзүнөн кийин Калкандын көзүнөн Садырдын башындагы суусар тебетей кетпей койду. Өткөн жумада Калкан алыбай уулунун айылына келип, Муратаалынын үйүнө конуп кетти. Калкандын энеси Такабай Талип деген итке минген кедей кишинин кызы. Кичи энеси Бурулча ушул Муратаалынын кызынын кызы. Беш ата бөлөк Муратаалынын чеңгелинде. Бул кишиден Боромбайдын Өмүрзагы, Бирназардын Балтабайы да кыя өтө албайт.

Ушул элдин ирегесинде Нышанын бээсин саап, кымызын бышкан жалчы Садыр бүгүн болуш. Үч жолоочу келгенде Мурataалы баштаган белектин чоңдору алдаяр Чомойдун үйүндө отурушкан. Чомойдун аялы Бурулчанын атактуу боз үйүн жасалгалоодо чоң салым кошкон, атыккан чеберлердин бири. Иштүү киши өзүнүн үйүн да келиштире жасалгалаган.

Садырдын болуштук сүрү отургандарды дүргүтүп, ордунан тургуза алган жок. Кебетеси, кечээги кол бала, ирегедеги малайыбыз деген текебер теңсинбегендик бар. Отургандар Садырдын кош колдоп берген саламына жалгыз колун учкай узатышты.

Мурataалы капшытты көргөзүп:

– Садырга орун бергиле, – деди. Садыр бир аксакал чалдан кийин, Мурataалы көргөзгөн жерден орун алды.

Элде кыштын этеги узарып, жаз кеч келгендиктен, кышкы согум эти түгөнүп, жазгы мал арык. Конокторду алдына тартылган табак ала-телек. Жаңы союлган койдун жамбашын Садырдан жогору олтурган аксакал киши алды, андан бир-эки кесип жеп, устуканын тасмалга коюп, кышкы сүр карчыганын былкылдагын колго алганда Садыр:

– Тарт колуңду, сенден башка кишинин оозуна май жарашпайбы! Андай эле май жегич болсоң төркү табакка эмне олтурбайсың. Мен сени конуш таба элек саяктын бир чалы го десем. Белектин жаш теңдигине жеткениң менен аш теңдигине жете элек, кузгун жаш, куу чалы турбайсыңбы!? Андай эле май жегич болсоң, кара көйнөк Канай келгенде эмне келбейсиң? Ат арыта Текестен келип, аяк башын жыя элек саяктын санга кошула элек болушүнүн жанында эмнең бар, – деп бакылдады.

Кыргыз элинин салтында атасы кыйыр, алыстан келген киши, ким болбосун, конок. Тигил чал белек ичиндеги кыдык экенин Садыр билет. Кара көйнөк Канай деген кыдыктын Ормондун Үмөтаа-

лысы сыяктуу канкор адамы. Ал келгенде бул эл бүгүлүп моюн тосоору бышык. Садыр бул сөздү атайы айтты.

Садырдын сөзүнүн торкунүн байкаган дале Мураталы болду.

– Оо, Садыр жээн, айып бизден кетип калыптыр. Бери кара, өз балабыз деп саяктын болушун байкабай калган турбайбызбы. Кел, биздин табакка келгин, – деп сөзгө сынганын билгизди.

– Ийилгенди ийип сындырчу эмес. Бул абама тилим тийип калды, андай болсо экөөбүз тен эле өөдо карайлы, – деп тигил чалды да төркү табакка чакырды.

Өткөн жумада келген Калканды Мураталы өз үйүндө коноктоп отуруп:

– Болуштук даража саган таандык эле го, мырза, бу кандайча болуп калды, – деди.

– Болуштукту атам өзү атап, айтканын уккан эмес беленңиз?

– Уккамын, атанды Бурулча бурган дешет. Болуптур аны ата керээзи дейли. Чымын майга, конок байга конот. Садыр сөзгө бай болгон менен малга жарды. Сүйлөөк кишинин душманы көп болот. Анча узай албас. Эмки шайлоодо ат салышып көр. Таякелериң сен тарапта, ишин оңолгончо итиңе кош арт деген, Эки-Өрүктүнү таякелерине бер, өзүн ата конушуң Кырчынды ээле, ал жердей жер барбы! Ал жер жаман болсо, Ормон ээлейби! Атаңдын ашына таякелерин элүү үй тигип барат. Соют-коютун да таякелерин көтөрөт, – деди.

– Айткан сөзүңүз ак болсо, шартыңызга кулдугум бар, таяке, – деп убада берген.

Мураталы Эки-Өрүктүнү Нурдөөлөттүн болуш кезинде ортого Кенжебайды арачы салып сураткан:

– Нурдөөлөттүн белек, саякка болуш болушуна мен себепкер элем. Ошол кызматымды эске алсын, Эки-Өрүктүнү берсин. Биздин мал жайлоого баткан менен, кыштоо тарып кетти. Токою калын, жок дебесин, – деген.

Нурдөөлөт бул сөздү басынтуу, басмырлоо катары кабыл алып, арага түшкөн Кенжебайга:

– Кудай башка берет – жарды байыйт, аз көбөйөт, арандан зорго жаны жетишкен жерин саяк эми бере албайт. Ал менин колумдан келбейт, – деп узаткан.

Ошол эле түнү Муратаалы эки жүз киши атказып, Нурдөөлөттү байлатып кеткен. Нурдөөлөттүн иниси Аалыга кабар жетип, Кичи-Өрүктүнүн куймасынан аттанып, Ийри-Өрүктүгө жеткизбей кууп жетип, найза кезеп, Нурдөөлөттү куткарып келген.

Нурдөөлөт орус мыйзамына таянып, Муратаалыга жер котормо окумун чыгартып, сүргүнгө айдатмак болот.

– Бий атаны кетирээрсиз, бийдин артындагы элди кантип кетиресиз, жаныңызда мен жатпаймынбы? Мени да кетиресизби? Андан көрө, ат жетелетип барып, үстүнө чапан жаап, астынан өткөнүңүз он, ошондо жеңесиз, – деп акыл кошкон Бурулча.

Ошол соз менен Нурдөөлөт бийдин астына түшүп, артын жакшылык менен бүтүрүп, көңүлүн жай кылган.

– Ии, Садыр иним, агаң Нурдөөлөттүн ашын качан, кайсы жерде өткөрөлү деп жатасың? Өткөн жумада Калкан туутанын келиптир, саанга тартышмын, келим-кетим көп, таякелерим быйыл эки желе бээсинин сүтүн кыйсын дейт. Күзүндө атамдын ашын беремин, таякелигинерди коргөзгүлө деген жүйөөлүү сөз айтат, өзүнө кезиккениме ыраазы болуп отурамын. Мал ээси менен, баш мээси менен деген. Өзүндөн уруксаат болсо алдаяр, моют уулдары Эки-Өрүктүнү жайласын. Бул сөздүн жообун өзүңдөн уксак, эртең элди көчүрөлү деп, кенешип отурганбыз, – деди.

– Ээ, таяке, Нурдөөлөт куу найзасын белектин эки желе бээсинин сүтүнө көтөрбөгөн чыгаар, өз башы үчүн эмес, сиздин элдин намызын коргоп аттанганын унуттуңузбу?

– Сиз башыңыз менен Төрөгелдиге бойго жеткен кыз тартуулап, атыңыздан түшүп берип, чөгөлөгөндө Балбайдын жанында жүргөн Нурдөөлөт эмес беле. Төрөгелдинин атын атып, өзүн колго түшүргөн Алыбек кайда? Калкан келсе, таякелерине ошону айтканы келген чыгаар. Ага-инилигиңизди, таякелигиңизди көргөзгүңүз келсе, аны өз абийириңиз билсин. Аш сыйнаты буюрганына жараша болоор, али эрте, сиз менен кеңешээр күн да келет. Аны ошол күнү сүйлөшөлү, айтканыңызга ырахмат. Береги Сары-Тологойдо он, он беш түтүн саяк бар экен. Ошону туугандарына жибериңиз. Биз бир аз эс алып, аттар чалса, жүзүңөн менен жүрүп, эртең менен оөздун кеңсесинде болушубуз керек, – деп сөздү кыскартты.

Оөз көргөн көзүнө таң. Садыр бүгүн баягы көргөн Садыр эмес. Жүзүндө сүрү, беренеси жүзүнөн көрүнгөн, токтоо, калыбеттүү. Мындай төз өзгөрүштү бийликтин зери деп түшүндү. Садырдын көзүнө он сегиз, он тогуздардагы бала болуш Кыдыр урунду. Мындан жашы улуураак Чыныбайды Садыр Кызыл-Саздагы топтон көргөн. Ал азыр оөздун тилмеч катчысы. Колу-тили бирдей иштеген элпек жигит. Садырды Кызыл-Саздыгы жыйында көргөнүн айтып, оезго катуу мактаган. Бул жыйынга бирназар, шапактын тыңдары Сарыбай, Ныша, Балтабай, арык тукумунан Кыдыр, кыдыктан кара көйнөк Канай, Сагаалынын атасы Алматай, тескейки саяктан Райымбек, Байбектер чакырылыптыр. Мындан тышкары старчы, бийлер жүрөт. Орус мыйзамы баягы уруу бирдигин үзүп, топ-топко бөлүп, башкаруунун жаны ыкмасын чыгарды. Шайланган болуштарга чоң укук берилди. Болуштун чечими шайлоодон шайлоого чейин өзгөрүлбөй тургандыгы бекемделди. Чексиз бийликке ээ кылды. Баскынчылардын максаты булардын зор күчүн пайдаланып, калың калкты тил оозу жок, өйдө карагыс кылып мөгдүрөтүп, жер сүздүрөөрү байкалды. Колунда куралы, окуган окуусу жок, карапайым элдин мажү-

рөөлүгү, эмне кылса да байкалбаган кыл аркандын калктын мойнуна оролгону сезилди. Өөз чогулгандарга:

– Сиздердин жерди Кытай бийликтери падышага шарт коюп, Букардын көк ташынан бери уйгур, калмактын жери деп талашып жатат. Колунда карта, чиймеси бар, укуктук жагынан алганда алар документке таянууда, ал үчүн сиздер тараптан жүрөгүндө оту бар, билегинде күчү бар, оозунда сөзү бар, билимдүү, жер-суу тарыхын билген адам керек. Ал адам кандай бийликте болбосун кызматы сакталат. Айлык маяна төлөнөт, үй-бүлөсүн мамлекет каржылайт, – деди.

Болуштар термеле түштү. «Мен жараймын, барам» деген киши болбоду.

– Энеңердин талгагы канбай калганбы? Эмне жер тиктейсиңер? Мен бул ишке астына жоо чыдабас, артынан доо сүрдүрбөс, үмүт актай турган азамат деп Садыр Жолболду уулун атаймын, – деди Чыныбай.

Жаш болсо да чыйрак сүйлөгөн жигиттин сунушун отургандар туура көрүштү. Экинчисине Кыдыр көрсөтүлдү.

– Мен бул ишке шапак уругунан Ногойбайды ылайык деймин. Себеби, ал жер-суу тарыхын жакшы билет, орусча сүйлөй алат, окуган адам. Ногойбай бул жерде азыр жок, бирок чакыртабыз, – деди.

Ногойбайды билгендер «ошол киши барса болот» дешти. Ногойбайдын теги ногой, шапак ичинде бала окуткан шайык, кыргыздашып кеткен неме. Аны шапактар Ногойбай молдо деп коюшат.

– Тилмечтике жараса болду, – деди Садыр.

– Мен эл жумшаса отко да, жоого да бара беремин. Бирок, менин ата-бабам бийликке аралашкан эмес, мен карапайым малчынын баласымын, болуштукка дайындалган күнү шайлоочуларыма – силер үчүн кызмат кыламын. Жер-суу ата-конушуңарды алып беремин. Уруу бирдигиңерди бириктиремин деген убадам бар эле. Сиздер колдоо көрсөтүп, элге

берген убадамды аткарууга жардам берииздер? Араңыздардагы саяктарды түгол күнгөйгө көчүрүп бериниздер? Өткөндө Кызыл-Саздагы жыйын чыгарган токтомдун артынан арызданбаныздар. Уккан кабарга караганда Шабдан баштаган сары багыштар азыркы саяктар жашаган жер биздики деп оөзго арыз киргизген имиш. Чыныбай мырза Верныйдагы улукка арыз жазыптыр деп уктум. Ак падышанын адилдиги болсо жер саяктардыкы. Атабыз Кабанын сөөгү Чолпон-Ата мазарында жатат, – деген жүйөөлүү маселени ортого салды.

Ак чач оөзго кайрылып:

– Макул, улук төрөм, мен барамын. Эми, ылайык көрсөңүз, өзүңүз кийлигишип, жери жок саяктарга ата мурас жерин чегертирип берсеңиз? Жиберген жагынарга бара берем, – деди. Тилмеч которду.

– Аны мага тапшырыңыз. Айтканыңыз орундалат. Ордуңузга кимди дайындайлы, атаңыз, – деди оөз.

– Ордума Чормон Кенжебай уулун көрсөтөмүн. Калыс, жоош, эч кимге залалы тийбей турган адам, анын орунбасарлыгына Сиз, улук төрөм, ылайык көрсөңүз Итибай Улак уулун бекитип бериңиз, – деди Садыр. Оөздун Мееру басылган чечим чыкты.

Күнгөй Ак-Суу болуштугуна Чормон Кенжебай уулу, орун басарылыгына ормотой уругунан Итибай Улак уулу дайындалды.

Садырдын Чормонду көргөзүшүнө Эгемберди себепкер болгон. Түшкү тыныгууда Садыр аксакалдарга кенеш салган:

– Ордуна киши калтыр десе Эгемберди сени атаймын, – деген.

– Чормон абам турганда мага болуштукка жол жок. Уят болуп калабыз. Чормон абамы атаңыз, – деген кеңешин Эгемберди берген. Башка туугандар да мүнү туура көрүшкөн. Садыр Эгембердинин сөзүнөн улам өз ордуна Чормонду атап таштады. Элге кеңешилбеген бул бүтүмдүн эртеңи менен Са-

дыр эсептешкен жок. Калкан, Солто, Торгой баштаган кудаяр атанын балдары эске алынбады. Өз ою Чормон малдуу, жумуру ток. Өкүм зордукка барбай турган калыс, арамы жок, элге кайрымдуу деп баалады.

Садыр «Күнгөй Ак-Суу болушу» деген мөөрдү өткөн кыштын башталышында алып, экинчи жылдын теке айынын башында өткөрдү. Мөөр салынган булгаары баштык бир жыл сегиз ай Эгембердинин жан калтасында сакталды. Өткөн күздө Кызыл-Саздагы жыйын чечимине гана басылды.

Караколдогу жыйындын чечиминен кийин Садырдын чакырыгы менен Калкан, Торгой, Солто, Кендирбай, Жүнүш, Рысменде баштаган бакачылар, казак тукумунан Жаманбай, Кузгун, Ыман, Жайсаң, Жайыл, мамбет уулунан Ысмайыл, Дуулат, бөлөкбайдан Булаң, Ыйманкул, бокотой, барактан Төлөгөн, Балбак, Бектен, Багышбектер келишти. Жыйынга чиркейдин Кенжебайы келбей калды. Калматайдан Касым менен Сасы келди. Чогулган топ Кабанын токол аялынан тараган шыкмамат уругүнүн жоондору. Жыйын жаңы болуш Чормондун айылында болду. Садырдын саяк туугандарын күнгөйдө биринчи чогултканы. Арбактарга куран окулду, жер-сууга ээ болдук, кубанычтын башы болсун, ата конушубузда бейпилдик орносун дешип, ак боз бээни батага чалышты. Сөз арасында кудалашуу, сөөк жаныртуу, бири-бири менен таанышуу, ата-тегин териштирүү, алыс-жакыны айтылды, Достамыр биримдиги да эске алынды. Саяктардын бул жыйыны элде мурда болуп көрбөгөн жаңылык болду. Жоктукка, алсыздыкка чыдаган жалпы саяктар дем байлашты, мындан ары чокмордой чогуу, биримдикте болууга ант бекитишти. Туугандарына Садырдын кызматы өттү, зоболосу көтөрүлдү. Көчүп келүүдөгү ар кандай окуялар, тоскоолдуктар, колдоолор жөнүндө сөздөр айтылды. Садырды өз айылдарына конокко чакыргандар болду. Сый тамак үстүндө баарлашууну өтүнүштү. Келгендердин ара-

сынан Ырысменде бай «сапар жолуна баратыпсың баатыр» деп, Садырга жанынан жыйырма тенге сунду. Ондон, бештен тенге бергендер болду.

Эртеси чогулган топ Садырдын айылына түштү. Топко тескейки саяктардан Мамыткан, Ыкыбай, Кадырбай, Жийдебай, Байбек, Бериктер да кошулду.

Садырдын туугандарынын үч желе бээсинин жумадан жумага жыйылган агы, аш күчүнө келген гүл кымыз удаа-удаа сунулуп жатты. Арыда казан-казан эт кайнайт. Садырдын сапарына ыроолошуп чакан ат чабыш, улак тартыш, эр эниш сыяктуу майда оюн-тамашалар өткөрүлдү. Бакачы уругунун билармандары бул жолу Садырга болуштукту ыроолоодогу таарынычтарын айта алышкан жок. Жаны сөз Тескейден келген саяктардан чыкты.

Кыргыз урууларынын ээлик жер чектерин ажыратуу, даражалуу кызмат даназаларынын тегерегинде күү-күү кептер ой, кырдагы элдин оозунда. Бардык жайлоолордогу сөздүн агымы ушул экенин айтып келип:

– Садыр, – деди Байбек ажы, – ушул убакка чейин сени менен тил катышып сүйлөшө элекмин. Сенин атың угулгандан берки сен жөнүндө артындан жакшы сөздөрдү кулагым чалып жүрөт. Агайынга адилет экенсиң. Аттанган күндөн тартып элиңдин камын ойлоп, журт жыйнаган эмгегин кайтыптыр. Жолдо кимдин үйүнөн чай ичпейлик – кимиси кайдан көчүп келгенин, жер-суу, конушка ээ болгондорун сенин атың менен кеп кылышты. Эми биздин үмүттү да актагын, сен былтыр белектин ичинен болуштугунду бөлүп алганда биз дагы кыдыктан бөлүнүп, эч кимди тандай албай Тилекматтын тукумдарынан Элчибекти болуш шайлаганбыз. Жатмын дегениби, ал элдин камын көрбөй, канын соруп бүтмөй болду. Улукка өтө турган сөзүң бар, ага бараткан экенсиң, Элчибектен элди куткар. Кечээ Солтобай ырчы Элчибекти мактап, бүтүндөй алагөз, кабаны кордоп ырдаптыр. Ошого береги Берик агаң арданып, өзүнө арыз айтканы келди, –

деди да орүшүн алдыда, багытын жакшы, эми ушул жүрүшүңдөн айныба, – деп Садырга бата тиледи:

– Садыр иним, астыңды жоо тоспосун, дасторконуңдан кыргыздын пейили кетпесин, саган кара санаган киши тилегине жетпесин, бешигиңден балаңын, төрүңдөн карыңын үнү үзүлбөсүн, кайда болсоң да ак жолуң ачылсын, – деп жайган алаканын жүзүнө тартты.

Байбек ажынын чын дилден берген ак батасын элдин баары дүркүрөп колдошту. Жыйында ар кимдин суроо-талабы, конуш, жайыты жөнүндө сөз болду, ыңгайына жараша чечилди, калк ыраазылыгын билдирип, Чормондун болуштугуна баш ийишип, эл тарады.

## АЛМАТЫДА

Ак падышачылык Россия кыргыз жерине өз бийлигин орнотту. Оторчу жеке кызыкчылыгын бардыгынан жогору койгонун карапайым калк али түшүнбөдү, мани да бербегенсиди. Кылымдар бою калыптанган көчмөн кыргыздын башкаруу ыкмалары четке кагылды. Шайлоо, адилдик, нарк-насил, адаттар сөз жүзүндө колдонулган сыяктанып көрүнгөнү менен журттун мүнөзүндө болбогон жок нерселер жакшы жөрөлгө катары элге таңуулана баштады. Болуштук шайлоо кыргыз урууларын жикке, ажырымга бөлдү. Ак падыша төрөлөрү кыргыз башчыларын каалаганындай калчай баштады. Натыйжада, болуш кайсыл уруудан шайланса ошол уруу намызга жетишкен болду. Аны жеңиш үчүн бүткүл уруу акча, дүнүйө, мал-мүлк жыйнады. Кыргыздын үч уктаса түшүнө кирбеген кошоматчылык, паракордук деген балакеттер элдин түшүнүгүнө сиңе баштады. Кандай болсо да жакшылыктан элдин үмүтү үзүлбөдү. Журт ичинен элдин таламын талашкан эр азаматтар чыкты, алар элдин үнү, үзүлбөгөн

үмүтү, чыркырап турган чындыгы, кашкайган намысы эле.

Мына ушундай жагдайда Кытай бийликтери кыргыз жерине доомат кое баштады. Букардын кок ташынан берки аймак, Ташкен, Ош, Кыргызстандын айрым жерлери талашка түштү.

Жергиликтүү эл окулдөрү катышкан жер чегин тактай турган укуктуу комиссия түзүлдү. Россия Пржевальский, Семенов Тянь-Шанскийдин жер чиймесине таянды. Комиссиянын төрагалыгына полковник Колпаковский дайындалды. Ага жергиликтүү эл окулдөрүнөн туруктуу комиссия түзүү укугу берилди. Комиссиянын мүчөлүгүнө Чүйдөн Байтик баатыр, солтонун чоң айылчы уругунан Чолпонкул, Ысык-Көлдөн Садыр, бугулардан шапак Ногойбайдын ордуна Кыдыр дайындалды.

Чек араны тактоо эки зор өлкөнүн тирешүүсүнө айлангансыйт. Кимиси кубаттуу, кимиси айла-амалдуу. Эки ортодо чыныгы жер ээси кыргыз эмне болот? Айтор, Садырдын ою бир жерге токтободу. Жүрөктү каптаган түпөйүл ойлор! Эмне жыйынтык чыгат? Комиссиянын колунан бир нерсе келеби? Деги эле анын пикирин уккан, эсепке алган улук чыгабы? Бул зор окуянын чечилиши туңгуюк. Эмне кылса да Кытай менин жерим дей албайт, ал эми Россия да анте албайт. Анткенге алардын укугу жок. Бирок Чыгыш Түркстандагы уйгурлар Кытай букарасы, кыргыздар Россиянын карамагына өткөрүлгөн. Сөз ээлери чыгыш менен батышка таасирлүү эки чоң мамлекет, кадыр-барктуу, ар ким булар менен кааласа да, каалабаса да эсептешет. Жагдай оор. Ата-журт ыйыктыгы, кылымдар бою өз эркиндиги үчүн эр-азаматтары канын төгүп коргоп келген туулган жердин, кыргыздын келечек тагдыры не болмокчу? Көзүн жаңы ачкан наристедей алсыз экенине Садыр ичинен намысданды. Өз жерине ээ эмес экендигине ичи сыйрылды. Өкмөт саясатына аралашкан бир да кыргыздын жоктугу канатын кести.

Кыдыр ээрчите келген молдо ногой тилмечтик кылды.

– Улук даражалуу төрөм, ак паашабыз кыргыз эли менен шартнаама түзүп, жердин ээси кыргыз деп тааныса, Кытай биз менен эсептешет. Алар коптүгүнө салып, кубатына чиренип, опуза көргөзсө, улук төрөм, Сиздер бизге болушууга акылуу болосунар, ошондо гана кыргыз эли жер-суу, тоо-ташы менен чындап ак паашанын букарасы болуп, ак паашанын амирин тутабыз. Алай, Ош, Анжиянды Самарканга, Жалал-Абад, Талас, Ташкенге, Чүй, Ысык-Көл, Нарынды Алматыга каратып белсеңер, анда кыргыз жери таланып, жерсиз калат, ата конушунан такыр айрылат. Улуктар муну сиздер эсиниздерге албасаңыздар болбойт. Пржевал, Семен Тянь-Шанскийдин кыргыз жерин чийген карталары жокко чыгат. Бүтүндүгүбүздү колдой турган болсоңор, ошондо гана биз талашка чыга алабыз, ошондо гана биз укуктуу жер-ээси боло алабыз, жер үчүн биздин болушаар боорубуз катарында сиздер да толук укукка ээ боло аласыздар. Башка жол жок, – деген кыргыздын оюн Садыр улук төрөлөргө билдирди.

Кыргыз өкүлүнүн бул сөзүн ичкериден келген төрө жактыргансыды.

– Дагы кандай пикирлер бар, – деди Колпаковский.

– Бала туура айтат, бул сөз тапты эмес, көз тапты дегендик, – деп Байтик баатыр Садырды колдоп, бакжайган сакалын сылады.

– Элдин атынан сүйлөп жаткан киши бийлик ээси, же бийлик ээсинин атынан сүйлөй турган укуктуу жолдомосу болууга тийиш, – деди ичкериден келген төрө, ар бир кыргыз өкүлүнүн пикирин уккусу келди.

– Түп тамырынан азаттык бербесеңер да, шартнаамага кол кое турган укук ээси деп бирөөбүздү көргөзгөнүңөр оң болор бекен, – деди Кыдыр.

– Мыйзам боюнча бардыгы элдики деп айтып

жаткан сөзүнүздөр ырас болсо, ошол элдин акысына адилдик болсун. Кайсы заман болбосун падыша, султан алдында букаранын өз орду, өз даражасы бар эмеспи, – деди Байзак. Бул талкуунун жыйынтыгы үч күндөн кийин чыкты.

Натыйжада, Кара кыргыз убактылуу букара өкмөт түзүлдү. Өкмөт башчылыгына Шабдан Жантай уулу дайындалды. Бул жарлык жалпы элге жарыяланган жок. Падышанын кароосуна жиберилди.

Шартнаамага ылайык курулган жашыруун чечим менен жыйын аяктады. Шабдан жарым пааша болгон деген сөздүн түпкү теги ушундан калган.

Шабданды полковник Колпаковский өз ордуна калтырды. Кара кыргыз убактылуу букара өкмөтүнүн өкүлү күбөлүгүн Садыр Жолболду уулу алды да, кыргыз өкмөтүнүн өкүлү катары ал эми мамлекеттик байкоочу укугу менен Калпаковский орус делегациясын өзү баштап, Кытай өкүлдөрү менен сүйлөшүүгө Ташкенге жөнөп кетишти.

Ташкен шаарында генерал Кропаткин башында турган орус өкмөтү эки тараптын элчилерин мамлекеттик желектерди илдиртип тоздурду. Кытай өкмөтүнүн өкүлдөрү карта, чиймелерин жайышып, XV–XVI кылымдарда кыргыздар Алтай кырка тоолорунда жашагандыктарын, бул жер уйгурлардыкы экендигин, Уйгур мамлекети Кытай тарабынан каратылганын, демек, жер Кытайдыкы деген дооматтарын айтышты.

Орус өкүлдору Россия, Франция, Англия, Германия, Кытай өлкөлөрүнүн окумуштуулары аныктаган кыргыздардын тарыхы, тили, маданияты, атажурту жөнүндөгү илимий эмгектерин котортуруп, Кытай өкүлдөрүнүн куру дооматтарын жокко чыгарышты. Кытай өкүлү жерге көмүлгөн бекет бар деп чыкты, ошондой эле жок болуп кеткен шаарлардын аттарын атады. Бул талашты тактоого жер ченөөчү кыбачылар жиберилди. Алар жерге көмүлгөн бекеттерди таппай келишти. Шаарлардын аттары да далилденген жок.

– Сиз Кытай жерин талашып жатасызбы же уйгур жерин талашып жатасызбы? – деп сурады Садыр.

– Албетте, уйгур жерин аныктаганы келдик, – деди Кытай өкүлү.

– Андай болсо, эмне үчүн өз жерине жаны ачыган жаныңызда ээрчиген бир уйгур көрүнбойт. Муну кандай түшүнсөк болот, таксыр, – деп сөз улады Садыр.

Кытай өкүлү суроого жооп таба албады. Ташкендеги тартыш ушуну менен бүттү.

Генерал Кропаткин менен Колпаковскийлер жеке сүйлөшүүлөрүндө Кара кыргыз мамлекетин түзүү жөнүндөгү ойлору азырынча туура тактика экендигине ынанышты. Жарыяланбаган кыргыз өкмөтүнүн курулушу саясат сыры бойдон кала берди. Кытай, кыргыз чек арасы бөлүнгөнчө мыйзамсыз кыргыз мамлекети жашай бермекчи болду. Натыйжа манилүү, анын туура же туура эместигин келечек көрсөтөт, ишинердин башталышы жаман эмес. Калганы да ушундай ийгилик менен аяктасын деген каалоолорду айтышып, генералдар кош айтышты. Комиссиянын мүчөлөрү Анжиян шаарына поюз менен жолго чыгышты.

Жер чегин аныктоочулар Анжияндан жеңил трашманкелер менен Ошко келишти. Курманжан датка баш болгон оштуктар тосуп алышты. Комиссияга Оштон да жаны мүчөлөр кошулду. Алар чек араны тактоо иштерин улантышты. Жерге-Тал өрөөнү Кыргызстандын чегинде калды.

Өрөөндүн тоо-кыркаларынын башы Ооганстан менен чектешкендиктен Жерге-Талга бекет орнотулган жок. Маселе Ооганстан, Тажикстандын катышуусунда Анжиян чек-ара суроолору менен бирге каралсын деген орус, кыргыз шартнаамасы түзүлдү.

Көпкө созулган талаштан кийин Кашкар, Үч-Турпан, Какшаал, Кызыл-Суу Кытай мамлекетине карай турган болду. Ортого чек ара бекети орнотулду.

Кыргыз чек арасынын өтө оор, татаал маселелерин тактоо кийинки жылдын теке айында кайрадан улантылды.

Кытай окулдөрү быйыл катуу даярданып келишиптир. Иш баягы эле санжыра сөздөр менен башталды. Садыр Түндүк Кыргызстанды жакшы билгендиктен Каркыра, Жылдыз, Шеекүлө, Макмал жана башка жер-суу аттарын кыргызча мыктылап, такалбай, шыдыр чечмелеп, түшүндүрүп жатты. Сарке балбан койгон чек таштан берки Сары-Жон, Чар, Жылдыз, Кундуз, Күнөс, Нарынкол деген жерлердин аттары да аталды.

Кытай өкүлдөрү Садыр менен сүйлөшүүдөн баш тартты. Кайрадан Кропаткин кол койгон шартнааманы көтөрүп чыгып, кытайлыгын карматып көшөрдү. Жаңы түзүп келген карта, чиймелерин көргөзүшүп, Тянь-Шань деген атты далил катары бетке тартышты.

Жер чеги катуу талашка айланды, дагы бир жылга кийинкиге калтырылды. Карта, чиймелер падыша алдындагы өкүлчүлүккө, экинчи көчүрмөсү Кытай падышасынын алдындагы орус өкүлчүлүгүнө жиберилди. Эки улуу мамлекет ортосундагы чек ара талашы бүтпөдү. Мурда Крапоткин кол койгон мыйзамдуу аныктамадан Кытай тарап баш тарта албады.

Тээ илгертен кыргыз жердеген Текес, Сары-Жон, Чар, Жылдыз, Күнөс аймактары, Кулжа, Кашкар, Үч-Турпан шаарлары мурда Крапоткин кол койгон келишим боюнча Кытай мамлекетине өтүп кетти.

Чек ара тактоодо Садырдын кадыр-баркы көтөрүлдү. Шабдан менен Садырдын кызматын ак паашанын улук төрөлөрү жогору баалашты. Экөөнө чен, сыйлык, жашоолору үчүн түбөлүк пенсия ыйгарылуусу боюнча генерал Крапоткиндин колу коюлган өтүнүч кагаз ак паашанын өзүнө жиберилди. Ак паашанын жарлыктары да тез эле чыкты. Шабдан баатырдын, Садырдын абройлору эл арасында арт-

ты. Садырды тосуп алууга Эгемберди баштаган он чакты киши Верныйга барышты. Жолдо Садыр баштаган топ: «Торт болуш Тынай ичинде, Сооронбайдын Дүрү бар. Солто менен Тынайдын, Соолбос кызыл гүлү бар» деп аты чыккан кадимки Дүрдүн үйүнө кайрылышты.

Элеттин конок каадасын эске албаган Дүр коңокторун кесме менен сыйлайт. Кесме Ысык-Көл, Теңир-Тоо эли көрө элек гүлдүү чыны табактарга куюлуп, коноктордун астына коюлат.

– Садыр мырза, – деди Дүр, – биздин жер ысык, мал тоодо, жайлоодо. Пайгамбар барына ыраазы, тамакка караныздар, – дейт. Жанатан бери Дүрдүн короо жайына, алма багына, үй ичиндеги баалуу эмеректерине суктанып, өз элинин акыбалын, жеген-ичкенин ойлоп, көңүлүндө арданып отурган. Манап Дүрдүн сөзүн укканда Садыр чарт жарылып кетти:

– Бул эмне деген тамак?

– Кесме, Садыр мырза.

– Ал, жыйна! Мындай тамакты биздин элде алты ай суу ичип, мурду жел болуп, бузулган киши ичет! Ит аякка куйгансып, мунунду бул кашык менен ким ууртап түгөтөт! Тарткыла, жигиттер, – деп ордунан өйдө болду. Дасторкон шашылыш жыйылды. Жүктүн үстүндөгү камчысын алып, сандыктын үстүнө кыркалекей жыйылган жаздыктарды карылуу кол шилтеген камчы жара-жара тилди.

– Минсе ат болбосо, сойсо кой болбосо, муну несине тизип алган, – деп кайра-кайра чапкылап, жүктү сапырды. Кой деген киши болгон жок. Үйдүн ичи апырык-сапырык эле болуп калды.

– Айып бизде, Садыр мырза, жай алыңыз, айып менден кетти, бир ачууңузду бериңиз, – деген Дүрдүн сөзүнө болбой аттанды.

Айылдан узай бергенде:

– Ээ, Садыр, жанагы тамак жакшы эле тамак көрүндү эле, кайсы жиниң кармап кетти? – деди Эгемберди.

– Эй, ошондой кесмени сенин кайсы катынын камыр ийлеп, жасап берет? Алар келсе, алдына ала кийиз төшөп, ээр-токумун жаздап түнөтөсүң, ошол эртенкини ойлогон ызаама жиним келди. Түркөй кор турмушка көмүлгөн, жаман тердигин салпылдатып, арык сараласын теминген, ага-тууганыңдын артта калганына жиним келди. Агаң экөөңдүн азыр алты миңдей коюң, миңден ашык жылкың бар. Мынча коноктук астына жайар канча шейшебиң, канча жууркаңың, башына жаздаар канча жаздыгың бар? Ошонун жоктугуна жиним келди. Эртең алар айылга барса чоң табак этиңден башка эмне сыйың бар, ошого жиним келди, – деп астындагы атын темине жөнөдү.

Арадан үч ай өтпөй Верныйга Садыр кайра чакырылды. Садыр жанына Эгемберди, Ысмайылды алып Кууган-Төрдү ашып, Верныйга келди. Үч дубандан өкүлдөр чакырылыптыр. Жыйын салтанаттуу ачылды. Кош бүркүт эн тамгалуу падышанын туусу көтөрүлдү. Кыргыз жери аймактарга бөлүндү, ар бир аймакка жаңы болуштар шайланаары айтылды.

Жыйында ак паашанын Шабдан баатырга, саяк Садырга ыйгарган сыйлыктар, ээликтер, жөнүндөгү атайын жарлыгы окулду. Жарлыкка ылайык Шабданга 600 теше жер, жылына 400 тенге, Садырга 400 теше жер, жылына 200 тенге өмүр бою бериле турган болуптур. Андан сырткары экөө тең бүт салыктардан бошотулуптур.

Эртеси какайта тизилген аскерлердин өңүндө Шабданга Россия армиясынын подполковниги аскердик чени берилди. Мындан тышкары жер чегин аныктоого катышкандарга баалуу ар кандай сыйлыктар тапшырылды. Кыргыздар ээлик кылган жерлерге чарбанынын жаңы түрлөрү киргизилээри жөнүндө сөз болду. Жерди айдап, дыйканчылыкка өткөрүү, сугат иштерин колго алуу, арык, өстөк каздыруу айтылды. Элди отурукташтыруу жөнүндө жарлык да окулду.

Кыргыз урууларынын менчик жерлери аныкталды, алардын укуктары да белгиленди. Белгилүү бир даражада жер мамлекеттин карамагына өттү. Көчмон кыргыздардын жакыр-жалчылары жер иштетүүгө өтмөй болду. Ак паашаны даңазалаган жаңы агым чыкты.

Ак паашанын жарлыгына ылайык Садырга Ысык-Колдүн күнгөйүнон 400 теше жер бөлүнүп берилди. Эки-Ак-Суунун ортосундагы он жети зым карагайдын арасындагы Көлгө чейинки узун тилке аймак, ошентип, Садырга таандык болду. Ошондон бери бул жер Он-Жети-Карагай деп аталып калды.

Ишмердүүлүгү, жөндөмдүүлүгү, көрөгөчтүгү, калыстыгы, чечендиги эч кимден тартынбаган тикелиги, акылмандыгы, казак, кыргыздагы калыстыгы Садырдын атагын арттырды. Бардык маселелерде чындыктан тайбастыгы өмүрүнүн акырына чейин бий үстүнөн бийлик айтып, кан ишине калыстык кылгандыгы үчүн саяк Садыр – Садыр аке деген урматтуу атка татыктуу болду. Садыр бийлиги жок бий болду.

## ЧОРМОШ БОЛУШ

Садыр Чормонду ордуна дайындатып, улукка кызмат кылып кеткенден бери Калкандын ичине таруу айланбай, кара өзгөйлүгү кармап, мелтейип түнөрдү. Кандай болсо да амалын табуунун жолун издеди, ызасы башынан ашты, кекенди. Чормон жаманбай уругундагы Маргынбайдын Мистекан деген кызын токолдукка алды. Кыздын колун Чормондон мурда бакачы Ырысменде Койгелди деген уулуна сураткан эле. Айылында бала окуткан молдонун Торко деген кызына барып жүрүп, никелегенден кийин Байгелди төрөлгөн. Экинчи аялынан Кангелди, Төлөгөн. Төлөгөндүн кызы Телегей – оездун жардамчысы Чыныбайдын зайыбы.

Ырысменде менен Чыныбайды кадимки Солтобай ырчы: Ырысменде – бакачынын кутман байы, Чыныбай – күйөө бала, тийген айы, – деп ырдаган экен.

Атасы, күйөө баласынын аркасы, кадыры менен Койгелди жигит күттү, байсоорундук Макенко деген көпөс орус менен дос болду. Макенконун жыгач заводунда тактай тилдирип, Кара-Ойго ак үй салдырды.

Чормон туугандыгы жагынан Садырга жакын, беш ата кожоярдын эсенбай уулунан, аш-аягы бир, Текесте да бирге турушкан. Чормондун миң ашуун жылкысы, он миң тая коюу бар. Атасы Табылды байдан келаткан ырыскылуу адам.

Мистекан атка чыйрак, энесин тартып, ишке камбыл, нечен жолу кыз-куумайга түшкөн, кичинесинен оозго алынган, айыбы – жону жука дыйкандын кызы.

Бакачынын мыктылары Дураты, Тыным Калканды көкүтүштү.

– Кем токолдун балдары Садыр менен Чормонго бийлетебизби? Кырчын ата-конуш биздин жер. Болуштук бийлик да бизге таандык! Булардын белин сындырып, болуштукту тартып алышыбыз керек? Садыр болсо кетти, – дешип Чормонго каршы элдин ичин иритишти.

Чормон булардан кабарсыз, бирок алардын көрө албастыгын билет, айыл аксакалдары Ырысменде, Жунуш, Кендирбайлар менен көңүлү түз. Бокотой барактын Турдаалы, Бектен, Бапак, Сарыбай, Багышбектер менен да мамилеси жакшы, алар менен чай ичишип, кеп-кенештерин угат.

Бийликти Чормондун жардамчысы Итибай жүргүзөт. Чормон балбан, алп денелүү, сакалы жайык, узун-туурасы бирдей далылуу киши. Малы коп. Туугандары малына каралашат, кимисинде канча малы бар экенин билбейт, алардан минген аттарынын тер акысын, союлган малынын терисин сураган киши эмес.

17 – 194

Каратаман уругунан Каражырык деген киши саанга уй сурап алат. Төлү ондон ашкан жылы уйларды айдап келип:

– Байым, аманатыңызды алыңыз, сизге чоң ыракмат, – дептир.

– Оой, жолуң болгур, сенден мал сураган ким? Болуптур, анда. Уйлардын бир семизин калтыр да, калганын өзүң ал, – дептир.

Майрык деген тууганы Чормондун короосунан бир ирик уурдайт. Семиз ирик качып кетпесин деп мойнуна байлаган жиптин бир учун белине байлайт, торпоктой болгон чоң ирик Майрыкты кайра сүйрөп короого кирет. Койлор үркүп, короо тополонго түшөт:

– Ээ, Маке, бул ирикти эмне кылайын дедиң эле? –деп сураса, – Балдарга..., – деп жер караптыр.

– Ээ, түгөнгөн жыртак, өз малыңды өзүң уурдап, сени кайсы кара басты? Алганыңды алпарып союп же, жазында беш жүз тубар кой ал, үч жылкы төлүн бер. Төртүнчү жылкы төлүн алып, оокатыңды кыл, – дептир.

Быйылкы Күнгөй-Ак-Суу болушуна түшкөн чыгымды бүт төлөп, Караколдогу оездун кенсесинен көңүлдүү аттанды. Айылга келип, чыгымды төлөөгө каруусу жетпеген жок-житик кишилердин эсебин алдырды, 260 түтүндүн чыгым төлөөгө чамалары жок экендиги белгилүү болду. Алардын баарын чыгымдан куткарды. Колунан келгендерден гана чогулттуруп, казынага өз жанынан төлогөн каражатынын бир бөлүгүн ордуна койдурду. Эл берешен болушка ыраазы болду.

Чормондун көңүлүн үйүндөгү жаш токолу Мистекандын тагдыры түйшөлттү. Токолду байбиче жерийт, эр жеткен балдары күнөөлөйт, байбичеге түшүндүрүп айта албайт.

– Эй, Чормон, башына дөөлөт эки келбейт. Балдарыңдын энчисин берип, байбичеңдин айылын бөл, – деп Жунуш Чормонго акыл бөлдү.

Жунуш бакачы ичиндеги досу. Жунуштун Маргынбайга кадыры өтөт. Аны менен таеке-жээндиги бар. Жээни Маргынбайды көндүрүп, калынын бир күндө айдатып барып, кызы Мистеканды Чормонго алып берген. Чормондун байбичеси ал тоқолду караган түнү токолдун уктаарын күтөт да, токол уйкуга киргенде Чормонду жеңинен тартып, койнуна алып жатып алат. Чормон катуурак дем алса «кашынмаң кармап келатабы» деп какшыктап, айласын кетирет. Кусун кылган түнү токолго суу куйдуруп, шейшебин жуудуруп, астын тазалатат.

Жаз чыгаары менен Чормон Мистеканды болдү. Ак-Суунун чатындагы жашыл токойго үй көтөрттү. Мистекандын төркүндөрүн чакыртып, чакан той өткөрдү. Байбиче Мистекандын энесинин алып келген кешик этин итке ыргытып аттанды. Ызасына чыдабаган токол тойго келген женесинен Койгелдиге кабар айттырды.

Мистекан кабарында «бийлиги бар жоон деп, болуштан коркпоңуз, бул кишинин көкүрөк көтөрөөр алы жок экен. Менин бактым өзүңүздө окшойт. Бардык азап-тозогунузга бармын. Эмкисин эркектигиңиз билсин! Кайсы күнү, кайсы маалды болжосонуз, мен ошол жердемин» деген.

Ошондон аз өтпөй Койгелдинин Обон деген жигити байсоорундук Василийдин кайыгы менен келип, Мистеканды Байсоорундагы орустарга жашырды. Эч кимдин оюна келбеген бул шумдуктун ай өткөнчө дайны билинбеди. Мистекандын төркүндөрүнүн да тынчы кеткен, издөө салган эч ким болбоду. Капка ийне жатпайт, акыры кабар угулду.

Чормондун көк жал уулу Асанкожо эсенбай уругунун менмин деген азаматтарынан кол жыйнап, Койгелдинин айылына «Мистеканды Койгелдиси менен байлап кел» деген өкүм менен аттандырды.

Түнү менен баргандар төшөктөн Мистеканды таппай, Койгелдини байлап келишти. Анын артынан кууп келген бакачы жакшыларына Чормон өзү арага түшүп, Койгелдини бошотуп берди.

Койгелди да катуу намысданды. Солто, Калкан, Торгой, Тыным, Дуратыларга кенешти. Саяктын чоң уруулары куртка мерген, бектемиштерден кол жыйнап, Чормонду, беш ата кожоярды чабууга бел байлады.

Казак тукуму жаманбайларга, бокотой бароктарга Койгелди киши жиберип «колтук ачпагыла, Кырчын, эки Ак-Суу биздин жер, Нурдөөлөт Бурулчаны алган жылы, анын кара чамгарагы ошол Кырчында көтөрүлгөн. Чолпонбайдын сүннөт тою ошол жерде өткөн, Нурдөөлөт ошол конушта көз жумган, майрам суусу да ошол жерге төгүлгөн» деген туугандык саламын айттырды. «Чормон шайланбаган болуш, Мистекандын ата-энеси менен кудалык касамыбыз бар. Мыйзам биз тарапта, Мистекан эмес, жер да биздики» деген доо арызды оозго киргизишти.

Мистеканды бал челек жүктөгөн арабага салып, орустардын жардамы менен Кес-Сеңирден өткөрүп кетишкендиги беш ата кожоярга эми даана билинди. Эки тараптын азаматтары ат суутушуп, күлүктөн күлүк тандашып, найза, чокмор жыйнашып, элге бүлүк түштү.

Аян, Чормон, Эгемберди, Кошу, Балбак, Чотуй, Эсенгул, Деке, Сулайман, Каржаады, Насиптин балдары, төлөйкөндөн Ысмайыл, мамбет уулунан Бокош баштаган азаматтар жүз ашуун кол чогултуп, Койтелдиге каршы аттанууга бел байлашты. «Аялыбызды тартып алды, болуштун даражасын тепседи» деп Караколдогу оозго арыз жазышып, Эгембердини аткарышты.

Алматыдагы Садырга Түкөнбайды жөнөтүштү. Түкөнбай, ага аткошчу болгон Токтомуш кош ат менен тынбай жүрүшүп, ооздун кеңсесинен Шабданды табышты. Болгон окуяны Шабдан баатырга айтышты. Садырды издештиришти.

«Садыр Ташкенден эртең-бүрсүгүнү келет, келээри менен жөнөтөбүз» дешип, Алматы оезу келген-

дерден Ысык-Көл оозуна шашылыш кабар жиберип, «жанжал токтотулсун, Алматыдан киши бармайынча бул маселе каралбасын» деген жолдомо кагаздын көчүрмөсүн колдоруна берип, аларды түнү менен кайра жонотуптүр. Алар келгенде эки уруунун эркек аттуулары жапырт атка минишип, эртенки болуучу алааматка камданып калышкан.

Караколдон трашманке арабага түшүп, Чыныбай кайындарына өттү, ээрчиткен он чакты солдаты бар деп угулду.

Алматыдагы оөздун катын Итибай Чыныбайта, Ырысменденин үйүнө алып барды. Жанында коштогону Бокош. Көл жээгиндеги чабындыдагы ээртокумчан аттарды көрүп, Итибайдан көнүлү сууп, Чыныбай менен салкын учурашты. Чыныбай чыны менен чыйралып, ачуулуу отурган. Алматыдан келген катты окуп, бул экөөнү калтырып, Койгелдиникин көздөй басты. Көптөн кийин келип, Итибайды жекирди:

– Элдин ичин ириткен жанагы кара дөбөт кайда, – деди?

Эч кимден тартынбаган Итибай:

– Ал кара дөбөт байлоодо, жанагы канчык ээрчиткен кызыл ит кайнаган мындабы? Мында болсо чакыртпайсыңбы, сүйлөшолү, – деди.

Койгелди Чыныбайды ээрчий келген, камчысын кончунан сууруп алып, Итибайды качыра берди. Камдуу отурган Токтомуш тура калып карылуу колу менен аны төшкө түртүп, камчысын жулуп алды. Чыныбайдын артында турган эки солдат Койгелдини эшикке алып чыгып кетти.

– Алматыдан улук келсе, Садыр да кошо келет бекен?

– Келет экен, – деди Итибай.

– Анда элиңерди ээлентпей тыйып, бир-эки күнгө тынч ала тургула, силер жогорку белекке, качыбекке киши жибергиле. Мен тескейки саяктарга кабар бердирейин, бул ишти ошол калыс элге салалы, – деп Чыныбай менен Итибай сөз бекитишти.

Болжогон күнү Эки-Ак-Суунун чатындагы Кара-Жалга эл чогулду. Тескейки алакоз, кабадан Токбай, Момо ажы, Нурмолдо, Байбек, Жаныбек, Ыкыбай, Кадырбай, Жийдебайлар келишти.

Бир аздан кийин белектерден Балтабай, Камчыбектердин тобу келип түштү. Келгендердин колдоруна отурган жерлеринде суу куюлуп, эрте бышырылып коюлган табак-табак эт тартылды. Алматыдан келчү кишилер кечикти. Кечкисин майназар, кулча, эсентүгөл уруктары конок алды. Бакачыдан келгендерди казак тукуму Жайсаң ажы, Ыман Карала ээрчитип кетишти. Чыныбай баштаган уруктар Эгембердиникинде болушту. Түндүн бир оокумунда «Садырлар келди» деген кабар угулду. Жыйын эртеси эртең менен башталды.

Садыр аке менен арык тукуму Кыдыр аке да кошо келген экен.

Бий отуруш, сурак башталды. Башкы бий Кыдыр, белектен Балтабай, тескейки саяктардан Байбек, кожоярдан Бокош, кудаярдан Багышбектер шайланышты.

Биринчи маселе Чормондун болуштук бийлиги жөнүндө болду. Туура тандалбай, бийлик босогосун көрбөгөн наама киши дайындалган. Өзү ордуна дайындаттырганы үчүн Садырга күнөө коюлду. Чормонду болуштуктан түшүрүштү.

Бийлер андан кийин жер жөнүндөгү талашты талкуулашты. Калкан, Солто, Торгой Садырга каршы «азыр сөз болуш эмессиң, колуңдан келгенин кылып ал, жер биздики» деп чыгышты. Ырысмендениң «элди конушунан козгобойлу, бул иши жөн калтыралы» деген сөзүнө бакачылар көнбөдү.

Калкан «чабышам, жеримди алам» деп көшөрдү.

– Чабышып көрчү, кандай чабышасың, – деди Качыбек.

Калкандын көктүгүн билген Садыр чырдын арты эмне менен бүтөрүн байкады. Эрегиш күчөп кетсе жерге же Шабдан, же Чыныбай ортодон ээ чыгаарын, эки бир тууган шыкмаматтын балдары жер-

сиз калаарын, андан көрө экөөнү чабыштырып, жерди саяктарга сактап калайын деген ойго келди.

– Долоноту, Корумду, Сөгөттүдөгү олжобай, чоң чарык ордуларынан козголбосун. Чатакты чыгарган Чормон менен Койгелди. Чабыш кандай экенин ушул экөө көрүшсүн. Экөө экиден тандаган балбанынын чыгарсын, алтоо чабышсын, алдырган тарап Эки-Ак-Суудан чыгып кетсин, жер маселеси ушу менен бүтсүн, – деди Садыр.

Бийлер «акыйкат сөз, ушундай болсун» деген бүтүмгө келишти.

– Чормон чыкпасын, Чормондун ордуна мен чыгайын, – деди Эгемберди.

– Жок, ошол экөө чыксын, – деди Чыныбай.

– Андай болсо, төрттөн сегиз киши чабышалы, бул тарапка мен кошулайын, – деди Эгемберди. Агасы Чормонду камчыдан коргоюн дегени го деген Садыр «мейли ошондой болсун» деди. Бийлер макул болушту.

Беш ата кожоярдан Эгемберди, Чормон, Аян, Кошу, кудаярдан Калкан, анын иниси Алжан, Койгелди, Бектен төрттөн сегиз киши чабышка чыгышты. Ат алмаштырууга, камчы которууга тыюу салынды. Камчыдан майып болсо, көз чыкса, өлсө доосуз, женген тарап Эки-Ак-Суунун ээси болот. Бектен балбан менен эр Кошунун чабышы башкалардан бөтөнчө болду. Ат үстүндө обдулуп, бир-эки шилтегенде Бектендин камчысы алаканынан үзүлдү, Бектен сопоюп калган камчы сабын ыргытып жиберди. Кошу да камчысын ыргытты. Экөө эр оодарышка өттү. Алжан атасын тартып алыбеттүү эле, Аянды бир топ сабап жиберди. Эгемберди менен Калкан аркы-терки бастырып турушту. Кыл тиштешкен кыйын чабыш Чормон менен Койгелдинин ортосунда болду. Экөө өлөөр-тирилерине карабай катуу кармашты. Койгелди жаштык кылып чарчагыдай эмес. Эгемберди чыдабай кетти. Кара атка камчы басып катуу келип, Койгелдини кулак түпкө муштап өттү. Эгембердини качырып келип, Калкан

сокту. Айкаш эми жанырды. Калкандын аты качкы экен, улам демитип, аттын омуроосу менен кагып, Эгемберди Калканды сабап жиберди. Бектенди Кошу аттан алып түштү. Бийлер экөөнүн чабышын токтотуп, кожоярларга бир упай берди. Ачуусу келген Калкан Эгембердинин атын башка тартып жиберди. Атты башка чапкан андай эмес, мындай деп, үзөнгүгө тура калып, Калкандын атын чоку талаштыра тартты. Күрөң аттын бир көзү агып түштү. Канчалык тизгинин силкип бурган менен күрөң ат кош аяктап секирип, топтон чыга качты. Ат которууга болбойт. Калкандын арманы ичинде калды. Чормон иниси Эгемберди экөөлөп, Койгелдинин эсин оодарышты.

Алжандын жалгыз камчысы үчөөнө туруштук бере албады. Бийлер чабышты токтотушту, жер доосу бүттү. Эки-Ак-Суу, Кырчын кожоярлардын энчисинде калды.

Мистекандын башын ачуу калды. Койгелди адатка сыйбаган ишке баргандыгы үчүн жүз жылкы, миң кой, бир кыз айыпка жыгылды. Бийлердин өкүмү жыйын тарай электе аткарылды. Куу-Булун деген жерден Маргынбайдын инисинин тогуз жаштагы кызы Бурулканды боздотуп алып келишти. Кара-Ойдун кайкысынан жүз кысырак айдалып түштү. Миң кой айдалып келатканы айтылды.

Отуз жылкы, жүз кой конок алган казак тукуму олжобай, чон чарык, эсентүгөл, майназар, кулча уруктарынын айылында калды. Отуз жылкы, жүз кой бийге, калыстардын шыбагасына кетти. Он жылкы, жүз кой Чыныбай, Кыдырга ыйгарылды. Отуз жылкы, жети жүз кой Мистекандын айыбы үчүн Чормонго ыйгарылды. Садыр Эгембердиге Бурулканды көргөзүп: «балдарына кошуп, бала кылып ал» деди. Шайлоо жакын калгандыктан болуштук убактылуу төлөйкөн уругунан Ысмайылга, жардамчысы Итибайдын ордуна барак уругунан Жийдебайга өттү.

Кожояр, кудаяр уруктарынын кара көлөкөсү өчүп, Койгелди менен Чормондун деми суугандан кийин Жунуш Садырды конокко чакырды. Чормон менен Жунуш дөөлөт касыретинде жүргөн кезде, экөө убада бекитип, токол алмак болушат. Чормондон кийин Жунуш да токол алган. Жаш токолду байбичесинин үстүнө киргизген. Эстүү байбиче күнүсүнүн чамгарагын бөлүп, жанына коншу кондурган. Эже-синди сыяктуу болушту, экөөнүн ынтымагы бузулбады, Жунуштун үйүнүн берекеси кетпеди. Казан-аягы кен, келим-кетими көп, ага-инилүү айылдын көркү чыкты. Садыр келгенден бери байбиченин үйүнүн төрүндө кумалак ойнолот.

Садыр Түкөнбай менен Бокошту, экөө тен болуп-толуп турган жигиттер, жанында ала келген. Бүгүн-эртен кайтабыз деп турганда Кендирбай небересине тушоо той өткөрдү. Тойго Торгой, Калкан, Койгелди да чакырылган эле, алар келбеди. Эртеси той шыбагасы деп, Жунуш – Садырга ат жетелетти. Садыр Бурулчанын үйүнө түшүп, Нурдөөлөткө куран окуду, конуп кеткиле дегенге болбой, кеч аттанышты.

Орто-Бейиттин тушунан суук, ачуу үндөр чыгып, чуулдаган кишилер бетме-бет чыга калышты. Үч жолоочуну камчыга алып, эч себепсиз эле сабап кетишти. Карангыда Садыр каршысындагы камчы көтөргөндүн минген аты Кангелдинин керкашкасы экенин тааныды.

– Кангелди, башка го башка. Сени кайсы шайтан сайды? Кусур урган ит, кутурган акмактарга тенелип, саган эмне болду, – деп Садыр кыйкырып жиберди.

Башын танган түнкү каракчылар карангыга синип жок болушту. Аттарын ылдамдатып, үч жолоочу да бул балакет жерден алыстоого шашышты. Бу каракчыларды Калкан, Солто, Койгелди, Тыным төртөө кенешип, «Садырды өлтүрөлү» дешкен, Солто «өлтүргөндө болбойт, андан көрө балдарга сабатып, касиетин качыралы» деген сөзгө келишкен.

Койгелдинин Обонуна кошуп, Кангелдини кошо аткарышкан. Кангелди кыйыктанды эле, агасы Койгелди «бар, сени урду деп, эч ким сенден күнөм санабайт. Касиеттүү кишиге касиеттүү кишинин камчысы тийбесе, касиети качпайт» деп, башын өз колу менен таныл, тумак кийгизип Койгелди өзү аткарган.

Эртеси Садыр болуштун милдетин аткаруучу Ысмайылды, анын жардамчысы Жылкыбайды, жигити Түкөнбайды ээрчитип, он чакты киши менен Караколго жөнөдү. Алды менен ак чач оозго кирди, учурашты, Чыныбайды да чакыртып, сөз баштады:

– Чыныбай мырза, – деди Садыр, – Эр деп этегинди кармап, эл деп эшигинде кызмат кылып, агаң Нышандын бээсин саап, малын багып, сенин атаңдын кылган кесибин кылып жүрүп, мен да бул даражага жеттим. Саган да кудай берип, Көл элинин ээси болуп турасың. Сенин бул эмне кылганың? Кайсы айыбыма кайнагаларыңа камчы шилтеттиң? Кангелди менен Койгелди сабады мени! Сага таянбаса, уу коргошун кемирсе да мага бул кордукту көргөзүүгө батына алышмак эмес. Айт, айбымды мойнума кой, аларга болуша турган болсоң, береги Кетмен-Төбөдө түнгатар, түнтой, Нарбото бийдин тукумдары туугандарым бар. Андан ары Бозтери, Энтери баатырлар баштаган калдайган саяк журтум бар, эртең көчүп кетемин. Бүтүн бул кордукту мен көрсөм, эртең аны сен да көрөсүң. Береги Балтабай багалегинден алып, балтырлап турат. Мени капкан ит сени да кабат, эки безер элди бузду деген сөзго калбайлы десең, кайнагаларыңдын актыгын далилдеп бер. Бул улугуна менин арызымды өзүң айт, – деп Садыр мунун кабарып, ачуулуу айтты да эшикке чыгууга ордунан турду.

Оөз аң-таң, кол жаңсап токто, мага да угуз дегендей кылды эле, «мына бул айтат» деп, ачуулуу өнүн өзгөртүп, кабагын ачып, жакшы жүзүн көрсөтө күлүп, уруксат алып тышка чыкты.

Чыныбай кечинде Садырды түнөк алган жеринен чакыртып алды. Болгон окуянын толугун Садырдын өзүнөн укту. Эртеси оезго бардыгын түшүндүрдү. Оез мурдагы түшкөн арызды кошуп карамак болду.

Арыздар шаршемби күнү дунган мечитинин короосунда каралды. Биринчи болуп элден түшкөн жетим акы, жесир доо, мал уурдоого байланышкан арыздар каралды. Садырдын арызы эртеңкиге калды.

– Кангелди Садырга камчы чаппадым десе, сөзүнө кепил тартсын, ага чыдай албаса, төрт тогуз айыпка жыгылат, ал эми Садыр дооно кимдерди кепил кыласың? – дешти калыстар.

– Кангелди чапканым жалган десе акылбектен Торгойдун, кабатайдан Солтонун, белекбай уругунан Дууратынын, бакачыдан Калкандын жанын алып берсин, – деди Садыр.

Ал төртөө элден бөлүнүп сүйлөшүп, «жан беребиз» деп келишти. «Жан берүү», «жан алуу» касамын кожо тукуму Нурмолдо жасай турган болду.

Нурмолдо тортөөнө даарат алдырды. Андан кийин Дууратыны мечитке киргизип, дырдай чечиндирип, ак кепиндеп, табытка салып чыкты. Табытты жерге койдурбай:

– Эй, Кангелди, берген актыгың жалган чыгып калса, бир эрдин күнү айыпка макулсуңбу? – деп тактады Нурмолдо.

– Макулмун, – деди.

– Макул болсоң, макулдугуңду элге үч сапар кайтала, – деди.

– Жалган айтсам эр күнү мойнумда, – деп үч сапар кайталады. Дуураты салынган табыт мечитке киргизилди, кире бериштеги биринчи үн:

– Ээй, мусулман, бул дүйнөдөн эмне алып баратасың, жалган дүйнөгө кызыл эт келгенсиң, эми кызыл эт баратканыңды туйдуңбу? Жан касамы – малыңдан артыкбы? Пенделигиңе азгырылбагын,

айт чынынды, – деп жаңырды. Жооп болбоду. Экинчи үн:

– Ээй, мусулман, сен азыр көмүлөсүн, сени көмгөнү келген эл сени менен кошо көмүлбөйт, ага-тууганың, катын-балаң, жоро-жолдошторуң калды. Аларды кантип кыйдың? Айт чынынды, – деп жаңырды. Жооп болбоду. Үчүнчү үн:

– Бут жыйган-тергениң калды, күтүргөн малың, күмүш үн алган жарың, ак никең калды, алдейлеген балаң калды, айт чынынды, – деп жаңырды. Жооп болбоду. Төртүнчү үн:

– Сен азыр жалгызсың, эшиги жок, төрү жок, түбөлүк үйүнө киресиң, оозуңда келмең, беш убак намаз, отуз ооз орозоң барбы? Төбөңдөгү күн түшүп, айткан антың жалган чыкса, тозок отуна күйөсүн. Аңкүр-маңкүр төбөңдөн зор балка урат, астында дөшү, айт чынынды?

Алланын кулу Мухамбеттин үмоттүмүн дегенди унутпа. Алланын алдына сен ушул ой менен бар. Эй мусулман, кылган ишиң ийниңде жазылуу, шайтанга азгырылба, айт чынынды! – деп жаңырды. Жооп болбоду.

Табыт мечиттин аркы эшигинен чыгарылып, мечиттин оң жагы менен айландырылды. Нурмолдо теспесин алды.

– Эй, Кангелди, актыгың жалган чыгып калса, эл алдында айыбыңды тартасың!

– Тартам. Бул жолу Кангелдинин үнү бас чыкты. Табыт жерге коюлду. Экинчи кезек Торгойго, үчүнчү кезек Калканга келди. Алар да касам ичишти, экөөнүн табыттары да Дууратынын табытынын катарына коюлду. Төртүнчү кезек Солтого келди.

– Ээй Солто, Алланын төрт жаман көргөн кишиси бар. Биринчиси: катынпоз кары, экинчиси – жалган күбөгө өтүү, үчүнчүсү – касам ичүү, төртүнчүсү – жадыгөйлүк, чыдабастык. Сен ушул төрт тартиптин жүгүн аркалап баратасың, чымындын канатындай калпыстык кетирсең – акыр кыяматка

чейин дилинде кара так калат. Момундун көзү кашында турат, ак-карасы Алланын кулагында. Эсиңе кел, чыныңды айт! – деди Нурмолдо, кайра таКыба сөзүн улантты, – Кара башыңды, чымындай жаныңды, катуу сыноодон өткөрүп жатасың, өзөгү өрттонүп, жаны кашайган киши ушул акыбалга барат. Үстүндөгү үч көз чүпүрөк, үйүлгөн топурак сени аябайт, алдыгы нур чырайың – көрдө чирийт. Чач, сакал-мурутуң жыдыйт, көзүң соолот, карегиң агат, айт чыныңды! Табыттан үн чыккан жок. Төртөөнүн табыты катар тизилди. Жүз мертебе «ил лаллаху» деп талил айтылды. Төртөөнө төрт башка жаназа окулду.

Табыттар мечитке киргизилди, молдо узун сабак куран окуду. Төртөө табыттан турушуп, кийинип элдин алдына келишти.

Садырдын шагы сынды. Ал ордунан туруп: – Оо кудай, калп айтып, кара озгөй сүйлөсөм, күзгө жеткизбей мени ал, кожо-кыдыр, колдогонуң чын болсо, бул төртөөнү ал! – деп көзүн колу менен басып, толгонуп кетти. Садырдын көзүнөн жаш акканын көргөн Рүстөмдүн Зоодонбеги жарылып кетти:

– Ой журт, бул төртөө жан берер алдында тетиги карагандын түбүнө барып кеңешишти. Мен карагандын далдаасында даарат ушатып олтургам. Кангелди «Эй, Калкан, Торгой, эл алдында ак элечек катын болуп калабыз го, андан көрө кырк байталдын тезеги экен, малын берип кутулалычы» деди. Анда Калкан: «карартып мал бергенче, кызартып жан беремин» деп болбой койду.

– Чынбы, Кангелди, – деди Зоодонбек. Дендароо болуп турган Кангелди:

– Чын, – деп жиберди.

Дууратынын денеси муздап, жан тери келип, өңүнө өлүм беренеси кирди, кумсара түштү.

– Бүтүмдү кайра кароого жол жок, булар кутулган. Болду, бул төртөө кудай алдында күнөөсүн тартат, – деп Нурмолдо төртөөнү элдин ичинен алып чыгып кетти.

«Арам өлгүрлөр, арам олгүлө! Ой жүзү каралар, жүзүнөр карарсын, бети жок, ары жок» деген ачуу үндөр эл арасынан угулуп жатты. Садыр жыйын сонун күтпөй, өз кишилери менен үнсүз аттанып, үйүнө келди.

Бир жума өтпөй Дуураты үйүндө дүйнө салды. Арпа орокто Торгой, жайлоо сууган кезде Калкан, кеч күздө Солто көз жумду. Бул окуя кыргыздын кыйырына угулду. Ооздон оозго өтүп, тоо арасындагы элге шамалдай тарады. Сөзгө сөз кошулуп, эл арасында уламыш кепке айланды. Садырдын жашы элүүгө карады. Касамдын таасири тийдиби, айыл аралап, топко барганын токтотту.

Байбичеси кудай этегинен жалгаган, кең пейил, момун адам, ушак-айың менен иши жок, келин тескегинди да билбейт. Абысын-ажыны менен ынтымактуу, Кызыл-тазыл үй-буюмдарына кызыкпайт. Дайыма Садырдын сөзүн жактап сүйлөйт. Соз ажырымын тыңшаган жан эмес. Садыр кээде:

– Ээ, кудай урган, оозуңду ачып, бирдеме десен боло, – десе.

– Сөздүн ээси турса, учкашкандын үнү угулабы? – деп койчу.

– Жок дегенде келин-кесегиндин бирин нары тур, бери тур деп койсоң боло, – десе, – Нары туруп, бери караган келиндин өлүгүн көрөйүн! Нарыбериси жок эле, жакын туруп чай бергени жакшы, – деп таамай жооп берип коюп жүрө берген, майда сөзгө уста, дасторкондун четин жыйбаган, кең пейил киши болгон экен.

– Байым, – деди ал бир күнү Садырдын жанына этегин кымтый отуруп, – Жанагы сизге жаманаттысы калган төрт тууганымдын өлүмү мага кыштын суугундай сезилет? Өзүнүз кандай дейсиз, – деп сурайт.

> Боюнан Ысык-Көлдүн конуш тапкан,
> Эл ээси Торгой, Жунуш, Солто, Калкан.
> Ашуусуз аска болуп бул төртөөнө,

Болду го Садыр саяк темир аркан, – деген Солтобайдын ыры Садырдын эсине түштү. Садыр көп нерселерди эстеди...

Бул ыр Шамен, Шабдан, Үмөтаалы, Ботокандар келип, Нурдөөлөткө куран окутуп кеткенден кийин ырдалган. Ак паашанын төрөлөрү көчмөн кыргыздарды жаңыдан өз бийлигине тартып, Чүй, Ысык-Көл, Нарын дубанынын биринчи курултайын чакырган.

Курултайга отуз миңден ашык адам катышты. Кимдин ким экенин эл тааный турган кез келген эле. Шабдан жумгалдык кулжыгач Байзакты күтүп, топту баштатпай отурган. Топ арасында Ормон кандын иниси куу кулак Шамен элден кечигип келген Садырдын саламын алик алды. Шабдан Садырды ызаатап ордунан туруп учурашты. Отургандардын көбү Шабдандан кийин тура калышып, ызаатап Садырга кол берип учурашышты. Эл жайланып олтургандан кийин, Шамен аксакал:

– Береги Шабдан баатыр Күнгөйдөн Садыр, Жумгалдан Байзак келсин деп курултайды баштабай отурат. Бу саяктар кечиктиңер го, силерди күткөн эл тек-жай сүрүштүрүп, бир жыйынтыкка келе албай отурабыз. Солтолор биз чоңбуз дейт, сарбагыштар болсо, жок биз дейт. Бугу туугандар биз кыйынбыз дешет, бу саяктардан да чоң чыкканы барбы? Сен билээрсиң? Бул жерде солтодон Жангарач, Байтик, сары багыштан Чоко, Шабдан баатыр, Баяке, Касымалылар отурушат. Бугудан Чыныбай, Сарыбай, Каптабай, Карач отурат. Саяктан сен келдиң. Билсең айтчы, булардын кимиси чоң, кимиси бек, – деди.

Садыр буйдалган жок.

– Билсем айтайын, солто журттун тогу, саяк шогу, Кылжырдын эки баласы Сарыбагыш менен Бугунун барынан жогу, – деди.

Шамен жалтана түштү.

– Кана далилдечи, – деди Карач.

– Солто элдин тогу дегеним – Сары-Өзөн-Чүйдү жердеп, сайга тегирмен салып, көмкөрмө көмөч жеп, сары салаа кесмесин ичип, жайкысын талаа сактап, кышкысын түндүгүн тартпай уктап, талаш-тартыш менен иши жок, жанына коншу келсе кайдан келдиң дебейт, олжо алайын деп союлун көтөрө чуркабайт. Ушулардан ток пейил сонун эл барбы? Саяк элдин шогу дегеним Алыбек баатыр бир катындын чат этине таарынып, Ормондун кара келте деген мылтыгын өнөрө качып, сары багыштан бугуга барды. Анын тилине кирип Балбай Ормондун курсагын жарды. Курманкожонун кемпири Балбайдын кулагын кести, бул шоктук эмей эмне? Бугу менен сары багыштын барынан жогу дегеним – өңгөнү кой Шамен ага, өзүндүн өзөгүн Балбактын башын Өтөмбай кести. Бир кесим эчкинин керчөө этин кызганып, Төрөгелдинин Тыбышы жазыгы жок баланын колкосуна шиш сайып өлтүрдү. Зарыпбек Балбайды орустарга кармап берди. Төрөгелди бүгүнү чапты. Кана, мындан эмне таптыңнар! Балбай Төрөгелдинин сынган бутун үч кайтара сындырып, үч эшектин мээсин жеп кайтты. Бул эки элдин журтчулугу ушулбу? Бугу менен сары багыштын барынан жогу эмей эмне? – деди.

Муну уккан Баяке Садырдын сөзүнө уугуп:

– Ээй, кызыл дубана, – деди Шабданды карап, – Ушунча журтту көзүнө илбей, мурду жок букадай адырандаган мунуң ким? Төө куйруктун отундай бажаңдайт да. Төбөсүнөн басып, отун өчүрүп салуучу неме көрүнөт, атын айтчы, угайын, – деп кындагы бычагын кармады. Бул сөзгө чыйрыга түшкөн Садыр:

– Ой, Баяке, кудайдын кулагынан түшсөң да угуп тур, таанышалы. Уругум саяк, улутум кыргыз, атым Садыр, атам Жолболду, туулган жерим Ысык-Көл, башы Кызыл-Кыя, Сан-Таш, аягы бетегелүү Кой-Таш, сен өңдөнүп Анжияндын көк талынан эр өлтүрүп, качып келген кул эмесмин. Этегин

канатып, энин алдырган бычмал деп турасыңбы? Кудайга шүгүр, аялга бар эркекмин, – деди Садыр.

Байтик Садырды көрө элек экен.

– Ии, оо, Шабдан баатыр, Баякеге кол салган бул эндей тонуң ким, – деди. Садыр обдула үнүн жанагыдан да бийик чыгарып:

– Тонум эндей болсо да, көөнүм сиздей, былтыр сиз Бишкектин сезгенген коонун жеп «ыктытма» ооруга жолуккан жылы болуш болгомун. Баласынын балтырын карышкырга чалдырган атанын сулуу уулу эмесмин. Байтик ага, элдин четинде, кырмандын бетинде төрөлгөн, таруунун тиктеген боосу деп ойлобонуз? Шерлик өзүңүзгө жарашаар, эрдик элден чыгат, сөзүңүздү кайра алыңыз? Эндей тондун ээси саяк Садыр деген болом, – деди.

Байтиктин бети чыңалып, эткел денеси көөп, эмне дээрин билбей ачуусу келди.

– Адемей, бул эмне дейт ыя, – деп эки жашгын каранып, качыруучу камандай обдулду.

– Болдугулачы, сөзүнөрдү токтоткула! Жумгал тараптан келген киши барбы? Байзактан кабар алдыңарбы? – деп Шабдан шашып калды.

– Байзак жолдо калыптыр, кабар келди. Аттаптондоп төз жөнөткүлө деп киши жибердим, кечке чейин келип калаар, кечиксе эртең менен бул жерде болот, –деди Көбөгөн ажы.

Шабдан: «Байзак келмейинче топ башталбайт, бөлүнгөн үйүөнөргө барып, конок болуп, чайыңарды ичип эс алгыла» деп элди таратты.

Эртеси курултай башталды. Байзак башкы бий болуп шайланды. Ар бир болуштан бирден бий тандалды. Сегиз үйдө арыздар териштирилип жатты. Садырдын сунушу боюнча Ак-Суу болушунан Солто курултайдын катчысы болду. Көкүмбай менен Курман кеңешишти. Байзак менен Шабдан жакшы, Байзак барса бизге бийлик тийбейт, айласын таап ат тонунан ажыраткыла деп жигиттерине буйрук Берген. Жолдо Байзактын тобу Кыз-Артка конуп калат. Түнү Байзактын тобунун аттары уурдалат.

Муну жасаткан Көкүмбай менен Курман экендигин Байзак боолголоду. Курултайда Курман менен Кокүмбайды болуштуктарынын атынан кектебестен бий дайындатты.

Арадан жума өттү. Курултай уу-дуу менен өтүп жатты. Жаагын жанган ырчы, төкмөлөр, кездеме, чайын мактаган соодагерлер, ар нерсени тандаган алармандар... Баяке, Байтикти беттеп айткан Садырдын дайнын уккан Байзак Садыр конок болуп жаткан өргөөгө жумгалдык саяктардын атка минерлери Кокүмбай, Курман, Мырзабек, Түркмен, Баялыларды ээрчитип, бир туу бээ жетелетип келип түштү.

Саяктын эки атактуусу Байзак менен Садыр биринчи жолу жүздөштү. Байзак Садырдын жалтанбас эрдигин, жаакта жок чечендигин Шабдандан жана башка баштуу кишилерден уккан. Садырдан кичүү болгондуктан ызааттап, учурашып, таанышканы келди.

Байзак бир катар чай ичилгенден кийин ээрчите келген кишилерин Садырга тааныштырды.

– Садыр аба, бу инилериңизге бир көз кырыңызды салып көрүнүзчү? Бу кызыл жигит мага туугaн, кадимки Ормонду орго салган Качыке баатырдын уулу Мырзабек, Эраалынын тукуму. Байлыгы жетишет, мансап жүгүн көтөрө алабы? – деди.

– Мырзабегиң анык мырза экен, бедели бөксөрүп баратыптыр. А береги күйөө шумкар тумшуктангандын кайсы бала? – деп Садыр Түркмөндү көрсөттү.

– Бул суусамырдык кулжыгач Түркмөн деген тигил Мырзабек баатырдын жигити.

– Аа, бали, жигитиң жигит тура, тигил мырзанын касиети ушуга ооп калган экен.

– Экөөнүн тууганды гы кандай?

– Экөө тең мага тууган, Кулжыгач атанын балдарыбыз.

– Мынабу музоо кирпик, кок жал кейиптенген кара жигитинчи?

– Бул кадимки Медет датканын уулу Чынынын баласы Кокүмбай.

– Оп, баракелде, эмне күтсөң да ушундан күт! Зили сени ушул жигит көмөт. Курманга кезек келгенде:

– Курманды Курман кылган кут-берекеси үйүндө экен. Кийген кийимин, башындагы тебетейин, теке жаргак шымынын саймасын, жакасынын агын, жамынган тонун кара! Баракелде, бүлөөң кут болсун балам, – деди.

Тамактан кийин аттанаар алдында Байзак «Садыр аба, бери болүнүзчү, бир сөз бар» деп элден бөлдү. «Шабдан баатыр Ормондун кунун Баяке айтсын. Көп эмес, ошону бүттү кылып коелучу дейт, буга кандай дейсиз, Сиз менен кеңешейин деп ойлодум» эле деди.

– И, сен тың чыкма уулсуң го. Ошол бугу, сары багыштын чабышында Алибек баштаган отуз саяк өлдү. Алардын кунун эмнеге куубайсың? – деди.

– Туура, туура. Чын эле ойлонула турган жумуш экен, – деп Байзак кетүүгө камынды.

– Токто, эгер Шабдан айтса, иштн чеч, – деди Садыр, – Эски доо, жүз жылкы десен туура болор. Семиз-Белде Түлкүбай деген бугулардын байы бар, эртең эле айдатып түшүүгө болот. Ормондун куну деп отузун Баякеге бер. Ошол чабышта Алибек баштаган отуз саяк өлүптүр, ар-бирине бирден жылкы деп, отузун маган ыйгар. Отузун бий чыгымы деп өзүнө калтыр да, Ормондун кунун бүттү кыл. Солтонун дагы бир эрдиги Каркырадагы жарманкеде байгеси миң жылкы болгон ат жарышта Байтиктин керкашкасы биринчи келет. Чакырылбаган атка байге жок деп токтомго таяп Солто керкашканын байгесин бердирбей койгонун, ошентип көлдүктөрдүн миң жылкысы өрүшүндө калат. Садыр өткөндөрдү, Солтону эстеп отуруп, каңырыгы түтөп Солтону жоктоду.

## КАЙТКАНДА

Өзүнөн күчтүүнү оңу келгенде абадан качырып кирип, оозун ачырбай, кабырга сөөгүн карыштыра мыкчып, омурткасын сындыра тээп, өпкө-боорун куушуруп, күрөө тамырын үзүп күн өткоргөн канаттуунун кыраанны бүркүт. Көктүн алпы, асмандагы канаттуунун акими. Ошол бүркүттү кармап, башына томого катып, бутуна боо тагып, тууpга кондуруп, тумшугун сылап, көңүлүн улап үйрөткөн, багынткан адам.

Тилин салаңдатып, көзүн оттой кызартып, өңүтүнө жеткенде тишин шак уруп, төөнү чөгөлөтүп, өгүздү көтөрүп урган, өзүнөн күлүк жылкыны, куланды жыга тартып жеген карышкырды, астынкы тиши, үстүнкү эрдин жырып чыккан каманды, айбанаттардын падышасы арстанды не бир укмуш жаныбарларга тайманбай кол салган жолборсту багындырган да адам.

Ошол адамды доору келгенде көтөрүп, учурунда билгениндей жазалап, айдап айыпка жыккан, элдин арызын уккан, өз заманынын зору Шабдан, Тезек төрө, Мураталы бий, Чыныбайдай чыгаан кишилерге калыстыгы, алардын кара бийлигин титиреткен падышанын саясатына аралашып, тилин билбей туруп дилине түшүнгөн, кыргыз, кытай чек арасын бөлүүдө элине, ак паашага кызматы менен жаккан саяк Садырды бүгүн жокчулук шилилеп отурат.

Садыр орус төрөлөрүнө үч жыл кызмат өтөп, үй-тиричилигине жаңы байыр ала баштаганда кайра чакырылып, төрт жылдан кийин келди.

Жеңин жаздык, этегин төшөк кылып, өзү жыйнаган күңгөй саяктары бул арада экиге бөлүндү. Алты ата акылбек, беш ата бакачы бир тарапта, алты ата белекбай, беш ата кожояр экинчи тарапта. Кезиккен жерде кер-мур айтышып, бири-биринин айылына каттапшай, жоодон бетер болуп калышты.

Садырдын үч баласы удаа үйлөнүп, куда-сөөгүнө берилген калыңды агасы Балык көтөрдү.

Балыктын өз балдары Баяман, Байбоосун, Тажыбек, Кашкороо да катары менен удаа үйлөнүштү.

Жону жука кишиге балдардын үйлөнүшү оңойго турган жок. Баягы Садырдын шыбагасына келүүчү кымыз, козу да байыды. Жокчулук Садырды үстөмөндөтүп таштады. Улуу баласы Ырыскулбек малына каралашып Балыктын босогосунда. Экинчи баласы Ажыбектин кайын-журту жүктүү жерден эле, саарына уй, соеруна кой бөлүп берип, ал өзү менен өзү. Ажыбек орус уулу Сарча менен коншу. Үчүнчү баласы Тыныбек үстүнө сайма алачык тигип, агасы Ажыбек менен бирге. Төртүнчү баласы Карабектин кайын атасы Теңирберди. Садыр сапарынан кайткандан кийин байбичеси экөөнү коноккo чакырды. «Сөөктүн жаманы суу кечирет, аңдышкан айыл конбойт, калың албадым деген наразычылыгым жок. Садыр куда келипсиң, биздин кызга кенедей кезинде өзүң сөйкө салган элең» деп келинин атказган.

Атасы Жолболдудан калган жел көз, алты канат боз үйдүн эскилиги жеткен. Келининен келген өргөө эски үйдүн жанына тигилди.

Садыр Балык таштап кеткен уйдун сүтүн катык кылышып, кез-кезде келе калчу кымыз, козуга каниет этишип, күнкү ырыскысына ыраазы болушуп, кудайдын бергенине канагат кылып жатакта.

Баягы Текести бирге жайлап, жайкысын шериңе, кышкысын согум жешчүү Чормондун айылы өздөрүнчө. Чормондун Дүйшөмбү, Шаршемби, Кангелди, Ырыскелди, Эсенкожо, Асанкожо деген уулдары өсүп, Чормон ажынын көп малынан ар бири минден кой айдап, жүздөп жылкы күтүп, бөлүнүп кетишкен.

Асанкожо деген уулу тың чыкты. Айтканынан кайтпаган, аз сүйлөп, башын жерден көтөрбөгөн сүрдүү жигит болду.

Аян, Ылаяшүгүр, Кошу, Жамангул деген малдуу агаларын бийлеп, Самак, Молдо деген инилерин жигит башы кылып, Чормон ажынын элдеги малын кайтарып, экөөнүн карамагына өткөздү. Жыйнаган жигиттерин түнү аткарып, Мистекан үчүн бакачылардан өч ала баштады. Эгемберди, Орунтай, Итибай, Түкөнбай деген эл билги агаларын бийликтен сүрүп салды.

Тууганы ким экенин билбеген, уруусу солто Мунжур деген неме сарт калмактар менен кыргыз жерине өткөн. Чормонго эл болду. Мунжур жалгыз уюн жетелеп, бир атка жүгүн артып, Аралбай, Маралбай, Супатай, Бугубай, Кыргызбай, Сартбай деген алты бойдок уулун ээрчитип келген. Балдарынын улуусу Сартбайга Асанкожо жакын агаларынын кызы Дилдени алып берди. Атасы Мунжурду кан куда деп, Асанкожо төрүнө чыгарды. Жазында бир короо кой бөлүп берип, мал артына байыр алдырды.

Кийинки жылы Супатайды, Кыргызбайды үйлөдү. Алар Чормон уулу аталып, Асанкожонун бийлигине өттү. Эсенбай уругунун балбан жигиттерине алты азаматтын кошулушу Асанкожону биротоло алдуу-күчтүү кылып, колун узартып таштады.

Ушул аралыкта Бокош болуш болду. Бий болуу даражасына Асанкожонун аты аталды. Балыктын Байбоосун деген уулу Асанкожонун бий болушуна каршы чыкты.

– Атасы Чормонду болуш кылып, тарткан чоорунардын үнү алигиче басыла элек. Эми баласын бий шайлап, кайсыл ырды ырдаганы жатасынар? Андай эле бийликти Эсенбай атанын балдарына ыйгаргынар келсе, Атыгырдын Канайы деле турбайбы? Атанын анык уулу ошолор эмеспи?! – деди.

Ансыз да уюган ууздай шишип, жарыла албай жүргөн Асанкожого кудай берди, шылтоо өзүнөн өзү табылды. Ооз кесири үчүн мал жайып жүргөн жеринен Байбоосунду карматып келип, уйдун сийдигине богун чылап, ит аякка куюп, зордуктап ичир-

ди. Куйругуна дүрө согуп, түз ичегисине төөнүн корголун матырды. Башына жоолук салып, Майрыкка нике окутту. Өлөөрчө сабап, күзгү сууну жыланач кечирип, өйүзгө сүйротүп таштады.

Асанкожонун кордугу Байбоосундун туугандарын тик котөрдү. Агасы Кашкороо бүтүн майназар, төлөйкан, мамбет уулүнүн тукумдарынан кол жыйып, Асанкожодон намыз үчүн өч алмакчы болушту. Бокош болуш да туугандарына кошулду. Булардын чатагын эсентүгөл, кулча уруктары жактырган жок. Эсентүгөл, кулчанын билермандары Алыбай, Эсенгулдар калыстыкка келишти. «Сөзгө келгиле, жүйөөлүү тарапта болобуз. Кеп-сөзгө келише албасаңар чабыш, жаңжалыңарга аралаша албайбыз, – дешти.

Кашкороо, Бокоштор төмөнкү акылбек, бакачыларга «жардам бергиле, Асанкожо бизди ит ордуна да көрбөй намысыбызды тебеледи» деп кун сураганы кетишти. Алар да Асанкожого тиш кайрап жүрүшкөн. Булар бир шойкондун ичинен чыгаарын Алыбай сезип, Садырга түндөсү келип айтты. Садыр Алыбайга уулу Карабекти кошуп, Бокош менен Кашкороонун артынан бакачылардын айылына чаптырды. «Болуш деп Бокоштун тилин угуп, өчүбүз бар деп, элиңерди ээлентпегиле. Жер жүзү кең, батабыз, Кашкороо менен Бокошту кайра кайтаргыла» деп Жунуш, Ырыскелди, Кендирбайга салам айттырды. Кулчалардын билерманы Сабырга уулу Ажыбекти кошуп, олжобай, чоң чарык Булан, Ыйманкулга, казак тукуму Жайсаң, Ыманга Садыр салам айттырды: «төртөөн Асанкожонун ачуусун тыйып, Эгемберди, Итибай, Орунтайды мында алып келгиле» деп жөнөттү.

Садыр бакачылардан жардам алалбай шылкыйып кайра келишкен Кашкороо менен Бокошту жекирди:

– Иттер ит болуптур дейли, итке теңелип, силерге эмне болду? Байбоосун өзүң, Асанкожо жа-

тынбы? Байбоосун жугунду ичсе, оозу булгангандыр. Иттин шилекейи итти кутуртат. Итти ээрчиген ит болот. Сен каякка барып, кимден кол жыйганы жүрөсүң? – деди.

– Бийлик союлдуку эмес элдики, сени эл шайлаган. Ошол даражанды билбей, элди экиге бөлүп, агатуугандын арасын жыдытып атка мингенден көрө арам өлсөнчү, – деп Бокошту жемеледи.

Кечке маал Садырга Асанкожо, Итибай, Эгембердилерди Жайсан ажы, Ыман, Ыйманкул, Буландар ээрчитип келишти. «Асанкожонун айыптуу эмесмин, айтышам, тартышам, ата сийдигимди тазартам» дээрин Садыр ичинен сезген. Көңүлүнүн кимге болсо да муздаганын сездирбей, мындайда башка жол таап, түз кетүүчү.

Сөздү те алыстан баштады.

– Асанкожо, боору күйгөн жыландын куйругу өлбөйт.

Өз төшүн өзү муштап, өч алам, кек алам деген баатырдын иши эмес. Алыс, жакындын малын тоноп, башын айра чапкан киши мураатына жетпейт, үзүлгөндү улап, чачылганды жыйнап, бузулганды ондоп, журтту сыртынан багып, жоосун тааныган киши эл алкышына ээ болот. Баатыр, акылман аталат, эл жакшысы болот деген бир үмүтүм сенде эле. Байбоосунга сынар эмчек сүт эмизгенин жигиттик эмес. Майрыкка нике окутупсуң, кудай тешпеген жыртыкты, Майрыкка тештирем дегениң адам кулагы укпаган шумдук, жоругуң жолдо калсын, Асанкожо, – деди.

Садырдын акыркы сөзүнөн уялып, айтайын деген сөзүнөн жалтаңдай түштү.

– Алыбай, – деди Садыр, – арызыңды жазып, өз ыктыярын менен бий даражанды Асанкожого берчи? Бокош болуш шайланганда Байбоосундун сөзү өтүп, Алыбай бий болгон. Садыр сөзүн ошону эске алып айтты.

– Макул, айтканыңыздай болсун, – деди Алыбай.

– Жок, Садыр аке, бий даражасы Алыкемдин өзүндө эле калсын, – деп уялып жумшара түштү.

– Бул сөзүн, чынбы?

– Чын!

– Чын болсо, таарынганыңды токтот. Экинчи мындай иш кылба! Элдин бүтүндүгүн сактагыла!? Бул элге мындан ары Алыбай экөөң ажосунар! – деген бүтүм чыгарды Садыр аке.

– Кашкороо, Балык экөөнөр балдарды алып, үйгө баргыла да семизирээк мал союп, келген кишилерди күткүлө, – деди.

– Эл менен иши жок, түркөй Балыкка конок түйшүгү оор болду. Бөөдө чыгым, жыйынга келген кишилер көп. Кышында согумга деген тору бээнин ажалы жетти. Ун-талканы кем, чай-чамеги чакан, кара турмуш күн өткөрүп жүргөн Балык үчүн бул жумуш кыйынчылыкка турду.

Ушундан кийин бакачылар уурудан тынчыды. Элдин күчү Байбоосун менен Асанкожону жараштырды. Чатактын башы Асанкожонун Байбоосунга көргөзгөн кордугу, Асанкожого Байбоосундун илгеркини эстетип айткан заар сөзү... Айтор, кыргыздын куру намызы...

Илгери кыргыз, калмак каршылашкан заманда Эсенбай балбан жортуулга кетет. Ал кеткенден кийин жоо айылын чаап, боюнда бар аялы олжолонот. Жыл бою артынан сурамжылап, издөө салып жүрүп, казактын бир төрөсүнүн ашында балалуу аял күрөш байгесине сайылганын көрөт. Эсенбай аялын тааныйт. Аш ээсине барып, «төрөм, байгеге сайылган катын, бала меники эле, калмактын олжосуна түшүп кетип айрылышып калган элек, бир жылдан бери издеп жүрүп, бүгүн таптым, балбанга түшөйүн, жыксам катын, баламды мага кайтарыңыз, жыгылсам мен да байгенин үчүнчүсү болуп кетейин» деп төрө менен макулдашат. Атаандашын жеңип, туткундан катын, баласын, куткарып, элге кайтат. Байбосун ошону айтып олжуган.

– Ой, Эсеке, баландын аты ким десе, – өзүмө окшош борбойгон неме экен, атын Ормотой койдум, – дейт агасы Асказандын суроосуна. Асказан чоң той берип, баланын атын Табылды коет. Ага удаа Эсенбай Ырыспай деген уулунан Атыгыр, Мыяр деген эки неберелүү болот. Азыр Эсенбайдын үч уулунан тарагандар үч ата эсенбай атын чакырып, беш ата кожоярдын бир оңүрү. Арадан он күн өттү. Садыр үйүндө отурган, үргөн иттин үнүнөн улам Садырдын байбичеси эшикке чыгып, кайра кирди.

– Турунузчу өйдө, сууну кечип, биздин үйдү көздөй үч-төрт киши келатат. Кийиз салайын, арасында элечекчен аял бар, жөн кишилер эмес, – деп Садырды шаштырды.

Садыр эшикке чыгып, келаткан кишилерди таанылы. Өзү барып Бурулчанын атын алды. Бурулчанын өңү, шыңга боюна жарашып, баягы жаш келин кези кайра келгендей суйкалат. Алагай сурма көзү адамды өзүнө тартат. Жанындагы кара сакал эткээл жигит кийинки арзыган байы, бакачылардагы назар уулу Кытат мырза. Кытат бакачылардагы Ырысменде, Жунуш, Кендирбайлардан кем эмес малдуу.

Бурулча үйдөн чыккан Садырдын байбичесине:

– Коншу кут болсун, абысын, – деп учурашты.

Карабек эшик көтөрүп, коноктордү үйгө киргизди. Конокторгo козу союлуп, чай ичилип бүткөндөн кийин:

– Старчын уул, – деп тергеди Бурулча, – Бери кулагыңызды салыңыз, абысын, сен да кулак төшө, менин силерге айта турган беш ата бакачынын саламы бар.

Баатырдан кийинки башыбыз, балбандан кийинки төшүбүз өзүнсүң. Сиз тыякта жүргөндө эл ичинде бир топ жаман иштер болду. Канатыңды сууга малып, куйругуң менен жер сабап, ар жерде чачылып жүргөн тууганларыңды тезекче терип, журт кылдыныз эле. Алардын эми урмат-убайын көрөөрдө, төртөөнүн өлүмү езүңүздү кайра күнөөлүү

кылды. Кешикменде (Ырысменде кайнагасын терген жатат) акем өзү келип:

– Бурулча балам, – деп сизди айтып, – Ал сенин тилинди алат, бой тарткан кыз баласы бар экен. Канкелдинин (Улуккелди кайнисин терген жатат) уулу Султангазыга колун сурап, кудалашып кел деп мени жиберди. Ага-ини арасы бөлүнүп баратат. Маракелди (Койгелди) менен Чоңсакалдын (Чормондун) жомогун унутсун. Улуккелдинин айыбы мойнубузда. Мени чанса да, элди чанбасын деди. Старчын уул, абысын, баса, унуткан турбаймынбы, келин алыпсыздар, Кытаттын кошумчасы болсун, жүз тубар кой, алып коюңуздар? Ашуу бекий электе киши жиберип, Көк-Ойроктон айдатып алыңыздар, – деди. Бурулча андан ары сөзүн улады:

– Солто өлөөр алында арага киши салып, «каргышынан кайтсын, алдынан өтөйүн» десе, «ал кудайдын иши» деп келген кишини көңүлсүз кабыл алыпсыз. Алты ата акылбек туугандарыңыз сиздин ошол сөзүңүзгө таарынып жүрүшөт. Кечирип койсо, балким, тирүү калышат беле, алдыңыздан өтүүнү өтүнүшкөн экен. Садыр селт дей түштү:

– Жене, – деди, – Алар акпыз дешкен, алсыздын ишин кылып, ал төртөөнөн элдин алдында, кудай, арбактын алдында жан сураганым чын. Кудайга үнүм жеттиби, же ал төртөөнүн катары келдиби, каза болушту.

Төртөө кара өзгөйлүк кылса да, Кангелди шилтеген камчысын танбаса болот беле?

– Ошондой болгондо бул балээге кабылбайт элек го.

– Болуптур, элдин сөзүн алып келдим дегениңиз ырас болсо, элдин бүтүндүгү үчүн кыз балам эмес, эркек балам да садага. Шайлоодон кийин Көтмалдыда чоң топ болот, ошол топко Кангелди да барсын, журт алдында айыбын мойнуна алсын! Бул биринчиси. Экинчи шартым, Чыныбайга чыксын, Калкан уулун кармата берген Эки-Өрүктүнү саяктарга кайтарсын. Ырысменде менен Жунушка да

айта турганым бар. Нурдөөлөт баатырдын арбак карызы, ашы берилбей мойнубузда калды. Нарбото бийдин туусун көтөрүп, ала көз, кабанын башын бириктирип, Кетмен-Төбө, Тогуз-Торо, Ак-Талаа, Суусамыр, Жумгал саяктарын чогултуп, атабыз Кабанын бейитине куран окутсак жакшы болбойт беле. Эки болуш шыкмамат, каба бар экенин элге көрсөтсөк, ынтымагыбыз онолуп, биримдигибиз күчөбөйт беле? Мени бу максатка жеткирбединер. Мен болуштукту Чормонго тууган деп берген эмесмин. Анын колунда бар, түтүнү толбогон аз элбиз, жаңы көчүп келген элдин жарды-жалчылары кыйналбасын. Кысталса өз жанынан чыгымын төлөөр деп, аны ордума калтырганым чын. Солто, Калкан болуштукту анда албаса, эми албайт беле. Алардын женил ойлуулугуна мен күнөөлүмүнбү? Акылбектин таарынчысын кайра өздөрүнө алып барып бериңиз, – деп токтоду Садыр.

Эртеси Бурулча жетелетип келген бээни союп, белекбай, кожоярдын сакалдууларын чакырды. Аларга Ырысменденин айттырган саламын, Гүлсүндүн колун сурагандыгын айтып, туугандарына кенеш салды.

Кийинки жумада Садыр өзү минип жүрүүчү узун тору атты Каба атанын арбагына арнап сойдуруп, Үч-Долонотудагы анын кабырына куран окутмак болду. Кабыр башына аңылдак, бакачы, акылбектин жакшыларын чакырттырды. Калган сөздү ошол жерде айтышып, агарышалы деп, убада бекитип тарашты.

Айтылган күнү эркек, аял аралаш жүздөй киши менен Садыр Каба атанын кабырына, Үч-Долонотуга жол тартышты. Кабанын кабырын так болбосо да, болжолдоп көрсөтөөр деп бир жүз он жети жашка чыккан Ураалы карыяны ала келишти. Карыя ушунча жашка келсе да акылы али тунук. Жалгыз айыбы тукумсуз. Заманында балбан, алп, найзакер катары элге белгилүү болгон.

Бараткан эл Ак-Шыбакты өрдөөрү менен «эсил кайран кан атам» деп Каба атаны жоктоп, Ураалы өкүрүк салды.

– Наркы алжыгырдын жаагын баскылачы, жаман жоро баштатпай,– деп ачууланган Чормонду Садыр тыйды. «Өлүмдү күйгөн киши жоктойт» деп, өзү да анын артынан өкүрүп чапты. Кошок айтып ыйлаган аялдардын үнү чыкты. Ак-Шыбактын айдың түзү чууга толду. Ураалы жетип, аттан түшкөн жерде үстү түшүп, жер өсүп, кеми толуп келаткан көрүстөндү көргөзүп «Атаңардын мүрзөсү ушул» деди. Орунтай «болжолдо тетиги болсо керек» деп бир дөбөчө көрдү көргөздү эле Ураалы кары «ушул» деп көшөрүп болбоду.

Садырлардын келеринен кабары бар бакачылар жакын айылга боз үй тигип, күтүп жатышкан. Алар да жалпы аттанышып, Садырлардын үстүнө келишти.

Садыр узун тору атты туура тарттырып:

– Кана, калайык, оомийин, – деп алаканын жайды. Тургандар жапа тырмак бата тилешти. Аттын жаны чыккандан кийин Жамангул дамбылда узун сүрө куран окуду. Узун тору ат жазында суу көк менен эрте жайлоого агытылган эле, аябай семиз чыкты.

– Ырысменде аба, – деди Садыр, – тартышып, чабышып жүрүп сары багыштар, Темирболоттун балдары эмне болду. Төрөгелдинин балдары Балбактын башын кести. Тыбышты Балбак айдатты. Ниязбектин сегиз беги сегиз бөлөк кетти. Шамен Адырбектин айылына көчтү. Чоко Ат-Башыга, Касымбек Ак-Талаага чачылды. Үмөтаалы Таласка, Канат ажы Туз, Ак-Чий, Кыз-Арт беттеди. Зордун түбү кор, зардын түбү бар, зарыгып жүрүп жер-сууга ээ болдук. Эми эл болдук деп баш көтөрө баштаганда Койгелди Чормондун токолун тартып алды. Кангелди мага камчы шилтеди, бүгүн жыртыкка жамачы тыгып, бүтүндүк тилеп, ата арбагынын жанында олтурабыз. Маган айттырган сөзүңүздү өз

оозунуздан угалы. Эл уксун, айтыныз? – деди. Ырысменде ордунан турду:

– Ага-ининин ойдө-ылдыйы, айтыш-тартышы болот. Мындай иш абалтадан боло келген. Мындан ары да болору бышык, күнөөлүсүн деп карган кезимде кор кылба мени, каралдым? Колум куушурулуу, айыбым мойнумда. Жылкыбай, Жунуш, Койгелди менен Кангелдини мында алып келгиле? Садырдан кечирим сураткыла? – деди.

Анын сөзүн кунт коюп угуп отурган Ураалы кары каргылданган үнүн катуу чыгарып, карс-курс бир-эки жөтөлүп:

– Ал экөөнү бул жерге алып келип Садырга чөгөлөтөт беленер! Ал экөө сени чөголөтүп жиберген тура! Болду, жетишет!

Булбулдун үнүн эшитпей,
Буралып гул ачылбайт,
Муңдуунун үнү басылбайт.
Күкүктүн үнүн эшитпей,
Күн жайылып ачылбайт, – дегендей күйүттө жүргөн үнүмдү бастың. Ага-ини арасы бөлүнүп, арам өлөөрүмдө ай болуп чыга келдиң Садырым, – деп көзүнөн аккан жаш сакалы ылдый куюлду, көзүн жеңи менен сүртүп, кайраттанды, кана, ата жолун жолдоп, батамды берейин:

– Ата кабырынын үстүндө олтурган шыкмаматтын балдары, ынтымагынар бекем болсун! Бутагынар сынбасын! Бүрдөгөн шагынар күбүлбөсүн! Ачкан гүлүнөр тукумунар көбөйсүн! Садырынар бар болсун, шайланбаган кан болсун! Арбак колдоп, Ата бирдигин чакырып, алды ачылсын! – деп астейдил батасын берди.

– Айтканыныз келсин, олуям, – деп Ырысменде ордунан туруп келип, Ураалы карынын мойнунан кучактады.

Саяктын эл жакшылары ынтымакка келишти. Келгендер бул айылдагы көзү өткөндөргө эки күн кыдырып куран окутушту. Дураты, Торгой, Кал-

кан, Солто бирден жылкыны туугандарын ызааттташып сойдурушту. Садырлар Солтонун үйүнө түшкөндо Солтонун аялы «кой» дегенге болбой жоктоп кошок айтты:

Акырын аккан дарыям,
Айланайын олуям,
Тилине кирип Калкандын
Адашты Солто жолунан.
Табалбай турам айламды,
Таалайсыз жетим кайдасың,
Атаңдын ондоп катасын,
Акемдин алтын батасын.
Туурунда калды жалгыз тал,
Солтонун айткан сөзү бар,
Каргадай жетим Максүттүн
Кан аке, тарбиясын өзүнө ал, – деп басылды.

Кошоктун мааниси генерал Колпаковскийдин Алматыда айткан сөзүнө шайкеш келди. Садыр ошону эстеди:

– Туугандар, Ак Паашага кылган эмгегиңер эске алынат. Эми элиңерге кайткыла. Аткарган ишиңерге жараша сыйлыкка коргоздүк. Айрымдарыңарга өмүр бою бериллүүчү жөлөк акча чектөөнү, орден, медаль менен сыйлоону Ак Паашадан өтүндүк. Ак Пааша кабылдаса, ишиңер оңолот. Эми элге кайткыла, балдарыңарды окуткула, элиңерди отурукташтыргыла, – деген.

Садыр жаңы окуу жылы башталаарына аз калганына байланыштуу балдардарды окутууну айылдагылар менен кеңешти. Солтонун Максүтүн, Талканбайды, бакачылардан Чолпонбайды, белекбайдан Темирди, эсенбайдан Мамырбайды, чиркейден Молдосаалы, Абдыракманды окууга жиберүүнү чечишти. Садыр балдарды Алматыга алып жөнөдү. Чыныбай да Бараканды баш кылып, беш баланы окууга алып келген экен. Балдарды окууга жайгаштырышып, экөө элге кайтышты.

– Садыр, балдардын арасында өз балдарыңдан көрүнбөйт го, – деди Чыныбай.

– Көрбөгөн көз алтын менен жезди ажырата албайт. Мен элдин эртеңки дат баспас алтынын терип келдим. Өз балдарымдын үчөө биригип, бир Бараканына теңеле албайт. Жакшынын жатыгы болбойт. Өз дегенин эл, элдин керегине жараган уулдун баары элдики. Мал багаарын айылга таштап, эл багаарын алып келдим, – деди.

## КЫДЫР АКЕ
## (1843–1926)

Кыдыр аке Байсары уулу 1843-жылы туулган. 1993-жылы 150 жылдык маарекеси белгиленген. Кадимки Тилекмат акенин күйөө баласы. Верныйдагы орус тузем мектептерине кыргыз балдарын окутуунун демилгечиси болгон. Урук-тукуму Ысык-Көл өрөөнүндө жашайт. Көзү тирүүсүндө аңызга айланган инсан болгон.

*Болчуров Токтобек*

## КӨРӨГӨЧ ОЛУЯЛЫГЫ

«Урушпай ажырашсан,
уялбай учурасын».
*Кыдыр аке.*

Заманында эл арасынан чыккан инсандар жөнүндө сөз кылган кезде сөзсүз түрдө аларды колдогон кандайдыр бир касиет болгондугун кеп кылбай койбойбуз. Бул касиет ар бир адамда боло тургандыгын азыр далилдеп жатышат. Ал эми айрым бир адамдарда денедеги биологиялык өзгөчөлүк башкалардыкына караганда өтө күчтүү болгондуктан алар кээ бир нерселерди алдын ала көрө билип, кээ бир дартты айыктыруу касиетине ээ болушат. Мындай адамдарды биздин ата-бабаларыбыз «Кыдыр жылоологон адам» деп коюшкан. Биздин бабабыз Кы-

дыр аке да ошондой адамдардын бири болгондугу эч талашсыз.

Айтылуу чоң эпосубуз Манастан баштап, кечээки эле күндө жашап өткөн Курманжан датка, Шабдан хан, Кыдыр акелерди колдогон биологиялык касиет күчтүү болгон. Аны биздин элде колдогону бар, же колдогону жолборс экен, карышкыр экен, же кара чаар жылан экен деп айтып жүробүз.

Курманжан датка биринчи ирет чанып качып келатканда күркүрөгөн дайрага кирип чөгүп кетеринде кандайдыр бир касиет колдоп аман калып, ал ошондон баштап өзүнүн көзүнө көрүнгөн кызыл чаар жолборс деп айтылса, Балбай баатырдын аркасында дайыма көк жал отурчу дешет, ал эми Шабдан хан ар качандан бир качан эки ийнине бурулуп, кимдир бирөө менен акылдашып турчу экен. Мына ошол залкар адамдардан эле Кыдыр акенин колдогону да эки жолборс болгон деген айың сөздөр бар. Бул боюнча ар кандай кеп эл арасында айтылып жүрөт. Ошол колдоосунун аркасында Кыдыр аке көпчүлүк убакта алдын-ала билчү, батасын бергени сөзсүз кабыл болуп, жаман көзү менен карашы соо болчу эмес деп айтышат. Мындай окуялар китептин ар бир бөлүмүндө кездешет, ал эми бул бөлүмдө ошолордун кээ бирине баян бере кетели.

1913-жылы падыша Романовдордун династиясынын жылга толгондугуна байланыштуу Петербургда өтө турган салтанаттуу тойго Каракол губерниясынан Кыдыр аке да чакырылган. Мына ошол жылы Петербургдан падышанын бпр өкүлү келип, генерал-губернатор баш болуп тогуз болуштуктун билермандарын чакырып кеңеш өткөрөт.

– Романов ак падышанын 300 жылдык урматына карата падышанын ак сарайында жапайы айбанаттардын «айбанканасы» курулуп жатат, – деп сөз баштады падышанын өкүлү. – Силердин губерниядан Азиянын кызыл чаар жолборсу керек. Биз ошол жолборсту падышанын тоюна белек кылышыбыз керек. Мына бул жердеги ар бир болуш бирдён жол-

борс кармап келишинер керек. Эгер аны аткарбасанар болуштуктан бошойсунар, – деп ар бир болуштун болуштук моорлорун алып коот.

– Э кокуй, бул жерде жолборстун тукумунун узулгону качан. Анын устуно жолборсту тируу кармаш кимдин колунан келет, – дешип болуштун баары чурулдашат.

– Айтылды, бутту! – деп падышанын окулу менен генерал-губернатор кетип калышат.

– Болду эми, тарагыла! – деп кыйкырды поручик мырза. – Бул деген бизге эмес, падышага белек болот. Жолборс деген бизге эмес, ак падышага керек. Болгондо да бир айдын ичинде алып келгендей болгула! – деп катуу буйрук берип анысы да чыгып кетти.

Падышаны бул жердегилердин бири да коргон эмес, бирок анын буйругун аткарган губернатордон корккон болуштар бир азга отуруп калышты да, анан ар кимиси оз алдынча ордунан козголо башташты.

– Эмне кылабыз, байкап коргуло, – деди баятан бери унчукпай отурган Кыдыр аке. – Эптеп бирди кармап келгендей болгондо жакшы болот эле. Жанагы падышанын окулунун жаалы катуу, кантсе да тиякка катуу убада берип келген туру бар. Аракет кылып коргуло.... – Кыдыке, сиз да жардам...

– Мен да аракет кылып коройун. Эптеп кутулалы, – деген Кыдыр аке ордунан турду.

Бул кыстоого бутундой болуштардын аргасы тугонду. Жолборс деген ит эмес да, бир жылда эки жолу алты-жетиден тууган. Жолборс жолборс болгону бирди гана тууган жандык. Анын тукумун кобойтуш учун кылымдар керек. Орустар келгенден баштап бат атар мылтык менен анчылык кылып жатышып жолборс тургай канаттуулардын азайып баратканын ким жашыра алмакчы. Жолборс жургон жерлерди билген адам да калган жок.

Бир куну копко ойлонуп отурган Кыдыр аке жигиттери менен, ал кезде атагы таш жарган, би-

рок бир, топ жылдан-бери анчылыкка чыкпай карып калган Кончой мергендикине келип түштү. Мергенчи карып, сексендин бешине барып калса да көңүлү сергек, жүзүнөн кызылы кете элек, козүнүн оту очө элек кези экен. Баскан-турганы кадимки отуздардагы жигиттикиндей тын. Муну байкаган Кыдыр аке, «кудай буюрса, ишибиз онунда экен» деп болжоп койду.

– Оо, жараным кел, кел, – деп Кыдырды кучак жайып тосуп алды.

– Дени-кардыңыз сообу, абаке? – Кыдыр жылуу учурашып төргө өттү.

Жайланып отурган соң, бир аяктан суусундук ичип, ал-жай сурашкандан кийин карт мерген:

– Жаш болсоң да эл башындасың, жараным! Карыган абаңдын үйүнө тараптын шамалы айлап келди? – деп тамашага чалып, суроо менен кайрылды. Карт мерген да тигинин жөн келбегенин ичинде сезип турду.

– Жөн келбегенимди билип турасың аба. Өзүң айткандай эл башында жүрөбүз, тез-тез келип учурашып турганга убактыбыз аз экен, ал жагын сиз билесиз, – деген Кыдыр аке сөздү кабыргасынан койду. – Бизге тирүү жолборс керек болуп калды.

– Э кокуй, аны эмне кыласыңар? – деген мергенчи таң калды.

– Биз эмне кылалы, «Орус ойлогонун кылат» дегендей ак падышага керек экен го. Жолборс таап келесиңер деп бүт болуштардын мөөрүн алып койду. Аларга жардам кылбасак болчудай эмес, падышадан келген өкүлдүн жаалы катуу. Падышанын тоюна керек имиш.

– Анда ишиңер анча жакшы эмес экен, жараным, – деген мерген жигиттерди айландыра карап ойлуу отуруп калды.

– Биздин жерлерде таптакыр тукуму үзүлгөнбү? – деп сурады Кыдыр аке үнүн пас чыгарып.

– Кайран жерлер! Кайран гана айбанаттар! Таңгөрү десе! – Чонтой мерген оор улутунуп алды.

– Бир кезде жолборс деген мобул эле камыштын арасында жүрчү. Эми ал жерде канаттуу куш да калбай баратат. Ал кездерде бугу-марал, аркар-кулжа батпай жайылып жүргөн кези эле го. Мына бу орустарын тарсылдакка ала берип, акыры жоголуп баратпансыйт. Тал-терек, карагай-кайыңды өз билгендериндей кыйып жатышат. Суудагы жайнаган балык жок. Деги эмне болуп баратат, Кыдыр? – деп суроолуу карады.

Кыдыр аке да оор үшкүрүнө жер тиктеп:

– Буларга каршы күрөшүүгө бизде дарман болбой жатпайбы, илимдүү балдарыбыз жок, жадагалса орустар менен сүйлөшүүгө өз балдарыбыздан тилмеч жок, татар тилмечтер өз билгениндей доорон сүрүп жатат. Эми минтип жолборс кармал бергиле деп...

– Болуптур, балам. Менин билишимче орустун буту баскан жерлерде жолборс эмес сүлөөсүндүн тукуму калган жок. Жолборс бар жер бар, бирок абдан алыс, Кыдыр балам...

– Алыс болсо деле мейли, аба, – деген Кыдыр аке сүйүнүп кетти да, жигиттерине карады. – Казакбай, тиги тайды батага тарттыр!

– Лапай, аке! – Казакбай жигити ордунан турганда, чогуу отурган жигиттердин баары тура жөнөдү.

Көнүлү жайланган Кыдыр аке малга бата кылышкандан кийин кайра жайланып отурушуп, карт мерген менен узуп сабак кепке кирип, чечилип сүйлөп отурду.

Алар эртеси чакан боз үй, жууркан-төшөк, казан-аяк артынып, карагер жоргонун алды-артына өбөк койдуруп, ага карт мергенди мингизип, барыпкелиш союшуна алты бээ алышып, керектүү талкан-ашын камдап жолго чыгышат. Кыдыр аке баш болуп Казакбай, Токторбай, Шааке, Олжотай баатыр сыяктуу жалаң балбан, Кудакелди сыяктуу көзгө атар мерген сыяктуу элүүдөй жигиттери менен Кончой мергенди ээрчишти. Ээлтен ат жалын-

да чонойгон карт мергендин жүрүшү шайдоот эле. Алар Нарынколдон өтүп, Текести тепчий барып, Ындыголдун «Дерменти» деген жерине жетип токтошот. Кыргыз жеринде «гол» мүчөсү уланган жердин аттары көп эмеспи. Аны ар бир кыргыз түшүнөт, «гол» бул илгерки ата-бабанын тилинде суу деген-ди билдирет эмеспи. Ошондуктан Нарынкол дегенибиз деле Нарын суусу деген жерди айгинелейт.

Алар суу боюна жайланышып, үй тигишти. Кудай жолуна арнап ак боз бээни курмандыкка чалышты. Кары мерген жердин ыңгайын айтып отурду.

– Мынабу Ындыгол суусунун сол жак айрыгы чытырман токой болуп кетет. Мына ушул жерде жолборстун тукуму бар. Бул жаныбар үч жылда барып тууйт, – деп анан манжаларын санап, көз жуумп калды. Анан барып көзүн ачып: – Быйыл жазда тууган болуш керек.

– Деги бул жерден жолборс көрдүңүз беле? – деп сурап калды Казакбай баатыр.

– Мен жолборс көрүп жүргөндө сен жок болчусуң, баатыр, – деген карт мерген шылдыңдагансып кыт-кыт күлүп калды. – Деги сен тирүү жолборс көрдүң беле?

– Жок, абаке, – деген Казакбай кызарып кетти.

– Эмесе угуп тур менин кебимди. – Мерген соз башталды. – Береги «Дерменти» чер токою эзелтеден жолборстун мекени. Булар да адам сыяктуу киндик каны тамган жеринташташпайт. Жолборстун баласы үч жашынпн ата-энесинен бөлүнөт. Өзүлөрүнө жубай издешип башка жерлерге жер кезип кетишет. Ургаачы жолборсту жубай кылыш үчүн эркек жолборстордун ортосунда айыгышкан күрөш башталат да, кээде бирөөнүн өлүмү менен бүтөт. Ургаачы жолборс жеңген жолборс менен калат да, ошондон баштап тиричилиги башталат. Аңчылыкка жалаң гана ургаачы жолборс жеп жата берет. Качан гана ургаачы жолборс тууган кезде эркеги аңчылыкка чыгат. Ал эми эркек жолборс эч качан аңдыган

аңын албай койбойт. Баласы торолуп калган кезден тартып экөө бирге аңчылыкка чыга башташат.

Карт мерген эчен кызыктуу ангемелерди куруп берип, ал күнү тынч дем алышты. Эртеси эрте туруп токойду аралап байкап көрүштү. Кудай бетин салбасын, кийиктин көптүгүн айтпа. Токойдун ичи толтура айры мүйүз бугулар, эчки-теке жайнайт. Ушундай жерде кантип жолборс болсун деген жигиттер Кончойдун болжолуна шекший башташат.

– Абаке, мен ушундай жерде жолборстун болооруна күмөн санап турам? – деп сурады Кудагелди мерген.

– Ушунча кйник жайылган жерде кантип жолборс болсун, – дейт дагы бир жигит.

Кыдыр аке да өз ичинде ушундай ойго келип турган, бирок эч сыр бербейт, себеби көптөн бери билген карт мергенге ишенбей кое албады. Тигиндей-мындай деп сөзгө аралашпай, иши кылып жолборсун кармап берип болуштардын ажатын ачып, орус төрөсүнөн куткаруу эле.

– Андай деп ойлобо, Кудагелди мерген, – деп карт мерген тиги мырзага карады. – Мен сени накта мерген болду деп уктум эле, али да көк бойдон турбайсыңбы, баатырым. – Карт мерген айландыра карап туруп калды.

– Мен жаңылсам кечирип коюуңуз, аба. – Кудагелди ызаат мен үн акырын айтты.

– Мергенчилик деген жеке эле мылтыкты таамай атуу эмес, балам. Сен бир нерсени байкабай жатасың, аны мурда да байкаган эмес экенсиң. Шумкар менен ителги уялаган жерди көрдүң беле?

– Көрбөй анан, кантип көрбөйүн, – деген Кудагелди эми шаңдуу үн чыгарды.

– Көрбөй, ошол жерге дагы кайсы куштар уя салышат?

– Көгүчкөн, таан сыяктуу бардык куштар салышат.

– Ана көрдүбү, шумкар менен ителги деген өзү уя салган жердеги куштардын баарын башка жырт-

кычтарда сактайт, ал эми өзү алыска учуп барып аңчылык кылат. Шумкар менен ителги уя салган жерге жырткыч куштар келбейт...

– Жолборс да ошондойбу? – Кудагелди сурады.

– Жолборс андан да кыйын. Жолборс жүргөн жерге бир да жырткыч жолобойт. Ошондуктан тээтиги бугу менен маралдар бейкапар оттоп жүрүшпөйбү. Жолборс да аңчылыкты алыска барып жасайт.

– Мына, жигиттер, карынын кебин капка сал деген ушул, – Кыдыр аке жигиттерине айланта карап. – Эгер мерген болом дегенинер ушул өңдүү табияттын жаратылышын кыраакылык менен байкашынар керек. Чонтой аба, эми эмне кылабыз? – деп эми карт мергенге кайрылды.

– Эртең танга чейин көз ирмебей туш тарапка андуу койдур. Жолборстор аңчылыкка эртең менен эрте аттанышат. Ошону билишибиз керек. Кайдан чыгып, кай тарапка кеткенин билсек болду.

Туш тарап даана көрүнө турган жерлердин баарына экиден мергендерди коюп, тан атканча көз ирмебөөгө буюрду. Эртеси тан сүрүп, тоо башынан күндүн нуру чачыраган мезгилде жапалак арчадан чыккан эки кызыл жолборс Ындыголдун «Көк-Суу» тарабын көздөй жайбаракат кетип баратканын көргөн жигиттер карт мергенге айтып келишти.

– Чын эле тууган экен, – деген карт мерген көзүн ачып-жуумп бир нерселерди санап жаткансыды. – Жапалак арчанын кай тарабынан чыкты дединер?

– Күн чыккан тарабынан, абаке.

– Анда ошол жерде кичинекей үнкүр бар. Болду болбоду баласы ошол жерде экен.

– Эмне кылалы, аке?

– Жолборстун баласын шашке ченде алгандай болгула. Ага чейин тийбегиле. Ал жерге чейин тозот коюн, мергендер менен баатыр жигиттерди катар койгула. Жолборстун баласы колго тиер менен кайра тарткыла. Артынардан улам биринер жол тазалап, изинерди жашырып келгендей болгула.

– Кантип тазалайбыз, аба? – деп сурады Казакбай.

– Эки чанач асмай алгыла дебедим беле? – Кайра сурады карт мерген.

– Асмай алганбыз, аба.

– Ошондон үңкүрдүн тегерегине көбүрөөк driving чачкыла. Жолдо катар чачып, бутактарды сындырбай барып, сындырбай келгидей болгула, балдар.

– Айтканыңыз аткарылат, абаке, – деген Казакбай ишке киришти.

– Кыдыр, – деди карт мерген. – Жолборстун баласын алып келээр менен жолго чыгышыбыз керек. Конушту тазалап, изибизди билгизбей кетели.

– Ал жагынан кабатыр болбоңуз, аба.

Карт мергендин айткандарын так аткарган жигиттер күн шашке болуп калган ченде баягы айткан кичинекей үңкүрдөн кызыл чаар жолборстун торолуп калган баласын төрт жигит алмак-салмак көтөрүп келишти. Ошол кезиндеги эле салмагы бир чоң койдун салмагынан ашык болчу. «Аксары башыл» айтышып, бир заматтын ортосунда көчтү дароо көчүрүп жолго түшүштү. Ошондон эч токтоосуз күндүр-түндүр жол жүрүштү, жүргөндө да бир эле сууну он чакты жолу тепчип кесип, какыраган чөлдүү жерге салып отуруп араң дегенде бир жумадан кийин Кызыл-Кыянын башынан түшүштү. Ошентип, толгон машакат менен алып жүрүп, Кара-колдо зарыгып күтүп жаткан падышанын өкүлүнө аман-эсен тапшырып беришет.

Бул шумдукка таң калышкан болуштар Кыдыр акеге ыраазылыктарын билдиришип, кантип, кайдан кармаганын суроодон айбыгышып, Кыдыр акенин жигиттеринен сурамжылап көрүшмөк болушат. Бирок анын бир да жигити бул окуя жөнүндө эч жанга айтышкан эмес. Булардын баары Кыдыр акенин көзү жумулгандан кийин эл оозуна тарап кеткен маалыматтардын бири, бирок ал чындык экендигин орус өкмөтүнүн материалдарында көрсөтүлгөндүгү, чынында эле Романовдордун 300 жылдык

тоюна Кыдыр аке чакырылып баягы карматып келген жолборстун баласын өзү жеткирип падышага тартуулаган экен. Мындай тартууга ыраазы болгон падыша Кыдырга абдан баалуу белектерди берип, ошо мезгилде өткөн тортүнчү думага катыштырып, генерал-губернатордун жардамчысынын чексиз бийлигин өмүр бою калтырып, падышалык аскердин полковниги деген чин ыйгарган.

Петербургда падышанын салтанаттарына катышып кайтып келатканда Оренбург шаарынан бери почтонун трашманкеси менен келгендиги белгилүү. Кыдыр акени жеткирүү үчүн атайын арабакеч жана орус аскерлеринен эки адам бекитилген. Бул адамдын алып келаткан олжолоруна кызыккан тигилер жолдо кеңешип, бирок бир чечимге келе алышпайт. Акыры Кызыл-Ордодон бери өткөндөн кийин ачык талаада Кыдыр аке трашманкени токтотуп, даарат ушатууга четке чыгат. Мына ушул учурдан пайдаланышып тигилер Кыдыр акени ошол арага таштап кете беришет. Трашманке жарым чакырым узай бергенде жолдун оң тарабынан кара чаар жолборс, жолдун сол жагынан кызыл чаар жолборс чыгып, аттар бир ордунда калтырап туруп калышып, корккондорунан сийип жиберишкен экен. Кыдыр акени узатып келаткан солдаттар менен арабакечтин жүрөктөрү түшүп, бул карыянын жөн эместигин түшүнүшөт да, дароо кайра тартып келип, Кыдыр акенин бутуна жыгылып кечирим сурашат. Бирок Кыдыр аке эч нерсенин билмексен-көрмөксөн болуп унчукпай коөт.

Ошондон кийин тигилер Кыдыр акени абдан сыйлап, үйүнө дейре аман-эсен жеткирип келишиптир дешет.

Кыдыр аке карып калган кезинде, кайсы бир жылдын үзүмчүлүк мезгилинде Жергез суусунун Жыргаланга куйган куймасында 60 түтүн айылы менен жатакта турган курбусунукуна маектешип, ал-ахыбалын билип келейин деп, он чакты киши

менен жөноп калат. Айылын көздөй келаткан он чакты кишини көргөн баягы курбусу үзүмчүлүкто ысырапка батпайын деген кыязда, экинчи жагынан битирлиги кармап келаткан адамдарды алдынан тоздурбай, кайра өзү далдаа жерге жашырынып кетүүгө аракет кылып, ашкана үчүн курулган үйүно кирип кетет. Бул айылдын тейин тээ алыстан эле байкаган Кыдыр акы алдын-ала сезет да:

– Бул айылдын пейли кетип калган экен. Айыл айыл болбой калыптыр, атаңдын кору, – деп кейип алат да, атынын башып батышка бура тартып кете берет.

Ээрчип келаткан адамдар Кыдырдын бул кылыгына таң калып, бирок эч кимиси үндөбөй кете беришет. Бирок Кыдыр акенин айтканы келдиби, же шарт-мүдөө ошого алып келдиби, ошол Чоң-Жергез деген айыл чоң жолдон алыс деген шылтоо менен Жергез жана Сары-Камыш айылдарына көчүрүлүп, айылдын ордун айдоо жерге айландырып салды.

Ошол эле күнү, баягы курбусунун пейилине кабагы салаңдап келе жатканда алдыларынан жалгыз боз үй турган жатакчыга жолугат. Үй ээлери жаш жубайлар экен. Алыстан эле он чакты адамдын келе жатканын көргөн келин чый-пыйы чыгып үйгө чуркап кирет да, үйдо жамбаштап жаткан күйөөсүн шаштырат:

– Бол тур, биякты карай он чакты адам, алдында залкайган ак сакал карыя келатат. Алдын тосуп суусун жуткур, – деп аякка толтура жарма куюп күйөөсүно карматат да, өзү калган жарманы коокөргө куюп сыртка чыгат.

Ошол маалда тиги жолоочулар да үйдүн тушуна келип калган.

– Чоң ата, кайрылып суусун жута кетиңиз? – деп алдып торой чыгат үйдүн ээси.

Атынын тизгинин тартып тура калган Кыдыр акеге толтура аяк жарма сунат. Кыдыр аке жарманы ичип аякты кайра берет. Ошол аякка көөкөрдөн

жарма куюп берип турган келин көзүнө ысык көрүнөт. Жолдоштору суусун ичип болгон соң Кыдыр аке бата берет.

– Айланайын уулум, келиним, эки дүйнөдө жамандык көрбөгүлө. Уулдуу болуп, уулунар эл үчүн, жер үчүн кызмат кылган мыкты жигиттерден болсун. Оомийин! – деп аксакалын жайкалтып алаканы менен жүзүн сылайт. Баары тегиз бата берип жолоочулар узап кете берет.

Азыркы элдин айтымында ошол жалгыз үйлүү адам Мамаке деген адам экен. Ал эми анын уулу Мамбет Мамакеев азыркы күндө профессор, медицина илимдеринин доктору, Кыргыз эл депутаты. Ошентип, Мамбет агага Кыдыр акенин батасы тийген деген кептин чындыгы бар.

Кыдыр акенин колдоочусу жөнүндө көп айтылып жүргөндүгүн ырастаган дагы бир далилди айта кетсек. Үркүндөн кийин качып-тозгон кыргыздардын көбүн Жергез деген жерде турушкан орустардын «макшан» тукумунун балдары өлтүрүп, итке талатып, таш баранга алып, аябай кордук көрсөтүшкөн экен. Алар өздөрү турган Жергез жерин Ново Константиновка деп атап алып, 5–6 атанын тукумдары жашашкан. Алар – Морозов, Кудашов, Трихин, Моисеев, Калиновский деген гана фамилияда жазылган бир айыл казак орустары, же «макшандар».

Ошол айылдын көпөстөрүнүн бири Кудашев атайын эки жигитти камдап Кыдыр акени өлтүрүп келүүгө жиберет. Алардын милдети – аңдып туруп эле мылтык менен атып салыш болгон. Көпкөн эки жигит ылайыктуу жерге жатып алышып, беш атар мылтыктарын октоп Кыдыр акенин даарат ала турган жерин көздөп жата беришет. Бир маалда даарат алууга чыккан Кыдыр аке көрүнөт. Жигиттердин бири маашага илинтип мына атайын дегенде алдынан кара чаар жолборс атырылып чыгат. Экинчи жактан кызыл чаар жолборс чыгып качырат. Жүрөгү түшкөн жигиттер ошол жерден мылтыкта-

рын таштай качып, арткы колотко тушап койгон аттарына араң жетип, аркасын карабай качып жөнөшөт.

Болгон окуяны уккан Кудашов каткырып күлүп тигилерди шылдыңга алат. Ошол жерди көрсөтүп бергиле десе, жүрөктөрү түшүп калган тиги экөө караманча болбой коюшат. Кыдыр акенин кыргыздарды сактап, аларга көрсөткөн жардамын көрө албаган көпөс акыры өзү эле атып салмак болот.

Мында, көпөс Кереге-Таштын дөңүнө чыга берген эле жерден алдынан кызыл чаар жолборс көрүнүп, аты туйлап, бир ордунан жылбайт. Жүрөгү оозуна каптала калган көпөс атынын башын буруууга араң жараптыр. Бул окуяны ошол Кудашовдун баласынан жана мурда барган эки жигиттин оозунан уккан адамдар кечээ жакында эле көз жуумп кетишти.

Кыдыр акенин каргышыбы, же алардан шейит болгон кыргыздардын көз жашы жеттиби, айтор Ново Константиновкада жашаган «макшан» орустарынын тукумдары туш-тарапка тарап, азыр кимисинин кайда жүргөнүн экинчиси билбөй калды. Айыл мурдагы атын алып, Жергез айылында Кыдыр акенин тукумдары, Сейитказынын балдары жашашат.

Кыдыр аке көп нерселерди алдын-ала билген деп айтын жүрбөйбүзбү. Андан сырткары да сынчылык жайы күчтүү болгон. Адамды бир көргөндө эле анын ким экенин билип койчу дешет. Бирок, Кыдыр акенин ким экендигин билген адам болду бекен? – деген суроонун үстүндө бир топ ойлонуп жүрүп акыры бир учурду Үч-Кайнар айылыма барып атактуу манасчы Шаабай абамдан угуп калдым.

Текесте Эрсары баатырдын ашы берилип калат. Ашка туш-тараптан миңдеген адамдар барып, баш байгеси төө баштаган миң жылкы сайылган. Ошол ашка Кыдыр аке да барып, «Тайгашкасы» баш байгени женип алгандыгын эл-журт билет.

Ошол ашта ар бир келген меймандарга аштын ээси Нургап болушунун жакшылары өзгөчө сый көрсөтүп учурашын келип турушкан. Кыргыздын «бугу» элинен келген жакшыларына баягы тартип менен өздөрүнүн атактуу сынчысын кошо ала келишет. Саламдашуудпн кийин казактын сынчысы бугу элинин жакшыларын кезеги менен сындап келип, Кыдыр акеге келгенде токтоп калган экен да:

– Бул кишинин аты-жөнүн ким дедиңер? – деп кайра сурайт.

– Бугу элинин Арык тукумунан чыккан Байсары уулу.

Сынчы кайрадан бир жолу сурайт.

Кыдыр! – Аштын ээси кайра айтат.

– Байсарынын Кыдыры, – деп айтышат тигилер.

Ошондо сынчы казак бир топко чейин Кыдыр акени карап туруп:

– Манабунун аты да Кыдыр, өзү да Кыдыр экен! – деп айтып келип анан кошумчалаптыр дейт. – Мындай адам эки катын эптеп туубаса, жалгыз катын тууй албайт. Оомийин! – деп бата тилептир.

Ошол ашта сынчынын айтканы ашка келгендердин баарына тез эле тарап, ат чабышта Тайкашкасы баш байге жеңип алып, Кыдыр акенин зоболосу ого бетер көтөрүлгөн дешет.

Дагы бир окуя. Айтылуу Солтонкулдун ашында Кыдыр акенин жигити Казакбай эр сайышка түшөйүн батаңызды бериниз, деп суранып калат. Ошондо жигитин карап туруп: «Сен бүгүн түшпөй эле койчу, бироонун убалына калган турасын», деп эр сайышка түшүрбөй коөт. Бирок элирип алга Казакбай дагы кайрылып келип:

– Аке, жок дегенде «кызыл камчыга» түшкөнгө уруксаат бериңиз, – деп дагы суранат.

Кызыл камчы деген эки атчан чыгып, бири-бирин камчы менен сабашмай оюн болгон. Башка чабууга гана болбойт. Эгер кокус башка чаап алса, ал жигит айыпка жыгылчу экен.

– Болуптур, – Кыдыр бир аз ойлонуп туруп Казакбайга коөн томуктун дүмүрүн берет. – Мынабуну бир колуң менен кармап көрчү.

Казакбай коөн томуктун дүмүрүн сол колу менен былчырата кармап салат. Ошондо, ай сен чыкпай эле койсоң болмок, деп акыры көнөт.

Казакбай жалгыз камчы кармап, белден өөдө жылаңач чыгат. Атаандашы казак жигит ээрдин кашына сегиз камчы илип чыккан экен. Бул сабашта адегенде эле казактын жигити камчысы менен беш-алты жолу чаап өткөндө Казакбайдын далысы тилинип кетет.

Абдан ызасы келе түшкөн Казакбай тиги кайрылып келе жатканда камчысын бир эле шилтегенде казак жигит аттан ыргып кетиптир. Камчы дал ортосун тилип келип боорунун четин жарып кеткен экен. Казак жигит чай кайнам ичинде кансырап өлгөн дешет.

Андан кийин Казакбайды эр сайыш менен кызыл камчыга түшүрчү эмес экен Кыдыр аке. Сен кан жыттанып турасың, кой деп койчу дейт.

## КАЛЫСТЫГЫ

«Калпыс сөздү айтпаган, калыстыктан кайтпаган,
Жакынына тартпаган, жардыга доомат артпаган.
Айтканы элге эм болгон, телегейи тең болгон,
Ал биздин Кыдырды Кызыралейсалам колдогон».

*Элден*

Кыдыр аке өмүрүндө бир кишиге жамандык кылбай, ар дайым калыстыгынан жазган эмес деген кепти көп угабыз, эл ичинде көп айтылып келет. Кыдыр аке чынында эле абдан калыс, боорукер адам болгон экен. Анын боорукердик, калыстык иштерин аңыз кылып айтышат. Биз да мына ошолордун кээ бир учурларына кайрылып кетели.

Бугу элинин Белек уруусунан тараган айтылуу сан жылкылуу Сарыбай атасы Солтонкулга аш берет. Кезегинде Солтонкул да өз элин былкылдатпай кармап турган манаптардын бири болгон. Жеке эле бугу элинде эмес, алты дубан кыргызга атагы чыккан кадимки Солтонкул болгон. Аш 1889-жылы Каркыра жайлоосунда өтөт. Атасынын ашын чоң даңаза менен берүүгө бел байлаган Сарыбай бүт кыргыз журтчулугуна, Жети-Суудагы казак элине кабар жиберет. Байлык десе байлыгы бар, мал десе малы бар, сан жылкылуу Сарыбай атка конгон манап атасынын ашында чабыла турган аттын баш байгесине миң жылкы сая турганын күн мурунтан кабарлап, отуз беш атка байге койгонун чабаганчыларга атайын айттырган.

Аш өтөргө бир ай калган кезде Бугу элинин, деги эле көл боюндагы эл башкарган калыс адамдарды кеңешке чогултуп, ошолордун ичинде Кыдыр акеге да кабар жиберет. Ал кезде Кыдырдын болуп-толуп турган кырк жети жаш курагы экен. Айтылган күнү кеңешке чакырылган аксакал-көксакалдар Сарыбайдын конушуна чогулушат.

Алардын ичинде көл боюндагы ар бир уруудан бирден киши келип, айтылуу Садыр аке, Карач аке, Кыдыр аке кеңештин башында болгон.

Ошентип, аштын камылгасын көрүү жеке эле Белек уруусу эмес көл боюндагы баардык урууларга тапшырылып ар биринин кызмат кыла турган, меймандарды тосуп алып кайра узата турган адамдардын баары жай-жайына коюлуп акыры аштын башталыш күнү да келип жетет.

Ашка келчү меймандардын баары келип бүткөн кезде аштын жарчылыгына шайланган Солтобай деген акын биринчи эле жар салганында мындай деп ырдаган экен:

Ак боз ат минип залкайган,
Токсобанын Кыдыры,
Акылга кенен шыдыры,
Элге кылып жакшылык,

Бешенесинде куюлуп турат ырысы.
Берки сан жылкылуу Сарыбай,
Аркы миң жылкылуу Каптагай,
Ошентип биздин Бугу четтен бан.
Төмөн жакта кара көйнөк Канай бар,
Жогор жакта Алтыбасар,
Торгой менен таалай бар,
Алардан башка чалкайган жериң далай бар...

Мына ошол ашты башкарган көрүнүктүү адамдардын бири Кыдыр аке болгондугу тарыхтан белгилүү. Ошончо элди чакырган аш кандай болоору баарыга белгилүү го. Жүздөгөн боз үй тигилип, ар бир боз үйдө кызмат кылгандардан башка ошончо элди күтүп, аларга тамак-аш камдоо жагы өзүнчө эле тозок эмеспи. Аштын жүрүшү бир жумага белгиленет. Аштын бешинчи күнү ат айдалып, алтынчы күнү мараага келүү, же баш байгелерди бөлүштүрүү алтынчы күнгө белгиленген.

Аштын негизги жарчысы Солтобайдан башка да ондогон жарчы чектелип, ар бир конок үйдө бирден ырчы, бирдеп комузчу тамаша өткөрүп, андан башка да чок ортого алты бакан курулуп жаштардын оюну күндүр-түндүр тыйылган жок. Аш башталгандын эртеси жөө күлүк, тыйын эңмей, кыз куумай сыяктуу оюндардын баары болуп, ар кайсы жерде оюн-тамаша өтүп жатты.

Ашты тартип менен башкаруу ар бир эле адамдын колунан келе бербейт, анын үстүнө Солтонкулдун ашы тээ эзелки Көкөтөйдүн ашынан ашса ашаар, бирок андан, кем калган эмес. Иштин баары аштын төртүнчү күнү башталат. Ошол күнү кечинде аш ээси Сарыбайдын өргөөсүнө Тилекмат уулунан келген жигит:

– Сарыбай аке, менин сизде кебим бар эле, – деп өтүнөт.

– Сен өзүң ким болосуң? – деп сурайт сан жылкылуу Сарыбай манап.

– Сарыбай аба, мен Чыныбайдын инилери болом, – дейт тиги жигит.

– Кош, эмне кебиң бар эле, айта бер, – Сарыбай кулак түрөт.

– Сизди жеңем чакырып жатат...

– Кайсы жеңең? – Сарыбай таң кала түшөт.

– Чыныбай абамдын байбичеси...

– Ал эмнеге бул жерде жүрөт?... – деп Сарыбай чочуп кетет, себеби Чыныбай ошол жылы каза болуп, ал эми аялдарынын үстүнөн али карасы алына элек кези болчу. Кара кийген катын той-аш тургай кошунаныкына кирип айылчылаш салтта жок нерсе эмеспи, анын үстүнө өзүлөрүдө куран окутуп бара элек эле, – мына ошону ойлогон Сарыбай тиги жигитке акырая карайт.

– Мен ал кишинин буйругун гана аткардым, абаке. Сизде абдап манилүү сөзүм бар деди. Сөзсүз байбичеңиз менен келип кетсин деп, атайын караңгыда жиберди мени.

– Жеңемдин бул жерде экенин дагы ким билет?

– Менден башка өзүнүн чачуштугун көтөргөн келин билет, абаке.

– Болуптур, чай кайнам убакыттан кийин үйдүн жанынан күтүп тур. Ал тегеректе чоочун жан болбосун! – Сарыбай сөөмөйүн кезеп, тиги жигитке «эгер эртең сөз болсо, тилиң кесилет», деген белгини көрсөттү.

– Куп болот, абаке, менин да башым экөө эмес, – деген жигит жыла басып боз үйдөн чыгып кетет.

Чай кайнам убакыттан кийин Сарыбай байбичеси экөө Тилекматтын айылынан келген ак боз үйгө кирди. Алдына тосуп алган Чыныбай султандын байбичесин көргөн Сарыбайдын байбичеси чуркап барып бетинен өбөт.

– Саламатсызбы, жеңе – Биз күнөөлүүбүз, жеңе, куран окута албай, эми минтип...

– Арбаңыз, жеңе! – деген Сарыбай жеңесин колдон алып, – Бизди кечир, бирок сизди жаман ооз адам көрсө ушак болбойбу, жеңе?

– Ушак-айынды жыйыштырып коюп атайын өзүңөргө келдим. Айта-турган кебим бар, кайним. Убактың болсо сүйлөшөлү, – дейт байбиче.

– Кулагым сизде, жеңе, – деген Сарыбай көлдөлөңгө отурат.

– Бирок менин бир шартым бар, кайним, – дейт байбиче. – Эгерде менин айтканымды аткара турган болсоңор гана силердин күнөөңөрдү кечем, болбосо ушул элдим ичинде өзүм жарыя кылам.

– Аткара турган иш болсо аткарам да, жеңе...

– Ошентсе да убадаңды берсең айтам.

– Деги аткарыла турган ишпи?

– Сенин колуңдагы иш, кайним, ошондуктан атайын келип турам.

– Эгерде эле менин колумдан келе турган иш болсо, анда сөзсүз аткарам, жеңе. Абамдын арбагы үчүн да аткарайын, – деген Сарыбай ушул жерден арбактарды кеп кылып бир аз жаңылды.

– Абаңдын арбагын сыйласаң, анда аткарасың, – деген байбиче эми Сарыбайга тике карады.

– Аткарам, жеңе!

– Эмесе угуп тур, кайним. Менин сураныччым ушул: эртең айдала турган аттарды бүрсүгүнкүгө калтыр!...

– Эмне дейт? – Сарыбай ордунан.тура калды. – Эмне деп жатасыз, жеңе? Андай болбосун билесизго...

– Билем, кайним! Ошол билген үчүн сурап жатпайымбы, – деген байбиче жанатадан бери босогодо турган баягы жигитке карады. – Мына кер мурут абаңдын торусун таптаган Адам. Айт, кебиңди?!

– Абаке, – жигит чөк түшүп Сарыбайга карады. – Чыныбай абамдын торусунун бир эле тери калды эле... Эгер ат чабыш бир эле күнгө артка жылса, Тору баш байгени алат! – деп жигит жалооруй карады.

– Аны кантип далилдейсиң? Шабдандын көк быштысың Тезек төрөнүн аксуру, дагы толгон күлүктөр турат! – деп Сарыбай катуу айтты.

– Абаке, мен баардык күлүктөрдү көрүп чыктым. Эгер бир күн ары жыла турган болсо, анда эле абамдын торусу баш байгени алат. Баш байге өзүбүздө калат абаке...

– Кое тур! Бул деген жеңил маселе эмес. Эгер биз бир күн ары жылдырганда эртең кандай чатак болоорун билесиңби?

– Билем, абаке! Билген үчүн кара кийип отурган жеңемди бул жерге алып келбедимби.

– Тору чыкса, баш байге өзүндө калат. Бир да жылкы албайбыз. Ошол сенин абаңа куран окутканын болсун! – дейт Чыныбайдын байбичеси.

– А эгер тору чыкпай калса эмне болоорунду билесиңби? – Бир азга дымый түшкөн Сарыбай жигитке ызырына карады.

– Билем, абаке. Жеке эле мен эмес, бир атадан беш түтүн барбыз. Макулбуз, кул кылып сатып жиберсеңиз да...

– Сен ойлонуп сүйлөп жатасыңбы? – деп кайра сурады Сарыбай.

– Мен бир гана сүйлөйм, абаке, – Жигит эми тигиге тике карады.

– Абаңдын арбагын сыйласаң биздин өтүнүчтү аткар! – деп Чыныбайдын байбичеси сөз бүттү дегендей үшкүрүндү.

Сарыбайды санаа басты. Эртең айдала турган аттарды бир күн токтотуу деген өлүмгө барабар иш эле. Кыргыздын калган журтчулугун көндүргөн күндө да хан Шабданды анын жигити Байакени, тиги казактын Тезек төрөсүн ким көндүрөт. Эртеңкиге даярдалып, терин алып койгон аттарын кайсы саяпкер дагы бир күнгө калсын деп макул болот. Башын салып көпкө отурду Сарыбай. Бирок миң жылкы баш байгени алып калып, бүтүндөй арык-белекти бир топ салыктан куткарып деген сөз. Акыры башын көтөрүп:

– Жеңе, мени дагы бир азапка, тозокко салмай. болуп турасыз. Муну мен жалгыз чече албайм. Барып кеңешип көрөйүн, аш башкарып жаткан аке-

лер бар... Жылдыз толгон кезде жообун берем, – деген Сарыбай боз үйдөн чыгып баратып, байбичесине карап. – Женемди мейман кылып, жакшылап узат, – деди. Өзүнүн ак өргөөсүнө бараар менен Садыр аке менен Кыдыр акени чакыртат. Болгон ишти болгондой айтып берет.

– Э кокуй, эми эмне кылыш керек, – деп Садыр аке чочуп кетет.

– Эгерде саяпкери ишендирип жатса, анда ойлонуп көрө турган иш экен, – дейт Кыдыр аке ойлуу.

– Бир күнгө ары жылдырсак чырды ана башы Байаке баштайт. Ал эми анын чырын басуу кимдин колунан келерин өзүңөр билесиңер, – деп Сарыбай тигилерге карады.

Андан көрө баш байгени алса алып кетишсин, иши кылып аш чыр-чатаксыз тараса болду.

– Кое тур, – Садыр аке колуп көтөрдү. – Эмнеси болсо да тобокел дейли. Сен Кыдыр эмнени ойлоп турасың?

– Мен да тобокелге барбайлыбы деп турам. Бугу, Саякты көндүрүш колдон келет. Чатагы эле Шабдан хан менен Тезек төрөнүн, күлүгү. Мына ошол экөөнү эптеп көндүрүп, бир шылтоо табышыбыз керек. Ошошу ойлонолу.

– Ойлогондо кандай шылтоо болот, – деген Сарыбайдын кабагы ого бетер салаңдап калды.

– Мындай ой бар, – деген Кыдыр тигилерге карады.

– Сарыбай бүгүн түш көрсүн. Солтонкул абам аттарды жума күнү эмес, ишемби күнү айдагыла, деп аян берсин. Иштин башы ишенмби эмеспи.

– Туптуура! Азаматсың, Кыдыке, – Садыр аке дароо түшүнүп, кубаттап кетти. Кудай алдында биздин күнөөбүз жок. Шарт ошондой болуп калды. Кудай, арбак кечирет. Чыныбайдын арбагы колдосун!

– Кудай-арбак кечирген күндө да Шабдан хан кечирбейт. Анын Байакеси араң эле турбайбы, абаке, – деген Сарыбай жалооруй карады берки экөөнү. – Чабышкандан кайра тартпайт.

– Шабданды менин мойнума кой, – деди Садыр аке.

– Тезек төрө жезде эмеспи, анын жарасы жеңил, Бирок тартуу бербесек болбойт. Эки жамбы, 500 сомдон акчалай берели.

– Шабдан ханга да ошончо кетет. Бүттү, Сарыбай, эртең менен жарчылар жарыя кылсын.

Ошентип, эртең менен аттарды айдоо эртенки ишембиге калтырылды. Аш дагы бир күнгө созулат, деген жарчылардын жарыясына кошуп, анын себебин да түшүндүрүп жатышты. Көл айланасынан, саяктардан, Нарын тараптан келген меймандарды тез эле тынчытышты. Алар бир тууган эл катары анча-мынча тартуу менен отуруп калышты. Чатактын башын мурда билгендей эле Байаке баштады.

– Бул эмне деген кордук! Катын бугулардын эмне деген шылдыңы! Аттангыла, жигиттер, – деп чындап эле чабышууга даяр эле.

Жарчылардын, айылаксакалдарынын ай-уй деген сөздөрү кулагына кирбей, дароо Шабдандын өргөөсүнө жетип келди.

– Бул катын бугулардын эмне деген шылдыңы, баатыр? – деп Байаке катуу айтты. – Уруксаат бер, жигиттерим даяр, азыр ушул жерден бүт бугуну чаап кетем!

– Токто, баатырым, – деп Шабдан акырын айтты. – Ачуу душман, акыл дос!

– Көк бышты чыгат, баатыр. Ошон үчүн жаным кашайып жатпайбы! Уруксаат бер!

– Токто, чабыштын кереги жок. Жөн гана аттанып кетели, эртенки күнү бүт ууру алдыбызга жыгылгыдай болсун. Кана, аттангыла, кеттик!

Шабдан атка минип, артынан бүт чогуу келген адамдары аттанып кетип баратканда Садыр аке алдынан чаап чыгат:

– Баатыр, мына мен алдыңдан аттан түшөйүн! – деп Шабданга айтат.

– Жок, Саке, жок, – деген Шабдан шашып калат.

– Баатыр, мына мен алдыңда аттан түшүп таазим кылайын! – деп дагы бир жолу айтат.

Ошондо Шабдан хан өзү атынан түшө калып Садыр акенин атын тизгинден алып:

– Садыр аке, түшпөңүз, түшпөй эле айтыңыз?

– Анда артка кайт, баатыр!

– Болуптур, аке – деген Шабдан артына кайрылып. – Артка тарткыла. Биз кетпейбиз!

– Баатыр, бул эмне кылганыңыз? – деген Байаке чаап келет.

– Ит кутурса ээсин кабат, кул кутурса байын сабайт! – дейт, – Бул кимиң баатыр? – Садыр аке катуу айтат.

– Байаке, болду! – деген Шабдан ага тике карайт. – Артка кайткыла. Баардыгы жай-жайында болсун, – деп анан өзү атын минип Садыр аке экөө жанаша бастырып келип, Шабдандын өргөөсүнө түшүшөт.

Шабдан хан кайтып келди, деген кабарды угуп Сарыбай сакалдуу, көкүлдүү адамдары менен келип, хандан кечирим сурап алдына эки тай туяк жамбы менен беш жүз сом акча коет. Жетелеп келишкен туу калган байталга бата тилеп, алдынан өтүшөт. Ошентип, ханды жана анын элин кармап калышат.

Кыдыр аке келгенде Тезек төрөнүн саяпкеринин көзүнүн чаары чыгып, жеп жиберчүдөй тике карады. Тезек төрөнүн кабагы салыңкы.

– Биз ат чаппайбыз, ашыңарды таштап кетебиз. – деди дагы бири.

– Төрө, бир чети биздин бугу элине күйөө баласыз, ал эми мага жезде болосуз, – деген Кыдыр аке акырын кеп таштады. – Жаңагы аян берген Сарыбайдын атасы Солтонкул сиз күйөөлөп келгенде Каркыра жайлоосунун башынан тосуп алган ардактуу кайнаганыз эле го...

– Я, я, ол эсимде тур, шырагым, – деген Тезек төрөнүн эми көңүлү жай сүйлөдү. – Он да экөмиз достардай ажырастык эле.

– Ошол адамдын, ардактуу абабыздын ашын таштап кетпениз, жезде?

– Жок, аны ким айтып атыр. Ат шыкмаса шыкмай калаар, ол адамдын арбагын эч убакта тепсеймиз, – деп Тезек төрө эми жигитине карады. – Кенедей шатак болмасын, ал энди атынды кайра суут!

Ошондон кийин Кыдыр аке жигитин Сарыбайга чаптырып, алар Шабдан ханга барган каадасы менен Тезек төрөгө келип түшүп, алдына эки тай туяк жамбы, беш жүз сом акча коюп, туу калган байталга бата тилеп кайтышат.

Элдин баары жай-жайына келип, баягы оюндар кайра уланып, эртеси аттар айдалып, аштын акыры жекшемби күнү айткандай эле Чыныбайдын тору аты маарага биринчи болуп келет, келгенде да башка аттардан алда канча алдыда, эч бир чарчоо дегенди билбегендей арышын кере таштап чыгып келген экен.

Ошентип, баш байге миң жылкы аш ээсинде калат. Чыныбайдын байбичеси айтканын аткарып бир да жылкы албай коот. Бирок Сарыбай өзү билип куран окутуп барып, Чыныбайдын байбичесине жүз жылкы, саяпкерге жүз жылкы тартуу кылат.

Жогоруда айтылып кеткен Чыныбайдын торусу Солтонкулдун ашында баш байгени женип алгандан кийин Чыныбайдын тирүү кезинде эле аны менен өчөшүп, мансап талашып жүргөн туугандарынын бири Балтабай бийликке келип, Чыныбайдын атынын миң жылкы сайылган баш байге алганын көралбай, экинчи жагынан баштагы өчөшүүсү ого бетер күчөп, Чыныбайдын жакын туугандарына салык салып, аларды кордоп, ал тургай убагында Чыныбайдын ашын да бердирбей коот.

Акыры Балтабайдын зомбулугу бугу элинин аягынан башына чейин угулуп, тиягы Садыр аке, биягы Кыдыр аке бушайман болушат. Экө тең Балтабайга сөз айттырышып бул кылганың адамкерчилик эмес, арбак-кудайды сыйлаш ар бир мусулман-

дын парзы экендигин эсине салат. Бирок көгөрүп алган Балтабай экөөнүн тең сөздөрүн укпай, ал тургай аларга жооп бербейт.

Акыры Кыдыр аке атайылап Садыр акеге барып кенеш салышат.

– Биздин Балтабай абдан эле кутуруп кетти, Саке, – дейт Кыдыр аке. – Чыныбай абамдын ашын бердирбейт деген эмне. Ушул кантип адамдыкка жатсын...

– Кыдыке, – дейт Садыр аке. – Менин оюмча Балтабайды Бугу элине хан көтөрүп салбайлыбы?

Садыр акени таң калыштуу карап калган Кыдыр тиги адамдын күлүндөгөн көзүнөн анын ойлогондорун боолголоп түшүндү да:

– Чын эле, дөөгүрсүгөн курган немени...

– Мына, мына, – деп Садыр аке Кыдырды колдон алып, – Андай мансапты жакшы көргөн адамды ошентип алдабасак, күчкө салган менен биздин ал келбейт, Кыдыке...

– Туура айтасың Саке... Боромбай хандан бери бугу элинде хан көтөрүлө элек, Хан атап салалы, – Сакалдуунун тапкан акылына Кыдыр аке сүйүнүп кетет.

Ошентип, ошол жайында бүтүндөй бугу элин, көлдөгү саяктарды кошуп «Чычкан» жайлоосунда өтчү жалпы жыйындын болоорун кабар кылышат. Жайдын толуп турган мезгилинде көлдүн аркы-берки өйүз эли бүтүндөй «Чычкан» жайлоосуна чогулушат. Бул жыйынды башкаруу да Кыдыр акеге тапшырылат. Жыйынга коюлган ар кандай маселелерден башка да, бечара, карыптардын арыздары териштирилип бүткөн соң жыйындын акырында Кыдыр аке мындай деген сунуш киргизет.

– О калайы, мына Боромбай хандан бери биздин элде хан деген атты алып жүргөө ыйык адамыбыз жок келатабыз. Эгерде каршы болбосоңор атанын баласы Балтабайды хан көтөрүп албайлыбы? – деп элге кайрылат. Бул сунушту Садыр аке колдоп чыгат.

– Кыдыр аке туура айтын жатат. Бугунун ханы Балтабайдан башка болбош керек. Кана ак боз бээни жетелеп, ак кийиз алып келгиле, – деп мурдатан даярдатып койгон кийизди жая салдырып, ага Балтабайдын «ой-боюна койбой отургузуп, четине ак боз бээни мууздатып, кан чачыратып балбан жигиттер кийизди бир айландыра көтөрүп келип, хан жарыялап салышат. Ошентип, Балтабай бугу элинин ханы болуп калган экен.

– Балтабай, эми бугунун ханы болдуң, – деп кайрылат Кыдыр аке. – Чыныбай султандын ашы берилбей жатат дейт. Ал ашты ким берет? Же Арык тукуму биз берелиби? – деп сурайт.

Ага тигилип турган Садыр акеден дагы бир сөз чыгып кетпесин деген Балтабай шашып калат да:

– Чыныбай абамдын ашын мен берем. Ушул күзгө даярдана бергиле. Ат чабыштын башкы байгеси бугунун бүт жылкысы, – деп так ошол эле жерден жарыялап салат.

Аш бергени жакшы, бирок баш байгеге бугу элинин бүт жылкысын салганы кандай, деген Кыдыр аке абдан бушайман болуп кайтат. Ошондон кийин Балтабай Чыныбайдын тукумун кодулаганын коюп, күзүндө ашын берет. Айтканындай эле баш байгеге бүт бугунун жылкысын саят. Кудай жалгап анда да Чыныбайдын торусу чыгып келип баш байге бугу элинде калып калган экен.

Эки элдин чатагынан да эки эрдин чатагы кыйын дегендей, 1907-жылы Арык тукумунун эки уулунан тараган балдарынын ортосунда кан төгүлгөн кармаш болуп өткөндүгү баарыга маалым. Ал кездеги кандуу кармашты азыркыга чейин «Быйтымандын чабуулу» деп атап жүрүшөт. Эмесе ошол чабуул жөнүндө жана андагы Кыдыр акенин калыс мамилесине токтоло кетели.

Кыдыр аке он сегиз жыл болуш болгондон кийин болуштукту Баататырдын балбан Саркесинии уулу Канайга өткөрүп берген. Канайдан кийин Соно уруусунан Төлөгөн болуш болуп үч жыл турган.

Ошентип ар бир үч жылда Арык тукумунун жакшы чыкма уулдары болуш болуп шайланып турушкан. Ал кезде болуштукту шайлоо Кыдыр акенин кенешисиз өтчү эмес.

Кыдыр акенин иниси, Токсобанын баласы Быйтыман да эстүү-баштуу болуп, 1905-1907-жылдары Арык тукумунун болуштугуна шайланат. Быйтымандын бийлиги жүрүп турган жылдары, биринчи эле жылы тогуз ирет топ жыйып, анда эчен адамдарга айып тарттырып, эчен бей-бечараны негизсиз эле бийлерине кестирип, тогуздап айып салган күндөрү да болгон. Ошондон улам Арык тукумунун эки баласынын ортосунда жик пайда болуп, ал эми ортодогу шылуундар алардын арасына от коюп, ого бетер кайраштыра башташат. Чатактын башы жоргодон чыгат. Сарке уруусунан чыккан Кененбай, Дөнөнбай, Ордобай, Чолпонбай деген бир туугандар болуп, ошонун Дөнөнбайынын мыкты тору жоргосу болгон. Быйтыман болуш катары ошол тору жоргону мингиси келет да, аны сурата т.

Бирок Дөнөнбай жөн эле берип жибермек беле, туугандары менен кеңеш курат. Ал кеңешке ошол кездеги Саркени башкарып турган Байтикти да чакырышат.

– Туугандар, кечээ Быйтыман болуш тору жоргону суратып киши жибериптир, – дейт отургандарды карап Дөнөнбай.

– Эмне, Быйтымандын ала элек ошонусу эле калыптырбы? – деп Байтик бурк этип. – Эч кандай тору жорго берилбейт. Тору бизге жарашпайт бекен!

– Тору жоргодон айлансын, ошол Быйтыман деген, – деп да бир жактан Деркембай чыгат.

– Сөз бүттү, Дөнөнбай, тору жоргону бербейсиң! – деген чечимге келишет. Байтиктин айтканына баш ийишет.

Бирок бийлиги жүрүп турган Быйтыман кайра-кайра киши жиберип жатып жана өзүнүн өкүмдүгү, аксымдыгы аркылуу акыры тору жоргону алдырып

алат. Бирок ошону менен эле иштин баары бүтүп калбайт, тескерисинче кайра чатак ырбап, күндөн-күнгө татаалдана баштайт.

Быйтыман болуш болгону бир топ иштерди орой-лук менен, өкүмдүк менен чечип, калыстыкка кал-пыс эле. Сарке менен Ондон уруусунун ичинде бир аз эле келишпестиктер боло калса, аны дароо топко салып бийлерин чогултуп айып кестирген учурла-ры көп болуп, жылына тогуздан топ жыйнаган учур-лары болгон. Мына ошондой айып кестирүү топту, 1907-жылы жайдын толуп турган учурунда Түргөн жайлоосунда уюштурууну жалпы калкка жарыя кылышат.

Ондон, Сарке элинин ызаланган жигиттери ушул топто чатак чыгарууну көздөп, топ болоордун му-рунку күнү кеңеш уюштурушат. Арбак, Кудайга ар-нап бээ союлуп, Ондон, Сарке уруусунун сакалдуу-лары, жалпы эле жигиттери Байтиктин атасы Су-бан ажынын үйүнө чогулушат.

– Эртең Ак-Булактын оюнда, токой боюнда топ болот, – деп сөзүн баштады Байтик. Быйтыман ба-ягы зулумдугун карматып, он кишиге айып тарт-тырып, тиги Субаналыга тогуздап айып тарттыр-гысы келиптир.

– Бул кордукка эми чыдай албайбыз! – деди Дер-кембай.

– Эми биргелешип иш кылбасак болбойт...

– Мындай иш бышып жетилип калды, – деп сөздү Байтик менен Деркембайдын атасы Субан ажы алды. – Адилетсиздик күчөдү. Арыктын эки бала-сынын ортосуна жарака салды, Быйтыман. Ага ко-шулуп иш кылган адамдар да жок эмес. Эртең мык-ты жигиттерден 40 жигитти даярдап токойго жа-шыргыдай болгула. Жигиттердин ар биринде мыл-тык болсун. Эртең топ бешим ченде аяктайт. Ошон-до Байтик же Деркембай кабар кылышат, болбосо топ жүрүп жаткан аралыктан мылтык атылат. Ошол атылган мылтык менен кырк жигит жалпы

чыга калгандай болсун да, бир эле мезгилде Быйтыман баштаган 22 кишини атып өлтүргөндөй болгула. Башка бир да адам жабыр тартпасын, бейкүнөө бирөө-жарым майып болбосун. 22 кишини таанып, ар бирине экиден жигит болгула. Алар Токсобанын Быйтыманы, жоргону кармата берген Дөнөнбай менен Кененбай, Тазабектин Качаганы, каратакыя Тууганбай, – деп ажы манжаларын санап отуруп 22 кишинин атын атады. Алардын баары Арык тукумунун эки уулунан тарагандардан чыккан жакшы чыкма адамдар эле.

– Билдиңби, Деркембай, сен жигиттерди даярдап аларды топко келчүлөр келе элек кезде токойго жашыргыдай бол. Байтик инисине карады.

– Быйтыман менин өз колумдан өлөт! – Деркембай өзүнчө ызырынды.

– Ишинер кабыл болуп, силерди балбан Саркенин арбагы колдосун! Оомийин! – деп Субак ажы бата тилегенде баары жаалап бата кылышып, шерттешкен адамдар кам көрүүгө тарап кетишет.

Ондон, Сарке элинде ушундай топтошкон иштер жүрүп жатканда Кыдыр аке өзүнөн өзү бушайман болуп, бир топтон бери ырбап келаткан чатакты сезип, кандуу кагылышка чейин жетпесин деп чочулап, таң эртең Быйтыманды, Арык тукумундагы эл башкарган адамдарды чакыртып түшкү тамакты өз үйүнөн берип, тамакка бата тилегенден кийин малдашын жазып отуруп мындай дейт.

– Эртең Ак-Булакта топ өткөрөбүз деп жатыпсыңар, туурабы?

– Туура, туура, – дешет отургандар.

– Ушу топту өткөрбөй эле койбойсуңарбы? Ансыз да эл арасы эмнегедир жаман болуп кеткендей түрү бар. Арыктын эки уулунун ортосунда жик кетип, акыры кан чыгып кетпесе болду. – Кыдыр башын көтөрүп дагы бир нерсе дейин дегенде Быйтыман:

– Аба, сен биздин ишке кийлигишпей жүрчү. Элди каалашынча бийледиң, эми карыган кезиңде

тынч оокатыңды өткөзүп жүрө бербейсиңби, – деп каарданып кетти.

– Сенин топ жыйнаганыңдан эл жабыркап кеттиби дейм. Азыр менин угушума караганда Саркенин жигиттеринин жаалы катуу көрүнөт...

– Алардын жаагын эчак эле бурап койгонбуз. Эртең калган-каткан тишин чагам. Ал эми сага айтып коөрум, аба, – деген Быйтыман Кыдырды жеп жиберчүдөй карап туруп: Кыдыр, Кыдыр деп койсо эле таптакыр олуя болуп алдың, эгер дагы бир ирет кийлигишсең, анда айтып коёюн курсагыңды жарып салам. Мынабу өз колум менен жарам, деп шамшаарын чыгарып ордунан тура калды.

– Кой, кой айланайын, – деген адамдар арага түшүп, Быйтыманды жетелеп кетишти. – Агасына кол көтөргөн кантип болсун!

– О, какмар, теңирин таанымбай калган тура, – деген Кыдыр отурган жеринде карап туруп. – Сенин курсагыңды кудай жарар, какмар, – деген экен.

Догурсүгөн Быйтыман эртеси бийлерин баштап алып Ак-Булактын оюна, токойдун боюна шашке ченде барышат. Ал кезде Саркенин жигиттери токойдун ичинде жашынып жатышат. Топ аяктап калган мезгилде Байтик ордунан тура калып, Быйтыманды боктоп кое берет. Бир нерсенин шегин сезип калган Быйтыман тору жоргого минип кача турган болот. Ошондо маңдайына тура калган Деркембай:

О ит, ит элең ит калыбында өл! – деп алты атар жапан тапанчасы менен атып калат. Быйтыман тору жоргодон талп этип кулап түшөт. Андан кийин кача берген Кененбайды атып калат. Кененбайдын колуна ок тийип, Деркембайдын алдына чөгөлөй калат:

– Деке, өлтүрө көрбө, бир башыма бир колум эле жетет! – деп жалооруйт.

– Жок, Кененбай эки элди ушуга алып келген сенсиң – деп дагы бир жолу атканда өлтүрө атат.

Мына ошол кезде токойдон жайнаган жигиттер чыга келишет. Бирок баягы өлө турган 22 кишиден

экөө өлүп жыйырмасы токой аралап качып кетишкен экен. Алар кечээки Кыдыр аке айткандан кийин ого бетер сактаныл, ар нерсеге, өзгөчө качып кетүүгө даяр турушкан. Ошентип, эки элден экөө өлүп, калгандары аман калыптыр. Ал топтогу окуя боюнча жамактап айтылган сөздөр эл арасына тараган.

Быйылкы өткөн күзүндө,
Түргөндүн токой түзүндө,
Арык элинде топ болду,
Курусун тобу шок болду,
Байтик деген күпүлдөп,
Көрүнгөндү боктоду,
Ичине шайтан от жагып,
Деркембай бардаякени октоду
Мылтыктан дары чачырап,
Чепкенден кебез булады,
Тоодой болгон Быйтыман,
Тору жорго аттан кулады.

Бул ырдын автору ким экендиги белгисиз, бирок ошол топто жамакчы акындардан да катышканы бар экендиги калетсиз.

Ошол эле күнү кечке жуук «Быйтыманды атып салды» деген кабар Кыдыр акеге жетет. Канча кылган менен бир тууган эмеспи көз жашы тегеренип, бир орунда теңселе түшүп:

– Атаңдын көрү десе, ит өлүмү менен өлгөн турбайбы, какмар. Тил албаган наадан ай, – деп тегеренип кеткен дешет.

Ал күнү арык-белектин эл башкаргандарынын баарына кабар жиберилет. Эртеси эле Белектен Батыркан менен Соодонбек келишет. Ал эми Балтабай кечигип келет. Кеңешке отурушат. Ошондо Балтабай:

– Бул жерде эмне деген кеңеш болмок эле, Каранын каны Токсобанын уулу Быйтыманды ит аткандай атып салгандарга эмне кеңеш болот. Арык тукумунун Балтатырдын балдарынын баарын ча-

быш керек. Анын ичинен Балбан Саркенин тукумун кызыл уук кылып чабыш керек! – деп күпүлдөп сала берет.

Балтабайдын бул пикирине Батыркан, Соодонбек, Рыскелди да кошулуп кетишет. Ошондо Кыдыр аке мындай дейт:

– Өлөөр жигит өлдү, эки атадан экөөнүн ажалы жетиптир. Эми эки бир тууган бири-бирин кызыл ууктап чаап отурса, анда элге эле кыйын болот. Бул жоругунарды койгула.

Бирок куру намыска берилген Жоотатырдын кээ бир жигиттери, аркы беттеги Белектин тукумдары эртеси Түргөн ичиндеги Ондон, Сарке уруусун чаап, мал-мүлкүн талап, үйлөрүн өрттөп келет. Ал эми Саркенин тукумдарынын он чактысы орустан жардам сурап, генерал-губернаторго чейин барып сактап калуусун суранышат.

Мына ошондой кийн Бозучуктун башына арык тукумунун баарынын башын кошкон топ өткөрүп:

– Кагылайын калайык, – деп элге кайрылат Кыдыр аке. Быйтыман менин иним болсо, Деркембай да иним. Күнөө экөөндө тең бар. Ошондуктан чырчатакты коюп, бул ишти тынчтык менен бүткөрөлү. Баарыбыздын атабыз Арык. Эки бир туугане чабышып жатсак, тыштан караган душмандын табасы канып, майына от чачырабайбы. Бүгүнкү топто бийлер адилеттик менен, калыстык менен чечсин. Кун төлөй турган кун төлөсүн, айып тарта турган айыбын тартсын. Тоноп, тартып алгандар буюм-теримлерин кайтарып берсин, – деп толкуган элди токтоткон дешет.

Ошол топто бардыгы өз жайына келип, кун төлөөчүлөр кунун төлөп, талангандар кайра буюмдарын алып, айып тартчулар айыбын тартып, эки эл биротоло элдешип тарашкан. Ал эми Деркембайды орустун сотуна өткөрүп беришип, ал үч жыл түрмөгө кесилген. Кийин түрмөдөн чыгып келгенден кийин, эл аралашып эл бийлегенге чейин жеткен. Субан ажынын уулу Деркембай 1934-жылы каза болуп,

азыркы Ак-Суу районуна караштуу Карагыз айылынын жанына коюлган.

«Быйтымандын чабуулу» деп аталган чатактан кийин Арык тукумунун балдарынын арасында эч жаңжал, чыр-чатак болбогонун аксакалдар айтып жүрүшөт.

1910-жылы Жети-Суу өрөнүндөгү төрт уездин, Каракол, Пишпек, Дуулат, Олуя-Ата уездеринен көптөгөн өкүлдөр катышкан жалпы курултай өтөт. Курултай жер ортосу Балыкчынын оюн,а Кочкор суусунун боюнда өтөт. Жайдын толуп турган учуру экен. Курултайга көптөгөн маселелер коюлуп, аны чечүү үчүн жарым жайдан ашык убакыт кетип, бирок көптөгөн маселелер акыйкаттыкта чечилет. Ошол курултайды башкаруу – тогуз болуш элинин төрагалык милдетин – аткарып турган Кыдыр акеге жүктөлөт. Жарым айдан ашык созулган курултайда жалпы элдин мүдөөсүн жактаган маселелердин баары акыйкаттык менен чечилип, алардын арасынан мурдатан чала териштирилип, үстүртөн чечилген, талаш-тартышта жүргөн 18 маселе кайра каралып, бей-бечаралар айыптардан куткарылган.

Караколдо жашаган Жамалидин деген дунгандын байы таранчы уруудан болгон бир баланы бир нече жыл иштетип, бирок акырында акысын бербей коот. Акысын байдан сурап барса, аны кайра токмоктотуп кууп чыгат. Оозго кайрылса анын датын эч ким укпайт. Эптеп жүрүп Кыдыр акеге жолугуп, өзүнүн муңун айтып берет. Эртеси Жамалидин байды чакыртып өзү териштирет. Көрсө баланын айтканынын баары чын экен. Териштирип отуруп акысын толук алып берип, байды айыпка жыгып, мамлекетке айып төлөп кутулат. Ал эми тиги баланы үйлөнтүп, өзү бир музоолу уй, бир ат берип узатат. Кийин ошол жигит малдуу, жандуу адам болуп, Кыдыр менен дайыма байланышып турган.

Тондун «Ала-Баш» деген айылында жашаган Исамүдүн деген бай болгон экен. Ошол байга желдең уруусунан бир мыкты чыкмасы өзүнүн келат-

канын билдирип конок айттырат. Так ошол желдендер келген күнү Исамүдүндүн кудалары келип калып, аларга арнап туу калган бээ, баглан козу сойдуруп салып, эт батпай жаткан кезде тигилер келишет да, Исамүдүн атайын арнап жандык сойдурбай келген меймандар үчүн өзүнчө үй көтөртүп, ал үйдө аябагандай меймандайт. Кийин кетип баратышып атайын жандык сойбогонуна таарынган желдендин мыкчыгери Батырканга датtанып барат. Батыркандын ачуусу келип, бир чети Исамүдүндөн бир нерсе өндүрүп алууну каалап бийлерин чакыртат да, байдын кылыгын ашкерелеп айып тагууга буйрат. Бийдин жигиттери Исамүдүндү айдап келип беришкенде, ага он жети сом акча, бир төө, үч жылкы айыпка кесип коюшат. Айып төлөнгөндөн кийин он жети сомду Батыркан алат, бир төөнү айыпка кескен бий алып, калган үч жылкыны калгандары олжолоп кетет.

Жөндөн-жөн айыпка жыгылган Исамүдүн бай Бердигожо деген белдүү тууганынын жардамы менен Кыдыр акеге арыз киргизген. Ошол курултайды Батыркан баш болуп уят болушуп айыпка кескен малды, акчаны кайрып беришип, өздөрү курултайдын чыгымдарынын бир бөлүгүн төлөөгө аргасыз болушат.

Анда каралган дагы бир маселе. Кадимки Шабдан баатырдын бир туугандарынын биринин жылкысы жайлоодон көчүп, келатканда Шамей деген дыйкандын эгин талаасын бүт майкандап кырман кылып кетишет. Эртеси жаны күйгөн Шамей жылкынын ээсине барса, ал тоотуп койбой:

– Сени качан эгинин оруп алат деп жайлоодон түшпөй отура берет белек. Же мен жылкыларыма сенин эгининди же деп үйрөтүп коюптурмунбу, ыя? – деп жигиттерине сабатып кууп чыгат.

Дыйкан эмне кылсын тигиге барат жалооруп, буга барат жалооруп, бирок эч кимден пайда болбойт. Шабданга барайын дейт, ага даай албайт, акыры курултайда эптеп Кыдыр акеге жолугуп өз му-

нун айтып берет. Бул маселени да адилеттик менен чечип, хандын көпкөн тууганы эмес. Шабдандын өзүн ошол жерден кечирим суратып. Шамей дыйкандын ажатын ачып берген.

Ал эми Ат-Башыдан түшкөн дагы бир арызды, кадимки Чоконун зомбулук иштерин ашкерелеп, өзү бийлеп бирөөнүн келинин экинчисине саткандыгы ашкереленип жалпы элдин козүнчө кечирим суроого аргасыз кылып, кеткен чыгымдарынын баарын төлөтүп берет.

1910-жылкы ошол курултайда Кыдыр аке төрагалык кылып жатып, бүтүндөй бийлерге кайрылып мындай деген экен. – «Туура бийде тууган жок, туганга тартсаң ыйман жок». Мына ушул кепти кулагыңарга түйүп койгула. Карагылачы, тээтиги эки өстөн суусун, – деп ылдыйда агып жаткан эки сууну корсөтөт. Бири ылайланып агып келатат, ал эми экинчисинин туптунук акканын кара. Ана, көрсөңөр экөөнүн кошулган жерин. Тунук суу бир топ жерге аралашпай барып, бара-бара агымдын шарына туруштук бере албай, акырындап киргил сууга айланды. Силер, бийлер, мына ошол эки суудай болуп киргил сууга айланбагыла. Силер тунук бойдон калган күндө гана акыйкаттык, калыстык болот, – деп айткан дешет.

Ошентип, бул курултайда көптөгөн маселелер чечилип, доомат менен келгендердин толгон-токой арыздары Кыдыр акенин жардамы менен, анын олуялык саясатында туура чечилген. Курултайга катышкан дooматчылар да, болуштар да, өкүлдөр да ыраазычылык билдирип кайтышкан. Бул курултайдан кийин Кыдыр акенин кадыр-баркы ого бетер котөрүлүп, ал тургай казак элине чейин зоболосу ого бетер көтөрүлгөн. Казактын, орустун эчен төрөлөрү ийилип салам берип, сый-урмат көрсөтүп турушкан. Тогуз болуштун элинин арасында болгон чыр-чатактарды, же пикир келишпеген иштерди Кыдыр акесиз чечкен учур ал кезде сейрек болгон. Губернатор да Кыдыр акенин ошол кадыр-бар-

кын пайдаланып, болуштардын төрагалыгынан канча жолу бошотуп коюусун өтүнсө да болгон эмес.

Ат-Башылык черик Матай деген мыкты киши болгон экен. Мына ошол адамдын баласы аялга кароо, абдан ичи тар экен. Бир күнү достору менен анчылыкка барып, кайра келатканда кымыздан тарткан арак менен бозого абдан тоюп келет. Үйүнө келсе үйдүн босогосу кыйшайып калгандай көрүнөт. Ичи тар неменин оюна дароо жаман иш келет да, үйгө кирет. Аялы катуу уктап жаткан экен. «Кара мунун жатканын» дейт да, босогодо жөлөнүп турган керки менен башын жара чаап салат. Ал өзү да үйдөн чыгып кетип, башка бир үйгө барып жатып уктап калат.

Эрте турган кайненеси келининин ушул убакытка чейин турбаганына таң калып, бир нерседен шекшип уулунун түндүгүн ачып, үйгө кирсе канжалаган келини өлүп жатат. Жанында кан болгон керки. Кайненеси дароо түшүнөт. Жакын туугандарын чогултуп, кан-жинди тазалатып, эч-шек билбегендей кылып, анан элге кабар кылып, өлгөн келинин эртеси көөмп салышат.

Келиндин төркүндөрү көлдүк «бугу» элинен экен, акыры аларга кабар жетип, кызы киши колдуу болгонун билишет. Анан уездин башчысына арыз беришип, Матайды Каракол шаарына чакыртышат. Матай эки-үч бээ жетелетип, жыйырмадай адамы менен келип, бир сарттын короосуна түшүшөт. Аңгыча жасоол келип, аны уездин башкармасына алып жөнөйт. Ошондо кун өндүрүү ишин бала Карачка тапшырышкан экен. Ал эшиктен кирип келген Матайд кекердүү тосуп алып:

– Сен киши өлтүрүп алып, анан кылтыйып жатып алганың эмне? – деп ошол кирген жерге тургузуп коот. – Сен ансыз да чакырган убактан кечигип келдин. Буга да кун төлөйсүң, кун төлөйсүң!

Матай тигинин ичин ого бетер күйгүзүп, отур дебесе да төргө барып отуруп алат. Матайдын бул

кылыгына ал жерде отурган бийлер да наараазы болушуп:

– Бул эмне деген кордук, бала Карач, бул киши кун төлөбөй эле кун алганы келген эме го, – деп бир бий Карачка карайт.

– Ие, баатыр Карач, мени эмнеге кекетесиң. Андай экен карындашыңа жакшылап тарбия берсең болмок. Аягы суюк катын акыры ошону көрөт. Ага эмнеге мага опуруласың, – деп кендирди кесе айтып коот.

Ошентип ал жерде отурган бийлер менен Матайдын ортосунда жакташкан чыр-чатак күчөп кетет. Келиндин төркүндөрү канга-кан деп чыгышат.

Мына ушул кезде Кыдыр акени чакырууга туура келет. Себеби чатак ырбап, төгүлгөн кандын үстүнө дагы кан төгүлүп кетиши ыктымал эле. Эт бышым убакыттан кийин Кыдыр аке келет. Ал дароо эле териштирип эки ортодогу чатакты басып, кан төгүлбөй, Матай тарабындагылар эки жүз жылкы күн төлөп беришмек болушуп тарашат. Тарап баратканда эки жакка тең кайрылып:

– Ашык кетпегиле, баарыбыз бир тууган элбиз. Эки тууганлын баласыбыз. Алланын жазган буйругу, ажал жеткен адам өлдү. Өлүм кимдин башына кандай болуп келерин бир кудайдан башка билбейт. Кызды күйөөгө бергенде жердин бүлөсү болосуң, сөөгүң ошол элде калат деп узатабыз. Ошол барган жери кыздын эл-журту болот. Эми кыз өз элинде, жеринде каза болуптур, арбагы ыраа зы болуп жаткан жери жайлуу болсун. Оомийин! – деп бата эки жактын ишин тынчтык менен бүтүргөн. – Ал эми Матай сен кара өзгөйлүк кылба. Келиндин үстүнөн эр кармап алып, анан айыптасаңар болмок. Кун үчүн эки жүз жылкы бересиң. Ошондо калыстык болот.

– Кыдыке, айыбым мойнумда, – деген Матай баш ийип. – Калыстык кылганыңызга миң мертебе ыраазыбыз. Кудаларымдын алдында кулдугум бар. Кунду төлөп берем.

Ошентип, чыр-чатак тынчтык менен аяктап, эки элдин ортосундагы ынтымактык кайра башталган.

Кыдыр акенин өмүр жолунда эч качан калыстыгынан жазган эмес деп көп айтылат. Бул чынында эле чындык. Алардын көбү эл арасында айтылып жүрөт, мындан ары да Кыдыр аке жөнүндө эл оозунан көп уккандарымды топтоп, аны чыныгы фактылар менен далилдеп, балким көп адамдардын купулуна тойгудай бир жакшынакай чоң чыгарма жаратып калаармын.

# МАЗМУНУ

Калыгул Бай уулу ............................................ 3
Арстанбек Буйлаш уулу ................................ 39
Кыргыз акылмандары, ойчулдары,
даанышмандары ...........................................154
Мойут аке Алдаяр уулу ..................................158
Сарт аке Доскулу улуу ..................................166
Тилекмат Жылкыайдар уулу ..........................203
Садыр аке ......................................................237
Кыдыр аке .....................................................289

*Көркөм басылма*

**КАЛЫГУЛ**
**АРСТАНБЕК**
**МОЙУТ АКЕ**
**САРТ АКЕ**
**ТИЛЕКМАТ АКЕ**
**САДЫР АКЕ**
**КЫДЫР АКЕ**

**Редактору** ***Түгөлбай Мамбетжунушов***
**Сүрот редактору** ***Мырзабек Кадыров***
**Корректору** ***Орозокан Кадыракунова***
**Тех. редактору** ***Жумагүл Сооронкулова***
**Компьютердик калыпка салган** ***Иманкул кызы Гүлзат***

Терүүгө 22.11.2005-ж. Басууга 25.03.2006-ж. Офсет кагазы.
Кагаздын форматы 60х84 $^{1}/_{16}$. Мектеп ариби. 22,25 физ.
басма табак. 22,25 учеттук басма табак. Нускасы 2000.
Заказ № 140. Келишим баада. Биринчи чыгарылышы.

«Бийиктик» басмасы
Бишкек ш., Киев көчөсү, 177, тел.: 66-75-56.